БАКТЫБЕК МАКСУТОВ

# КЫЗЫЛ КЫРГЫН, КАНДУУ КАРМАШ

*Повесть*

«Турар»
Бишкек 2009

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
М 17

**Максутов Бактыбек.**
М 17 Кызыл кыргын, кандуу кармаш. Б.: «Турар», 2009, – 342 б.

ISBN 978–9967–444–19–5

Бул китепте 1916-жылы кыргыз элинин тарыхында кара тамга менен жазылган, миңдеген, жүз миңдеген адамдардын өмүрүн кыйган, эркиндик, теңдик, акыйкаттык үчүн болгон кандуу көтөрүлүш, кызыл кыргын, чоң жоготуулар, адам чыдагыс тирүүнүн азап-тозогу жөнүндөгү окуялар архивдик материалдардын, үркүнгө катышып, өзүлөрү күбө болгон адамдардын эскерүүлөрүнүн негизинде баяндалат.

Өсүп келе жаткан жаш муундарды нечен кылымдардан бери ата-бабалар канын төгүп, жанын берип сактап келген, урпактарга мураска калган касиеттүү Ала-Тоону, кереметтүү Ысык-Көлдү көздүн карегиндей сактоого, Ата Мекенди сүйүүгө, эл-жерди коргоого чакырат. Жаштарды ынтымакка, биримдикке жана мекенчил болууга үндөйт.

М 4702300100–09 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978–9967–444–19–5 © Максутов Б., 2009

## 1-БӨЛҮМ

## ЫСЫК-КӨЛГӨ САЯКАТ

Петр Петрович көп убакыттан бери Тянь-Шанга саякат кылууга эки көзү төрт болуп жүрдү эле. Акыры бул ою ордунан чыга турган, эң оңтойлуу учур келди.

Мындан 15 жылдай мурда кыргыздын ата-бабаларынын салты менен ак кийизге салынып, хан көтөрүлгөн Ормондун кыргыз элин бириктирем, батыш менен чыгыштагы, түндүк менен түштүктөгү коңшулар менен тең ата ынтымакта жашап, эл-жерди суук көздөн, жат душмандан коргоп каламын деген асыл ою ишке ашпай, чет мамлекет тарабынан жиберилген тыңчы адамдын аракетинен жана көр оокаттын айынан ит жеминдей болор-болбос бир нерсеге алданып, аны менен тил табышып алган көралбас, ичи тар, нээти бузук адамдардын кылган оор кылмышынын кесепетинен эки жыл мурда каза таап, кыргыз урууларынын ортосунда ынтымак кетип, бүтүндөй бир улуу журт баш-көзсүз, жетим баладай алсырап турган кези эле.

Петр Петровичтин экспедициясы эки күн катуу даярдыктан кийин, 1856-жылдын сентябрь айынын алгачкы күндөрүндө кечке жуук Верныйдан Ысык-Көлгө беттеп, аттанып чыкты. Аны жаңы конуштарын белгилеп, ичкиликке бир топ кызып алган, Верныйга Сибирь тараптан көчүп келген келгиндер ырдап-бийлеп, зор салтанат менен узатышты. Жанында жандаган он казак орус, өзүнүн малайы, дагы эки казак бар.

Мындан башка дагы мергенчиликтин кызыгын көрсөмбү, алардын олжо-буйласына ортоктош болуп каламбы деген максат менен жолборско мергенчиликке чыгууну максат кылып даярдык иштерин бүткөрүшкөн, эс алууда жүргөн эки казак орусту, дагы бир жаш жигитти кошуп алды.

Ысык суусундагы казактарга чейин бара турган полковник Хоментовский, артиллериянын капитаны Обух жана артиллериянын дагы бир офицери конвойлору менен, башаягы отуздан ашык адам чогуу аттанышты.

Биринчи күнү 24 чакырым жолду басып өткөндөн кийин, Алматы тоосунан агып түшкөн Талгар суусунун жээгине токтошту.

Петр Петрович эртеси түштө отрядды калтырып, жанына үч казак орусту, үч мергенчини алып, Ысык тоосундагы арча, карагайды аралап жөнөдү. Жарым күнчө жүрүп олтурушту. Мезгил күзгө таяп калганы



менен айлана дале болсо жапжашыл. Алма бактагы алмалар бышып жетилип калган экен, көздүн жоосун алат. Андан ары жүрүшкөндөн кийин калың өскөн арча, карагайга туш болушту. Андан эки жолборсту көрүштү.

– Ой, жолборс... жолборс. Мергенчилердин жашыраагы кыйкырып жиберди.

– Кана, кана?..

– Каап, арчанын арасына кирип кетпедиби.

Баары мылтыктарын ондой кармап, жолборстор көрүнгөн тарапка карап калышты.

Жолборстор бар экенин көргөн казак орустар ого бетер кызыгышып, алар кеткен тарапка бет алышып, азыр эле чоң олжого батып кетчүдөй, шашып-бушуп артынан жөнөштү. Далайга чейин барып, Петр Петрович чарчаганда жандап жүргөн адамдары менен калып калышты. Мергенчилер андан ары кетишти.

Күн бешимден оогондо алар жолборстун изин көрүштү. Экөө эки тарапка кеткенин мурда ууга далай жолу чыгып жүргөн мергенчилер баамдашты. Жогору кеткен жалгыз аяк жол менен итин жетелеп, мергенчилердин улуусу жөнөдү. Калган экөө сол тарапка кеткен жолго түшүштү.

Бир аз баргандан кийин эки мергенчинин улуусу жакын эле бадалдын арасында



жаткан жолборсту көрүп калды. Мылтыгын жонунан алып, жаңыдан эле мээлегенче жолборс секирип келип, күчтүү колдору менен мылтыкты мергенчинин колунан түшүрө чапты.

Коркуп кеткен мергенчи отура калды эле, жолборс дагы чычкан андыган мышыктай боору менен жылып, мергенчинин мандайына жатып калды.

Жаш мергенчи окуянын ачып көзду жумгандай тез болгонуна таң калып, коркконунан колундагы мылтыктан ок чыгарганга алы келбей, колу-буттары калчылдап, жакын эле жерде турган берки экөөнү кадала карап калды.

Жолборс менен карт мергенчи да бирин бири бир азга тиктешип турушту. Көздөрүн ирмесе эле бирин бири баса калчудай болуп турушту. Бүтүндөй бир чоң токойлуу тоону мекендеп, андагы жан-жаныбардын падышасы болуп, каяша айткан бир жан болбой, ээн-эркин өскөн жолборс өзгөчө коркунучтуу үн менен күркүрөп, азууларын арсайтып, мурда көрбөгөн мындай кош аяктуу жандыкка жутуп жиберчүдөй карап, оттой күйгөн көздөрү менен тиктеп, кыймылдаса эле жарып салчудай комдонуп турду.

Жолборстун мындай аракетине жан чыдап тура алгыс эле. Бирок айла жок, пенде экен, адам чыдап турду. Ошондо кары мер-



генчи мылтыкты бергин деп ыңгайын келтирип, белги берди эле, жашыраагы ага да жарабады. Карт мергенчи эсине келе түштүбү, артындагы мылтыкты алуу үчүн арттты көздөй эки кадам чегинип, жаш мергенчинин колундагы мылтыкты алганча жолборс мергенчиге секирип жетип, желкеден тиштеп сүйрөп жөнөдү.

Бул убакта мурда кеткен баягы мергенчи жолборстун күркүрөгөн үнүн угуп, иштин оң болбой калганын сезип, беркилер жакка чуркап жетти. Мергенчиликтин кызуусу менен коркуу сезими эстен чыгып, итин ээрчитип, жолборсту жандай чуркады. Ит арсылдап үрүп, бирок жолборско даап жакындай албай чыга бергенде, ал сүйрөп бараткан мергенчини тыштап жиберип, итке жетип, күркүрөгөн бойдон таман алдына басып, кардын жарып салды.

Бирок мергенчинин таамай аткан эки огу аны качууга аргасыз кылды. Ал беркилерди таштаган боюнча капталдап качып жөнөдү.

Эки мергенчи берки ийнине чейин жолборс чайнаган, экинчи колунун манжалары да керектен чыккан мергенчини көтөрүп жөнөштү. Чайналган чыканагы, берки эки манжасы чыдатпай ооруп, катуу кансыраган бечара кээде акылынан танып калып жатты. Эсине келгенде үй-бүлөсү жөнүндө ойлонду,

балдары оюна түштү. Дүнүйөнүн кызыгына азгырылып жүрүп, жолборско жем болуп, үй-бүлөсүн катуу муң-кайгыга салып, жашоо менен түбөлүк коштошуп калаарын да ойлоду. Эгерде ушул жолу аман калса экинчи мылтык кармабаска ичинен карганып жатты. Мергенчилер далайдан кийин аттарына жетишти.

Ал эми мылтыктын үнүн угуп кайтып келген солдаттар жолборстун өлүгүн тунук булактын жээгинен табышты. Ок жеген бечара каны катып, мөлтүр булактын муздак суусунан ичкени келсе керек. Суусу түгөнгөн шордуу булакка эки-үч кадам жетпей жыгылыптыр. Жакындап барып карашса жанында ургаачы жолборс жаткан экен.

Капилеттен тигил жолборсту көргөндө селдейе туруп калышты. Арасынан бирөө мылтыгын жонунан алып, мээлей турган болгондо, жанындагысы аны колго чапты.

– Ай, атпа!

– Эмнеге атпайм,– деп беркиси мылтыгын мээлей турган болгондо экинчи жолу кыйкырды.

– Көрбөй турасыңбы? Жүрөгүң жүрөк эмес эле, таш экен го сенин.

Ургаачы жолборстун муңайым кебетесин көрүп, бир четинен боору оорушса, экинчиден анын заардуу көз карашынан калтаарышып, жакындап бара албай, колдорунда



мылтыктары болсо да, бута атым жердеги тирүү жолборско ок чыгаруу ойлоруна да келбеди.

Кийин Петр Петрович Верныйга кайтып келгенде мергенчинин акыбалын сурап барды. Ал баягы жолборстун терисин берди эле, пендечилик кылып, оюна дүнүйөдөн башка эч нерсе кирбеди. Кадам сайын кездешүүчү, кап-кабактын ортосунда болуучу ар кандай кырсыктар жөнүндө ойлоп да койгон жок. Жолборстун жылтылдаган жумшак жүнүн аяр сылап, өткөн сапардагы аюу эсине түшүп, Петербургдагы дүнүйө-мүлктү жакшы көргөн жолдошторуна табылгыс белек болот эле, деп атып алышпаганына армандап турду.

Петр Петрович марттык кылып берген акчасы мергенчиге кол болуп бере алган жок. Ооруканада дарылоо натыйжа бербеген соң, жашоодо оокат кылдырып, күн көргөзгөн, табият тартуулаган анын бир колун ийнине чейин кесип салышты . Экинчи колунун манжалары да керектен чыгып, мылтык кармаган мындай турсун, кашык кармаганга эле жараса болду эле деп, бардыгына кайыл болуп, аман калганын чоң олжо сезип калган эле.



* * *

Өлгөн жолборстун түгөйү мурда көрүп-билбеген кош аяктуу жандыктардын алардын тынч жашоосун бузуп, дүнүйө үчүн кылган ырайымсыз мамилесин унутпай, бассатурса да мурдагыдан да сагыраак болуп, түгөйүн эстеп далайга чейин унута албай жүрдү. Аны менен жазында табышышкан эле. Ээн токойдо башка жолборсторго кошулбай, ээн-эркин табияттын айтып бүткүс кооздугунан күч-кубат алып, баа жеткис жаштыктын экинчи кайтарылып келбес балдан ширин ыракатын бирге көрүшүп, өздөрүн өзгөчө бактылуу сезип жүрүштү эле.

Жаңыдан түйүлдүк пайда болгон, болоорболбос дөмпөйө баштаган курсагын жалады. Жанагы кош аяктуу жандар дүнүйөнүн кумарына азгырылып, курсагындагы күчүктүн да түбүнө жетээрин, укум-тукумдарын аеосуз кырып, табияттын ажайып кооздугу менен сулуулугу болгон нечен жапайы жаныбарларды акыры тукум курут кылып, жаратылыштын баа жеткис кутун качыраарын сезбеди. Заматтын ортосунда түгөйүнөн ажырап, жалгыздыктын жагымсыз учурун башынан өткөрүп жаткан ургаачы жолборс, эмне кылаарын билбей, башы ооган жакка, жан шеригинен ажыраткан адамдарга ка-



туу наразы болуп, алардан алысыраак болууну туура көрүп, бийикке бет алып, көңүлсүз, шашпай, илкий басып баратты.

Жолборстун терисин сыйрып алып, сөөгүн талаага таштап салышты эле, андан көп өтпөй кузгундар, аларга удаа дардайган таз жорулар пайда болуп, мындан бир аз мурда эле ошол жердеги тоо, токойдун ээси, жан-жаныбардын падышасы болгон, эч капарсыз жашоо өткөргөн жаш жолборстун этин кызыл ала кылып, тамтыгын кетирип тытмалап, талашып жеп жатышты.

* * *

Петр Петровичтин отряды Верныйдан чыккандан бир жумадан кийин, Тобулгаты ашуусун ашып, Тобулга-Сууну жээктеп түштүк тарапка дагы бир күн жол жүрүштү. Кечке жуук бир капталын калың токой каптаган, экинчи капталы адам ат менен бастырып жүрө алгыс бийик тоонун этегиндеги шар аккан суунун жээгине токтошуп, ушул жерге түнөөнү ылайык көрүштү. Петр Петрович конвойлорго чатырларды тигип, кечки тамакка даярдангыла деп тапшырма берди да, чыдамы кетип турган өзү жанына жардамчысын алып, жакыныраак жердеги кырга жөнөдү. Белди ашкандан бери санаасы, ою көлдү тезирээк көрүү эле. Кырга чыгып, Ак-Шыйрак, Хан-Теңирден баштап,

көлдү курчап турган Тескей-Ала-Тоого, мелтиреп жаткан касиеттүү Ысык-Көлгө сугун артып карап турду да, туш тарабы керемет-тей болгон жерге келип, өз көзү менен көргөнүнө кубанычы койнуна батпай, өзүн башкача сезип турду. Ермак, Хабаров, Дежиневдор көз алдына тартылды. Ошолордой жаңы жерлерди ачып, атак-даңка ээ болуп, Орусиядагы эң белгилүү адамдардын катарына кошулгусу келип кетти. Чатырына келип, кечки тамагын ичкен соң, бүгүнкү көргөн керемет жерлерди көз алдына келтирип, күндөлүгүн алып, кагазга түшүрдү. Андан соң агып жаткан суунун шарын сезбей, оюнда эч бир санаа жок, бир бут серппей таң атканча тынч уктады.

Уйкусу жакшы канынтыр, Петр Петрович туруп, отряд тамактангандан кийин, тез эле жолго чыгууга буйрук берди. Эртерээк көлгө жетип, анын керемет касиетин жакындан көргүсү келип, чыдамы кетип турду.

... Бешим ченде Түп менен Жыргалаң суусунун ортосундагы жарым аралчага жетишти. Камыштын арасынан жапайы камандын издерин көрүштү. Ар кайсы жерден учкан кыргоолдорго удаа-удаа ок чыгарышканы менен ата алышпады. Көлгө жакындап барышканда, тарам-тарам болуп көлгө куйган кичирээк суунун жээгиндеги камыш арасындагы шуудураган үндөрдү угушуп, бир азга токтой калышты. Суунун куймаларындагы кара чаар, алтындай жалтылдаган балыктарды көрүшүп, шаша-буша аттарынан секирип түшүшүп, кийимдерин чечкенге алы келбей, өтүк-сөтүгү менен сууга киришти. Жан айласы кылып, камышты аралап, балырдын арасына жашынганына болбой, элдешкис жоосунун артынан кууп баратышкансып, кылычтарын кынынан суурун алышып, балыктарды чабышып, суунун үстүн заматта кызыл ала кылып жиберишти. Колуна урунган балыктарды шаша-буша сыртка ыргытып жатышты.

Кереметтүү Ысык-Көл көл болуп жаралганы мындай алаамат шумдукту көрбөгөн чыгаар. Бечара балыктар сүйлөйүн десе тили жок, аба жетпей, анда санда ооздорун ачып, 3–4 кадам жердеги шылдырап аккан суунун үнүн угушуп, бирок ага жетпей, тамчы суу көздөрүнөн учуп, жана эле эркин сүзүп, өздөрү ойноп, жашоо кечирип жүргөн көлдүн жээгинде, туйлап жатышты. Ал эми кылычтан башы кыйылган, жондору тилинген, курсагы жарылып, ичеги-карды булайып сыртта жаткан, эчак жаны чыгып өлгөн балыктар ага да жарабады.

Ушундай да жырткычтык болобу? Колу менен кармаса колу кубанып, көзү сүйүнүп, кумардан чыкпас беле. Жок дегенде чакалап же тор жайып кармаса деле болбойт беле. Ошондо деле каалашынча кармашат эле го?! Айрым пенделерге кененчилик, эркиндик менен мүмкүнчүлүк берсең, акыры кылаары ушул экен го!

Келгендердин айрымдары балыктын кызыгына баткан соң, суунун муздактыгына карабай, туптунук болгон көлгө чумкуп киришти. Жергиликтүү эл нечен кылымдардан бери мекендеп келишсе да, бутун чечип, сууга салышпаган ыйык көлгө алар кумары кангынча түшүшүп, көлдүн кызыгына батышкан келгиндер кысталган кездеринде да суунун сыртына чыгып, жеңилдеп алууну да ойлошподу.

Кармаган балыктарынан ойдогудай бир сорпо жасап ичүүнү эңсеп турса да, Петр Петрович аларга мүмкүнчүлүк берген жок. Кокустан кыргыздар көрүп, келип калышса, ар кандай кырдаалга кабылып калабыз деп сактанып, от да жактырбады.

Жан-жөкөрлөрү балык кармап, чоң кызыкка баткан менен, бул жолку саякаты көңүлүнө толо бербеди. Анткени ат арытып, алыстан чыккан максаты аткарылган жок. Ысык-Көлдүн батышына, Чүй суусуна жетип бара албаган соң, ал суунун кайдан чыгып, кайда бет алаарын чечмелей албады. Көлдүн тереңдигин, аянтын да билбей кетмей болду. Көл айланасына жашаган жан жаныбар, өскөн өсүмдүктөр жөнүндө толук маалымат ала алган жок.

Көлдүн жээгинде, түз, жылуу жерде, балыктын сорпосуна тоюп, бутту кенен сунуп, бейкапар жаткысы келип турса да, бөлөкбөтөн өлкөнүн жеринде, суроо-сопкуту жок жүрө бергенден кооптонду. Албетте башка мамлекетке караштуу аймакка, курал-жарактуу бир топ адам менен кирип келүү эл аралык эрежеге жатпаган, опурталдуу иш эле.

«Уурунун көтү кууш» дегендей, колдорунда курал-жарактары турса да бөлөк өлкөнүн, бөтөн элдин жеринде өзүм билемдик кылып келип алып, айласы жок, санаалары бузулуп, ойлору ордунда болбой турду.

Петр Петрович Түп-Жыргалаң суусу кошулган куйманын түздүгүнөн туптунук болуп, чыгыштан батышка созулуп жаткан көгүлтүр Ысык-Көлдүн керемет сулуулугун карап далайга турду да, асманында бүркүт шаңшыган, арча-карагайынын арасын аюу, жолборс мекендеген, аска-зоосунда аркаркулжа жайлаган, түркүн-дүйүм жер жемиш өсүп, алма-өрүгү желбей жерге төгүлүп кең болгон, береке-байлыгы арткан кереметтүү жерге түп болуп калган кара кыргыздарга суктанып, ою онго, санаасы санга бөлүнүп турду. Өзгөчө керемет сулуу Ысык-Көлгө ай-

ланчыктап, кете албай, аргасыздан атын *моюнга чаап, тоо таяна бастырып жөнөдү.*

Күндүн аптаптуу ысыгында жайы менен мандай терин агызып эмгек кылып, күзүндө бапырандап түшүмүн жыйнаган дыйкандардан бетер, алдың-койдуң деген кишиси болбогон соң, бекер оокатты талаага таштагысы келбей, балыктарды шашыла туздашып, ала жүргөн мешокторуна, чакаларына шыкай салышып, бекер табылга көзгө кызык көрүнөбү, батпаганын чатырларына да ороп, аттарына жүктөп, казак орустар жолго түшүштү.

Азыр эле жаркырап, мээримин төгүп турган күн бүркөлүп, Сан-Таш жактан пайда болгон кара булут көл үстүнө жакындап келип, бир аз дыбырамыш болду эле, көл башынан соккон шамал көлдү толкутуп, бурқан-шаркан түшүрүп, келгиндердин адепсиз кылыгын жактыра бербегендей, табият заматтын ортосунда өзгөрүлүп кеткенсиди.

Келгиндер көлдүн жээгине түнөгөндөн коркушту. Алар жаккан от тегеректин бардыгына көрүнүп турат. Жергиликтүү элден коркушкан алар кайра эле тоого чыгып кетишти. Алар ошол тегеректе түнөп алышса деле болмок. Өйдө-төмөнүнө көп түшүнө бербеген, момун жергиликтүү эл алардын жасаган чекилик иштерин баамдап, душман са-



нап, кол салып, жамандыкка деле бара коймок *эмес.*

Өздөрүнүн, аттарынын чарчаганына карабай, жаман жолдо, түндөсү кечүү таппай, сууну ары бери кечип өтүп, мурунку түнү түнөгөн түнөгүн беттеп, катуу жүрүш менен дагы төрт саат жол жүрүп, жанындагы адамдар аябай кыйналып, бастырарга дарманы келбей калганда, Петр Петрович отрядды токтотту. Дагы эле от жактырган жок. Ала жүргөн жылуу кийимдерин кийинип, чатыр да тиктирбей, ным жерге сулады. Жаан бара бара *карга айланды.*

Бир жума жол жүрүп, бийик тоолуу ашууларды ашып, кең өрөөндөрдү басып, агыны катуу сууларды кечип, туура жарым айдан кийин, Петр Петровичтин отряды Верныйга кайтып келди. Алардын келишин Хоментовский аябай кубануу менен кабыл алды.

Петр Петрович жоктогу болгон окуядан кийин, эмне кылаардын айласын таппай, карайлап турган эле. Петр Петрович Ысык-*Көлдө жүргөндө ал 300* казак орусту, бир жөө ротаны, Улуу жүздүн көптөгөн казактарын күчтүү согуш куралдары менен куралдандырып, тоолуу жерге ылайыкташтырылган эки пушканы эки атка жүктөп, Чүйгө жортуулга аттанган болучу. Анын отряды бөтөн өлкөнүн чек арасын бузуп, бийик бел-

ди ашып, Чүй суусунун өрөөнүнө түшүшкөн. Токмоктогу Кокон сепилинен жогору тарапта бейкут жашап жаткан кыргыздардын айылдарын чаап, талкалап, өздөрүн, бала-бакыраларын, кемпир-чалдарын кырып, үйүр-үйүр жылкыларын, короо-короо койлорун айдап жолго түшүшкөн.

Кыргыздар адегенде башында мындайды көрбөгөн, өмүрүндө кан төгүүчү күчтүү куралдардын үнүн укпаган бейкут эл, согуш техникасына туруштук бере албай, туш тарапка качышкан. Адамдары көп чыгымга учураган. Ага болбой куралсыз элге кол салып, катын-бала, кемпир-чалга карабай, жазыксыз элди кырган баскынчыларга наалазы болгон көпчүлүк кайрадан чогулушуп, ашууга чейин баскынчылардын артынан түшүп кубалап, алардыкындай күчтүү курал жарактары болбосо да, ата-бабаларынан бери сакталып келген намыстары шакардай кайнап, болуп көрбөгөндөй эрдиктерди көрсөтүшкөн. Баскынчы отряддагылардан өлгөнү, жарадар болгону *17* адамга жеткен.

Мына ушундан кийин Хоментовскийдин санаасы ордунда болбой, күчүн аракка чыгарып, күндөрүн алагүү болуп өткөрүп келген эле. Кайсы бир эл бузар, журт бузар бузукунун бал тилине кирип, эл аралык нормаларды бузуп, оңой менен эбине келтирип, кайра оңдогус тоодой ката кетиргенине, бирөө-



лөргө каарын төгүп, көргүсү келбей турса да, анысын сыртка чыгарбай, ичинен түпөйүл болуп, чоң санаа тартып калган.

Болбосо, адамкерчилиги болсо, акылэстүүлүк менен иш кылып, ортодогу мурдатан болуп келген, *боло жүргөн, боло турган* бир аз чатакты жүздөгөн аскердин, күчтүү курал-жарактардын күчү менен баспай, көптөгөн адамдардын канын бөөдө агызбай, зордукчулук менен канкордукка барбай, дипломатиялык ыкма менен, тынчтык сүйлөшүү жолу менен бүтүрсө деле боло турган иш эле.

Петр Петровичти кайрадан тезинен чалгынга жиберүүнү ылайык көрүп турган эле. Петр Петровичтин бул ишке укугу бар беле, *жок беле аны ойлоп да койгон жок. Анын* жаштыгынан пайдалангысы келди. Анын үстүнө бирөөгө жасаган кымындай жакшылыгынан төөдөй пайда көргүсү келген Хоментовский Петр Петровичтин Ысык-Көлгө жасаган саякатына берген жардамын бетине кармап, анын иши түшүп турган жагдайынан да куру калгысы келбеди. Чындап эле илимий изилдөө иштерин жүргүзүп жүргөн саякатчыга, мындай жоболондуу жоруктарга аралашуу акылга сыйбай турган иш экени белгилүү эле.

– Урматтуу Петр Петрович, казак орустардан жетиштүү алыңыз. Мындан сыртка-

ры жол көрсөткөнгө жолдун уусун билген бир нече казакты кошуп берейин.

Хоментовский мурдагыдан да өзгөчө берешен, Петр Петровичке ашкере камкор адам болуп чыга келди. Өткөндө жасаган кыргыны жетишпей калгансып, жаңы жортуулдун камын катуу көрүп жатты.

– Кокондуктардын аскер күчтөрү жөнүндө маалымат чогултууга аракет кылыңыз. Чүй суусунун жээгине чейин жетиңиз. Эгер кыргыздарды андан таппасаңыз, күнчыгыш тарапка бурулуп, Ысык-Көлдүн батышына чейин барыңыз. Калганын өзүңүз ыңгайына жараша иш кыларсыз. Башка мүмкүнчүлүк болбосо, Заилий Алатаунун таанылш тоолуу өтмөгү менен Верныйга кайтып келе бересиз.

Катуу даярдык иштеринен кийин Петр Петровичтин отряды көп өтпөй, шашке ченде токсон адам менен Верныйдан аттанып чыкты. Илимий иштерди жүргүзүп жүргөн окумуштууга мынчалык аскер адамдарын алуунун зарылчылыгы бар беле? Бара жаткан максаты эмне эле? Анын айткандарын жерге таштабай аткара турган себеби эмнеде? Анте тургандай Петр Петрович менен Хоментовскийдин ортосунда эмне мамиле бар эле?

Бараткан кооптуу ишти табият да жактырбагандай, аба ырайы бүркөлүп, жаан жаап кирди.



Чомалган суусуна жеткенде тоонун шартына көнбөгөн казак орустардын аттары жүрбөй калды. Эртеси жергиликтүү казактардан башка ат которуп миништи. Каштек суусунун күн батыштагы куймасын жээктеп жүрүп олтуруп, Суук-Дөбөнү ашып, 24-сентябрда Бейшенин булагына жетип конушту.

Эртеси эртең менен эрте турушту. Эки жагын карап, кыбыраган жан жок, кунары качып, жетимсиреп турган ээн талааны көрүштү. Буга чейин Кемин өрөөнүндө жашаган кыргыздар ал жерде калган эмес. Алар куралдуу отряддын кол салуусунан кийин, узак мезгилден бери жан багып, жашоо өткөрүп келген жерин таштап, качып кетүүгө аргасыз болушкан эле.

Отряддагылар Боом капчыгайы менен жүрүп олтурушуп, жолу жок жерлерден өтүшүп, катуу кыйналышты. Аттарын жетелеп, жөө басууга аргасыз болушту.

Отряддагылардын баары мурда кыргыздарга кол салган Хоментовскийдин отрядында болгон солдаттар эле. Өткөндө кыргыздарга көрсөткөн кыргынынан кийин алардын ой-санаасы жайында эмес эле. Запкы көргөн кыргыздар эртеби-кечпи баскынчыларга каршылык көрсөтөөрү кимге болсо да белгилүү болучу. Ошондуктан алар сары санаа болушуп, эки жагын алактап карашып,



баштарына чоң коркунуч түшүп, көңүлдөрү сүз бастырып баратышты. Анчалык кыйналуунун кандай кажети бар эле? Аларды ким, эмне үчүн мындай кыйноого мажбурлады?

Таңкы саат 3кө чейин жүрүп, эс алууга токтошту. Петр Петрович аябай чарчап, жаны жер тартып турса да, канчалык уктаганга аракет кылса да, кирпик какпады. Өмүрүндө мындай учурду башынан өткөргөн эмес. Жүзгө жакын кишинин тагдыры анын колунда эле. Ойлонуп жатып, бул жолку жасаган жүрүшүнө наалазы болуп да кетти.

Кимдир бирөөлөр эки тараптагы аскага илинген таштарды кулатып жибериши да мүмкүн болучу. Эгер ой-пикири жаман, согуш өнөрүн билген адамдар болсо, бийик кырлардын башынан таштарды кулатып, капчыгайдын ичинде келе жаткан солдаттарды, бир ок чыгарбай, тыптыйпыл кылып кырып коюуга толук шарт бар эле. Бирок кара кыргыздар тарапта андай ойлор болбогон. Момун эл минтип отряд кайрадан кайтып келет деп күткөн да эмес.

Эки саатча эс алышкан соң, санаасы ордунда болбогон Петр Петрович кайрадан жолго аттанууга буйрук берди.

Боомдон чыгып, беш үйлүү, кыргыздардын кичинекей айылына түш болушту. Чоочун адамдардын келе жатканын көргөн айрымдары шаштысы кетип, үй-бүлөсүн ка-



раганга алы келбей, өткөндөгү кандуу окуядан жүрөгү калып, катуу коркуп калган бирин-эки эркек ат мингени атын, өгүзчөнү өгүзүн минип, туш келди качышты. Жан деген өзгөчө ширин болот тура, эптеп тоо арасына жетип жашынышты.

Кача албай калган, эч арга табалбай боз үйдө калган аялдар, жаш балдар, кары-картаңдар мурда ушул түспөлдөгү адамдардан запкы көрүп, өлүмдү башынан өткөргөн, ар кандай жаманчылык менен өлүмдөн өзгөчө корккон бечаралар, өң алаттан кетип, кол куушуруп, жалдырап туруп беришти. Кымындай күнөөсү, бирөөгө кылдай жамандыгы жок, маңдайларына жазган жашоо-турмушту жаманбы-жакшыбы өткөрүп жүргөн момун бечаралар аргасы кеткенде жалынып, жалбарышты.

Карап турган адамдын таш болсо да ээнин кейиткен алардын аянычтуу сөздөрүн тилмеч которуп берип жатты.

Петр Петрович аларга Үмөтаалы менен дос-тамыр болоюн деп келгенин түшүндүрүүгө аракет кылды. Корккон бечаралар дос-тамыр боло турган адам мынчалык курал-жаракчан, кечээ эле ага-туугандарын кыргынга учураткан адамдар менен келбеши керек экенин боолголоп турса да, ички сырларын жашырбай, Үмөтаалы өзүнүн туугандары менен Көтмалдыга жакын күздөөгө

көчүп кеткенин айтышты. Аны уккан Петр Петрович отрядды тез эле Көтмалдыга баштап жөнөдү.

Петр Петрович сактык максатында алдыга төрт чалгынчыны жиберди. Алар менен удаа өздөрү да жетип келишти.

Көтмалдынын айланасы боз үйлөр. Сарыбагыштардын баары өткөн кандуу окуядан кийин Үмөтаалыны туурлап, баары күздөөгө келип отурукташкан.

Петр Петровичти кара көрпө көлдөлөңдөр, кымбат баалуу килемдер салынган жүз баш, чоң аппак боз үйгө киргизишти. Улагадан төргө чейин салынган, оймо-чийме түшүрүлгөн шырдактарга, эң жогорку сапатта токулган букар менен кашкардын килемдерине, илинип турган туш кийиздерге, төр жакта керилте жыйылган жууркандарга Петр Петровичтин көзү түштү.

Алар жайланышып отургандан кийин үйгө Үмөтаалынын ага-иниси баш болгон аксакалдар киришти.

Алар Үмөтаалынын Кочкорго кеткенин айтышты. Өткөндө солдаттардын огунан өлгөн адамдардын үй-бүлө, ага-туугандары менен тиричилик жумуштарын бүткөрүп жүргөнүн түшүндүрүштү.

– Калайык, бизден коркпогула. Мен Орусиянын борборунан келдим. Орустар алыскы чек арада кандай жашап жаткандыгын



билейин деп келдим эле. Бирок, кагылуушуну уктум. Тилекке каршы орустар менен кара кыргыздардын ортосундагы жагымсыз окуяны угуп капа болдум. Менимче Орусиянын карамагындагы Улуу жүздүн жерине шаар салып жаткан орустар менен кыргыздардын ортосунда жакшы коңшулук мамиле түзүлүшү керек. Кошуналарга жоо болуш жакшы эмес. Орустар биринчи кол салбайт.

Өз мезгилиндеги өтө билимдүү, окумуштуу бул адам калыстыктан тайып, бети чымырабай, эл аралык эрежени бузуп, чек арадан бейжоопсуз өтүп, бейкут жаткан элге кыргын салган, өзү ээрчитип жүргөн казак орустардын айрым былыгы менен кылыгын көз көрүнө жашырып жаап, пендечилик кылып, ага да болбой, жыландын башын кылтыйтты.

– Эгерде кара кыргыздар тарабынан орустарга же алардын букарасы болгон Улуу жүздүн казактарына каршы кандайдыр бир кол салуулар болсо, сөзсүз жоопсуз калбайт.

Петр Петрович сөзүнүн ушул жерине келгенде үнүн өзгөртө чыгарып, ансыз да аңкайып оозун ачып турган бечараларга сүрдүү карап коюп, сөзүн андан ары улады.

– Орустар мындан ары сиздер менен ынтымактуу болууну каалайт. Ошон үчүн Үмөтаалы менен тамыр болоюн деп келип олтурамын.



Жаш болсо да далайды көргөн, көп жерде болуп, көп элдин салт-санаасын үйрөнгөн Петр Петрович кыргыздардын дос-тамырга кандай мамиле кылаарын, кыйын-кысталыш мезгилде, өлүм алдында турушса да бири-бирине эч жамандыкка барбасын, үйүнө жылан кирсе кенедей зыян кылбай, сүт чачып чыгарып жибererin мурда угуп жүрсө, бул жолу ыңгайы келип турганда момун элдин ошол касиетинен пайдаланып калгысы келди. Тилмеч анын сөзүн которуп берип жатты.

– Андай болсо ырас болбойт беле.

Үмөтаалынын бир тууганы, Петр Петровичтин жылуу сөзүнө ичи жылып, улага жакта отурган жашыраак жигитке ишаарат кылды эле, тез эле келишкен ээр токумдар токулган үч аргымакты жетелетип келип, колдон суурулган, шымаланган үч жаш жигит эшик алдына туура тартып, тура калышты.

– Урматтуу конок, кыргыздын салты боюнча келген сыйлуу конокко, өзгөчө дос-тамыр болом деген адамга сый көрсөтүп, белек тартууламай жөрөлгөбүз бар. Буга кандай дейсиз?-деп, Петр Петрович мырзадан эшикке чыгып, Үмөтаалынын атынан берилген белекти алуусун өтүндү эле, ал ишинин оң жагына баштанып баратканын сезип, ичинен кымындап, сыр алдырбай, ти-



гилердин сөзүн жерге тыштабай сыйлаган түр көрсөтүп, жанындагылар менен чогуу сыртка чыкты.

– Урматтуу конок, Үмөтаалынын досуна кыргыздар ушул күлүктөрдү жакшы тилек менен сиздерге тартуулайт.

Тилмеч которуп берип жатты.

Жигиттерге моюн бербей, жер чапчып, бир орунда ойдолоп, токтоно албай турган келишкен сулуу аргымактарды көргөндө Петр Петрович эмне дээрин билбей бир азга далдырай түштү. Бир топ күнү жол жүрүп, тоолуу жерге басып көнбөгөн аттары бир топ кыйнап койгону шар эле эсине келди. Алып учуп кетчүдөй болгон күлүк аттарды көргөндө пендечилик кылып, ичинен кымылдап, кубанып турду.

– Мына, мага үч аргымакты тартуу кылып жатасыздар. Кара кыргыздардын салты боюнча мен эми Үмөтаалы менен тамыр болуп калдым. Мен да тийешелүү белектеримди берейин, Үмөтаалыга берип койгула, – деп берээрге эч нерсесин таба албай тургансып шаштысы кетип, анысын беркилерге сездирбей, кыргыздардын мыктыларына белекке берип каламбы деп алдын ала ойлогон ою үстөм чыкканына «кым» дей түштү. Мурда камдап ала келген Кавказдан чыккан жибектерден, Казандан чыккан кездемелерден, башка буюмдарды жардамчыла-

рына алдыртып, үй ээлерине тапшырып жатты.

– Айланайындар, – деп баштады сөзүн коноктор тамагын ичип жаткан мезгилде, сакалдуу-көкүлдүүлөрдү башка үйгө чогултуп, жолугушууга катышкан карыялардын бири.

– Дос-тамыр болом деген адам минтип келбейт, басып алуучудай болуп. Курал-жарак менен, мынчалык салдат менен келиштин өзү жакшы жорук эмес. Бул келгендериң деле өткөндөгү баскынчылардан айырмасы жок көрүнөт. Деги тамыр болсоңор да, мылтыгыңар жок болсо, айбалтаңарды ала жүргөнүңөр дурус го?!-деп, көптү көргөн баамчыл карыя келген солдаттарды сынай карап, өткөндө деле ушулар келгенин сезип, кийген кийимдеринен, минген аттарынан байкап, туугандарына көп эле чабылып-чачыла бербей, этиет болуу жагын эскертти.

Петр Петровичтин бул күнү конок болуу менен өттү. Үмөтаалынын туугандары алдыда боло турган ашка чакырышты эле, бирок, казак орустар менен кыргыздардын ортосунда чыр чыгып кетпесин деп сактанган Петр Петрович чакырууну кабыл алган жок.

Петр Петровичтин айткан сөзүн котормочу аркылуу түшүнгөн соң, куралдын күчүнө салып, бөлөк өлкөнүн бейкапар жаткан, куралсыз букараларына кол салып, кечээ эле үйлөрүн кызыл уук кылып кыйратып, жаш келиндерди ботодой боздотуп жесир калтырып, нечен мыкты азамат жаш жигиттерди жайлап кетсе да, момун бечералар Петр Петровичтин бал сөзүнө ийип, өткөндөгү кандуу окуя заматта эстеринен чыгып кетти. Жылуу сөзүн айтып жымыңдаган бул адамдын аты суу кечкенден кийин, азыркы айткан сөздөрүнөн айнып, теңирден тескери кетээрин сезишпеди. Үйүнө жылан кирсе сүт чачып чыгарып койгон, табиятынан куулук-шумдукту билбеген момун эл, бүгүнкүдөн да жаман акыбалга туш болуп, ата-бабалары кылымдар бою мекендеген жеринен сүрүлүп, далай азап-тозоктуу күндөрдү баштан өткөрөөрүн ойлошкон да жок.

Зор жоготууларга учурап, жакындарынан ажырап, күйүт тартып турса дагы, кылымдардан бери келе жаткан меймандарга карата жасай турган сый-урматты көрсөтүп, ырасмий иштерди жасап, кыргыздардын жүзүнөн мээримдүүлүк төгүлүп, көздөрүнөн жамандыкка барбастыгын сезип турса дагы, Петр Петрович момун калкка ишенбеди. Конокко ак пейилден чакырышса да барбады. Түнкүсүн катуу сактанып, аттардын ээрин алдырбай, өзү жаткан үйдү айланта кароолчуларды коюп, мезгил-мезгили менен улам алмаштырып турду. Кичине эле шектүү нерсе болсо, өздөрүнүн керт баштарын аман сактоо үчүн, ок чыгарып, кан төгүп жиберүүдөн кайра тартпас эле.

Эртеси 27-сентябрда эртең менен эрте туруп, Көтмалдынын тегерек четин көрүп, 1829-жылы Семипалатинскиде букарлык менен ташкенттик соодагерлерден Гумбольдт жыйнаган маалыматты жокко чыгарды. Көптөн бери талаш болуп келген маселеге чекит койду. Буга чейин Европалык географтар да Гумбольдттун пикирин колдоп келишкен эле.

Үмөтаалынын туугандары мингизген аттардын бирин тандап минип, жанына тилмечин, дагы бир казак орусту, кыргыздардан экөөнү кошуп алып, Чүй суусунун түштүк тараптан келип, чукул бурулуш жасап, батышты көздөй, Боом капчыгайы тарапка кеткенин, көлдөн агып чыкпасын, Кочкор тараптан агып келээрин өз көзү менен көрүп, толук ынанды. Карта чийгендер мурунку түшүнүктөрүн баштарынан алып салып,Чүй суусунун башы Кочкор тараптан келип, Боом капчыгайы аркылуу Чүй өрөөнүнө агаарын, жолдон эки Кеминдин суусу кошулаарын жаңы картага түшүрүштү. Өзүнүн тийешелүү илимий иштерин бүткөндөн кийин Үмөтаалынын айылынан түштөнүп, курсактарын аябай тойгузуп алып, Көлдүн күңгөйү менен 15 чакырымдай жол жүрүп, андан кийин түндүккө бурулуп, Верныйга бет алды.

Белге чыккандан кийин, Петр Петрович арт жагын бир карап, көлдүн сулуулугуна суктанып турду. Арга жок бир улутунуп алып, кыргыздар мингизген атты бир теминди эле, тизгинин тарттырбай, алкынып турган ат жорголоп жөнөдү. Алгачкы түнү Ысык-Көлдүн күңгөй бетиндеги жерге түнөштү. Сактыкка кордук жок деп от жактырган жок. Кыргыздардын көздөрүнөн жаманчылыкка барбасы сезилип турса да, баары бир ишенбей турушту.

28-сентябрда эртерээк туруп, ишенимсизирээк түнөгүнөн чыгышып, улам бийикке көтөрүлүп, жол жүрүп баратышты. Алдыга кеткен үчөө-төртөөнүн алдынан торопоюн ээрчиткен жапайы доңуз чыкты. Аракка ала күү болгон кыраандар жакындап барып энесин кармай турган болгондо, анысы качырып сала берди. Алда кандай болбосун деп мылтыктарын камдап турган алардын шаштысы кетип, мылтыктарынан бир нече окту чыгарышты. Айланадагы аска-зоону жаңырткан октун дене-бойду дүркүрөткөн жагымсыз үнүн биринчи угуп жатса, өз жанын коргоп, качып кетпеди. Ок жеп, жаны ачыган мегилжин торопоюн коргоп, коркулдаган бойдон орус казактардын кабылганын качырып, далайга чейин өлбөй, бир топ убара

кылды. Чоң торпоктой болгон семиз мегилжин далайдан кийин жыгылды. Торопоюн тирүү кармап, Верныйга ала кетмекчи болгон ой менен, чыйылдата кубалап жүрүп кармай албай калышты. Ажалы жок бечара карагайдын арасына кирип, кутулуп кетти. Жапайы доңузду союп, этин эки атка бөлө артып, андан ары жөнөштү.

Дагы бир ашуусу бийик карлуу белди ашып, оюна түшүп барып, мындан ары эч коркунуч болбойт дешип, палаткаларын тигип, куураган жыгачтардан дуулдата отту чоң жагып, күздүн күнкү семиз доңуздун этин бышырышып, ой-кыры менен жешип, күндүн суугуна карабай, ысуулап жатып калышты.

Араксыз отура албаган кыраандар, бүгүнкү табылганын урматын белгилемекчи болуп, Петр Петровичке билгизбей, эки казак оруска кыргыздар тартуулаган тандамал эки жакшы аргымакты мингизип, бийик кардуу белди ашып араң жете турган, бир топ алыс жерде жайгашкан Верныйга жиберишти. Алар түнү менен тынбай жол жүрүп, эртең менен эрте кар баскан бийик белди ашып, кайра жетип келишти.

Эртерээк турган экөө кечээки бышкан эттин калганын тез ысыта коюшуп, алып келген арактан баса куюп, Петр Петровичке сунушту эле, каткырыгы таш жарган



Петр Петрович тартып жиберди да, кесилген майлуу этти оозуна салып, балчылдата чайнап жатып, айткан сөзү бул болду:

– Бах! Орус арагындай болобу!

Алар 1-октябрда Верныйга кайтып келишти. Ал жерге жаңыдан отурукташа баштаган келгиндер баягыдан да салтанаттуу тосуп алышты. Жеке бийлигине, курал–жарактуу солдаттарына таянып, көпкөнчүлүк менен ташбоорлуктун кесепетинен кылган өзгөчө опурталдуу ыплас жаман иштерине тоң май жегендей болуп, көңүлдөрү жай болбой, санаа чегип турган полковник Хоментовский менен артиллериянын капитаны Обухтун кубанычы чексиз эле. Петр Петровичке улам-улам суроо үстүнө суроо узатып, иштин пас-пас болуп тынчып калганына көңүлдөрү жайланышып, аны конокко чакырып, ичкиликтен мол алышып, сайрандап жатышты.

Хоментовскийдин отряды жасаган баскынчылык, талоончулук иштерди салмактап көрүүгө мүмкүн эмес эле, даанасын айтканда ат көтөргүс болучу. Дүйнөлүк коомчулукту нааразы кыла турган бул жагымсыз иш, мамлекет аралык опсуз чоң чырчатактын башталып, аягы эбине келбес катуу чырга айланып кетиши ажеп эмес эле.

Жолдошторунун арасында кадыр-барктуу, өң келбети жагынан аялдарга жагым-



дуу, таланты жагынан башкалардан өзгөчөлөнүп турган Обух, өткөндөгү кан төгүүдө кыргыздардын каргышына калып, кийинчерээк Ташкентти басып алуудагы кандуу кыргынга катышып, өзү да чоң кырсыкка кабыларын сезбей, күн-түнү кыз-келиндер менен ойноп-күлүп, бул жашоону өмүр бою ыракат менен өткөрчүдөй, ченемсиз сайрандап жүрдү.

Чүйдөгү кыргыздарга карата уюштурулган кандуу жортуул Хоментовскийдин жеке демилгеси менен болбогон чыгаар. Айрым көралбас, бузуку адамдар анын ичкиликти жакшы көрө тургандыгынан пайдаланышып, бир нече күнү анын башын айландырышып, чоң олжого азгырып, акыры мамлекеттик чек араны бузуп, бөлөк өлкөнүн чек арасынан өтүп, куралдуу күчтөр менен кирип, кан төгүүгө, зор кылмышка баргандыр. Бузуку адамдарга адамдардын өлүмү, үй-бүлөсүндөгү ый, муң-кайгы, кошуна мамлекеттердин ортосундагы ынтымактын кетиши алар үчүн түккө да турбаган иштей болсо керек. Кимдир бирөөлөргө болгон кусаматчылыгы үчүн өч алып, көптөн бери ойлогон арам ою ишке ашса, аларга ошол табылгыс олжодой сезилет тура.

Петр Петровичтин өткөндөгү жүрүшүнөн кийин көңүлү жайдары эле. Мелтиреп жаткан Ысык-Көлдүн чыгышынан да, батышы-



нан да, түндүк тарабынан көрүп, жээгине чейин болуп, маанилүү илимий маалыматтарды чогултуп, келгендеги негизги максаты орундалып, чоң иш аткаргандай сезип калды. Күз келип, күн суутап калгандыгына байланыштуу Тянь-Шанга саякатын токтотуп, келерки жылы барууну болжолдоп, башка багытта саякатын улантмай болду.

* * *

Петр Петрович1856-1857-жылдын кышын Барнаул шаарында өткөрдү. Айына тийешелүү акысын төлөп, бир нече бөлмөлүү батирде жашады. Жөн жатпай ал жакта да изилдөө иштерин жүргүздү. Бош убактысын Ф. М. Достоевский менен өткөрүп, бир нече саат бою анын чыгармаларын тажабай өз оозунан окутуп угуп, ой бөлүштү. Келечекте дүйнөгө атагы чыга турган чоң жазуучунун оор жашоо турмушуна күбө болуп, тиешелүү кеп– кеңештерин берип, чыгармачылыкка шыктандырып койду.

Томскиге барганда гимназиянын сүрөт боюнча мугалими, сүрөтчү Кошаров менен апрелдин аягында Тянь-Шанга бара турган саякатына чогуу баруу жөнүндө да макулдашып алды. Омскиге барып генерал губернатор Г. И. Гасфорт менен алдыдагы саякаты боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Андан соң Семипалатинскиге келип, Достоевский,

сүрөтчү Кошаров менен жолукту. Копалга чейин барып кайтты.

Петр Петрович Верныйга кайтып келгенде жергиликтүү бийликтерде чоң өзгөрүүлөр болуп калганын көрдү. Полковник Хоментовский кызматын өткөрүп берип, Петербургга кеткен эле. Адамдын каны жөн коебу. Күнөөсүз ажал тапкан бечаралардын убал-сообу уктатабы! Зордук менен кордукка кабылган күнөөсүз адамдардын каргышы талаага кетпес. Өткөндөгү эл аралык эрежеге туура келбеген, кыргыздарга жасаган кандуу жортуулунан кийин, бийликтегилер кошуна Кокон хандыгы менен кагылышууну каалабаса керек. Ошого байланыштуу Г. И. Гасфорт Улуу жүздүн приставы кылып, алабарман, ичкиликке жакын Хоментовскийге караганда Сибирдеги кызматы боюнча тажрыйбалуу, токтоорок, жоопкерчиликти сезе билген, мүнөзү жумшак, чындыкты сүйгөн, баамчыл полковник Перемышльскийди койсо керек. Дагы бир себеби Перемышльский, Гасфорттон мурда иштеген генерал-губернатор княз В. Д. Горчаков менен келген экен. Анын князга дагы бир жакындыгы, анын никесиз уулу болуптур.

Петр Петровичке мына ушул адам менен Тянь-Шанга баруу жөнүндө тил табышууга туура келди.



Перемышльский Петр Петровичти жакшы кабыл алды. Верныйда турганда өзү жаңы курдурган жыгачтан салынган үйдө турууну ага сунуштады. Түнкүсүн жатканга бактын арасына татынакай боз үйдү тиктирип берди.

Петр Петрович сүйлөшүүлөрдүн биринде сөздү мындай деп чыгарды:

– Полковник мырза, мен Чүйгө, Ысык-Көлдүн күңгөйүнө барайын деген таптакыр оюм жок. Менин бирден бир максатым, өзүмө тааныш жолдор менен Ысык-Көлдүн чыгыш жагына барып, көлдүн күңгөйү менен туташкан бийик тоолорунда болуп, өрөөндөрүн кыдырып, тийешелүү илимий иштеримди жүргүзүп, андан ары Кашкар тарапты байланыштыруучу тоолуу ашуулардын жайын билип кайтсам дейм.

Петр Петрович өткөндө жагымсыз иштер болгон чырлуу аймактан сырткары жакты кеп кылып, сөздүн нугун башка тарапка бурду. Перемышльский бир топко ойлонуп калды.

– Петр Петрович, бул маанилүү маселени генерал-губернаторсуз чечүү кыйын экенин жакшы билесиз. Ал эми Гасфорт мырзадан уруксаат сураш пайдасыз. А эгер Петербург менен байланышкан күндө да, Тышкы иштер министрлиги да колдоп жиберүүсү күмөн. Өткөндөгү Хоментовскийдин кылыгынан кийин бул маселеге жогорку жактагылар аяр болуп калышкан. Оң чечилген күндө да бул маселе бир топ убакытка созулуп кетет.



Мындай маанилүү маселени өткөндөгү Хоментовскийдей алабармандык менен бүтүрүүгө болбойт эле.

Перемышльский дагы ойлонуп калды эле, Петр Петрович ичинен бушайман болуп, полковниктин айнып кетпөөсүн ичинен тилеп турду.

– Петр Петрович, менин берген элүү кишим менен барганыңыздын кажети деле азыраак болот. Бир айла, бул ишти Улуу жүздүн султаны Тезек төрө менен бирдикте бүтүрсөк болот.

Петр Петрович Перемышльскийдин тапкычтыгына сүйүнүп кетти. Анын эң жогорку тартиптүүлүгүнө, ой-чабытынын кенендигине суктанып, мындай адам менен тил табышканына өзүнө ыраазы болуп турду.

Убакытты созбой, Тезек төрө менен чукул күндөрдө байланышып, жагдайды кенен кесири сүйлөшүп, маселени ортого салышты эле, ал Перемышльскийдин сунушун аябай сүйүнүү менен кабыл алды.

Тянь-Шандын түпкүрүнө чейин бара турган маселе чечилгенден кийин, кубанычы койнуна батпаган Петр Петрович эки жумача даярдыгын жүргүздү.



29-май күнү чак түш ченде баш аягы алтымыштай адам менен, малайларга он эки төөнү жетелетип, тандамал жетимиш ат менен Верныйдан аттанышты. Изилдөө иштерине мынчалык аскер адамын тартуунун, ага кошуп Тезек төрөнүн бир миң беш жүз атчан жоокерин алуунун кажети жок эле. А Петр Петровичтин саякатынын негизги максаты эмне экени үч гана адамга белгилүү болучу.

Алар 1957-жылдын 7-июну күнү Кичи-Каркырадагы Боронбайдын жайлоосуна жол тартышты.

Санташ ашуусунан өтүп,1830 м бийиктикте жайгашкан кенен жайлоодогу Боромбайдын айылына түш оой келип түшүштү. Ал келген конокторду жылуу жүз менен кабыл алды. Ал орто бойлуу, кең далылуу, тармал чачы маңдайына түшкөн, суйдаң муруттуу, куш тумшук, көк көз, отуз жаштын кырына барып калган Петр Петровичти бир азга сынай карап калды. Даражасына карай конокторду улуу байбичеси Алма байбиченин үйүнө киргизишти. Күндүн ысыгында чаңкап келген конокторго жаңы ышталган сабаага ачытылып, бал чайкалган кымыздан сунушту. Ортодогу салынган дасторкондо жаш козунун этинен тартып, кызыр эмди тайдын казы-карта, чучугу баш болгон башка дүйүм тамактын түрлөрү жайнап турду.

«Деликатес, деликатес» – дешип үй-жайынан алыста, талаа-түздө жүрүп, табиттери бир аз ачылып калган келгиндер ойдогудай отуруп, чүйгүн тамактар менен шашпай тамактанып, эс алып олтурган мезгилде Боронбай аны үй-бүлөсү менен тааныштырмакчы болду.

– Петр Петрович мырза, жайгашып, бир аз эс алдыңыз. Өзүңүздүн өтүнүчүңүздү канааттандырып, бала-бакыраны тааныштыралы. Кандай дейсиз?-деп суроо узатты эле, тилмеч тез эле которуп бере салды.

– Жакшы болот, – деди Петр Петрович.

Боронбайдан шыбыш болоор менен боз үйдүн эшиги түрүлүп, үйгө ак элечекчен, кара тукаба кемсел, белине белдемчи, бутуна жалтыраган намеркен маасы кийген байбиче, артынан кара торусунан келген, кытайдын кымбат баалуу жибегинен кемсел кийген, башына аппак жоолук салынган, кыргый мүчө келин көрүндү эле, отурган коноктор шашкан боюнча ордунан тура калышты. Киргендер чыгыштын зайыптарына мүнөздүү сөөлөттөнө басышып, ашкана жак капшытка өтүп отурушту. Ошондо гана Петр Петрович баш болгон коноктор ордунан жай алышты.

Боронбай кирген байбиченин аты Алма экенин тааныштырып өттү. Ал эми экинчи аялы Меке менен калган эки аялы өздөрүнө



тийешелүү конуштарында болгондуктан бул жолу аларды тааныштырганга мүмкүнчүлүгү болбогонуна кечирим сурады.

Андан кийин кыздардын улуусу Жүзүмдү тааныштырды. Ал эми төрт кыздын кенжеси татынакай Мейиздин келишин Петр Петрович көптөн көп самап турса да, ал эмнегедир башбагып да койгон жок.

Андан кийин Боронбайдын төрт уулу катары менен кирипти. Улуусу Кылыч элүүдөн ашып калган адам экен. Атасына окшош, көздөрү бир аз жүлжүгүй, келбети анчалык сүйкүмдүү эмес эле, Петр Петровичтин купулуна толгон жок. Экинчи уулу Өмүрзак акылдуу көз карашы, төрөпейил сымбаты менен жагып калды. Андан кийинки Түркмөн тышкы кебетеси салабаттуу болгону менен жоош көрүндү. Эң аягында он үч жаштагы кенжеси Канай менен тааныштырды.

*Жаш да болсо көп жерди көрүп,* көп адамдар менен мамиле түзүп, бир боордош казак-кыргыздын салт санаасын жантыгынан жата калып үйрөнө баштаган Петр Петрович ушуларды баамдады.

Андан соң кызыр эмди тайдын эти салынган, үймө чаралар ортого тартылды.



* * *

Эртеси эртең менен Тезек төрө да өзүнүн Улуу жүздүн казактарынан түзүлгөн көп колу менен келип калды. Ал узун бойлуу, өзүн сөөлөттүү кармаган, ачык-айрым, кырк жаштан өтүп калган адам экен. Мүчө келбетинен күрөшкө түшүп, мөөрөй алып берчү балбандык сыпаты жок болсо да, анын жүзүнөн аксөөк тукумунан чыкканы сезилип тураар эле. Анын аты да бекеринен «Тезек» деп ырымдап коюлбаса керек. Энеден айкүнүнө жетпей төрөлүп, ата-энеси ырымдап «Тезек» деген ат коюшкан экен. Анын теги, жаштайынан чоң иштерге аралашып, өзүнүн башка адамдардын баарында эле боло бербеген жөндөмү, аны эрте эле чоң кадыр-баркка жеткирген.

Мындан он жылча мурда орус бийлиги анын жакын тууганы Кенесары хан менен нечен жылдары кагылышып, анан бийликтин, куралдын күчүнө салып, мекендеген жеринен миндеген кандаштарын сүрүп, бир топ азаптарды, зордук-зомбулукту көрсөткөнүн ал жакшы билчү. Бирок Тезек төрө аларды ойлоп, жүрөгүнүн башында көптөн бери эрибеген муз турса да, Орусия бийлигинин өкүлдөрү менен жакындан мамиле түзүп, бул жолу анын көздөгөн максаты башка эле.



Петр Петрович Улуу жүздүн башчысы Тезек төрө менен таанышкандан баштап, чындыгында эле улуу инсан менен мамиле түзүп жаткандыгын баамдады. Өзүнүн көптөн бери эңсеп келген оюнун өтөсүнө чыгып, Орусия тараптан Борбордук Азиянын түпкүрүнө батышка кенен жол ачылып, буга чейин белгисиз болуп келген Азия материгиндеги-Тянь-Шанды изилдөөгө мурда болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүк түзүлөөрүн түшүндү. Андан сырткары да көптөгөн аткара турган максаттары ичинде купуя сакталуу эле.

Кыраакы Тезек төрө Петр Петровичке эмне жардам берээрин, милдетин, укугун, ролун түшүндү. Петр Петрович менен жылуу мамиледе болуп, андан да көп жардам алаарын, ошондой эле Боронбайга көрсөткөн көмөгүнөн кийин кыргыз менен казакка кадыр-баркы мындан да артаарын, болуп көрбөгөндөй сый-урмат көрөөрүн кыраакы, акыл-туюму менен сезип турду.

Сөздүн кыскасы, бүгүнкү жолугушуп жаткан белгилүү үч адамдын көптөн бери көксөгөн, сыртына чыгарбаган, жан адамга билгизбеген, өз-өзүнчө кызыкчылыктары бар эле.

Өткөн жолу Чилик суусунун сол жээк куймасы болгон Асы-Суусунун жээгинде Петр Петрович үчүн атайы арналып, боз үй

тигилген. Ошол жерге Тезек төрө атайы жолугууга келген. Үйдүн тышына кароолчу коюп, бир жан киргизбей, үйдө ээн отурганда макулдашышкан. Мындан ары эмне иш аткарышаары, ким эмне иш бүткөрөөрү, Боромбайга кайсы жерден жолугушаары, Сан-Таштан эле жолугушуу ылайыктуу экендиги жөнүндө үч саат бою сүйлөшүшкөн.

Орус отрядынын жана Тезек төрөнүн келгендиги жөнүндө кабар, алардын курал жарактары, Петр Петровичтин көп атаар тапанчасы жөнүндө көлдүн күнгөй-тескейине чагылгандай тез эле тарап, мындай шумдукту мурда көрбөгөн момун эл, элтеңдей кулак түрүп, айрым эстүү-баштуу аксакалдарды алда кандай нерседен кооптонтуп, бассатурса убайымга салды.

1855-жылга чейин Иле суусунун түштүгүнө казак туугандардан башка бөлөк өлкөнүн кишисинин, бөлөк– бөтөн адамдын буту баспаганын Петр Петрович мырза жакшы билет эле.

Бул күнү (8-июнь) Петр Петрович Тезек төрө, Боромбай менен аябай кеңеш кылышты. Кимдин кайда бараары, эмне иш аткараары дагы бышыкталып талкууланды.

Петр Петрович элүүгө жакын казак орусту жанына алып, Боронбайдын адамдарынан жол көрсөтө турган, жолдун уусун билген жигиттерди кошуп, көлдүн тескейи ме-



нен жүрүп отуруп, Жууку суусуна жеткенде түштүккө бурулуп, ашуу ашып, Сыр-Дарыянын башкы куймасы Нарынга чейин бараарын айтты. Күнү бою Тянь-Шандын түпкүрүнө баруучу биринчи саякатка Петр Петровичке экспедицияга керектүү ат, төөлөрдү топтоп, даярдап жатышты. Бул үчүн Боромбай Петр Петровичтен эч кандай акы алган жок. Анын кубанычы чексиз эле. Петр Петрович менен Тезек төрөнүн жигиттеринин ичкен-жеген тамагына кеткен чыгымга, жаткан-турганына жасалган түйшүгүнө кымындай да кейип койгон жок. Бул кылган кызматынын акыбети кайтып, ойлогон ойлору ишке ашса деген нээтте эле.

Эртеси Петр Петрович Тянь-Шандын түпкүрүнө биринчи саякатына аттанды. Отряды 49 орус казактан турган. Мындан сырткары төө жетелеген, жол көрсөткөн 12 кыргыз болгон. Жанында ишенимдүү жандоочусу, кадыр– барктуу сүрөтчү Кошаров да жүрдү. Тоолуу жерге жакшы жүрөт деген алтымыштан ашык кыргыз аттарынан сырткары, жүк жүктөгөн он эки төөсү бар эле.

Эртеси 1810 м бийиктикте жайгашкан Алтын-Арашандын суусу чыккан жерине барышты. Ал түнү ошол жерге түнөштү. Петр Петрович эрте туруп алып, Ак-Сууну бойлоп жогору барып, изилдөө иштерин



жүргүздү. Андан соң кайра ылдый түшүп келди.

Петр Петровичтин бул жолку саякаты Көлдүн тескейи менен Барскоон суусуна чейин барып, 3380 м бийиктиктеги Жууку ашуусунда болуп, Нарын суусун алыстан карап кайтышты. Төмөн түшүп, Кызыл-Суунун жээктеп отуруп, көлгө кошулган жерине да жетишти. Бул күнү көлгө ою менен түшүп, балык кармашып, кумардан аябай чыгышты. Боронбайдын ээлиги болуп келген Кызыл-Жардан ары өтө алышпады.

Андан кийинки күндөрү күңгөйгө өтүп, Күрмөнтү, Шаты сууларынын башына чейин барып, белге чыгышып кайра кайтышты. Анын эмне оюу бар экенин эч ким билген жок. Бар болгону жер көрүп, өсүмдүктөрдү жыйнап, илимий иштерди жүргүзүп жүрсө керек деп боолголошту.

Петр Петрович кайтып келгенде Боронбай анын саякатынын кандай өткөнүн сурап келип, Петр Петровичке кайрылды.

– Урматтуу Петр Петрович, менин жеке өзүмдүн жана өз уруумдун атынан өтүнүчүм бар эле.

– Айтыңыз, айтыңыз.

– Биздин уруубузду жерибиз менен Орусиянын карамагына кабыл алууга жардамыңызды бериңиз. Биздин жерибиз Ысык-Көлдүн чыгыш жагы, Тянь-Шань тоолору-



нун түндүгү Хан-Теңирге чейин созулуп жатат.

Ал мунусу менен кимдир бирөөлөрдөн коргоо, колдоо, тирек тапкысы, эркиндик, теңдигине жеткиси келди. Бирок бир улуу журттун эркиндик-теңдигин, келечегин бузукулардын бал тилине кирип, азгырыгына алданып, тили буруу, дини, дили бөлөк, атабабасы таанылбаган бирөөлөрдүн колдоруна тапшырып берип жатканын өзү да сезбей, туйбай жатты. Анын бул кылып жаткан аракети туурабы же тескериби, кыргыз элине пайдасы тийеби же зыяны көппү, аны чыгаан акылман да айта албас эле. Бирок бул иш-аракеттин натыйжасын келечек алаканга салгандай кашкайта көрсөтөөрү анык эле!

Мурда мындай сунуш болоорун күтпөгөн, өзү дагы мындан ары аткара турган иштерине Боронбайдын жардам берүүсүн өтүнүп, ыгын келтирип, айта албай турган Петр Петрович жым дей түштү.

Маңдайында улгайып, карылыкка моюн сунуп калган адамдын көзүнөн, жүзүнөн аргасыз кебетесин көрүп, ичинде жаткан оюн айттырбай түшүнүп, асмандан күткөнү жерден табылгандай, ыңгайы келип турганда учурду текке кетирбей пайдаланып калгысы келди.

– Урматтуу Боронбай мырза, генерал-губернатордун алдында, кийин Орусиянын

борборуна барганда да сиздерди Орусиянын карамагына алуусуна алганга аракеттенемин. Бирок сиздин карамактагы жерди өз көзүм менен көргөнүм дурус болоор. Ошондуктан Муз-Тоого, Көк-Жар менен Сары-Жаздын башына чейин барсам деймин.

– Урматтуу Петр Петрович, сиздин оюңузду мен да колдоймун. Бирок Сары-Жаз өтө алыс. Ага баруунун анча кажети жок.

Калганына макул болгон Боронбай ырымдап, болор-болбос тыйынына жетимиш ат, он төө берди.

Петр Петровичте чай, койдун куйругу менен кургатылган нандан башка эч нерсеси жок эле. Башка элде кездешпеген, жасаган жакшылыгына, кылган кызматына, берген тамагына бир нерсе сурабаган ушундай момун элге дагы бир жолу таң калып да, ыраазы болуп да турду.

Жол көрсөткөнгө Боронбай алты адамды кошту. Унааларды, жол азыгын даярдатып, үч күн даярдыгын жүргүзгөндөн кийин, керектүүсүнүн бардыгын алып, 24-июнь күнү Кичи-Каркырадан Петр Петрович экинчи жолу аттанып чыкты. Максаты Хан-Теңирди бет алып, Тянь-Шандын түпкүрүнө чейин барып, ылаажы болсо Кытай менен чектешкен жерге чейин жетип, кайтуу эле. Адегенде Сары-Жаз, Текес сууларына жетип кайтты. Кашкарга, Кулжага жетүүнүн үч



жолу бар экенин изилдеп чыкты. Ал Текес аркылуу баруучу багытты тандап алды.

Боромбайдын сунушу менен 1857-жылдын 6-июлу күнү Петр Петрович бугунун дагы бир белгилүү манабы Токсабанын айылына келип түштү. Ал киши Кытай тарап менен катышып, ал жактын мыктылары менен алыш-бериш кылган жагы бар эле. Петр Петровичти жакшы кабыл алып, ага жардам берип, максаттарына жеткирээрин айтты. 7-июль күнү Токсоба менен анын жаңы конушуна жөнөдү. 9-июль күнү Текес суусундагы эс алган жеринен чыгып, 5-6 саат жол жүрүп, Токсобанын эң алыскы конушуна жетти. Анын максаты дагы үч-төрт күндүн ичинде Орто Музарт суусун бойлоп, кытай бекетине, кытай кербендери өтчү жолго жакындап барып, андан соң кайтып кетүү эле. Музарт ашуусуна жакындап баруу дагы оюнда эле.

Бирок минген атын кара терге түшүрүп, төмөнтөн кабарчы келди. Атынан ыргып түшүп, аны байлоого да чамасы келбей, алдын тосо чыккан казак орустун бирөөнө тизгинди ыргытып, шаша буша Петр Петровичке жөнөдү.

– Урматтуу төрөм, Тезек төрө колго түшүп калды. Катуу шашкан чабармандын оозуна ушул сөз келди.

– Кандайча? Кимге колго түштү?



Оңой менен солк этип койбогон Петр Петрович чочуп кетти.

– Улуу жүздүн кенже султаны Тарыбек баатыр колго түшүрүп, байлап салды. Эгер сизден жардам болбосо, өлтүрүп кое турган.

– Кантип эле?

– Жок төрөм, ишениңиз, өлтүрбөсө да сарыбагыштардын колуна салып бере турган. Чабарман шаша – буша айтып, ыйламсырап жиберди.

Тилмечтен акыркы сөздү укканда катуу чочуп кетти. Иштин оң болбой калганын түшүнгөн Петр Петрович үнсүз-сөзсүз бир азга башын мыкчып отуруп калды.

Көптөн бери ойлонуп, мына эми аткарыла турган иши айран боло турганын ойлогондо, отурган ордуна тынч отура албай тура калды. Ары-бери натыйжасыз басып турду. Бул аймакта Тезек төрөдөн да башка таасирлүү күчтөр бар экенин эми жаңы сезди.

Чындап эле Төрөнү өлтүрүп, же кыргыздарга өткөрүп берип койбосун деген ой башына келе түштү. Эгер чындап эле ошондой болсо, таянган таянычынын бир капталы кулап, мындан ары аткарыла турган иштеринин таш-талканы чыгаарын сезди. Ал эле эмес, өзүнүн да өмүрүнө коркунуч келип, Петербургдан чыккандан берки мээнети талаага кетээрин, жанында жүргөн элүүдөй кишиден ажырап калуу ажеп эмес



экенин ойлогондо эмне кылаарын билбей, акыл-эсинен айныган адамдай болуп турду.

Аягында бараткан багытынан ат тизгинин буруугa аргасыз болуп, кол алдындагыларга ачуу буйрук бергенге араң жарады.

Түнү менен жол жүрүп, эртеси түштөн кийин Боромбайдын конушуна жетти. 10 казак орусту сүрөтчү Кошаровду баш кылып, Боромбайдын айылына таштады. 40 казак орусту Боромбай аркылуу кош ат менен камсыз кылып, Атамкул баштаган 200 казак жигитти, Боромбайдын уулу Өмүрзак баш болгон 800 атчан жигитти түнү менен алып, Тарыбектин айылына жетти. Айылга бир аз калганда кол алдындагыларды бөлүштүрүп, ар бир топко тапшырма берди. Айылды тегеректеп, киши киргизип, чыгарбагыла деп катуу буюрду. Айылга жакындап барганда Тарыбектин иниси Соорук бастырып келип, Тезек төрө өзүнүн жан жигити менен өткөн түнү качып кеткендигин билдирди. Ал эми кача албай калган экинчи жан жигити болгон окуяны ырастап берди. Ал эми Тарыбек өзү Петр Петровичтин көп кол менен келатканын билип, таңга жуук жигиттери менен тоо аралап кеткен экен.

Тарыбек баатырга Тезек төрөнүн кийинки убактагы кылган иштери, келгиндерге кылган мамилеси, чектен чыккан кошоматчылыгы, казак-кыргыздын эртеңки келе-

чегине кылган өзгөчө опурталдуу мамилеси жакпай турган эле. Бүтүндөй казакка чоң аброю бар, ата-тегинен бери эл бийлеп, журт башкарып келген төрөнү колго түшүрүп, мейман туткун кыла коюу ар кимдин эле колунан келе коюу мындай турсун, ал жөнүндө ойлонуу өтө коркунучтуу эле. Бирок башына келчү бардык кыйынчылыкты моюнуна алып, казак менен кыргыздын эртеңки күнүн ойлоп, Тарыбек баатыр бардык кызыкчылыгын курмандыкка чалып, тобокелдикке барган эле. Петр Петровичтин жандап жүргөн солдаттары, Тезек төрөнүн колу, ал аз келгенсип Өмүрзак баштаган 800 жигит биригип кетпесе, Тарыбек баатырдын ойлогон ою, кылаар иши башка эле. Өзүнүн асыл оюн ишке ашырмайынча өлбөгөн жерде калышмак. Бири кем дүйнө деген ушул тура.

...Петр Петрович казактардын арасында бир аз күн туруп, алардын ички иштерине кийлигишүүгө укугу жок болсо да, куралдын күчүнө таянып, Тезек төрөнүн кызыкчылыгын көздөп жатып, аз жерден чыр чоң жаңжалга айланып, кан төгүлүп кала жаздады. Ал мындан ары аткара турган иштерин терең ойлонуп көрүп, бет алган багытынан кайра тартып, Верныйга бет алды.

29-июль күнү Петр Петрович жетектеген экспедиция Верныйга кайтып келишти. Алар шаардын борборундагы аянттагы жа-



ңы курулуп жаткан чиркөөнүн маңдайына келип, чоң шаан-шөкөт, салтанат менен аттарынан түшүштү. Шаардын башчысы баш болгон шаардагылар жаш-карысына чейин келип, аларды кубанычтуу тосуп алышты.

Аларды Петр Петровичтин илимий изилдөө иштери анчалык кызыктырган жок. Алар көздөрүн кызартышып, жаңы жерге эми эле көчүп бара тургансышып, Петр Петровичке дембе дем суроо берип жатышты. Ал дагы чечекейи чеч болуп, бажактап сүйлөп, алардын суроолоруна эрикпей жооп берип, ал турмак аскер адамдарына, белдүү кишилерге чек араны кеңитүүнүн, жаңы жерлерди кантип басып алуунун жолдорун да алынын келишинче түшүндүрүп жатты.

Буга чейин Орусиянын өкүлдөрү Иле суусунан өткөн эмес. Петр Петровичтин айткандарынан жакынкы жылдарда Ысык-Көлдүн айланасы эле эмес, бүткүл Тянь-Шань орус карамагына өтөөрүн угушуп, полковник Перемышльский баш болгон келгиндердин кубанычы коюндарына батпай, азыр эле жерди, байлыкты бөлүп бере тургансып, жер баспай турушту.

Киши бою бийиктиктеги, ак кар, көк муздуу жерден, күндөрдүн бир күнүндө, жомоктогудай болуп, кан төгүп, баш жоготуп, кыргын болуп, чыгым болбой туруп, эч бир жоготуусуз, берекеси төгүлгөн, жер-жеми-



ши бышкан, абасы таза, тирүүнүн бейишиндей болгон жашоого өтө ыңгайлуу жерге ээ болуп калыш, кимди гана кубандырбасын.

Көчмөндөрдүн сырын изилдеп, аябай жакшы билген Петр Петрович бүгүн келгиндердин келишин сүйүңкүрөбөй турган сарыбагыштар да эртеби кечпи, бир жагы кокондуктардын кордугу менен эзүүсүнө чыдабай, бир жагы Орусия мамлекетинин куралдуу күчтөрүнө турuштук бере албай, эки оттун ортосунда калган бечара эл, аргасыздан падышачылык бийликтин карамагына өтөөрүн сезип, мыйыгынан жымыңдап койду. Мындай окуя 18-кылымда казактардын Орто жана Улуу жүзүндө болуп, казактар да биринини артынан бири Орусиянын карамагына өтүшкөнү белгилүү эле.

Келгиндердин көбү 16–17 кылымдарда Сибирди басып алган Ермактын жана аны менен кошо кандуу жортуулда бир болгондордун укум-тукумдары эле. Казак менен кыргыздын жеринин касиетин, жашоого ыңгайлуу экенин укканадан кийин, алар ата-бабалары мындан бир жарым кылым мурда барып, Сибирде жашаган жергиликтүү элден тартып алган жерин чаап, жаңы жерлерди ээлеп, каалаганындай жашоо өткөргөнү келген шылуундар эле. Алар падышачылык бийликке таянып, жаңы жерлерди кандай ээлеп, момун адамдарга кандай



үстөмдүк кылаарын бир жарым кылымдан бери жакшы өздөштүрүп калышкан болучу.

Бул убакта баео, момун кыргыз дагы бир чейрек кылымдан кийин көптөгөн келгиндер келип, аюу-жолборс мекендеген, аркар-кулжа жүргөн жердин куту качып, андан дагы 30-35 жылдан кийин кылымдардан бери канын төгүп, жанын берип сактап келген жерден зордук-зомбулук менен ата-бабасы көрбөгөн чет жерге, чет элге сүрүлөөрүн сезбей, күнүмкү жашоосуна каниет кылып, жашоосун өткөрүп жатышты. Баарынан өкүнүчтүүсү, өзү ичпеген, баласына бербеген тамагын берип, көргөзбөгөн сыйын көргөзүп, элдин шартын, жердин уусун, кыргыз жеринин ой-чуңкурун алаканга салгандай айтып беришип, береке-байлыгы жайнаган, ырыскысы төгүлгөн, кош уучтап үрөөн сепсең, чакалап түшүм берген керемет сулуу жерге шилекейин чубуртуп, көзүн кызартып, ансыз да араң турган пенделердин бүйүрүн кызытып, алдыларына аттарын тартуулап, тамак-аш менен камсыз кылып, кең пейилдигин көрсөтүп, акыры ошол сыйурматтын баары, момундугу өздөрүнүн баштарына тийерин бечара эл сезишпеди, акылтуюму менен баамдай алышпады.

Ыңгайын келтирип, бир атанын балдары болгон, бир уядан учкан эки бир тууган

уруунун биреөн ала көрүп, биреөн кула көрүп, биреөнү бооруна тартып, жакын санамыш болуп, экинчисин төшкө түртүп, запкы көргөзүп, жыйган-терген мал-мүлкүн тартып алып, өздөрүн ыгын таап өлтүрүп, бирине бирин жоо кылып, «тамыр болом, дос болом» деген ширин сөздөрү эстеринен чыгып, *көптөн бери ойлоп жүргөн арам ойлорунун* ишке аша баштаганына кымылдап кубанып турушту.

Петр Петрович Верныйда үч гана күн туруп, кеткиче шашты. Биринчиден, кыргыз жерине кызыгып, ой-чуңкуруна чейин кыдырып, керектүү маалымат чогултам деп жүрүп, милдеттүү түрдө аткара турган көп иштери калып калган эле. Күздүн калган күндөрүндө Жети-Суу крайындагы илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, Ала-Көлгө, Тарбагатай тоолоруна да барышы керек болучу. Экинчиден, Петр Петровичтин саякаттан кайтып келишин белгилеп, шылтоого шыноо табылып, көптөн бери пайда болгон жаман адат үстөмдүк кылып, үч күндөн бери бардык иш ташталып, арак үстүнө арак ичилип, кары-жашына чейин калжаңдап, аларга аялдары да кошулуп, Верныйга той түшүп калган эле.

Жети-Суу жана Заилий крайында спирт ичимдиктерин ташып келүүгө жогортодон



тыюу салынганы менен Батыш Сибирдин Башкы башкармасында иштеген айрымдардын калкалоосу менен соодагерлер табылгасын алар менен тең бөлүшүп, соодасын кызуу жүргүзө беришкен. Бул аймакта ичкилик ичүүнү токтотуу мүмкүн болбой калган эле. Ал турмак анын акыры ошо менен эле бүтүп калбай, ар бир үй-бүлөгө ый менен муң-кайгыны, азап менен тозокту, орду толгус жоготууларды, бүтүндөй бир улуу журттун кендирин кесип, келечегине балта чаба турган, акыл-ойлорун тумандатып, эс-акылдан ажырата турган уулу затты алар акы*рындык менен өздөрү турак алган* жерлердин жергиликтүү калкына тарката баштаган.

Петр Петрович Верныйдан 2-сентябрда чыкты. Ал эки айга жакын убакыттын ичинде мурда пландаштырып алган иштерин аткарып, октябрдын аягында гана Омскийге жетти.

Петр Петрович генерал-губернатор Гасфорттун кабыл алуусунда болду. Генералдын суроолоруна кыска, так жооп берүүгө аракеттенип жатты.

– Петр Петрович, сиз айтыңызчы, Орус жерин кеңейтүүнүн кандай жолдорун сунуштаар элеңиз?

– Бул үчүн кыргыздын бугу уруусун токтоосуз Орусиянын карамагына алуу керек.



Ал эми сарыбагыштар эртеби-кечпи, эки оттун ортосунда калганда, берки туугандарындай эки-үч жылда Орусиянын карамагына өткөрүп алууну өздөрү жалдырап сурашат. Алар укугубуз чектелип, эркиндиктеңдигибизден ажырап, жерибизден айрылып, жат адамдардын көзүн карап, биреөгө кор болбойлу деп Орусияга кошулууну каалабай койгон күндө да, мажбурлап каратып алуу анчалык кыйынчылыкка турбаса керек, – деп Петр Петрович сырдуу жылмайып койду.

Ошентип Ысык-Көлдү кантип ээлеп калуунун жолдорун, андан соң Чүй өрөөнүн ээлөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөөрүн жан-алакетке түшүп, түшүндүрүп жатты. Аны менен эле тим калбай Орусиянын чек арасын кантип кеңейтүүнүн жолдорун, андан ары түштүк тарапка, Сыр-Дарыяга чейин бет алаарын да айтып өттү.

Көптү башынан өткөргөн, бир топ жашка барып, улгайып калган генерал анын сөзүн шашпай угуп, бөлөк мамлекетке караштуу элди Орусиянын карамагына каратуу оңой олтоңго турбасын алдын ала сезип, Петр Петровичти сынай карады. Өйдөтөмөнүн салмактап көрүп, бир нече кылымдык тарыхы бар, бүтүндөй бир улуу элдин тагдыры, анын эртеңки келечеги аны көбүрөөк ойлонтууга мажбур кылды. Ошолор-



дун көз жашынын эсебинен жерин кеңитип, *элин байыткысы келген, ошону менен бирге* өздөрү да байып, атак-даңкка ээ болгусу келген кандуу колдордун кара ниет, былык иштерине аралашкысы келген жок. Мындай өзгөчө олуттуу маселени ийне-жибине чейин тактап, аябай терең ойлонуп, анан бир тыянакка келүү керек экендигин баамдап турду.

Анын үстүнө падыша Александр II нин коронациясына барып келгенден кийин Густав Ивановичтин маанайы чөгүңкү. Эч нерсеге көңүлү чаппай калган эле. Петрограддагы ак сөөктөр, бийлик өкүлдөрү ага көңүл да бөлүшкөн эмес, алар ит келдиби, киши келдиби дегендей, төрөпейилдик мамиле кылып коюшкан эле. Анын экинчи мекени болуп калган Орусияга жасаган мээнети, ак кызматы эске алынбай, сый-урматтан куржалак калганына катуу нааразы болуп, эч *ким менен сүйлөшкүсү келбей, кызматына* да кайдигер карап калган болучу.

Петр Петрович генералдын бир аз тарткынчыктап турганын Петербургдагы бийликтегилерден коркуп, учурдагы бийлигин сактап калуунун аракетин кылып жаткандай көрдү. Улгайса да эч нерседен кайра тартпаган, далайды башынан өткөрүп, кандуу согуштарда бир далай эрдиктерди көр-

сөткөн аскер башчысы болуп жүргөн бул адамдын ой-санаасы башкада эле.

– Кытай империясы менен Кокон хандыгына караштуу урууларды Орусиянын карамагына өткөрүп алуу жөнүндөгү маселеге келгенде Тышкы иштер министрлигинин макулдугун алуу кыйын болоор бекен.

Өзүн токтоо кармаган Петр Петрович бул жолу чыдай албай кетти көрүнөт, ордунан тура калды.

– Генерал мырза, орусиянын жер аянты кеңейип, уламдан улам Азиянын ичине сүңгүп кирип баратышыбызды Тышкы иштер министрлигинин жетекчилиги деле колдоор.

– Урматтуу Петр Петрович, отуруңуз. Мындай маанилүү маселени жети өлчөп бир кеспесе болбойт. Жогоруда айткандай, бөлөк мамлекеттин букараларын, жерин карамакка алуу оңой-олтоң жумуш эмес. Мен сиздин сунушуңузду толук жактырамын. Кандай болгон күндө да Согуш министрине бул маселени тезинен киргизүүгө аракет кыламын. Географиялык коом, Генеральный штабда иштеген офицерлер абалды Петербургдагы өкмөттүк чөйрөгө тааныштырууга аракеттерин жасайт деп ойлоймун.

– Ыракмат, генерал мырза. Биз бул маанилүү маселени чечип алсак, Ысык-Көлдүн күңгөй-тескейин, ак чокулуу Тянь-Шанды ээлесек, Чүй өрөөнүн ээлөөгө да жеңил болоор эле. Андан ары Тянь-Шань тоолорун аралап... Берекеси төгүлгөн Фаргана... Ташкент... Тыягы... Үрүмчү, Кашкар... андан ары...



Көз жетпеген кумдуу чөлдөрдү басып, же деңизден деңиз өтүп, океандардын ары жагына чейин барып, кан төгүлгөн кыргындарды баштан өткөрүп, көптөгөн жоготууларга учурап, анан гана бир өлкөнүн жерине ээ болгончо, бул жерде, үйүнө жылан кирсе ак чачып чыгарып койгон, бирөөгө кенедей жамандыгы жок, ичинде тырмактай арамдыгы жок момун кыргыздардын берекеси менен байлыгы төгүлгөн асыл жерин кымындай чыгым болбой, опоңой ээлеп калуу, мындай мүмкүнчүлүктөр дайыма, баарынын эле шыбагасына жазыла бербеси алаканга салгандай белгилүү болуп турду.

Петр Петровичтин кубанганынан чекесинен тер чыгып кетти.

– Байлыгы ташып турган эң бай Индия... Урматтуу генерал мырза, эгерде башкалардан озунуп, буларды жасай турган болсок... Улуу Петр I ден берки орус падышалары эңсеп келген ойлору аткарылбайт беле!

Бирок Петр Петрович, ары жагын мындай кой... Бери жактагы эле Үрүмчү, Кашкарга баруунун өтө татаалдыгын жакшы билээр эле. Ал жакта сырттан келген чоочун адамдар казак-кыргыздын талаасында



ээн жердин бөрүсүндөй каалагандай жойлоп, өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илип, кенен басып, туруп жүрө албас эле. Өзгөчө европалыктардын киришине катуу тыюу салынган. Бирөө-жарым барып калган адамдардын көпчүлүктүн көзүнчө дарга тартылганын угуп калган жайы бар эле.

Немец географы Адольф Шлагинвейттин Кашкар базарында жарыкчылык менен коштошконун укканда, анын аптаптуу күнгө какталып, дарга асылып турган жансыз денеси, кузгун оңурайта чукуган көзү көз алдына элестеп, дене бою дүркүрөп, ойлогон оюнан кутулгуча шашкан эле.

Петр Петровичтин оюн генерал бузуп кетти.

– Оюңуз жакшы экен, Петр Петрович.

Кыраакы генерал Петр Петровичтин куйүп-бышып сүйлөгөн сөзүнөн анын ичинде уйгу-туйгу болуп турган ойлорун айттырбай түшүнүп турду.

Петр Петрович бул жолку саякатына чоң жардам көрсөткөндүгү үчүн генерал Гасфорт мырзага Географиялык коомдун атынан ыраазылык билдирип, акыркы жолу коштошуп чыгып кетти.



* * *

Ошентип Петр Петрович Генерал Гасфорт менен өзүнө тийешелүү иштерин бүтүргөн соң, Омскиде үч күн туруп, шашылыш Петербургга жөнөп кетти. Ал борборго 1857-жылдын 15-ноябрында жетти.

Бул убакта Орусиянын ичи да тынч эмес эле. Крепосттук кулдукка каршы чыккан элдик кыймылдар он алты губернияда кулач жайып, 1857-жылы эле кырк жолу козголоң болуп өттү.

Пенде дегениң бүгүн бийлик менен байлыктын күчүнө салып, бирөөлөрдүн бар байлыгын, келечек жашоосу үчүн өмүр бою жыйган-тергенин тартып алып, азбы, көппү бир убакка чейин, убактылуу болсо да жыргап-куунаганды олжо көрсө керек. Андан соң эртеби-кечпи, андан да күчтүүрөөк бирөөгө, «төшү түктүүгө» жолугуп, өзү да баягы эле адамдын алсыз кебетесин кийип каларын пендечилик кылып билбей, сезбей-туйбай калат тура. Ошол сыңары мындай окуя бүтүндөй бир улуттун, миллиондогон калктын, ал эмес мамлекеттердин башына келээри өткөн тарыхтардан белгилүү эмеспи.

Жер жер болуп жаралгандан, адам адам болуп төрөлгөндөн бери нечен калктар пайда болуп, көз жоосун алган кооз шаарлар

курулуп, бирок айрым бир канкорлордун кесепетинен дүйнөнү дүңгүрөткөн нечендеген калктар, маданияты гүлдөгөн, байлыгы ашып-ташыган кээ бир мамлекеттер кумга сиңген суудай болуп, сайда саны, кумда изи жок, ың-жыңсыз жоголуп кетпедиби!

* * *



## 2-БӨЛҮМ

## АК-СУУДАГЫ КАН ТӨГҮҮ

1916-жылдын июнь айы.

Мындан туура 60 жыл мурда Петр Петровичтин атынын буту кыргыз жергесин баскан эле. Анын эңсеген ою орундалып, Каркырадан баштап, бүткүл кыргыз жери Орусиянын карамагында калды. Ал эмес андан ары Фергана өрөөнү, Кокон хандыгы, Бухара эмири, Хива хандыктары Орусиянын карамагына өттү. Бул үчүн кан төгүлгөн чоң согуштар болду, бейкүнөө нечен миңдеген адамдар замбиректин, падышачылык армиянын күчтүү куралдарынан кырылды.

1863-жылы кан төгүлгөн согуш болуп өттү. Ферганадагы болуп өткөн согуштар да нечен миңдеген адамдын башын жутту.

1898-жылы Миң-Дөбөдө падышачылык бийликке каршы көтөрүлүш чыкты. Алар өздөрүнүн эркиндиги, теңдиги үчүн жүйөлүү талаптарды коюшту. Бирок бийлик аларды куралдуу күч менен басып, жетекчилерин дарга асып, айрымдарын алыскы ата-бабасы көрбөгөн чет жерге айдады.



* * *

**«1916-жылдын 25-июну күнү Астрахан губерниясынын, Сибирдин, Орто Азиянын башка элдерин ооруктагы жумуштарга алуу жөнүндө ак падышанын указы чыкты. Бул указга байланыштуу 19 жаштан 43 жашка чейин эркектер согушуп жаткан армиянын коргонуу сооружениялларын жана аскер байланыштарын курууга алына турган болду.**

**Падышанын ооруктагы жумуштарга жумушчу алуу жөнүндөгү буйругуна каршы көтөрүлүштөр адегенде 1916-жылдын 4-июлунда Самарканд областынын Хожент шаарында башталды. Андан көп өтпөй Өзбекстандын бардык аймактарына тарады. Бүткүл Фергана,Эски Ташкент,Сыр-Дарыя областы, Самарканд областынын айрым уезддери көтөрүлүштүн жалынында калды. Миллиондогон калкы бар Өзбекстандын,Казакстандын,Түркмөнстандын, Кыргызстандын көптөгөн айыл-кыштактарында көтөрүлүш чыгып, Түштүк Сибирге, калмак талааларына чейин кетти. Бул көтөрүлүшкө Орто Азиядагы бүтүндөй мусулман калкы катышышты. Ал эми 8-августта, Пишпек уездинде, көп өтпөй Пржевальскиде көтөрүлүп чыкты. Ошентип бул көтөрүлүш бүткүл Орто**



**Азияны каптап, Түштүк Сибирге чейин жетти жана ар кайсы улуттан турган миллионго жакын калк катышты».**

***(Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане. М. 1960. )***

**«Ушундай кыйын учурда, июндун жыйырма бешинде, падышанын 1916-жылдагы буйругу чыккан. Түштүк жагы Теңир-Тоодон арка жагы Тобулгуга дейре, батыш тарабы Астрахандан чыгышы Алтайга чейинки өз үйү, өлөң төшөгүнөн өрт чыккандай алаш уулу козголду... Ошентип казак, кыргыз менен бирге өзбек, түркмөн, тажиктер да баш көтөрдү. Астрахань губерниясындагы калмак калкы менен Түштүк Кавказдагы майда улуттар да көтөрүлүшкө кошулду...»**

***(Шестаков, Кыр баласы. 1916-1926 (25-июнь), СССР элдеринин борбордук басмасы, Москва, 1926-жыл.***

***(Кыргыз маданияты, № 25, 1991-жылдын 20-июну)***

«Солдатка киши бербейбиз» деп бир топ жерде сөз болуп, ал өркүндөй баштаганда Бишкектин оездук начальнигинин милдетин аткаруучу Рымшевич 5-августта болуштарды, белгилүү, таасирлүү манаптарды чакырды. 6-август күнү кечинде алар менен маектешип, 2 күндөн кийин жумушчуга кетүүчүлөрдүн тизмесин берүүнү талап кылды. Ал эми 7-августта кайрадан бардык болуштарды, кызмат адамдарын чакырышты. 300гө жакын адам уезддик башкаруучунун короосуна чогулуп, Путинцевди күтүштү. Жаштардын жумушчуга баруудан баш тартып жаткандыгы жөнүндө болуштар билдирүү менен кайрылышты. Шабданов Самудүн, Лепесов Курман, Канаат Ыбыке уулу болуп кайрадан дагы бир жолу жагдайды түшүндүрүштү. Путинцев болсо кызматын тапшыргандыгын, уезддин жаңы башчысы Рымшевич менен сүйлөшүү керектигин айтты. Андан соң мурдагыдай дүпүлдөбөй, беркилерге кичипейил, жумшак мамиле кылып, мындай деген өтүнүч менен кайрылды:

– Мырзалар, Арашанда оорулуулар үчүн барак курдурсам дедим эле, мүмкүн болсо силердин колдооңор керек – деди эле, Путинцевден зор үмүт кылып турган болуштар аргасы жок, көңүл үчүн түтүн башына 30 тыйындан чогултуп берүүнү убада кылып тим болушту.



Ал эми сүйлөшүү жүрүп жатканда короого чыккан Рымшевичке болуштар кайрадан кайрылышты эле, ал алардын сөзүнө маани берип да койгон жок. Өңүн бузуп, көзүнүн чаарын чыгарып, ачуусу келгенде бети-башынын эттери былкылдап, семиз денесин араң көтөрүп, майпандай басып, кайра ичке кирип кетти.

«Жумушчуга чакыруу жөнүндөгү маселени чечүү эмес, Арашандагы Путинцевдин барагын курууга акча чогултуу үчүн чакырышкан турбайбы», – деген тыянакка келишти чогулгандар.

«Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы «деген ушул тура.

Айласы кетип, жарга такалып тургандай абалга калган болуштар Фольбаумга телеграмма жөнөтүштү. Бирок « берилген буйрук аткарылышы керек» деген жооп алышты.

Рымшевичтин кысымына туруштук бере албаган эл мыктылары «аткарабыз» демиш болгону менен, өздөрүнчө акыл кылышып, бүгүн түнү менен чогулушуп, кеңеш курушмак болушту.

Көз байлангандан тартып, улам бирөө келип олтуруп, Ашыраалынын үйү кыргыздын мыктыларына толуп кетти. Алдыга дасторкон жайылып, ар кайсы сөздөрдү сүйлөп олтурушту.



Аттын жакшысын минип, кийимдин жакшысын кийип, мурда сөөлөттөнө басып, дасторконго чалкалай отуруп, сунган аякты шар албай, алган соң ичээр-ичмексен болуп, бечара адамдарга керкейип, төрөпейил түр көрсөтүшкөн болуштардын бул жолу куту качып, кабактары бүркөлүп, өңдөрү суз, баштарына катуу иш түшүп, шайлары ооп, дармандары кетип, шалдырап турушту.

Өзгөчө маанилүү маселеге келгенде башкалардан озунуп, негизги маселени баштаганга даабай турушту. Улам-улам Канаатты жалтайлаша карашып, андан өтүнө албай тартынып турушту эле, ыңгайы келди көрүнөт, аягында сөздү Канаат баштады:

– Агайын туугандар, бул жерде кыргыздын болгон билермандары отурасыздар. Азыркы оор кырдаалды болсо жакшы түшүнүп турасыздар. Оездун чоңдорунун болсо эмне дегенин уктуңуздар. Кандай дейсиздер? Деги эмне деген оюңар бар? Ушуну акылдашып, бир чечимге келбейлиби.

Отургандар бир саамга унчукпай калышты эле, бир аздан соң сөздү Самудүн баштады:

– Аксакалдар, кыйын-кысталыш учурга такалып олтурабыз. Акылдашып, кеңешип иш кылбасак болбочудай. Бер деген салдатын берип, тим калалы десек, буга көпчүлүк эл көнө турган эмес.



– Элди бир ыкка көндүрбөсөк болбойт го?! Асылган оору алмайынча тынбайт дейт, буларың баары бир жан кое турган эмес.

– Эл ыкка көнүп, тил алса го жакшы. Эл көнбөй жатпайбы.

– Ой айланайындар, ким эле денинен жаралган баласын ме деп кармата койсун. Көрүп турбайбы, көз көрүнө ажалга айдап жатканын.

– Айланайындар, бер деген тизмесин берип, өз милдетибизден кутулбайбызбы. Калганын бара көрөөрбүз.

– Анан эртең кана салдат дегенде, эмнебизди беребиз. Баары бир эл менен макулдашпасак болбой жатпайбы. Сыртынан тон быча койгудай баягы убак эмес. Жарылып өлгөнү эле араң турушат.

– Булар менен алкажакадан алышып, бир кармашып көрбөйлүбү. Жигиттер араң эле турушат. Кичине эле шыбыш берип койсоң чаңын асманга чыгарышчудай, – деди эле, отургандар сөздүн ырбап баратканын сезишип, томсоруп туруп калышты.

– Алкажакадан алышкыдай илгерки заман болбосо. Бул кандай кеп? Орусиянықындай замбирегибиз, пуламитибиз, күчтүү курал-жарагыбыз болбосо...

Маселенин талуу жерине келгенде отургандар дым чыгарбай, баштарын жерге салып, томсоруп, бир азга унчукпай отуруп

калышты. Саамдан соң баягы болуш сөзүн андан ары улантты:

– Кудайды көзүң менен көрбөсөң да акылың менен тааны» деген кеп бар эмеспи. Ак падышаңдын Герман менен болгон согушу улам күчөп, күндөн күнгө алсырап бараткан кези. Биз эмес өз алапайын таба албай, жарга такалып турган учуру. Ушундай кырдаалдан пайдаланып, башыбызды ачып, эркиндикке жетип алганыбыз туура го дейм.

– Самудүн мырзанын да сөзүндө маани жатат. Ошондой болсо да ата-бабасы үч кылым бийлик жүргүзүп келген ак падышага баш көтөрүп, каяша айтып, каршы курал көтөрүш кыйын го?!

– Мырзалар, жогоруда сүйлөгөндөрдүн сөзүндө да жүйөө бар. «Жапалакты таш менен урсаң жапалак өлөт, жапалак менен ташты урсаң да жапалак өлөт» деген кеп бар. Кандай кылсак дагы кыргыз ушу жолу бир чайпалганы турабыз. Кудайга тобо кылып, аракетибизди жасап, бир силкинип көрбөйлүбү, туугандар.

– Жеке биз эмес, тыяктан өзбек туугандар да көтөрүлүп жатышат дейт. Коңшу казак ичи да тынчыбай, жарылганы араң эле турат деп, казак туугандар менен катышып тургандар айтып жатышат.

– Анда ырас болгон турбайбы. Ак падышага каршы биз кыргыздар эле көтөрүлүп жаткан жок экенбиз да.



Ары чайпалып, бери чайпалып жатып, эл жакшылары «балдарды солдатка бербөө» жөнүндө бир чечимге келишти. Антпеген күндө деле падышалык бийликке катуу наразы болуп, чыдамы түгөнүп, кыжыры шакардай кайнаган эл падышанын жарлыгын аткарбасы баарыга айдан ачык эле.

– Агайин туугандар, солдатка киши бербейбиз деп эле алаканыбызды жайып, отура берсек, ак падышанын бул жердеги желдеттери» ырас кыласыңар» деп унчукпай койбостур.

– Канаат мырза туура айтат. Кол куушуруп жөн эле отура бербейли. Кошуна казак туугандар менен байланышалы. Азыр солдаттын көбү Верныйда. Ошол жактан ишти баштаганыбыз оң.

– Самудүн мырзанын айтканы жөндүү. Адегенде Верный шаарында казак туугандар падышага каршы көтөрүлүш чыгарса... Ага удаа быякта Бишкек, Токмок, Нарын, Караколдо кыргыздарды көтөрсөк.

– Казактын Жаркент оезуна чейин киши жиберишибиз керек. Капал менен Лепсини да көтөрүү керек.

– Нарындык туугандар көтөрүлүп, Фергана тараптагы жолдорду тоскону оңундуу. Кочкор, Жумгал, Чүй өрөөнүндөгү кыргыздар Токмок менен Бишкекти курчоого алып, бийлик күчсүз, куралсыз, алсыз абалда араң



турганда ээлеп алуу керек. Олуя-Ата жактагы жолду да ушулар тоскону дурус. Талас жактагы кыргыздар казактар менен биригип, Ташкен жолун тоскону ылайык.

– Карапайым мужуктарга тийбешибиз керек-деди эле, бирөө ары жактан күңк этти.

– Ал бечараларда эмне күнөө?

– Бийликтин өкүлдөрү, жиберген солдаты менен гана согушубуз керек. Чын эле оокатын эптеп кылып жаткан мужуктарда эмне күнөө? Кысталыш убакта элди көчүрүүнүн камын да көрүп койгонубуз жаман болбойт. Өзгөчө жол катнашы бар капчыгайларды, белдерди ээлеп калыш керек. Ошентип ылаажы болсо, негизги күчтү өзүбүздүн жергебизде падышанын бийлигин кулатканга жумшаганыбыз дурус.

– Урматтуу мырзалар, падыша бийлигине каршы чыгыш оңой-олтоң жумуш эмес. Ал үчүн «Бир жеңден кол чыгарып, бир жакадан баш чыгарып», бирдикте болушубуз керек. Ошондо гана ийгилик болот. Эртеңден баштап эл-журтка жетээр менен даярдыгыңыздарды көрүңүздөр. Жоокер жигиттерге курал-жарак, тамак-аш, кийим-кечек, мингенине ат камдоо негизги милдетиңер.

– Курал-жарактын айласын кандай кылабыз? – деп болуштардын бирөө суроо узатып калды.



– Ээ мырзалар, мындай болот деп кимдин оюна келиптир. Баштатан билсек, чет өлкөдөн болсо да курал-жарак алдыртпайт белек, – деп Канаат жооп узатты эле, сөздү Токтосун болуш улап кетти:

– Урматтуу мырзалар, курал-жарак жок деп кол куушуруп отура бергенде убакыттан уттуруп жиберебиз.

– Токтосун мырза туура айтат. Колдо болгонун оңдоп-түзөтөлү. Мергенчилердеги мылтыктардын эсебин тактайлы. Айбалта, найза жасаталы, кандай дейсиздер?-деп, көпчүлүккө суроо салды эле, отургандардын баары Канаат ажынын айтканы туура деп колдоп кетишти.

Аңгыча болбой дунган болушу Булар обдулуп сөзгө аралашты.

– Мырзалар, мындай тагдыр чечиле турган чоң согушта курал-жараксыз иш болбойт. Мунун айласын мен табайын, кандай дейсиздер? – деп сөзүнүн ары жагын табыштактатып койду эле, көпчүлүк дуулдай түшүштү.

– Курал-жарактын милдетин Булар мырза алсын. Эки жактагы мамлекеттер менен алыш-бериш кылып, соода-сатыгын жүргүзүп, көптөн бери катышып жүрөт. Каражатты болсо топтоп беребиз.

Сүйлөгөн тили, туткан дини, ички дили бир, каада-салты, үрп-адаты, тарыхы-тагды-

ры окшош, нечен кылымдардан бери жамандык-жакшылыкта бирге болуп, жеңилин жерден, оорун колдон алып, кыйын-кысталыш мезгилде бирин бири колдоп аркажөлөк болуп келген казак тууагандар менен байланышып турмай болушту. Верныйдагы казактар менен байланышып, андан соң чоң шаарларга чабуулду баштоону туура көрүштү.

Бул жыйында казак-кыргызга бирдей таанымал казактын эл башкарган, журт башкарган мыктылары: Бекболот, Саят, Узак, Самалтыр жана башкаларга атайы чабарман жиберип, бүгүнкү жыйындын чечимин билдирип, алардын сунуш– пикирлерин, кеп-кеңештерин угуп, анан ишти биргелешип баштамай болушту.

Кыргыздын келечек тагдырына байланышкан бул маанилүү жыйын ушуну менен тарап, мыктылар эртеси эле эл-жерине токтоосуз аттанып кетишти.

* * *

Зор үмүт жана чоң колдоо күткөн Алматы казагынан мелектик жана жаркенттик көтөрүлсө да бийлик аны тезинен басып тыштады. Элинин бир тобу кыргынга учурады. Чапыраштылардын баш кишилерин Верныйдагы түрмөгө камады. Булардын ичиндеги хандыкка шайланган Ачакей уулу



Бекболотту дарга тартты. Жер-жердеги казактардан кайрадан баш көтөрүп, бийликке каршы чыга алышпады. Ошентип өзүнүн эркиндигин эңсеп, бийликке каршы көтөрүлгөн казактар тез эле басылып калды.

* * *

10-август күнү кечинде манап Чолпонкулдун, болуш уулу Асанкулдун жан-жөкөрлөрү менен келгенин угушкан Түлөберди болушундагы Токтон айылында 300гө жакын көтөрүлүшчүлөр союлдар менен куралданып, түн ортосунда болуш жайгашкан жайга келишти.

Чогулгандардын арасынан бирөө кыйкырды:

– Чолпонкул менен Жантайды биздин колубузга салып бергиле, – деди эле, калгандары дуулдап кетишти.

– Биз аларды өлтүрөбүз.

– Приговор түзгөндүн башчылары ушулар.

– Салдатка киши бербейбиз.

Армиядагы тыл жумушуна баруучулардын нарядынын протоколун талап кылышты. Короого таш ыргытып жатышты. Аларга тизме түзүүгө мүмкүнчүлүк бербей коюшту.

Көпчүлүктүн түрүн, өзгөчө жаштардын каарын көрүп, абалдын оорлошуп кетээрин



алдын ала сезген алар качып жөнөштү. Таанымал күлүк аттарды минген болуш Асанкул Чолпонкуловду, атчан-полицейскийдин стражниги Илья Ильичти артынан кубалап жетпей калышты. Илья Ильич согушуп жаткан аскерге жөнөтүлө турган аттарды тактоо үчүн келген эле. Жаалданган көпчүлүк старшина Инчинге да кол салышты. Алар качып кеткенден кийин болуштун катчысы Иван Горбанды кууп барышып, Эсенаалы союл менен башка коюп, аттан түшүрө чапты. Куралдарын тартып алып, эгин сактаган кампага камашты. Бийликтин өкүлдөрүнө кол салгандардын арасында Очокбайдын аялы да бар эле. Көтөрүлүшчүлөр Беловодскиден келчү жолду буушту. Окуяны участкалык приставка жеткирүү үчүн кабарга жиберилген жигиттерди узатпай жетип кармап калып жатышты. Бийлик тарабынан жакшылык болбосун алдын ала сезген көпчүлүк таңга жуук тоо тарапка бет алышты.

Абалдын кыйындай турганын баамдаган Чолпонкул мурдагы кеткен чабармандардан кабар болбогон соң, токтоосуз Дооронбек уулу Сатайды Ак-Суута, пристав Грибановскийге чаптырды.

Болуштар кабарга жиберген жигиттердин алтынчысы гана приставга жетип, окуяны айтууга үлгүрдү. Кабарды уккан Гри-



бановский 11-август күнү 12 солдаты менен Белогорка айылына жетип келди.

Ачуусу келип, өңү бузулган Грибановский Чолпонкулга акшырая карады:

– Эмитен бийликтин кишилерине кол салып, курал-жарактарын тартып алып, өздөрүн аз жерден өлтүрүп кое турган болушса, кийин булар бир балээнин ичинен чыгышат.

– Туура айтасыз, пристав мырза.

– Ошондуктан ушундай кезде тартипке чакырып, тизгинин тартып коюш керек. Бирок кантип?..

– Кандай кылаарды билбей менин да башым катты, төрөм.

Алар көпкө чейин эбин таба албай баштарын катырышты. Бир топтон кийин Грибановский сөз баштады:

– Көтөрүлүшчүлөрдү эптеп алдап, колго түшүрүш керек,

– Кантип?-деп жер тиктеп далдырап турган Асанкул болуш башын көтөрүп суроо узатты.

– Кантип? Кантээрди башың болсо ойлобойсуңбу. Ансыз да сиркеси суу көтөрбөй турган Грибановский Асанкулду жекирип кирди.

– Силердин башыңар иштебей турса, мен бир сунуш айтамын. Аларга бирөөнү кабарчылыкка жиберүү керек. «Силердин оюңар-

ды орундатабыз. Балдарыңарды солдатка албайбыз» деп чакырып келүү керек.

– Андай болсо бирөөнү жиберели. Айласы кетип араң турган Чолпонкул күңк этти.

Дагы акылдашкан соң Байгазы уулу Найзабекти Кашка-Суунун тоосундагы көтөрүлүш чыгаргандарга жиберишти.

Найзабек аларга баргандан кийин, Грибановский, Чолпонкулдар жибергендигин, алардын үйрөткөн сөздөрүн айткан соң, карапайым момун эл анын сөзүнө ишенишип, Белогорка поселкасына түшүп келишти.

Алардын жүздөрү өзгөчө каардуу. Буга чейинки көргөн кордуктары, азап-тозогу, залкысы жандарына батып, бийликке болгон жек көрүүлөрү жетчү чегине жетип, мындан ары чыдоого эч мүмкүн болбой калган эле. Шымаланган жаш жигиттер оттон да, чоктон да, кыскасы эч нерседен кайра тартаар түрү жок. Кечээ эле өйдө карай албай, аргасыздан бөйпөндөп турган төрөлөргө бүгүн тике карап, тең ата болгондой, укугу, мансабы, даражасы бирдей кишидей карап, аскер кийимин кийинип, курал-жарактарын оңтойлоп кармап, сүр көрсөтүп турган солдаттардан ийменбей, оюндагысы орундалбаса азыр эле чаң-тополоңду салчудай болуп жаалданып турушту. Булардын көз карашынан, жүзүнөн жалтайлап, мурда азоо аттай ыргыштап турчу Грибановский бул жолу



жоошуп, күнү түшкөн адамдай муңайып, азуусун айга бүлөп турган капастагы арыстанды чочутуп жиберип, алда кандай күнгө туш келип, бөөдө жем боломбу дегендей саксынып, бирок анысын сыртка чыгарбай жылмаңдап, сыр алдырбай, жылуу сөздөн баштап мындай деди:

– Урматтуу мырзалар, ачууга алдырбай, акылдашып, кеңешип иш кылалы. Уруштан пайда жок. Силердин оюңарды угалы, эгер бул жерден чечиле турган маселе болсо бул жерден эле чечкидей бололу. Болбосо оезго кайрылалы, кандай дейсиздер?-деди эле, турган көпчүлүк бир азга унчукпай туруп калышты.

– Араңардан бирөөңөр чыгып, оюңарды айтпайсыңарбы. Кана киминер чыгасыңар?- деп көпчүлүккө карады.

– Эгемберди айтсын, Эгемберди айтсын, – деп дуулдап кетишти эле, арасынан ак калпакчан, кара мурут жаш жигит бөлүнүп ортого чыкты.

– Урматтуу пристав мырза,- деп баштады коңур үнү менен. -Биз ак падышага катуу наразыбыз. Жер-суубузду келгиндерге тартып берди, өзүбүздү тоо-ташка сүрүп ыштады, бул бир. Салыктар жылдан жылга өсүп баратат, бересебиз чачтан көбөйдү. Ага карабай согушка жардам бергиле деп тапкан-ташыганыбызды тартып алып жа-



тасыңар, бул эки. Өзүбүз кат таанымбасак, согуш өнөрүн билбесек, мылтык кармап көрбөсөк, жергиликтүү элден салдатка киши алынбайт деген ак падышанын убадасы бар эле. Ал убадасын бузду, бул үч деп, ортонун жуумп, сөздү улантайын деди эле, тургандар дуулдап кетишти.

– Акыры булар бизди тукум курут кылалы дешкен турбайбы.

– Эми мындай жашоого чыдай албайбыз.

– Салдатына барбайбыз.

Көпчүлүктүн сүрүнөн алдастай түшкөн Грибановский сөздү кандай улантаарын билбей бир азга буйдала түшүп, анан өзүн бекем кармап, буга чейин акылдашкан сөздөрү эсине түшүп, ошондон баштады:

– Урматтуу мырзалар, мен оездун чоңдору менен сүйлөшүп келдим. Балдарыңарды солдатка албай турган болушту.

– Ушунуңуз чынбы, пристав мырза? – деп Эгемберди суроо узатты эле, көпчүлүктүн арасынан бирөө кыйкырды.

– Агайындар, бул шылуунга ишенбегиле. Калп айтат, – деди эле көпчүлүк дагы дуулдай түшүштү.

– Пристав мырза, калп айтат деп жатпайбы. Элди кантип ишендиресиз?-деди Эгемберди.

Грибановский элдин уу-дуусунан чочуп кетти. Апкаарый түшүп, анан чокунуп жиберди.



– Мына, калп айтсам. Чолпонкул мырза менен Асанкул болуш күбө. Чынбы?-деп жанын жеп жалган айтып, тиги билермандарды карады эле, алар «Чын» деп ачык айталбай, Грибановскийден коркконунан баш ийкегенге араң жарап, күңкүлдөмүш болушту.

– Ушундай мырзалар, ыр-чырдын керети жок. Калган талабыңарды бүгүн эле оезго жеткиремин. Ал эми балдарыңардын салдатка барбасын кааласаңар куралыңарды таштап, ынтымакка келгиле.

– Ой айланайын эл-журт, буларыңдын түрү жаман. Бир шумдукту баштай турган, ишенбегиле, – деп баягы жигит элге кайрылып кыйкырды.

– Ой, мунуң кудайын күбө тартып чокунуп жатпайбы, анан кантип ишенбей коебуз, – деп Грибановскийдин кудайын бетине кармап сүйлөгөн бал тилине ишенишип, айрымдары ыргылжың боло куралдарын таштаганда, таңгактап таңып, обочороок алпарып коюшту. Элди солдаттар тегеректей баштады. Белогоркалык Данил, Иван баш болгон элүүдөн ашык кулактар мурунтан тымызын куралданып алышкан экен, ал канкорлор элге четинен кол салып, өлтүрө башташты.

Баягы жигитти эки кулак эки колунан сүйрөп баратканда көпчүлүккө карап ачуу кыйкырып алды:

– Оо агайындар, мен бая эле айтпадым беле. Жүзүкара, мытайым Кербановскейге ишенбегиле дебедим беле. Буларга дегеле ишенип болбойт.

Жаш жигиттин үнүн артынан келген күрсүйгөн Ивандын чапкан союлу басты.

Жоошуган азоодой калчылдагын билгизбей, азыр эле көпчүлүктүн көзүн карап, кайсы жерден жаңылып-жазып калбайын деп сактанып, момун чалыш болуп турган Грибановский заматтын ортосунда түрүн өзгөртүп, жаалданган боюнча Асанкул болушка бир тийди.

– Кайда, кечээги Иванга кол салган катын.

– Азыр таптырайын, төрөм. Жойпуланган Асанкул бир солдатка дагы эки кишини кошуп Очокбайдыкына жиберди. Алар тез эле Очокбайдын аялын эки кичинекей баласына кошуп айдап келишти.

– Сабагыла. Бийликтин өкүлүнө кол салган эменин эрдигин эми көрөлү.

Каарданган Грибановский солдаттарга, кулактарга тапшырма берди эле, жулунуп араң турган беркилер аялды тепкилеп киришти. Чырылдап-чыркыраган эки баласын дыргаяктатып ары сүйрөп барып таштапты. Ал жерде турган кулактардын аялдары да кошулуп, келиндин чачтарын жулуп, беттерин тытып киришти. Заматтын ортосунда аялдын татынакай жүзү көгала болуп шишип, ботодой жайнаган көзү көрүнбөй калды. Кийимдери айрылып, аппак болгон денеси кызандап көрүнүп, кызыл-ала болуп чыкты. Зөөкүр Данил урган союлдан ачуу бир үн чыгарып алды да, жерге шалак деп кулап түштү. Денеси бир аз диртилдеп барып, сулк жатып калды. Баягы эки бала «апакелеп» энесинин жансыз денесин кучактап жыгылышты.





Өлгөндөрүн арабага салып, тирүүлөрүн мал катары бири-бирине кошоктоп байлап, кулактар Ак-Сууга карай жөнөштү. 150гө жакын кишини Ак-Сууга алып келип, бир чоң тамга шыкап камап салышты. Тышынан бекем бекитип, эшик-терезелерине чейин куралчан кароол коюшту. Эртең менен эшикти ачышса, аба жетпей кысылышып, 30дай адам өлүп калышкан экен.

Адегенде жетекчилик кылып жүргөн Эгембердини алып чыгышты. Пристав Грибановский жарданып турган элге кайрылды:

– Эй макоолор, бийликке каршы чыккандардын баарын жазалайбыз. Эгембердиге окшогондорго ырайым кылбайбыз. Алгыла жигиттер, – дегенде кулактардын күрсүйгөн куралчан балдары Эгембердини сүйрөп чыгып, кокуйлатып, бакырып-өкүргөнүнө карабай, адегенде буту-колун балта менен сындыра чаап, андан кийин өзүн башка чаап өлтүрүп салышты.

Акыл-эси жайында эмес, жинди чалыш Пушкарев Федорго Грибановский колуна чоң союл карматып:

– Эшикке чыккандарын башка чаап өлтүрө бер деген тапшырма берди. Ага Ак-Суунун куралданган кулактары кошулушту. Камалгандарды улам бирден чыгарып турушту.

Өлүп баратып, жан соогалап, жалынып, жалбаргандарды көрүп, катуу табасы канган Грибановский эки колун артына алып, ары-бери басып турду:

– Буларга сооп жок. Ыргыштаган азоолорду, кой сымал оозун ачкан келесоолорду ушинтип гана башкарышыбыз керек. Бийликтин күчү эмне экенин билип жүрүшсүн. Биздин атыбызды атаганда ыйлаган бала сооронгондой болсун. Азыркы кылып жаткан ишибиз булардын укум-тукумуна чейин унутулгус болсун.

Айлана ызы-чууга, бакырык өкүрүккө толду. Тегеректин баары кызыл жаян кан болуп чыкты. Аянычтуу үн чыгарып, жаны чыга албай, кыркырап жаткандарды карап койгон киши болбоду.

Адамдарга жасалган жапайы жырткычтардан өткөн мыкаачылык, ашынган зөөкүрлүк, дене-бойду дүркүрөткөн мындай шумдук адамзат жаралганы бул жерде мурда болбосо керек.

Өлгөндөрдү 12–13 арабага салып, тирүүлөрүн жөө айдап, Пишпекти көздөй жөнөтүштү.



* * *

Путинцевдин кабинети. Оез башчысы Путинцев инженерлер Васильев, Нефедовдор менен сүйлөшүп отурганда тыштан бир кенже офицер кирип, какыя тура калып, чест берди.

– Урматтуу начальник, Беловодскиден көтөрүлүш чыгарган 35 кыргыз айдалып келинди. Кагаздары мынакей.

Ал колундагы кагаздарды Путинцевге сунду. Ал көз айнегин тагынып, кагазга көз жүгүртө баштады.

– Мында 138 киши деп турбайбы. Калгандары кайда?

– Начальник мырза, калгандарын Сокулук менен Чалаказактын жолунда тууралап салышыптыр. Ал сыймыктануу менен «өлтүрүп салышыптыр» дегендей белги берди.

Путинцев саамга ойлонуп калды.

– Аларды убактылуу бир жерге камай тургула. Кечинде сүйлөшөбүз.

Берки чыгып кетти. Путинцев ойлуу отуруп калды...

...Түнкү саат 11ге жакындап калган убак...

– Эй дружининник. Дружинниксиңби? Дружинник болсоң быякка эч кимди киргизбегин. Азыр кыргыздардын ишин бүтүрөбүз.

Бул сөздү айтып, кенже офицер чуркаган бойдон кетти. Алар көтөрүлүшчүлөрдү чиркөөнүн аянтына алып келишип, жаткыла деп буйрук беришти. Айлана-чөйрөнү ызы-чуу кылып, музыканын үнүн болушунча көтөрүп салышты. Ушундай ыйык жайда, кудайга сыйынган жерде, адамдардын каны агып, бардыгын ок коротуп олтурбай, мылтыктын канжары менен сайып өлтүрүштү.

Андан соң өлүктөрдү талаага алып барып, арасында кокустан чала жан калгандарды «жан соогалап», өкүрүп-бакырганына карабай өлтүрүп тынышты. Мурда суу жеп кеткен коого таштап, үстүн топурак менен көөмп салышты. Көмүлгөндөрдүн саны 138 болду. 13 адамдын ажалы жок экен, качып кутулушту. Аянт кызыл жаян кан болуп жатып калды эле, анын да эбин табышты. Арыктын суусун буруп келип каптатып, шегин билгизбей жууп салышты.

Бул окуя жөнүндө оез башчы эч кимдин оозунан чыкпасын деген буйрук берди.

Өзүнүн жасаган кандуу кылмышын жашыруу максатында шылтоо издеп, далайга



баш оорутуп жүрдү. Акыры тапты. «Алар качууга аракет кылды» дешибиз керек. Мындай себепти тапканына сүйүнүп да, жетине албай да жүрдү.

Ооба, ал бечераларды четинен кармап, өлтүрүп жатканда, (жандан таттуу эмне бар?) аман каламбы деген ой менен, жан алгычтардын колунан качканга аракет кылаары да чын эле. Бирок жан алгычтар аларды куткарбады!

Эч кандай мыйзамга жатпаган бул кандуу окуяны, куралсыз, бей күнөө адамдарды жырткычтык менен өлтүргөн оор кылмыштары үчүн актануу аракети менен Пишпек уездинин начальниги 1916-жылдын 14-августунда Верныйга телеграмма жиберди. Ал бул аракети менен өзүнүн кылмыш-аракетин документалдуу түрдө тастыктап, кийинки муундардын алдында карабет, көркоо карышкырдан да өткөн кан ичкич адам экендигин айгинелеп калаарын ошол кезде кандын жытына эс-мас болуп турган жексур байкабаса керек.

Анын бул адамкерчиликке эч бир жатпаган кылыгы ансыз да дүрт этип, тутана албай турган отко май чачкандай болду. Бул окуя кыргыз жергесине чагылгандай тез эле тарады. Кимдин сөзүн угуп, кандай кылаардын жолун билбей, ыргылжың болуп турган карапайым эл алсыз-кучсуз, куралсыз



болсо да, түп көтөрүлө көтөрүлүп, ырайымсыз бийликке каршы колдоруна найза, кылыч сыяктуу куралдарды алууга аргасыз болду. Мына ушундан баштап болуп көрбөгөндөй зордук-зомбулук, адамдарды мыкаачылык менен өлтүрүү, тынч жаткан элди чет жерге сүрүү башталды.



**Ал эми Түркстан генерал-губернатору А. Н. Куропаткин бул жөнүндө 15-август күнү Согуш министри Д. С. Шубаевге мындай деген телеграмма жиберди:**

**«... Сформированные в Беловодском участке крестьянские дружины оказали помощь местному приставу в задержании 138 мятежников, которые по пути (в) пишпекскую тюрму дорогой взбунтовались и за попытку бежать были перебиты дружинниками»**

***(ЦГВИА, ф. Главный штаб/с, Азиатская часть, оп. 4, 1916г. , д. 40, лл 254-254 об. копия. )***

* * *

... Арадан эки күн өтпөй баягы камалгандардын ага-туугандары Ак-Суунун приставынын короосунун алдына чогулушту. Аларга көчөдө, базарда сонуркап карап тургандар кошулушту. Мындан сырткары ар кайсы болуштуктардан «актык кагазыңарды колдоруңарга беребиз, балдарыңарды солдатка албайбыз» деп алдап айдап келген кишилер да бар эле. Улам келип кошулуп олтуруп, кишилердин саны 600дөн ашып кетти. Пристав Грибановскийден көрсөтмө болор менен аларды курчоого алышып, приставдын короосуна киргизишти.

Өткөн күндөрдө 138 кишинин түбүнө тирүүлөй жетип, адамдарды өлтүрүүнүн эң оңой ыкмаларын өздөштүргөн ал чөлкөмдө жашаган кулактар менен приставга жардамга жиберилген солдаттар мурда акылдашкандай, куралсыз адамдарга чабуул коюп кирди. Куралсыз бечараларга ок коротуп деле убара болушкан жок. Союл, балта, айрылар менен эле жайлап тынышты. Өлүктөрдү арабага салып, айылдын четиндеги коого алып барып таштап жатышты. Чала жан адамдарды өлүк жүктөгөн арабалар үстүнөн тебелеп кетип баратышса да, ага кейип койгон бир адам болбоду.

Кулак Кононенко жанындагы кошунасына кайрылды:



– Ой, Полтавский мырза, эмне көңүлүңүз суз. Көптөн бери ойлоп жүргөн ойлорубуз ишке ашып, жапайы кыргыздардан кудай куткарып, каалагандай жайлап жатсак.

– Ээ Кононенко мырза, капаланбай турган жорукпу. Кыргыздарды саям деп жаңы айрымды сындырып алдым, минтээрин билгенде эски айрымды ала келсем болмок экен...

– Ээ коюңузчу, мырза. Мен да эмне болуп кетти деп санааркай түшсө. Өзүңүз колдуу болгон он кыргыз сиздин жалгыз айрыңыздын кунунчалык болор.

Анан өзүн төшкө койгулады:

– Мына мен өзүм жалгыз союл менен эле 22 кыргызды жайладым. Кийимдерин олжолодум.

Ошентип болуштук башкарманын короосунда мыкаачылык менен 517 адам күнөөсүз өлтүрүлдү.

Канкорлор муну менен эле тим калышкан жок. Алар кылган иштерине шерденишип, ошол эле күнү жакын арадагы болуштардагы айылдарды чаап алыш үчүн аттанып жөнөштү. Күнөөсүз бечараларды өлөөрчө сабап, балдарын коркутушуп, жашыраак кыз-кыркындарды маскаралап, дүнүйө-мүлкүнүн эч нерсесин калтырбай тартып алышты. Каршылык көрсөткөндөрдү кырып, жаны тынышты.



* * *

**Жети-Суу областынын согуш губернатору М. А. Фольбаумдун Пишпек уездинин начальниги Г. Ф. Путинцевге 1916-жылдын 14-августунда жиберген телеграммасы.**

**«Так как дружинники сформированы в качестве военной силы и так как 138 задержанных киргизов пытались бежать, то, согласно устава гарнизонной службы, дружинники не только были вправе, но и обязаны были употребить (в) дело оружие против бегущих. Передаче гражданским судебным властям это дело не подлежит. Фольбаум».**

*(ЦГИА КазССР, Ф. Семиреченское областное правление, Т. 2. отд. ст. 2. д. 16926, л. 257.)*



Ошентип, Жети-Суу областынын аскер губернатору М.А. Фольбаум жана Пишпек уездинин начальниги Г. Ф. Путинцев Бишпектеги 138 жана Беловодскидеги 517 адамды жырткычтык менен өлтүрүүгө катышкан күнөкөрлөрдү сотко берип, мыйзам жүзүндө жазалоонун ордуна аларды негизсиз колдошту жана бул боюнча ишти жаап салышты.

* * *

13-август. Шаардык бийликтин адамдары ар бир үйгө киришип, жалпы моблизация жарыялап жүрүштү. Казармалардын жанында эл топтолгон жерлерде Пишпек гарнизонунун начальниги Писсаржевский сөз сүйлөдү.

**«Баарыңар бүгүндөн баштап моблизацияландыңар, бийлик ээлеринин аракеттерин сындагандар аскер-талаа сотунун жообуна тартылат. Силерден жазалоочу отряддар түзүлөт, милдетиңер жергиликтүү калктын башына каран түн түшүрүү. Аны кандайча жасоо керектиги кийин түшүндүрүлөт, азырынча ал аскердик жашыруун сыр. Ар бириңердин колуңарда куралыңар болсун. Куралды кайдан алабыз деген шылтоо болбосун, өлгүңөр келбесе айры алгыла... . Ошол эле күнү отряддар түзүлдү».**

*(Г. И. Бройдонун «1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшүнүн тарыхынан материал» деген китебинен)*



Пишпекте 110 адамдан түрган рота, курал кармаганга жарактуу адамдардан 9 атчан дружина түзүлдү. Көчөлөр адам өткүс болуп тосулду. Лебединовка айылында 150 адамдан турган дружина топтолду. Алар кабар болоору менен 22 минутада Бишкек гарнизонуна жетип келе турган даярдыктар көрүлдү. Аскердик запастагы курал-жарактар жана ок-дарылар, дүкөндөрдөгү мергенчилик мылтыктар алынып, согуш губернатору М. А. Фольбаумдун көрсөтмөсүнө ылайык айылдардагы ар бир 8–10 түтүнгө 30 огу менен бирден мылтык дружиначыларга таратылды. Баардык шаарларга жана айылдарга күн-түн дебей кароол коюлуп, кокустан каптап келе турган көтөрүлүшчүлөргө мүмкүнчүлүк бербөө үчүн бардык аракеттер жасалды.

Чоң шаарлардан келген куралдуу күчтөр көтөрүлүшчүлөрдү басуу үчүн жиберилип турулду.

* * *

Ак-Суудагы кандуу окуядан көп өтпөй Сосновка селосунан союл, айры, балта менен куралданган бир тобу аттанып чыгышты.

– Буларга аёо жок. Жөн койсок эртең бизге да асылышат. Биз басып алган жерлерди кайра талашышат.



– Туура айтасың, Вовка. Буларды баш көтөргүс кылып салышыбыз керек. Эркек аттуусунун көзүн тазаласак, катын-баласы өздөрү эле бөйпөктөп калат.

– Анан каалагандай бийлик жүргүзө бер. Семиз жер да сеники, сулуу аял да сеники, калың төшөк да сеники... Ха. Ха. Ха.

– Самогонго тойгон жаш жигиттер дуулдаган бойдон бачым эле Өтөгөн айылына жетип келишти.

– Талагыла.

– Ушул эле буйрукту күтүп тургансып, көпкөн жигиттер жууркан, төшөктөрдү, бир аз кышка сактаган эгин-тегинин, кийим-кечектерин арабага жүктөп, оокаттарын талашып, тартышкан аялдарды, балдарды уруп, сабап, жолго түшүштү.

Алы жетпеген акыретчил дегендей, кайра кайтарып кол кайрый албай, ботодой боздоп бала– бакыра, кемпир, чалдар калышты. Мал-жандын баарын айдап кетишти. Айылда улуган гана иттер калды.

Кыш-күрөө жакындап, күн суук тартып, ачкалыктан, жокчулуктан жашоо кыйындаган сайын чыдамы кеткен айылдын тургундары Бишкек уездинин Өтөгөн айылында жашаган кыргыздар 1916-жылдын 10-октябрында Түркстан крайынын генерал-губернатору А.Н. Куропаткинге төмөндөгүдөй мазмундагы кат менен кайрылышты:



**«... Когда в Пишпекском уезде начались печальные события и русское население в целях самозащиты начало организовать дружины, одна из таких дружин из селения Сосновского под предводительством стражника Инчина явилась к нам в с. Утегенское и, приказав собраться всему мужскому населению, отправила его куда-то в числе 145 чел. , захватив с собою 170 наших лошадей. Зачем явилась вооруженная дружина, зачем оторвала мужчин от мирного полевого труда, и куда девала всех наших лошадей, мы не знаем. Из взятых дружиной 145 чел. было женатых 94, и теперь 94 вдовы с малыми детьми остались без всяких средств к существованию. Из всего мужского населения у нас осталось только 57 чел. да и только потому, что в момент появления дружины их не было в юртах. В то время в селении остались почти одни женщины и дети».**

*( ЦГА КиргССР, ф, Коллекция «О восстании в 1916 году», д. 17, лл 2-3. )*

Ушул эле катта алар Сосновка селосунан келген дыйкандар эр-бүлөнүн үйдө жоктугунан пайдаланышып, жууркан-төшөктөрдү, үй оокаттарды, кийим-кечектерди, эгин тегиндерди, кыскасы жыйган тергендеринин баарын калтырбай тартып кетишкендиктери, кыш жакындап келаткандыгы, тонолуп бош калган үйлөрдө эптеп күн өткөрүп келе жаткандыгы, зордуктап алып кеткен эгиндин, буюмдардын жок дегенде бир аз бөлүгүн кайтартып берүүгө жардам кылуусун сура нышкан. Кыштын кыраан чилдесинде ач жылаңач балдар менен калган жесир аялдардын бул өтүнүчүн уккан жан болбоду.

Анын кандай аткарылгандыгы айтпаса да окурманга түшүнүктүү чыгар.



## 3-БӨЛҮМ

## КЕМИНДЕГИ КАРМАШ

1911-жыл.

Шабдан баатырдын көңүлү суз. Эзели бирөөнүн шагын сындырбаган, улуу-кичүүгө, бай-кедейге карабай, баарын тең санаган бул айкөл адам, ушул жолу эч кимди жактырбай, бирөөлөр менен сүйлөшкүсү келбей, санаа басып турду. Баатырдын башта мындай абалын көрбөгөн үй-бүлөсү өздөрүнчө үрпөңдөп, чочуп калышты. Кызматчы жигиттерине айтып, өзүнүн жакшы көргөн атын токуттуруп, тоо тарапка бет алып жалгыз бастырып жөнөдү.

– Сыркоолоп турасыз, атка бастырып жүрө албайсыз го? – дегенге да болбоду. Жанына кошо бастырайын деген жан жигитин да албады. Аттын жүрүшү менен жай бастырып, Көк-Жонго чыгып келди. Атынан түшүп, тушап кое берди. Өзү шашпай басып, туу жонго чыгып, эки жакка көз салып карап турду. Киндик кан тамган, кичинекейинде тай минип, балдар менен жарышып ойногон, өнүп-өскөн жерлерин кыдырата карап өттү. Жигиттик кези эсине түштү.



Тыягы Кичи-Кемин, андан ары Чоң-Кемин, Боомдун капчыгайы, андан ары күн жүрүш менен көз салып отурду. Он-Бир Жылга, андан ары Шамшынын бели... андан ары Кегети... Ысык-Ата... Андан ары жагына көзү жетпеди. Андан төмөн Талас.. андан ары Жалал-Абад, Алай. . Ош...Кокон Анжыян, Наманган...Самарканд, Бухара... Стамбул, Меке... Быягы Ат-Башы, Нарын Кочкор, Жумгал... Күн чыгыш тарапта касиеттүү Ысык-Көл...Тыягы Каркыра. Андан ары Текеске чейинки өзү көргөн кыргыз жерин, андагы жашаган өзүнүн мекендештерин көз алдына тартып өттү.

Баатырдын оюна ата-бабалары түштү Аларга арнап куран окуду.

Анын ата-бабасы эл башкарып, журттун камын көргөн адамдар болгон. Анын чоң атасы Карабек жаш кезинде эле, душмандар менен болгон кандуу кармашта каза болгон. Карабектин атасы кыргыз-казактын чегинен чыгып, кыргыз жерин баскынчылардан бошотууда, калмактар менен болгон айыгышкан чоң салгылашууда катуу эрдик көрсөткөн, Орусия бийлигине чейин белгилүү болгон атактуу Атаке баатыр.

Шабдан баатыр өзүнүн калыстыгы, бе решендиги, айкөлдүгү менен элге жаккан Атасы Жантай хан өлгөндөн кийин бийлик Шабданга өткөн.



1883-жылы Александр III такка отурганда, Жети-Суудагы кыргыз-казактын атынан анын шаан-шөкөттөрүнө катышкан. Ошол жолу ага войсковой старшина-подполковник чени ыйгарылган.

1904-жылы Мекеге барганын эстеди. Жанында барган жыйырмага жакын адамдын чыгымын өзү көтөргөн болучу. Ажылык милдетин аткарган соң, Дамаск (Шам) шаарынан Мекеге баруучу жаңы салынып жаткан (Хижаз) темир жолунун курулушуна 2000 рубль салым кошкон эле. Бул жардамы үчүн Шабдан баатыр Осмон мамлекетинин султаны Абдулхамид II тарабынан алтын медалга жана грамота алууга татыктуу болгон.

1909–1911-ж. ж. Чоң-Кеминде «Медресе Шадмания» деген медресе ачтырып, Орунбордон бүтүп келген мугалимдерди мугалимдикке тарткан. Окуган балдарга тамакты өз эсебинен бердиртип, медресеге кетүүчү бардык чыгымдарды, молдолордун маянасын өзү көтөргөн. Кыргыздын идиреги бар балдарын Алматыдагы гимназияга, Бишкектеги бакчачылык окуу жайына жиберип турган.

Адамдарды улутуна бөлбөй, бардыгына бирдей карап, жардамын аяган эмес. Жарды-жалчыга өз атын түшүп берген учурлары да болуптур.

Өмүрүндө арак, пиво ичпей, тамеки тартпаптыр.

Анын биринчи аялы солтонун чоң манабы Жангарачтын кызы Бак эне, экинчи аялы саяктын кызы Шааке эне, ал киши мезгилинде Мекеге барган экен, ошого байланыштуу «Ажы байбиче» дешип атынан айтпай, сый-урмат менен мамиле кылышчу экен. Үчүнчү аялы кочкорлук сарыбагыштардын кызы Султан эне, төртүнчүсү Амандын энеси.

Кийин улгайып калганда тели-теңтуштары баатырга суроо салган экен:

– Баатыр, сиз бу биздин кыргыз-казакка эле таанымал адам эмессиз. Сиздин атагыңыз тыягы Орусияга, быягы Кытайга, тыягы Түркияга чейин кеткен. Бардык жерде сизди урматтап, сыйлап турушат. Мунун сыры эмнеде?

Баатыр ага мындай деп жооп бериптир:

– Мен бир адамдын да көңүлүн калтырган жокмун, экинчиден мен адамдарды кечире билчүмүн.

Андан соң Баатыр көпкө ойлонуп туруп:

– Эң негизгиси, өзүмдүн ак никелүү аялдарымдын астында ала жипти аттаган жокмун, – деп жооп берген экен.

– Манаптык мени менен жок болот, андан көрө жер айдап дыйкан болгула, бир кесипке ээ болуп, үй-бүлөңөрдү адал эмгек



менен баккыла,– деп улуу уулу Мөкүшкө асыл тукум жылкы өстүргөндү, Самүдүнгө бак-дарак отургузганды үйрөтүп, дыйканчылыкка, Кемелди бал челек кармаганга, Аманды булгары иштеткенге үйрөтүп, ишкерликке көндүргөн экен.

Бир тууган кыргыз-казакка таанылып, бүтүндөй бир улуу журтту башкарып, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп жүрүп, кабагым-кашым деп койгон эмес эле. Балдарын эресеге жеткирип чоңойткуча да мынчалык кыйналган эмес болучу. Катын-балалуу болгон балдардын азыркы тарттырып жаткан түйшүгү аны өзгөчө катуу убайымга салды. Сакалынын агы да көбөйүп, өзү да арыктап, ден соолугу да мурдагыдай болбой калган эле.

Баатырды мындан да маанилүү иштер кыйнап турду. Анын эсине мындан алты жыл мурдагы иш-аракеттери эсине түштү.

1905-жылдын 30-июнунда Ошол кездеги Орусия Министрлер Комитетинин төрагасына арнап атайы Петиция даярлайт. Бул Петицияны даярлоого Ак падышанын 1904-жылдын 12-декабрындагы, 1905-жылдын 18-февралындагы жана ушул эле жылдын 17-апрелиндеги жарыяланган Жогорку Указдары негиз болгон.

Петицияда кыргыздарга мусулмандардын бир Духовный Собраниеси (Диний ма-



жилис) бөлүнүп берилүүсүн, мечиттерди курууга, мектептерди, медреселерди, жалпы билим берүүчү жана кесипчилик мектептерди ачууга укук берүү жагын, кыргыз жана казактардын эл тарабынан шайланган өкүлдөрүн кандайдыр бир закон чыгарууда жана аны алдын ала талкуулоодо аралаштыруу керектигин жана Орусиянын карамагындагы мусулмандар тарабынан, Империянын бардык аймагындагы кыргыз, татар жана башка чыгыш мусулмандарынын тилинде газета-журнал жана китептерди басып чыгаруу, аларды империянын ичинде эркин сатуу талабы коюлган, мүлктөргө ээлик кылууда жана эркин кесиптин ээси болууда теңчилик болушу өтүнгөн.

Мындан сырткары 11-пункттагы жер жөнүндөгү айтылган бөлүгүндө элдин жашоо-турмушундагы эң негизги ролду ойноп турган жерге болуп жаткан көз карашын билдирген.

Албетте Шабдан баатыр даярдаган Петиция Жети-суу облусунун башкармасынан ары өткөн эмес болуш керек. Петроградга жеткен күндө да мунун оң чечилишине эч ким кепилдик бере алмак эмес. Ал турмак бул окуядан кийин бийликтегилердин Шабдан баатырга болгон көз карашы бузулуп, ага этиеттик менен мамиле жасашып, ыңгайына жараша кысым да көрсөтө баштапкан.



Бишкек жана Пржевальск уездиндеги кыргыздардын жери келгиндерге зордук менен тартылып берилип жаткандыгы жөнүндө Шабдан баатыр өзүнүн эски тааньшы Жети-Суу облусунун губернатору генерал-лейтенант Ионов мырзага бир нече жолу кайрылууга аргасыз болгон. Ал дагы өз убагында бул маселе боюнча жардам берүүгө аракеттерди жасаган. Бирок анын бул аракети 1906-жылдын 15-декабрында Түркстан генерал-губернаторлугуна келген Н.И. Гродековго жакпайт. Анын кийлигишүүсү менен 1907-жылдын 7-июлунда Ионов кызматынан бошотулуп, анын ордуна жергиликтүүлөргө катаал, келгиндерди жерге орноштуруу маселесине келгенде борбордогу бийликтин көрсөтмөсүн ойдогудай аткарган адам келет.

... Баатырдын оюна ар-нерселер түштү. Кыргыздын эртеңки келечегин ойлоду. Алардын нечен кылымдардан бери кармап келген дининен кол жууп калаарын ойлогондо заманасы куурулуп турду. Дили бузулуп, дининен ажырап, билимсиз калып, кечээ эле келген келгиндердин кызматын кылып, оту менен кирип, күлү менен чыгып калаарын көз алдына келтиргенде, өңү бузулуп кетти. Ата-бабалары канын төгүп, жанын берип сактап, атам замандан бери ээлеп келген жеринен ажырап, тоо-ташка су-

рулүп, ак кар, көк муз баскан аска-зоону мааңектеп, жашоо-турмушун түзүктөп өткөрө албай, жалмалоого бир үзүм нан таппай, тишинин кирин соруп, кесээрип отурган мотурайган наристелерди ойлогондо, башы айланып, көңүлү караңгылап кетти.

Хан тукумунан чыгып, ак сөөктөрдүн үй-бүлөсүндө кем-карчтан алыс, жакшы тарбыяланып, кыргыздын нечен атактуу мыктыларын көрүп, кийин эс тартып, ат жалын тартып мингенден баштап датка, бек, бийлер менен табакташ болуп, кан төгүлгөн кармаштардын далайына күбө болуп, айрым бүтүндөй бир улуттун тагдырына байланышкан түйүндүү маселелерди чечүүгө катышып, катышып эле тим болбой чечүүчү ролду ойноп, ошондой эле элдин муң-кайгысын өз көзү менен көрүп, эл-журттун жамандыгына, жакшылыгына аралашып, ыңгайына жараша колдоо көрсөтүп, жардам берип келген бул карыя, улгайып калган кезинде, каруу-күчтөн тайып, бийликтен алыстап бараткан мезгилде калкына караан, арка-бел болуп, кенедей болсо да жардам бере албаганына катуу нааразы болуп турду.

Элинин илим-билимге жетпей, тегеректеги саны жагынан улуу калктарга, согуштук курал-жарактары жагынан өнүккөн күчтүү мамлекеттерге тең ата боло албай, өз укугун талашып, ата-бабалары кан төгүп



сактап келген жерлерине ээлик кыла албай, өз жеринде, өз мекенинде мусапыр болуп кала турганын ойлогондо, жүрөгү ооруп, дарманы кетип, айласы куруп турду...

Илим-билим мындай турсун, ар кимдин босогосун сагалап, түбөлүк жашоо өткөрө турган жердеген жери, ата мекени жок, күн өткөргөн көптөгөн элдер, улуттар бар экенин ойлоду. Ал турмак өткөндө айрымдары бөтөн жерден куулуп, сүрүлүп келип, баш паанек кылууга жер берип, тукум курут болуудан сактап калуу жөнүндө кайрылганы эсине түштү. Кандай болгон күндө да элинин ата мекени, узун тарыхка ээ, түптүү эли-журту бар экенине ата-бабаларына дагы бир жолу ыраазы болуп, кудайдан түбөлүгүн түз кылагөр деп тилек кылып жатты.

Баатыр үйгө кеч кайтты. Жаны жер тартып, катуу кыйналып келди. Үйгө жакындаганда кызматчы жигит алдынан тосо чыгып, атын алып, мамыга байлай салды да, жандай басып баатырды сүйөп, үйгө киргизди. Төрдөгү өзү отурчу орунга отургузду. Ашкана жакка барып, өзгөчө устаттык менен коосдолуп жасалган көөкөрдөн сыр аякка кымыз куюп, баатырга сунду. Баатыр берген кымызды толук түгөтүп иче алган жок. Аябай чаңкап келсе да, тамакка табити тартпай турду.

Жигит сөз баштады:



-Баатыр, төмөнкү айылдагы Кудайберген келиптир. Сизде сөзүм бар дейт.

– Кирсин, анда.

Кудайберген кирип, ызаат кылып, салам айтып, улага жакка отурду.

– Ии... Мырза, жол болсун. Кандай, эл-журт тынчпы? Үй-бүлөң, бала бакыраң эсенби?

– Кудайга шүгүр, баатыр. Эл-жур тынч. Сизге арызданып келип олтурам.

– Айт, айтагой, тартынба.

– Боомдун оозундагы «Семенуп» көпүрөсүнөн өтүп, аркы өйүзүндөгү тигилген чатырлардын жанынан өтүп баратсам, саат басып, атым чычып жиберсе болобу. Аңгыча болбой чатырдан сары чач, көк көз дардайган бирөө чыгып, атыман оодара тартып түшүрүп, өзүмдү аябай сабады. Коркконуман кол кайыра алган жокмун. Аттын жаңы чычкан богун калпагыма салдыртып, «Өзүңдүн жериңе алып барып ташта «деп, канжыгама байлатып, өзүмдү аябай ыза кылып, кууп жиберди. Ызама чыдабай сизге келдим. – деди Кудайберген ыйламсырай.

Ансыз да кыйналып турган баатырдын өңү бузулуп кетти.

– Ал зөөкүрдү жакшылап таанып калдыңбы? Эртең барсак көрсөтүп бере аласыңбы?

– *Көрсөтүп бере алам, баатыр.*



– Анда эмесе, Кудайберген мырза, бүгүн кеч болуп калды. Эртең шашке ченде жолдон тосуп тур. Чогуу баралы.

– Ыракмат, баатыр.

Көзү-башы көгөрүп, ыза болуп, азыр эле кабагы бүркөлүп, тагдырына таарынып, катуу капа болуп отурган жигит күлмүңдөп, баатырга ичи жылып, кош айтышып, аттанып кетти.

«Булар ээнбаштыгын койбос болду го!» баатыр ичинен күбүрөдү. Ал келгиндердин буга окшогон, мындан да жаман кылыктарын, зөөкүрлүктөрүн мурда да кулагы чалып калган жайы бар эле. Бирок өйдө-төмөнүн ойлоп, чырды ырбатпайын деп, айрымдарына кийлигишпей да келген. Алардын мындай зөөкүрчүлүгү, басмырлоосу, ыза-кордук көрсөтүүсү бара-бара тыйылар деген ойдо болучу. Азыр келип-кеткен жигиттин ыза-кордук көрүп, бети-башы көгала болуп, күнөөсүз жерден келгиндердин бир зөөкүрүнөн запкы жеп, мусапыр кейпин кийип турганына боору ооруду. Элдин ар-намысын, эртеңки келечегин ойлоп, бул ишти бул боюнча таштап коюуга болбосун көптү көргөн кыраакы киши түшүндү.

Баатыр эртеси кызматчы жигиттерден экөөнү, жолдон Кудайбергенди кошуп алып, көпүрөгө келишти.

*Баатыр:*

– Кудайберген, чатырга кирип, кечээки чоңмуштум немени чакырып чык, – деди эле, ал чатырга кирип барып, дардайган немени жетелеп чыкты.

– Эй, сен Кудайбергенди урганың чынбы?

– Чын. Дардайган неме кылган ишине маашырлана, менменсинип турду.

– Эмне үчүн урдуң?

– Ошон үчүн урдум. Берки керкейип, оң жоопко келбей турду.

– Мунун эмне күнөөсү бар экен?

– Күнөөсү болбосо да урдум.

Кылмыш кылса да ыңгыранып, жоопко келбей турганы, баатырдын ого бетер кыжырын келтирди.

– Анда эмесе, күнөөсү жок бечераны урганың үчүн мен сени өзүм жазалайын.

Камчы менен жон талаштыра үч-төрт жолу тартып-тартып жиберди. Өзүн эр көкүрөк санап, көпкөлөң тарткан берки кокуйлап жиберди.

Ажал, өлүм алкажакадан алып, айласы кетип турганда да, бороон-чапкынга кабылып, кыйын-кысталыш күнгө туш келгенде да солк этип койбой, өзүн токтоо кармап, бардык чийелүү маселелерди сабырдуулук менен чечкен баатыр бул жолу анте албады.

Аңгыча болбой тигилердин ызы-чуусун угуп, кошуна чатырдан орус армиясынын



офицер кийимин кийинген шыңга бойлуу, сары жигит чыгып келди. Баатырды көрүп, ызаат кылып, шашыла чест берип жиберди. Иштин жөн-жайын түшүнгөн ал дагы уятына чыдабай, берки «чоң муштумду» жаакка 2–3 жолу тартып жиберип, баатырга кайрылды:

– Урматтуу, Шабдан мырза. Тигил тентектин кылган кылыгы үчүн мен кечирим сураймын. Кечириңиз. Ал эми тигини биз өзүбүз жазалайлы, уруксат бериңиз.

... Бул окуя көп өтпөй Кемин өрөөнүнө дуу дей түштү. Убакыт өткөн сайын кыргыздын башка аймактарына да тарап жатты.

– Оо айланайын, кудай. Биздин да коргоочубуз, колдоочубуз бар экен го! – деп мурда мындай ыза-кордуктун далайын көрүп, келгиндерден суу талашам, жер, жайыт талашам деп башы-көзү жарылып, айрымдары майып болуп, укугуна, теңдигине жетпей, өз жеринде мусапыр кейпин кийген момундар баштарын бийик көтөрүп, келечекке үмүттүү карап, ток пейил тартып, баатырга ыраазы болуп, өткөн өчүн, кеткен кегин алып бергендей, көптөн бери тебеленип, тепселип келген намысын колго тийгизгендей, аны алкап жатышты.



* * *

Шабдан баатыр Жантай уулу 1839-жылы туулуп, 1912-жылдын 6-апрелинде Чоң-Кеминде каза болуп, сөөгү Кожокмат деген жылганын оозундагы көрүстөнгө коюлган. 1910-жылы мурдагы кадыр-баркын эске алышып, генерал Ионовдун сунушу жана генерал Самсоновдун кийлигишүүсү менен Ак-Бекеттен 400 теше жер Шабдан баатырдын өмүрү өткөнчө пайдаланууга бөлүнүп берилген эле. Бирок Келгиндер Ведомствосу тарабынан баатырдын көзү өткөндөн кийин ага бөлүнгөн жерди кайтарып алууга аракеттер башталды.

* * *

Кичи-Кемин өрөөнү бүгүн өзгөчө.

1912-жылдын 10–14-октябрында баатырга арналган аш Кичи-Кеминде өткөрүлүп, Пишпек жана Пржевальск оездорунан келген коноктор кара таандай жайнап, кокустан жолдошуңдан адашсаң оңой менен таппачудай эмессиң. Ал эле эмес Жети-Суу облусунун Верный ж. б. оездорунан, Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата оезунан жана ары жагы Кокон, Анжыян, Наманган шаарларынан баатыр менен алыш-бериш мамилеси бар, алыс болсо да сыйлашып, урматташып келишкен сый коноктор көп келишкен. Верный ж. б. шаарлардан орустун чиновниктери, көпөстөрү, Кемин өрөөнүндөгү кыштактарда жашаган орустар түп көтөрө келишкен. Келгендердин саны 40 миңге жакын адам болгон. 2000ден ашык жумурткадай аппак боз үйлөр тигилип, келген коноктор жайгаштырылган. Аларга шыпылдаган жигиттер, шыңга бойлуу, ай чырайлуу жаш келиндер кызмат кылууга чегерилген.

Илгертен эле аштын эң кызыктуу бөлүгү ат чабыш болгон. Башкасын калтырса да, ат чабыш болоор күнү үйүнө киши жатчу эмес. Ашка келген күлүктөр үч топко бөлүнүп чабыла турган болду. Эң чоң ат чабыш 14-октябрь күнгө белгиленип, саяпкерлер нечен күнү күндүз тынчын, түнкүсүн уйкусун бөлүп таптаган, 13–14 жаштардагы чабендес балдар (арасында кыздары бар) минген, кулактары тикчийип, көздөрү оттой жанып, биринен бири өткөн сын-сымбаты келишкен, тизгинин кое берсе эле жебедей сызып, октой уччудай болуп, жер чапчып, атырылып, ооздук бербей элирип турган, ар кайсы дубандан келген 172 ат байгеге кошулду. Алардын арасында Верный, Ташкент жана Самарканд шаарларындагы ат чабыштарда баш байгелерди алып жүргөн Бычковдун англис-түркмөн-кыргыз тукумундагы Жучек, Альметьевдин таза кандуу англис тукумундагы Жакериясы зор үмүт

менен байгеге кошулду. Күлүктөр 38 чакырымга (40,5 км) чабылып, 25 атка байге сайылган. Баш байге – 5000 сом, экинчи байге – 1000 сом, үчүнчү байге – 500сом, ошентип отуруп 10–25-орунду ээлеген 16 атка 50 сомдон байге коюлган. Ал кездеги баа боюнча бир сомго бир кой келген.

Ат чабыштын тартиптери кылдат такталып, ат айдоочулардын катарына Бишкек уездинин начальнигинин жардамчысы Лутин мырза да кошулган. Алардын сааттары менен марада калгандардын сааттары салыштырылып, бирдей убакытка келтирилген. Калыстар тобуна оездун чоңдору, орус чиновниктеринен кошулуп, андан сырткары 25 даекчи дайындалды. Ат чабыштын кызуусу менен ар кандай талаш, чыр-чатак чыгып кетпесин деп, Сибирдик казак орустардын аскерлеринен ар кайсы жерлерге кароол коюлуп, мурда мындайды көрбөгөн жергиликтүү элдерди таң калтырып, алар дайындалган жерлеринде зыңкыйып карап турушту.

Ал жерде турган чиновниктер, көпөстөр, аскер адамдары сый тамак менен берилген ичкиликке бир аз кызып алышып, жергиликтүүлөрдү теңине албай, сөөлөттөнө басып-турушуп, баш байгени орустар байгеге кошкон таза кандуу күлүктөр алат деп дуулдап турушту. Бирок, Токмоктун үстү жагындагы Толубай-Коргондон кое берилген ат Боролдойго, 38 чакырым (40,5 км) аралыкты бир жарым саатта басып, Пишпек уездинин Талканчы болушундагы Борончу Өтөгөн уулунун күлүгү маарага биринчи болуп келди. Андан 3минут 40 секунттан кийин кыргыздардын 8 аты маарага удаа жетти. Борончунун күлүгүнөн кийин төрт жарым минут өткөндөн кийин, онунчу болуп Альметьевдин Жакериясы келип, 50 сом байгеге илинди. Ал эми Бычковдун Жучка деген күлүгү марага жетпей, шайы кетип, чабыштан чыгып, илкип басып, ат чабыш тарагандан кийин келди.





Ал эми биринчи, экинчи күнү өткөрүлгөн ат чабышка түшкөн таза кандуу англис тукумундагы Заза, Лира жана Жан сыяктуу атактуу күлүктөр да байгеге жетпей, кыргыздардын күлүктөрү ээлеп кеткен эле. Баягы менменсиген төрөлөрдүн маанайы басылып, мурдагы, кечээки күндөрдөгү көргөн ызасы аз келгенсип, бүгүнкү чечүүчү күндөгү намысты алдырып жибергендиктерине ичи ачышып, бирин-бири сүйүнкүрөбөй, өңдөрүн бузушуп, конок үй тарапка бет алышты. Жетип эле, бирөөдөн да сурап койбой, бирин-бири кел дегенге жарабай, үстөл үстүндөгү арактан өздөрү эле куюп алып, мурдатан дайындалып коюлган сый орундарга отурбай, тикесинен турган боюнча тартып жиберишип, төрө папиросторун дембе-дем соруп, түтүнүн асманды көздөй буркурата үйлөп, ачуусун басып жатышты.

Ошентип бийик тоолуу жерлерде туулуп, жайлоонун дүйүм түркүн чөбүн жеп, кылымдар бою жаткан аппак мөңгүдөн агып чыгып, таштан ташка урунуп-бышылып, шаркырап аккан мөлтүр булактын тунук суусунан ичип чоңойгон кыргыз тукумундагы аттар, таасын саяпкерлердин колунан табына келип, өздөрүнүн чыдамдуулугун, карылуулугун, арыштуулугун дагы бир жолу далилдеп, келгиндерге намысты бербей сактап калды.

Аштагы эр сайыш келгендердин, өзгөчө башка жактан келген орус төрөлөрүнүн эсинен кеткис болду. Сурнайдын үнү чыкканда Аксакал менен Жусуп найзаларын бири-бирине мээлеп, аттарына камчы үстүнө камчы уруп, жебедей сызып, качырып келе жатканда айрымдарынын чыдамы кетип, көздөрүн жуумп жибергендер да болду. Бул жолку сайыш кандуу аяктады. Аксакалдын найза тийген сол чыкыйы жарылып, Жусуптун ашказаны керектен чыгып, кан кузуп, экөө тең каза табышты.

Европада орто кылымда рыцарлардын ат үстүндөгү мелдешин угуп жүргөндөр, бул жерде өтүп жаткан эр сайыштын өзгөчөлүгүнө таң калышты. Эрдин эри, баатырдын баатыры, жүрөктүүнүн жүрөктүүсү, айлакердин айлакери чыгып, аягы найзакердин биринин, айрым учурда экөөнүн тең өлүмү менен бүткөн эр сайышты мындан ары өткөрбөй эле коюшса деген ойдо калышты.



* * *

Замандын өзгөрүүсү менен Шабдандын мурдагы бийлиги, даражасы уламдан улам билинбей кемий берди. Тууганадары менен пайдаланып жүргөн Чоң-Кеминде келгиндердин кыштагы Новороссийка түптөлө баштады. Кичи-Кеминде Самсоновка деген айыл пайда болду. Көп жерлерин балчелекчилер пайдаланып, хуторлорго бөлүнүп кетти.

1908-жылы баатырдын туугандары менен пайдаланып жүргөн Ак-Бекеттеги суу баскан жерин падышалык бийликтин жергиликтүү өкүлдөрү казынага алып койду.

Саат басып, Токмокто ногой соодагердин киши колдуу болуп өлгөнүн кара. Анын өлүмүнө байланыштуу деп, жалган жалаа менен уулу Мөкүштү түрмөгө отургузушту. Дагы бир уулун болуштуктан бошотуп салды. Сотто жалаалар далилденбегендиктен, Мөкүш акталып чыкты. Бирок анын укуктары толугу менен калыбына келген жок. Инисине кызматы кайтарылып берилбеди. Болуштукка башка адам дайындалды. Анын

ордуна Верныйдан келген Алпысбаев болуш болгондон кийин, Шабдандын көрсөткөн сый-урматын четке кагып, ага жана анын балдарына тескери мамиле кыла баштады. Алардын үстүнөн «буларда курал-жарак катылуу», ж.б. ушу сыяктуу ушактарды таратып, жогору жактарга билдирди эле, сурак үстүнө сурак болуп, айылдын, үй-бүлөнүн тынчы кетти. Ушуларды ойлогон баатырдын көңүлү жай эмес эле.

Алпысбаевдин жердиги түз эмес, жүрүм-туруму шойкомдуу болсо керек, согуш губернаторунун буйругу менен иштегенине бир айга жетпей кызматынан четтетилип, өзү бир жылга түрмөгө отургузулду.

Болуп жаткан жагымсыз окуялардын баары, Шабдандын мурдагы эмгектери эске алынбай, калк алдында кадыр-баркынын түшө башташы, Шабдандын жана анын балдарынын падышачылык бийликке болгон наааразычылыгын күчөтүп, ичтерине кек пайда кылды...

* * *

Кемин. 1916-жылдын 8-августу.

Бул күнү эң алгачкылардан болуп Атаке, Сарыбагыш болуштарында жашаган кыргыздар көтөрүлдү. Алардын жетекчилери Султан Далбаев, Боромбай Сазаев, Байымбет Боромбаев, Алагуш Жантаевдер болушту. Кемин суусунун эки жагында жайгашкан эки болуштун эли, сакалдуу-көкүлдүүлөрү, эл-журт башкарган билермандары көпүрөгө чогулушуп, кеңеш курушту. Бата кылышып, Жантай кандын небереси Мөкүш ажы Шабдановду хан көтөрүштү.




Көтөрүлүшчүлөр ачык сүйлөшпөй, бул жоопту ишке көп көңүлсүнүшпөй турган Шабдандын балдарынын бийликке наазылыктарын эстетип да жиберишти. Элдин кыстоосунан кийин катуу ойлонгон Мөкүш адегенде бир азга көңүлсүнбөй туруп, хандыкка макулдугун берди.

Көтөрүлүшчүлөр ошол эле күнү Жел-Арыктагы почтага кол салышты. Ново-Российка, Орловка, Быстрореченское селолоруна жана Самсоновка станицасына бет алышты. «Силер аскер ишине алынбайсыңар» деп Түркстан элине берген « Ак падышанын» убадасы кайда? Башынан солдат алып келбесе, же согуш тартибин билбесек, бөөдө бизди кырмак болгон турбайбы» деп падышалык бийликтин зулумдугуна чыдабаган эл, жерин, малдарын тартып алып, талаша турган болсо өздөрүн сабап, мурдатан ыдык көрсөтүп, зордук-зомбулук кылып келген көпөстөрдүн малдарын талап, өзгөчө ырайымсыздык кылгандарын өлтүрүп да жиберишти. Мөкүш Шабдан уулу жетектеген үч жүз киши Самсоновканы камап, казактар менен чектешкен жолдорго, белдерге кароол коюшту. Алматыдан келе турган белге, ал жактан жардам келбеси, белди тоскон адамдар болбосу айкын болгон соң, 200 чамалуу жигитти жиберишти.

9-августа Рымшевич Токмоктун приставы Байгуловду, 40 чамалуу солдатты алып, Токмоктон Самсоновканы көздөй аттанып жөнөдү. Жазалоочу отряддын командири болуп дайындалганына анын кубанычы чексиз эле.

Табият жашоого ар кандай пендени жаратат тура. Ар бирине ар кандай мүнөз, касиет бергенинин өзү эле турмуштун кызыгы ошондо тура.

Рымшевичтин кылыгы жергиликтүү элге мурдатан таанып эле.

**«... Ал Каркыра бөлүмүнүн приставы болуп турганда кыргыздарды өз үйүнүн алдына катарга тизип коюучу. Баш кийимин** ***алган бул бей-бечералар*** **Рымшевич тамагын шашпай ичип, үйүндөгү өз ишин бүтмөйүнчө бир нече саат тикесинен тик турушчу. Өз ишин бүтөөрү менен господин пристав үйүнөн камчысын ала чыгып кыргыздарды сабачу».**

***(Кыргызстан маданияты, учтун айынын жыйырма беши, 1990-ж. )***

Сабаганда да мал катары башка-көзгө койгулап, күчүнүн жетишинче сабачу. Анын бул зөөкүрдүгүнө, ашынган наадандыгына чыдабай, эгерде уй болсо саландаган кардын жара сүзүп, жылкы болсо мандайга тээп, мээсин чачыратып, ит болсо каап, талуу жерин үзүп алмак. Бирок пенде экен, адам экен, башка түшкөндө айбанга караганда чыдамдуу болот тура. Антпесе каны -жинине чейин зөөкүрлүккө айланган бул адамга каяша айтып, каршылык көрсөтүү кыйын эле. Албууттанган бул жексур ачуусуна чыдабай бечералардын кулак-мурдун кесип, майып кылып коюу мындай турсун, өлтүрүп коюудан кайра тартчу эмес. Курсагы салаңдап, өз денесин өзү зорго көтөргөн бул адам, көл-шал болуп тердеп, чарчаганда гана кызарып-татарып отуруп калчу.

– Акмактар, менин жүрөгүм начар экенин билбейсиңер?! Кокустан жүрөгүм жарылып, өлүп калсам эмне болот? Силерден өткөн ташбоорлор жок, болбосо кудай үчүн аяп койсоңор боло, – деп кайра дооматын артканда, боор ооруган кыргыздар тигил бечеранын айласыз абалын көрүп, бул жексурга теңелбейли дешип, жонуна чыпылдап камчы тийип, башы-көзү көгала болуп жатса да, аргасыздан туруп беришчү.

– Мына, акыры өзүм ойлоп жүргөн тапшырманы алдым. Мен эми алардын акесин



таанытамын. Көргүлүктү көрсөтөмүн, – деп жанындагыларга бажактап сүйлөп, минген атын ойдолотуп, отряддын алдында шаңдуу бастырып баратты.

Ал айтканын аткаруу үчүн болгон аракетин жумшады. Жолдо ката жолукккан кыргыздарды чил аткандай, бирден терип атып жүрүп отурду. Самсоновкага жакындаганда тегерегиндеги кыргыздын ата-бабаларына арнап салынган күмбөздөрдү талкалаттырды. Талкалай албагандарынын коюлган белгилерин жок кылдырды.

Ал эми бул жолку алардын ата-бабаларынын арбактарына жасаган жырткычтык мамилесин уккан көтөрүлүшчүлөрдүн жинин шакардай кайнатып, бийликке болгон жек көрүүсү жетээр чегине жетип, оттон да, октон да кайра тартпас абалга алып келди.

Анын бул кылган кылыгы уккандардын жанын кашайтып, ата-бабалардын арбактарын кордогондугу үчүн анын укум-тукумдары мындай көркоого колдон келген бардык жамандыктарды жасоого даяр эле.

Самсоновкага жетип, топтолуп турган көтөрүлүшчүлөр менен атыша кетишти. Отряддын алдында минген атын ойдолотуп, өзүн жомоктогу баатырлардай жогору сезип, команда берип турган Рымшевичтин кылыгына жаны кашайган Болоткан астындагы күлүк кара атка камчы басып, жаадай сы-



зып, көз ачып жумганча, топтошуп тургандарды качырып сала берди. Мындайды күтпөгөн солдаттар, эч бир курал-жарагы жок, колуна узун шыргыйды кармаган Болотканды таң кала карап калышты эле, ал бир-экөөнү аттарынан жыга сайып өттү. Андан соң Рымшевичти беттеп жөнөдү. Найзанын учу капталына тийип, өпкө-жүрөгүн жарып кетээринде ал минген атын катуу теминип, «ойт» берип кутулуп кетти. Башаягын жыйнап, эсине келе түшкөн солдаттар, туш тараптан аткылап киришти. Атына ок тийип, көздөгөнүнө жетпей катуу өкүттө калып, атсыз жөө калган Болотканды солдаттар кылычтап жиберишти. Андан соң солдаттар өң-алаттан кетип, катуу коркуп калган Рымшевичти коргоп, ортого алып, шашыла Самсоновкага кирип кетишти.

Көтөрүлүшчүлөрдүн күчтүү чабуулун өз көзү менен көрүп, алдастаган Бишкек уездинин начальниги Ф. Г. Рымшевич болгон окуяны көбүртүп-жабыртып, өзүнүн бир аз ийгиликтерин асмандата айтып мактанып, Жети-Суу областынын аскер губернатору М.А. Фольбаумга 10-август күнү токтоосуз телеграмма жөнөтүүгө аргасыз болду.

«10-августта Атаке, Сарыбагыш, Тынай, Жаныш болушундагы кыргыздар чогулушуп, тоолорду ээлешти. Мени жана пристав



менен келе жаткан командага куралдуу кол салышты. Атышууда 100дөн ашык кыргыз өлдү. Приставды телеграфты калыбына келтирүү үчүн жибердим, өзүм Самсоновкада турамын. Күн сайын кыргыздар атакалап жатат, станицаны аткылоодо. Тоого баралбайм, анткени...».

**«... всего в команде солдат 30. Прошу выслать батальон, 2 сотни, 2 пулемета для окончательного подавления мятежа. Жду указаний. Положение опасное . Подполковник Рымшевич».**

**Воен. Губ. Рез.: Помощь уже подана Бакуревичем. 11. 08.**

*(ЦГИА КазССР, ф. Семиреченское областное правление, отд. 1, ст. 2, д. 16927, 1916 г.)*

Рымшевичке жардам берүү үчүн штабс-капитан Полторацкийдин командачылыгы астында атчан отряд жиберилди.

Телеграмма жеткенге чейин эле бул убакта Верныйдан Бакуревичтин отряды жөнөтүлгөн. Жиберилген отряды жетип келээри менен пулеметтордун, артиллериянын күчү менен көтөрүлүшчүлөрдүн мизин кайтарды.

Генерал-адьютант Куропаткиндин 1916-жылдын 11-августундагы № 6142 телеграммасынын негизинде бардык жазалоочу отряддарда жана областтык уезддик шаарларда көтөрүлүш чыгаргандардын ишин кароо боюнча талаа сотторун түзүүгө уруксат берилди. Натыйжада талаа сотторунун өкүмү менен көптөгөн көтөрүлүштүн жетекчилери үй-мүлкүнөн ажыратылып, дарга тартылды. Ал эми сотсуз-сураксыз бей күнөө өлтүрүлгөн адамдар өтө көп болду.

* * *

Ыйманаалы атын кара терге түшүрүп, төмөнтөн чаап келди. Сүйлөшүп тургандар делдейише баланы карап калышты.

– Ой баатыр, жол болсун. Эмне мынча шашып? – деди Ыбырайым.

Аябай шашкан бала энтиге араң жоопко келди.

– Көк-Мойноктогу бекеттен он солдат жети араба курал-жарак менен көл тарапка



көнөй турган болуптур. Алар менен кошо бекетчи, сарайчы орустар да жөнөгөнү жатат дейт. Ошону айтканы келдим, – деди эле, карап тургандар шалдая түшүшүп, Ыбырайымды караштьг.

Ыбырайым бир азга ойлоно калып, тургандарга кайрылды.

– Айланайындар, эгер мылтык Балыкчыга жетсе, эч кимибиз соо калбайбыз. Кандай кылсак?-деп тургандарга суроолуу карады эле, тургандар :

– Сиздин айтканыңыз ырас, – дегенден башка акыл-кеңеш айтканга жарашпады.

– Андай болсо айланайындар, эски бекеттеги жаман тамдардын ичине экиден-үчтөн болуп жашынып отуралы. Мен атмайынча эч ким ок чыгарбасын. Арабалар жакындап келгенде мылтыктан ок чыгарып, гуш тараптан качырып сала берели. Кандай дейсиздер? – деди эле, далдырап тургандар баары макул болушту.

Ыбырайым жанындагыларды өзү айткандай эски тамдарга экиден-үчтөн ылайыктап жайгаштырды.

– Коркпой туруп, жакшылап ата көргүлө. Мен атмайынча эч киминдер ок чыгарбагыла, – деп Ыбрайым беркилерге бекем дайындап, курал-жарак тарткан солдаттарды күтүп жатышты. Бир чай кайнамдан ашык убакыттан кийин арабанын алды-артында



сороңдоп ат минген солдаттар кылыч, мылтыктарын жаркылдатып, көп өтпөй эски бекеттин тушуна келип калышты.

Мурунку убада боюнча Ыбырайым эң алды менен ок чыгарды.

Бийик тоолордун арасында өсүп, асказоолордун арасындагы аркар-кулжа, эчкитекеге мергенчилик кылып жашоо өткөрүп, аңчылыкка дасыккан мергенчилер бу жолу кара башыл кишилерге ок чыгарып, адам канына забын болгонго даабай турушту. Мындайды күтпөгөн Ыбырайым:

– Айланайын жигиттер, булар соо кетишсе, эртең кыргыздарды бирден кубалап, чилдей кырат. Ар-намысыңар барбы? Аткыла! – деп бакырып жиберди.

Ошондо гана беркилер акыл-эстерине келгендей, кыргыздын эртеңки көрөөр күнүн түшүнгөндөй бир азга ыргылжың болуп туруп, узап бараткан солдаттарга ок чыгарымыш болушту. Бул убакта арабакечтер бир топ узап калган эле. Бир солдатына ок тийген солдаттар аны арабасына салып алып, беркилерди аткылап качып баратышты. Артынан түшкөндөр жолдун эки жагы менен кубалаган боюнча солдаттардын артынан сая кууп жөнөштү. Бирөөнүн аткан огу жети арабанын алдындагы арабанын атына тийген экен. Жол буулуп, арабалар жылбай калышты эле, солдаттар эки ат кошкон эң



алдынкы арабага чогулуп түшүп алып, аткылашкан бойдон кетишти. Беркилер бир аз жерге чейин кууп барып, кайра арабалар калган жерге кайтып келишти.

– Ой айланайындар, биздин да кудайыбыз бар экен го. Никелейдин кыргыздарды кыргыла деп жиберген мылтыктарын кудай өзү колубузга салып берди. Ак падышанын өз букараларына жасаган кыянатчылыгы, адам баласы жасабас жоруктары өз башына тийсин. Жараткан өзү жазаласын, – деп Ыбырайым кубанычы коюнуна батпай, бажактап турду.

Ойлогондору ордунан чыккан Ыбырайымдар арабадагы курал жарак салынган ящиктерди жерге түшүрүшүп, арабадагы балтаны алып келип балталап ачып, куралды санап чыгышты. Мылтыктын саны 180 экен, ок дарыларын бир аз санап көрүп, шашылыштан аягына чыга алышкан жок. Ыбырайым курал-жарактарды тургандарга ылайыктап бөлүштүрүп берип, калганын эки төөгө артып, түнү менен Кеминге кайтышты.

* * *

Бирок анын эртеси эле Верныйдан Каштек ашуусун ашып, Величкин командалык кылган казак отряды келип калды. Айылдарга кол салып, жергиликтүү элди чети-

нен кыра баштаганда, алар үй-жайын таштап, тоо беттеп качып жөнөштү. Куралдын күчүнө салып көтөрүлүшчүлөрдү тоо тарапка сүрүп баратышты. Көк-Жонду беттеген качкындардын артынан түшүп, Кашка-Жолдун белине чейин кууп келди.

Ыбрайым өзү баш болуп колго түшкөн куралдарды мергенчилерге таратып берип, качкан элди кайтарып келе жатканда, Кара-Кыя тараптан мылтыктан чыккан үндү угушуп бир азга делдейише туруп калышты. Алар шаша-буша Кашка-Жолдун белине чыгышып, аттарын байлаштыра коюп, чаап келе жаткан солдаттарды күтүп, жашынып жата калышты. Жазалоочу отряд үч топко бөлүнүп, күтүп жаткандарды көрбөй дөңгө жакындаганда, алдында келаткан чоң боз атчанын Нажимүдүн атып калды эле, ок тийди көрүнөт, атынан оop түшүп калды. Анын артында келаткандар кабаккка кирип, жашынып аткылай башташты.

Түш тараптан келген көтөрүлүшчүлөргө туруштук бере албаган солдаттар атышуусун токтотуп, төмөн көздөй качышты. Орулбаган арпанын арасында ар кайсы жерде өлүп жаткан солдаттар. Алардын жандарын тинтип, чөнтөктөрүн караганда жаш офицер жигиттин чөнтөгүнөн генерал Фольбаумдун колу коюлган буйрук чыкты. «Көтөрүлүш чыгарган кыргыздарга, айрыкча ата-



ке-сарбагыш элине ырайым кылбагыла», – деп жазылган экен.

Тагдырга айла жок тура, көтөрүлүшкө чыккан кыргыздарды кыргын деп тапшырма алган жаш жигит, чабыла элек эгиндин арасында чалкасынан түшүп, дардайып өлүп жатты. Ок тийген жерине чымын-чиркей конуп, бети-башына, кулак-мурдуна курт-кумурска кирип, көргөн адамды жагымсыз абалга калтырып турду.

Кеминдин Көк-Жон деген жеринде падышанын солдаттары менен салгылашууда көтөрүлүшчүлөр бир аз ийгиликтерге жетип, анча-мынча солдаттарын жок кылып, алардын мизин кайтарып, жүздөгөн адамдарынын өмүрүн сактап калышты. Бирок жакшы куралданган, согуш өнөрүнө такшалган падышанын солдаттарына каршы турууга мүмкүн болбоду. Улам-улам кошумча күчтөр келе баштады. Жиберилген отряддар мурда белгиленген жерлерге убагында жетип, пулеметтордун жана артиллериянын күчү менен көтөрүлүшчүлөрдүн мизин кайтарып жатышты.



**11-августта А.Н. Куропаткиндин М.А.Фольбаумга жиберген телеграммасында мындай дейт:**

**«... Для содействия войскам Семиреченской обл(асти) в подавлении беспорядков среди киргизского населения спешно высылаются:**

**Отряд подполк(овника) Гейциг из Ташкента: 2 роты 737 дружины, 2 батареи, одна сотни казаков, 4 пулемета, команда саперов. Перевозка начата 9 августа на Аулиэ—Ата— Пишпек...**

**Из Ташкента же отряд подполк(овника) Алатырцева тоже на Аулие-Ата-Пишпек: 4 роты стрелков, 8 пулеметов, 1 батарея, 1 сотка казаков, команда саперов, команда 160 конных разведчиков. Перевозка головных частей начнется из Ташкента 15-августа.**

**Пехота этих двух отрядов от Корниловки двинется на подводах... .**

*Куропаткин»*
*(ЦГИА КазССР, ф. Семиреченское областное правление. Отд. 1, ст. 2, д. 16934.)*



Арга кеткен соң, Атаке-сарыбагыштын эли Жантайдын балдары, Шабдандын балдарынын жетекчилигинде көлдүн тескей тарабындагы Ала-Баш, Коңур-Өлөң деген жерге качып барышты. Ал жердеги саяк Баатыркан, кыдык Ысагаалы жана башка элдин мыктылары менен жолугушуп, акылкеңеш курушту. «Эми кандай кылабыз?» деп айлалары кетип турганда саяк Баатыркан, Шабдан баатырдын уулу Кемелге суроо узатты.

– Кемел мырза, абалды өзүң көрүп турасың. Бизге караганда орусча билим алган жайың бар. Кандай кылсак дейсиң?.

Эртеден бери ортодогу айтылган сөздөрдү таразалап, салмактап отурган Кемел дагы бир аз ойлонуп туруп, жер тиктеп, тунжурап отурган аксакалдарга жооп кайтарды.

– Аксакалдар, өзүңүздөр баамдагандай, абалыбыз өтө оор. Николай падышанын көзү тирүү турганда биздин бул жерде жашообуз кыйын. Кытай жергесине өтүп кеткенибизден өтөөрү жокпу дейм, – дегенде баары анын сөзүн эп көрүштү.

Колго түшүрүлгөн курал-жарактардын пайдасы тийип, Мөкүш Шабдан баатыр уулу, Ыбырайым Төлө ажы уулу баш болушуп, качкан элди алдыга жиберип, өздөрү 20–30 мерген жигиттери менен солдаттардын жолун тосуп, Кытай тарапка бет алышты.

## 4-БӨЛҮМ

## КӨЛ БОЮНДАГЫ КЫРГЫН

1916-жылдын июль айы.

– Ой айланайындар, эки жакка катташканыңар барбы? Эл ичинде эмне кеп, сүйлөй отурбайсыңарбы, тунжурабай, – деп калды отургандардын сакалдуусу Кулуке карыя.

– Эмне кеп болсун, Кулуке ата. Сүйүнчүлөй турган деле кеп эмес. Айтканга ооз батпай жатпайбы, – деди Султанбек көп анча көңүлсүнбөй.

– Атасы өлсө деле угузат экен, балам, айта бер, акыры айтыла турган болгон соң, – деди эртеден бери унчукпай отурган Өмүрзак карыя.

– Өмүрзак ата, кечээ Караколго бардым эле. Ак падышанын жардыгы чыкты дейт, – деп Султанбек сөзүн баштап келатканда эле, Өмүрзак карыя алда кандай жамандыкты сезгендей чочуп кетти:

– Я!. Эмне дейт?

Суук кабардан бардыгы чочуп, Султанбекти делдейе– делдейе карап калышты.

– Ичкердеги жумуштарга салдат алат экен, – деди ал дагы көңүлсүз сүйлөп.



– Ыя айланайын, кыргыздан салдат алат деген жок эмес беле шумдугуң кургур,– деди таң кала Өмүрзак аксакал.

– Мылтык атканды билбесе, же алардай болуп окуп-чокубаган эл болсок, аягы кантээр экен? – деди Кулуке дагы бир нерседен шекшине.

– Кыргыздан алган салдаттар жер казгандан башка эмнеге жарайт эле. Же мурда колуна мылтык кармап көрбөсө, – деп калды, аркы четте отурган бирөө.

– Жок, андай эмес. Анча алып баргандан кийин жөн коет беле. Мылтык атканды үйрөтүп, орус салдаттарынын алдына салып, жоого биринчи беттештирет экен дейт, – деп калды экинчиси күңкүлдөп.

– Ой, анда кыргыздарды көз-көрүнөө эле окко айдайт турбайбы, – деди Өмүрзак аксакал алда-неден коопгонгондой.

– Анысы анда жакшы жорук эмес экен, – деп калды, окуянын чоо-жайын алдын ала сезген Кулуке.

– Тиги Кеминдеги сарыбагыштар, жоого барып өлгүчө, бу келгиндер менен ушул жерде алкажакадан кармашып жатып өлөбүз дешиптир, – деп сөзүн улантты Султанбек.

– Ой, жогору жактагы айылдардагы эл да балдарыбызды салдатка бербейбиз деп жатат дейт, – деп калды отургандардын бирөө.



– Эй айланайындар, ким эле балдарын өлүмгө кыйып жиберсин. Алар антишсе, биз жөн эле жатып калабызбы? Өмүрзак карыя нааразы боло жанындагыларга суроолуу карады.

– Ой, аксакалдар, болуштар өз балдарын жиберет бекен? Алардын балдары барса бараарбыз. Барбаса барбаганын көрөөрбүз, – деп калды дулдуйган кара жигит.

– Ар кимге эле жан керек, айдаган жагына баса бергидей мал эмеспиз, – деди жанындагы жигит да ордунан обдула.

– Ой аксакалдар, Кыдыр аке эмнеге чакыртыптыр? Билгениңер барбы? – деп калды дагы бирөө ортодогу боло түшкөн бир аз жымжырттыкты бузуп.

– Ээ мырзалар, тойго чакырды дейсиңерби, акылдашалы деген го? – деп калды Өмүрзак карыя бир аз жактырбай.

– А мына, Кыдыр аке өзү да келатат. Кулуке ордунан козголду.

Кыдыр аке киргенде баары ызаат кылып, учурашып, жогору жактан орун беришти.

– Агайын туугандар, – деп баштады сөзүн Кыдыр аке коңур үнү менен. – Силерди чакыртканымдын себеби мындай. Ак падышанын Герман менен болгон урушу бүтпөй, чоң кыргын болуп жатыптыр. Салдаты чыгымга көбүрөөк учурап, айласы кетип жатса керек. Жакында ак падышанын жумушчуга адамдарды алуу жөнүндө буйругу чыкты дейт.



– Эркек аттуунун бардыгын алат бекен? Анда элдин көргөн күнү эмне болот? Өмүрзак карыя суроолу карады.

– Баарын кайдан алсын. 19 жаштан 43 жашка чейинкилерди ала турган болуптур, – деди Кыдыр аке токтоолук менен.

– Ой айланайындар, ой айланайын Кыдыр аке, өзүңүз деле билесиз. Жокчулукка айла жок тура. Катынды кеч алып калдым. Кудайга миң мертебе тобо, кеч болсо да бир жаман уулдуу болдум эле. Быйыл жазда 19га толду. Оокат кылдырган, жан сактаткан ошол. Эми ошол карачечекей жалгызымды каратып туруп карматып жиберемби, кагылайындар. Анда эле кемпир экөөбүз өлбөдүкпү! Андан көрө ошо согушуна өзүм барып, жоо колунан, мылтыктын огунан өлгөнүм артык, – деп чебеленип тура калды, четирээкте отурган чүкөдөй сары абышка.

– Ой айланайындар, бу келгиндериң суу баскан мыкты жерлерибизди алды. Өзүбүздү болсо тоо-ташка сүрүп таштады, – деди эле Өмүрзак, анын сөзүн Кулуке улап кетти.

– Жакшыраак жылкы аттуудан эч нерсе койгон жок. Согушка деп ала кийиз, шырдагыбыздан бери шыпырып кетти.

– Таштак жерге айдаган эгин өзүн актабайт экен. Анын үстүнө келгиндерден суу

артпай, эгинибиздин көбү убагында сугарылбай, күйүп кетти. Чыгымыбыз көбөйдү. Кирешебиз күнүнкү ичкен-жегенибизден артпайт. Бересе болсо чачтан көп. Анысы аз келгенсип, эми минтип салдатка алабыз деп, балдарыбызды тооруп турса...Бу ак падышаң жакшылык көрбөйт ко?!-деди Өмүрзак тегерегиндегилерге суроолуу карап.

– Агайын-туугандар, *кичине сөзгө конок* берип сүйлөшөлүчү, улам бириңер жыра тартпай, – деди Кыдыр аке көпчүлүктү тынчтандырып. – Менин Орусияга барып келгенимди жакшы билесиңер. Кыргыз аттын кашкасындай болсо, орус уй түгүндөй көп калк. Акыл-эске келип, сабырдуулук кылалы. Жыландын куйругун басып албайлы, туугандар.

– Эй Кыдыр, жылмалап, жымсалдап, акыры биздин балдарды орустун колуна салып бермегиң бар го? Сен бизди балдардан ажыратпа. Балдардан ажырагандан көрө өлгөнүнбүз жакшы, – деди өңүн бузуп Өмүрзак карыя.

Мындан мурда Кыдыр акеге өйдө карабай, айткан-дегенинен чыкпай, оозунан чыккан сөзүн «жок» дебей аткарып келген көпчүлүк, эми бул жолу анте алышкан жок. Кимгедир катуу ызырынышып, ачууларын токтото албай, нечен жылдан бери ичтеринде кайнап келген ыза менен бугу «тарс» жарылгандай, оюндагыларын ортого салышты.



– Оо аксакалдар, талашып-тартышканда эмне? Сөздүн кыскасы бизди салдатка кармап бергендердин башын жутабыз. Башка арга жок, – деп күпүлдөдү дулдуйган кара жигит.

– Азыр эле барып, болуштун колуна өлүп беребиз. Аяна турган ал жок, – деди жанындагы жигит.

– Айланайын аксакалдар, падышанын зомбулугуна мындан ары чыдай албайбыз. Уруксат бергиле, – деп калды ары четте эртеден бери унчукпай отурган ак калпакчан жигит.

– Өз жерибизди өзүбүзгө кайтарып алабыз, – деп калды жигиттердин дагы бирөө.

– Өлөөр өлгөнчө кармашабыз. Ой айланайындар, булардын кордугу менен зордукзомбулугу жаныбызга батып кетти го! Же жалган айтып жатамбы? – деди баягы ак калпакчан эки жагын карап.

– Кагылайын эл-журт, ачууга алдырбайлы. Мен оез менен сүйлөшөйүн. Ар бир үйдөн бирден эмес, бир айылдан же бир уруудан ылайыкташтырып салдат берээрбиз. Деги тынчыраак турганыбыз оң, – деп көптү көргөн Кыдыр аке элдин маанайын байкап, үнүн пасыраак чыгарды.

Султанбек кайрадан суроо узатты.

– Болуш тизме түзүп жатат дейт ко?



– Түзсө түзгөнүн көрөөрбүз.

– Эмнеси болсо да болуш калыстык кылсын, Кыдыр аке. Элдин түрүн көрүп турасыз,– Султанбек олуттуу сүйлөдү эле, Кыдыр аке аны жайкады.

– Ой айланайындар, кудайдын жазганын көрөөрбүз. Балдардын баарын эле ала койбос. Сабырдуу бололу.

* * *

1916-жылдын август айы. Каракол шаары. Уездик начальниктин кабыл алуу бөлмөсү. Кызыл тукаба жабылган столдо уездик начальник Иванов, капталдагы диванда орус армиясынын полковник ченин тагынган Кыдыр аке капалуу олтурат.

– Урматтуу полковник мырза,Улуу урматтуу падышабыздын буйругун аткарууну кечеңдетип жатасыздар. Уруксат алган күнүңөрдүн да мөөнөтү өтүп баратат.

– Урматтуу оез, Улуу урматтуу падышабызга биздин элдин нааразычылыктары бар, – деп Кыдыр аке сөзүн баштап келе жатканда эле Иванов аны таң кала, олурая карап калды.

– Баягы жылы мен Романовдордун 300 жылдык тоюна барып, ак падышабыздын кабыл алуусунда болгондо жергиликтүү калктардын жер-суусуна тийбейбиз, балдарын солдатка албайбыз, салыктан жеңил-



дик беребиз деди эле, – деди Кыдыр аке наараzы боло.

– Урматтуу полковник мырза, ак падышанын ахвалын да түшүнүш керек да. Европада кан күйүп, миңдеген орус солдаттары согушта курман болуп жатышат.

Үнүн каргылдана чыгарган Иванов Орусиянын бүгүнкү күндөгү ал-абалын түшүндүргөнгө аракет кылып жатты.

– Ээ оез мырза, согуш деген согуш да. Кан төгүлбөй, адам өлбөй согуш болобу? Ээ, деги согуштун жүзү курусун, – деди Кыдыр аке каңырыгын түтөтүп.

– Элиңер ооруктагы жумуштарга жигиттерди бербейбиз дегени чынбы, полковник мырза? – деди ишенкиребеген түр менен Иванов.

– Ооба, бербейбиз дегени чын, – деди күңкүлдөй Кыдыр аке.

– Ак падышанын жарлыгына каршы мындай бузуку сөздү ким баштады? Ошолордун аттарын атаңыз. Ушундай кезде тартипке чакырып, тизгинин жыйып койбосок болбойт, – деди Иванов опузалай, тамекисинин түтүнүн буркурата үйлөп.

– Бербегиле деп ким баштамак эле. Бардык кыргыздар айтып жатышат. Балдары үчүн отко да, чокко да түшө турган. Жөн эле жарылып кеткени турушат.

– А... мүмкүн бербейбиз дегендеринин себеби бар чыгар? Иванов мытайымдана Кыдыр акени сынай карады.

– Оез мырза, ак падыша калыстыктан тайыды. Жан бактырган эң түшүмдүү жакшы жерибизди, суубузду келгиндерге тартып берди. Өзүбүздү ак кар, көк муздуу тоо-ташка айдап салды. Жерсиз, суусуз элдин көргөн күнү эмне болот? Салган чыгымын, алымын дың дебей төлөп турабыз. Айткан-дегенин кың дебей аткарсак да ак падышага жакпадык. Балдарыңарды солдатка албайбыз деген эле, солдатын ала турган болду. Арызмуңубузду уга турган киши жок. Ит ордуна көрбөдү. Бирдеме десе тээтиги кыр Шибериңе айдайт, – деп жатышат.

– Н-да. Иванов бир аз ойлоно калды да, сөздү улады:

– Жигиттерди бербейбиз десеңер эле бербей каласыңарбы?

– Мырза, бере турган түрү жок, бала бербейбиз. Бала ордуна мал берели, оокат, дүнүйө берели. Урушта ор казып, мурда согуш өнөрүн билбеген балдарыбыз эки ортодо бекер кырылбасын дейт . Айттым го, эл жарылганы эле араң турат.

– Эл деген эл.

Иванов ордунан тура калып, столду бир муштап алып, кайра отурду. – Эл падышанын буйругун аткарыш керек.



– Биздин балдар аскер иши менен таптакыр эле тааныш болбой жатпайбы, оез мырза. Ушул жагын жакшылап ойлонуп көрсөңүз боло.

– Аскер ишин билбей караңгы болсоңор, айрым орус кыштактарына кол салып, үйлөрүн өрттөп жатышкандары кандай?

– Оез мырза, эми ал караңгы элдин түшүнбөстүгү. Эл деген эл экен да. Эл болгондон кийин тентеги болот экен, жөнтөгү болот экен. Арасынан бир эси жогу тукуруп койсо, дардаңдап барып тийишип жатканы да чын. Айрымдары кожоюндарынан көргөн запкысын кек тутуп, каяша кылып, кол кайрып жаткандары да бар. Ал жагын туура түшүнүңүз, урматтуу оез мырза. Биздин элден да бирин-эки жалгыздап жолооочу жүргөндөрдөн майып болуп жаткандар, такыр эле дайынсыз жоголгондор жөнүндө айтпай кеткеним болбос.

– Мамлекет башына кыйынчылык келип жатса. Согушка ок-дары, курал-жарак, тамак-аш, көп каражат керек экен. Полковник мырза, ушундай кыйын мезгилде колдоп койбойсуздарбы.

Дүпүлдөп турган Иванов бир аз жоошуй түшүп, жалооруй карады.

– Колдойбуз, оез мырза, колдойбуз. Колдобогондо кайда бармак элек? Бирок, биздин дартыбыз эле улугубуз калыстыктан та-



йыбаса экен. Элге тегиз караса экен. Кыргыздардан тартып алган жерди кайтарып берсе деген эле ой.

– Кыргыздар жигиттериңерди бербейбиз деп бекер кылып жатасыздар. Силерди туурап кошуна казактар да ошентиши мүмкүн. Полковник мырза, элиңизге айтыңыз, түшүндүрүңүз. Элди көндүрүңүз. Курал көтөрүп айылдарга кол салышканын коюшсун. Антпесеңер, элиңиз жазага тартылат. Мыйзамга каршы чыккан жакшы эмес.

Иванов Кыдыр акени сынай карады.

– Оез мырза, айрым тентектердин кылган чекилик иштерин кечирип коюңуз. Камыр-жумур болуп, дос-тамыр болуп калган эл элек. Карапайым караңгы элде күнөө жок. Элди элге тукурган, эки ортого от жаккан бузукуларда күнөө. Күнөөсүз, караңгы элге, куралсыз бечараларга каралашыңыз. Болбосо, бекер жерден кара кийип, кан жутуп, тукум курут болуп калбасын.

– Ал өзүңөрдүн колуңарда.

Иванов камырабай, тамекисинин түтүнүн көккө буруулдата үйлөп, керсее жооп берди.

Кыдыр акенин ачуусу катуу келип турса да, анысын билдирбей, үнүн аста чыгарды:

– Жок, оез мырза, жок. Бул иштин өйдө-ылдый болушу мына, так сиздин колуңуз-



да. Сизде зор бийлик турат. Замбирек, пулемет баштаган курал-жарак турат. Сизде аскер ишинде такшалып үйрөнгөн көп солдатыңыз турат. Элди аяңыз. Бекер кан төгүлбөсүн. Ал эми мен тараптан болсо колумдан келген бардык аракеттерди жасайын.

-Полковник мырза, сөздү жыйынтыктайлы. Айтканды аткарбасаңар, кыргыздын болгон мыктыларын чогултуп, камап, аскер сотуна кестиребиз. Согуш мезгилинин жазасын колдонуп, баарынын тең көзүн тазалайбыз. Же Сибирге айдатам. Мыктыларыңызга ошентип айтып барыңыз. Сөз бүттү.

Иванов ордунан туруп, Кыдыр акени кетип калса дегендей кылып эшик тарапка басты.

– Жакшы калыңыз, оез мырза.

Кыдыр аке чыгып баратып, токтой калды.

– Баса, оез мырза, биздин элде «бир күн даам сызган жериңе миң күн салам бер» деген сөз бар. Аны сиз жакшы билесиз. Биздин эл менен эл болуп, биздин жерде туруп, кыргыздар менен даамдаш-туздаш болуп калганыңызга да бир топ болду. Биздин элге ата болуп калдыңыз. Карапайым, караңгы элде күнөө жок. Менин сизден көптөн-көп суранаарым, куралсыз элди, катын-балдарды бекерден-бекер кыргынга учурата көрбөңүз.

Кыдыр аке коштошуп чыгып кетти. Өңү бузулуп, ачуусу келип, кыжырланган Иванов тамекисин дембе-дем соруп алып, өзүнчө сүйлөндү:

– Биздин жерде туруп, даамдаш-туздаш болдуңуз деп коет. Жер кимден калбаган. Бийлигиң болсо, күчүң болсо жер да, суу да, байлык да ошонуку. Эптеп жер үстүндө тирүү жашап жүрүшкөндөрүнө сүйүнбөйбү, бул жапайылар.

Иванов мыскылдай күлдү.

– Жер талашканды, укук талашканды ким коюптур, бул байкуштарга. Баарынан да ушундай керемет жерге ээ болуп калганын карасаң. Сары-Өзөн-Чүй, кереметтүү Ысык-Көл, Кочкор, Жумгал эмне деген гана жерлер. Ушундай учурдан пайдаланып, буларды тезинен токтоосуз сүрүш керек.

Аңгыча оездун жардамчысы кирип, Ивановго кайрылды:

– Урматтуу полковник мырза. Улуу урматтуу генерал губернатордон шашылыш телеграмма келди.

– Кана, алып келчи.

Оез пакетти алып, эки жагын жакшылап карап текшерип, кайчы менен пакеттин четин кесип ачып жатып, жардамчыга кайрылды:

– Сиз бара бериңиз.



Жардамчы чыгып кеткенден кийин Иванов буйрукту ичинен окуй баштады. Жүзүнө кубанычтын белгиси пайда болуп, санын бир чаап алып, үн чыгарып окуп кирди:

– Кыргыздын бешиктеги баласына чейин ырайым кылбагыла...

Мына, мен муну көптөн бери күткөмүн. Бул жапайыларга аео жок. Кырып, жок кылыш керек.

Бул убакта мылтыктар атылып, тыштан ызы-чуу чыкты. Өңү бузулуп, шашкан жардамчысы чуркап кирди.

– Урматтуу полковник мырза, шаарды козголоңчулар курчап алышты дейт.

Иванов каткырып күлдү.

– Ха... Ха... Ха. Курчап алышса эмне экен? Деги аларың эмне менен куралданышыптыр.

– Эмне менен куралданышсын. Найза, балта, айры дейт. Ар кайсы топто бирден-экиден түтөтмө мылтыктары болсо керек.

Иванов кекээрлеп дагы күлдү. – Ошол куралдары менен шаарды басып алышмак бекен?

Жардамчы өңү бузулган кебетесин жазбай:

– Ким билсин, полковник мырза. Желдей учкан күлүк аттарды минген жаш жигиттер, мөндүрдөй жааган октон кайра тартпай, каптап кириштi дейт.



– Кам санаба, поручик мырза. Кыргыздарың кечикти. Караңгы кыргыздарың мен ойлогон планды билип коюптурбу? Караколдун ичинде канча солдат турганын. Верный, Фергана, Ташкенттен кошумча күчтөр келгенин. Бул жердеги казак орустарга курал-жарак берип, баарын шайма-шай кылып койгонду кайдан билсин ал бечаралар.

– Ошентсе да полковник мырза, адам түпөйүл боло берет экен.

– Поручик мырза, согуш деген согуш. Мындай учурда бийликке кол көтөргөн ар бир кыргыз атылат. Андайларга эч аео жок. Дүнүйө-мүлкү таланып, жок кылынат. Анан кыйын болсо улуу урматтуу падышабыздын буйругун аткарбай көрүшсүн. Баса, поручик мырза, отставкадагы генералдар: Королковду,Нарбутту, генерал Краснослободскийди, офицерлерди, врачтарды кечки саат сегизге чакырыңыз.

– Куп болот, полковник мырза.

Жардамчы чыгып кетти. Дале тышта мылтыктын үнү, ызы-чуу угулуп турду. Иванов терезе тарапка басып барып, сырт жакты карап, кайра бурулуп, өзүнчө күбүрөдү.

– Ошондой болсо да көп эле токпейил тарткан болбойт. Буларга теңелүүгө кыйын. Илгери ат үстүндө салгылашкан жоокерчилик заманда, булар селдей каптаганда эч бир эл, эч бир шаар туруштук бере алган эмес.



Булар колунда курал-жарак, анан согуш өнөрүн өздөштүргөн башчысы жогунан гана турат. Булар өлүмдөн кайра тартпаган эл. Деги этиеттик кылбасак, булардан баарын күтүүгө болот.

Иванов терезеге дагы бир жолу басып барып, сырт жакты карап, кайра артына бурулду.

– Падышанын буйругуна баш ийбеген элди эч бир аеого болбойт. Буларды жазалаш керек. Күч, бийлик эмне экенин кылымдарга чейин унутпагандай болсун. Булардын көргөн күнүн укканда артында калган укумтукумдары зыркырап, коркуп турсун үчүн муну жасашыбыз керек.

* * *

Кыдыр аке оездук начальниктин кабинетинен капалуу чыкты. Жан жигити туура тарткан атка минди да, жанындагы жан-жөкөрлөрүнүн бири менен да сүйлөшпөй, аттын жүрүшү менен илкий бастырып жөнөдү. Шаардын четине чыккандан кийин жанындагыларга:

– Силер мага карабай алдыга бастыра бергиле, – деди да, өзү жалгыз артта калып, атынын басыгы менен жолун улап келатты.

Кыдыр акенин көз алдына мындан туура алтымыш жыл илгери көргөндөрү көз алдына тартылды. Анда Кыдыр 14–15теги

өспүрүм эле. Күндөрдүн биринде баккан атасы Токсаба бий кийингендери, кебете-кешпирлери башкача бир топ адамдарды ээрчитип келди. Катары менен эки жылы туу калган чоң тору бээни союп, айылы менен дүрбөп, келгендерди конок кылып жатышты.

Алардын кандай адам экендигин, эмне максаты бар экенинин так билбесе да, бир айыл эл берээрге ашын таппай, бардык сыйын көрсөтүп жатышты. Арадан ашык кеми жок алтымыш жыл өткөндөн кийин минтип, ошондой кийинген, ошолор түспөлдөш адамдар, алардын жакындары, кандаштары кыр көрсөтүп, өз жеринде өзүңө чоң сүйлөп, кааласа нечен кылым мекендеген жериңен сүрүп, каршылык көрсөтсөң кан төгүүдөн кайра тартпай турган бул адамдардын негизги максатын эми гана түшүндү.

Кыдыр аке катуу бир күрсүнүп алды.

Андан соң кечээ жакында эле Петроградга Романовдордун 300 жылдык тоюна баргандагы окуялар көз алдына келди. Орусиянын чек арасынан баштап, борборго чейинки айыл, кыштактар, шаарлар, токойлор, аяк-башына көз жетпеген мейкин талаалар көз алдына тартылды. Тойдогу шааншөкөттөр, чет элден келген элчилер менен болгон жолугушуулар, Орусиянын куралдуу күчтөрү, өзгөчө коoз салынган зор имараттар катуу таасир калтырган эле. Бир нече



жумалап, айлап жол жүрүп, барып келгендегилердин баарын эсине түшүрдү. Ушунча байлык күтүп, батыштан чыгышка чейин созулган жер күтүп, ар түркүн тилде сүйлөгөн, ар түркүн дин туткан, кебете-кешпирлери бирибиринен айырмаланган миллиондогон эл күтүп, ага да алымсынбай эми ар кайсы элдин, улуттун жерине көз артып, эл башына караңгы түн түшүрө турган жагдайга алып келе жаткандыгына ак падышага катуу нааразы болуп турду. Мынчалык дүйнөгө кароо болуп, ашкере ачкөздүк акыры жакшылыкка алып келбесин түшүнбөгөнүнө өзү өзгөчө урматтап, кадырлап, сыйлап келген ак падышага болгон көз карашы тетири бурулду.

Өзү нечен даанышмандардан угуп жүргөн, адамзат жаралганы чексиз бийликти ээлеп, ченемсиз байлыкка жетип, ага болбой, акыры ажал-өлүм баштарына келээрин сезбей, май көл, сүт көлдүн үстүндө доорон сүрүп, түбөлүккө жер үстүндө, адам колу жеткис жашоодо жашап кала тургансып, бөлөк элдин, башка өлкөлөрдүн жерине, байлыгына сугун артып, миңдеген, он миңдеген адамдардын канына забын болуп, нечен кылымдардан бери адамдын каны менен жанынан курулуп келген шаарлар талкаланып, жер менен жексен болуп, айрым калктардын аты калып, заты жоюлганына жалгыз чычкандын өлүмүндөй көрбөгөн өкүм-



дарлардын тагдыры, ичээр суусу түгөнүп, жашоолорунун акыры кандай аяктагандыгы жөнүндө Кыдыр акенин азбы-көппү кабары бар эле.

Ааламга атагы тараган Искендер Зулкарнай, Чыңгыс хан, Аксак Темирлердин кан төккөн чоң казаттары, кылган иштери, кийинки тагдырлары көз алдына тартылып, дүнүйөгө түркүк болобуз деп боло албай, артында из калбай калганын эстеди.

Ак падышанын куралдуу күчтөрүн өз көзү менен көрүп келген эле. Мындай күчтүү мамлекеттин бийлигине каршы чыгыш акыры жакшылыкка алып келбесин беш колундай көрүп, эл-журттун эртеңки башына келе турган зор алааматты түшүнүп турса да, ушундай кыйын-кысталыш мезгилде кырдаалдан кантип чыгып кетүүнүн жолун таппай, кең дүйнөсү тарып, заманасы куурулуп, ушул жашка келгени мындай кыйналып көрбөгөн Кыдыр акенин айласы кетип, амалы түгөнүп, эч нерсени кыртышы сүйбөй, эч ким менен сүйлөшпөй, ээн талаада жалгыз, ат тизгинин бош таштап, илкий бастырып баратты.

Кечээ эле сый-урмат көрсөтүшүп, алышберишкылып келген Иванов мырзанын да көз карашы өзгөрүлүп, кепке-сөзгө келбей, тескерилеп турушу да, иштин оң таппай тургануынан кабар берип тургансыды.



* * *

Фон Бергдин жасалоочу отряды түнү менен жүрүп отуруп, жолдон буруурак, коктунун ичиндеги күйгөн отторду көрүп, кыргыздардын айылы экенин баамдады. Караңгыда кол салуу пайдасыз экенин көрүп, ошол жерден отрядын токтотту. Таңга чейин эс алып жатышты. Таң агара баштаганда айылдын четиндеги кечмеликти кечип өтүп, малжан өтпөгүдөй кылып, айылды тегерете курчашты. Адегенде кароолчулукка коюлган эки адамды өлтүрүштү.

Бейкапар жаткан кыргыздар, алардын үндөрүнөн чочуп ойгонушуп, мындай окуянын болорун күтпөгөн алар катуу алдасташып, баш-көз болуп, куралдуу кол салууга каршы чара көрө турган аскер ишин билген адамы жок, чакчелекей түшүп, куралы бар мергенчилер уйку-соонун ортосунда акылэстерин токтото албай, ой келди ок чыгарышкан болушту.

Мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, «Уралап» кыйкырган жасалоочу отряддын солдаттары аял-эркегине, жаш-карысына карабай ок жаадырышты. 50гө жакын адам ажал тапты. Айрымдары жан айласы кылып, үймөк чөптү оюп, ичине кирип жашынышты. Аны байкап калган жазалоочулар үйүлгөн чөптөрдү мылтыктын найзалары менен сайгылап киришти. Андан айла бол-

богондо боз үйлөрдү, үймөк чөптөрдү өрттөй баштапшты. Айыл ичи кызыл жалынга айланып, көк түтүн асманга көтөрүлүп, күндүн көзү көрүнбөй калды. Мындай шумдук алааматты көрбөгөн айылдын иттери улуп кирипти эле, жинденген жазалоочулар алардан да окторун аяшкан жок. Көп өтпөй карала-торала болгон адамдар боз үйлөрдөн, үймөк чөптөрдөн чыгышып, кийимдериндеги жалбырттап күйгөн отту өчүрө албай, башы-көзү, дене-бою күйүп кокуйлап, бакырып-өкүрүп, жаны чыга албай тыбырчылап, жерге ары-бери оонап, жаткандар да болду. Эптеп аман калганы үй-бүлөсүн, бала-бакырасын, үй-жайын, мал-салын таштап, тоону беттеп, бир тобу көл тарапка качышты.

Тоо тарапка качкандарды кубалоо опурталдуу экенин сезишип, отряд көл тарапка качкан качкындардын артынан түшүштү. Артынан мылтык менен атып келаткан куугунчулардан жан айласы кылган качкындар, өң-алаттан кетип, кара терге түшүп, өлдүм-талдым дегенде көлгө жетишти. Алдында мелтиреп жаткан көл, артында куралчан куугунчулар. Кең аалам заматта тарып, көлдүн аркы бети көздөн учуп, суусу түгөнүп, күнү бүтөөрүн сезишкен бечаралар эмне кыларды билбей чуркурап, айлалары алты кетип, алдастап туруп калышты эле, Фон Берг отрядга команда берди:



– Буларды бир ок коротпой туруп, көлгө чөктүрүп, өлтүрүү керек.

Өзгөчө жырткыч айбандарга туш болуп, аска-зоого камалган кийиктердей кача албай, көздөрүн жалдыратып, калчылдап коркуп турган адамдарды араң турган солдаттар четинен кармап, моюндарына таш байлап, көлгө чөктүрүп жатышты. Жанталашып, каршылык көрсөткөндөрдү мылтыктын кундагы, кылычтары менен башка чаап, эсин оодарып, андан кийин көлгө ыргытышты.

Ажал алып келген жан алгыч менен маңдай-тескей туруп, андан качып кутулуп кете албай, же жан айласы кылып ага турушту к бере албай, ачып көзду жумганча көз көрүнө жанды сууруп алгандан коркунучтуу бул дүйнөдө эч нерсе болбосо керек, айрымдары булардын колунан өлгөнчө деп, өздөрү эле көлгө кирип, чөгүп жатышты.

Күнөөсү жок бечаралар ата-бабасынан бери жердеп келген, чаңкап, чарчап, чаалыгып, күндүн мээ кайнаткан ысыгынан көлшал болуп тердеп келатса да, өздөрү ыйык тутуп, бейдаарат бутун салбаган кереметтүү көл түбүнөн түбөлүккө жай алышты.

Бүтүндөй бир айылды канга боеп, үйлөрүн өрттөп, курал жарактарын алып, өздөрүн кырып, төрт миңден ашык малын олжолоп, үрүп чыккан күнөөсүз иттерге чейин атып, каршылык көрсөткөн күч болбо-



гон соң, өздөрүн эр көкүрөк сезип, эрдемсиген жасалоочу отряд Түп суусун жээктеп жүрүп олтуруп, экинчи айылга бет алды. Мурда даярдыктан өткөн, курал-жарак менен толук жабдылган отряд согуштук тактиканы колдонушуп, бир аз каршылык көрсөткөндүктөрүнө карабастан, бул айылдан да 80дей адамды өлтүрүшүп, 12 адамды жарадар кылышты. Ай-ааламды соргон ажыдаар кирип келгендей, өлгөндөн аман калганы тоону беттеп качышты.

Отряд андан соң Каркыраны көздөй бет алды. Жолдон кезиккен бирин-эки кыргыздар болсо күнөөсү бар жогуна карабай, кекилик-чил аткансышып, өлтүрүп жүрүп олтурушту. Каркырага кечке жуук жетишти.

Фон Берг бүгүнкү отряддын куралдарынан чыккан ок тийип, кыркырап, тыбырап жаны чыга албай жаткан адамдарды, жашоого келгени али эч жакшылык көрө элек мойтойгон наристелеринен ажырап зар какшаган энелерди, жаңы баш кошуп, ысыктары тарай элек эрлеринен ажырап, ботодой боздогон солкулдаган жапжаш келиндерди көз алдына келтирип, бир күндөгү эле талоончулук, канкорлук иштерин кагазга түшүрүп коюуну туура таап, калем, кагазын даярлап, өзүн ашкере баатыр сезип, кылган иштеринен ыракат алып, күндөлүгүн баштады.



**«... 1916-жылдын 10-августу...»**

Мына ушул күндөн баштап, мелтиреп тынч жаткан касиеттүү Ысык-Көлдүн тынчтыгы бузулуп, айланасы өрт-жалынга курчалып, жүздөгөн күнөөсүз адамдар өлүмгө учурап, кан төгүү, бейкут жаткан жергиликтүү элдерге болуп көрбөгөндөй зордук-зомбулук башталды.

Октон жүрөгү калган бечаралар коркуп, кайра конушуна кайтып келе албады. Ажалөлүмдү баштарынан өткөрүп калган адамдар, ичтеринен кара кан өтүп, кайгы-муңга канчалык басылып турса да, экинчи жолу кайрылып, ажал бүркөн окко кабылгысы, бейкүнөө жарык дүйнө менен коштошкусу, тукум курут болушкусу келишкен жок. Өлгөн адамдардын арасында бирөөнүн баласы, бирөөнүн ата-энеси, бирөөнүн бир тууганы болсо да, мусулманчылыктын расмисин жасап, бир боордошторун кадыр-барктап аруу жууп, ак кепинден жерге жашырып койгонго мүмкүнчүлүктөрү болбоду.

Августтун мээ кайнаткан ысыгында кызыл-ала болгон өлүктөр сасып, кузгун менен жоруга жем болуп, кароосуз жатты. Мындай канкорлук, өзгөчө ташбоорлук менен зөөкүрлүк, келгиндердин жергиликтүү адамдарга кылган, жүрөк титиреткен укмуштуудай мыкаачылык менен жасалган, болуп көрбөгөндөй айбандык мамилеси ашынган жырткычтын да колунан келбес эле.

**Фон Бергдин күндөлүгүнөн:**

**«... Андан ары чытырман токой башталды. Жолдо үйүр-үйүр жылкылар, топ-тобу менен уйлар, сан жетпеген майда жандыктар, бош калган боз үйлөр учурай берди. Мунун өзү биздин келе жатканыбызды билип калышып, жанталаша шашып качышканынан кабар берет. 25 чакырым жол жүргөн соң каңгыраган кара малдан баш адашат, букалары мындан көп. Бешикке бөлөнгөн балдар да жол боюнда калыптыр. Менин отрядымдын алды жактагы бөлүгү качкындар менен атыша кетти. Кымбат баалуу буюм-теримдерине карабай тоо таяна качкан элди, чер токойго жашырынган кыргыздарды аеосуз кырдым. Тоо жолу өйдөылдый, таштак, ары тик болгондуктан аттарыбыз чарчап, андан ары качкындардын сары изине түшүүнүн мааниси деле калган жок, миңдей кара мал айдап, Пржевальскиге бет алдык».**

*ЦГА КиргССР, ф. Коллекция, «О восстании в 1916 году", д. 11, лл 28 об-39 об. Копия (Кыргыз маданияты, №34, 1991-жылдын 22-августу)*



Айлананын баары адамдардын эттерине аябай тоюп, уча албай, майпаңдап араң баскан дардайган жоруларга толуп кетти. Алар бийик аска-зоолуу тоолорду ашып, кумдуу чөлдөрдү, мейкин талааларды басып, белгисиз тараптан келишкен эле.

Фон Берг кийинки күндөрдөгү кандуу жортуулдарын да күндөлүгүнө түшүрдү.

Фон Бергдин бул күндөлүгү падышачылык желдеттердин кылган ырайымсыз иштерин ашкерелеген, балталап өчүрө алгыс, жалбырттаган отко салып өрттөсө күйбөс, аркыраган агыны катуу сууга салса акпаган, нечен замандар өзгөрүлүп, кылымдан кылым өтсө да далилдүү иш-аракеттерге айгак болчу чоң документ эле.

Бул кайгылуу күндөрдө кыргыздар менен бирге башка улуттун өкүлдөрү да запкы тартышып, талоонго кабылып, чоң жоготууга учурашты.

Мындай кандуу окуя Преображенский селосуна жакын 6–7 чакырым жерде болду. Пржевальск шаарына үй-бүлөсү, бала-бакырасы менен келе жаткан соодагер сарттарга Николаевск станицасынын атаманы Бедарев баш болгон дыйкандар менен казак-орустар кол салып, тоноюту. Аялдары, балдары болуп, бардыгы 90дон ашык адам өлтүрүлдү.

Ал эми шаарда жашаган дунгандарды казарманын аянтына алып келишип, чогулган элдин алдында, полковник Ивановдун буйругу менен сотсуз жана эч кандай сурагы жок, күнөөсү бар-жогуна карабай, отставкадагы генерал-майор Нарбут, прапорщик Русаков ж. б. көз алдында мылтыктын штыгы менен жайлашты. Өлгөн дунгандар болжолу 140 түтүндөй, 1500дөй адам болгон. Бар болгону 8 адам тирүү калды. Дунгандардын килем-килчелерин, кымбат баалуу чапандарын, алтын жалатылган идиш-аяктарын көргөндө көздөрү кызарган шаарлыктар талап алып, үйлөрүнө жеткиргиче шашышты. Ошентип алардын болгон үй-мүлктөрү, өмүр бою жыйган-терген оокаттары таланды.



Мариинск (дунган) болушунун башкаруучусу Марафунун үйүн Пржевальск шаарынын жашоочулары тоношуп, 22 миң руб. нак акчасын, 4 миң руб. алтын буюмдарын, генерал-губернатор тартуулаган жети медаль менен алтын саатын, 11 миң руб. буюм-теримди жана 3 миң коюн талап кетишти.

Мариинскидеги жана Пржевальскидеги жашаган дунгандар 1882-жылы тукум курут болуп, кырылып кала турган болгондо, Кытайдан куулуп-сүрүлүп качып келип, кыргыз жергесине орун-очок алып калышкан. Кыргыздар тарабынан аларга суу баскан, дыйканчылыкка, жашоо-турмуштарына ыңгайлуу жер берилген. Алар түзүлгөн



шартка жана өздөрүнүн эмгекчилдиги менен кыргыздардан арендага алган жерлерине апийим айдап, бир топ байып, жашоо-турмушу жакшырып калган. Укум-тукумдары өсүп, саны көбөйүп калган эле.

* * *

Жардамчы кирип, какайып тура калды.

– Урматтуу полковник.

– Айта бериңиз, – деди Иванов көңүлсүз.

– Урматтуу полковник, ротмистр Кравченко отряды менен Каркырадан жаңы эле келип түштү. Келгенде да кур келбей Султан Мурад Акрам Төрөев деген соодагер сартты кошо ала келиптир.

– Ошондойбу? Ырас болгон турбайбы. Мен ал сүткордун эбин таба албай жүрбөдүм беле.

Көптөн күткөнү ордунан чыккандай сүйүнгөн Иванов бир азга ойлоно калды.

– Баса, анын эмне күнөөсү бар экен?

– Биле албадым, урматтуу полковник.

– Анда эмесе мындай, поручик мырза, тезинен буйрук даярдагыла. Ал сартты бүгүнчө казарманын түрмөсүнө камай тургула. Эртең таңкы саат 4тө көзү тазалансын.

– Урматтуу полковник, сотсуз, сураксыз эле...

– Эй... Иванов жардамчысын бир саамга акшырая карап калды.

– Сен эмне?. . Бул элдин соту да, прокурору да өзүммүн! Бол тез.

– Кечириңиз, урматтуу полковник.

– Баса, жазаны кароол командасынын фельфебели Коротенко жардамчылары менен аткаргандай болсун.

– Урматтуу полковник, Төрөевдей өзгөчө таасирлүү адамдын көзүн тазалай коюш... кандай болоор экен?

– Чын эле.

Чочуган Иванов бир азга бир азга ойлонуп калды. – Эчтеке эмес. Түрмөдөн качууга аракет кылгандыгы үчүн атылды деп коебуз. Бар, буйрукту дайында.

– Куп болот, урматтуу полковник.

Жардамчы өзүнөн даражасы чоң улугу менен талашуу пайдасыз экендигин сезип, ыргылжың болуп чыгып кетти.

Иванов жай басып терезеге келип, сырт жакка көз салды да, өзүнчө күбүрөдү.

– Ушундай кырдаалдан пайдаланып, кыргызы болобу, башкасы болобу... Мурда тоң моюн болуп жүргөндөрдүн көзүн тазалаш керек.

Адегенде Төрөевди бир тобу чогулуп алып тинтишти. Жанынан кандайдыр бир каттар жана 8000 сомго жакын акча чыкты. Ал эми жанындагы куржунду ал жерден ачышкан жок. Ээсинин өзгөчө эле тынчсызданып, аягында аргасыздан мажбур болуп айтканына караганда куржунда дагы көп акча, акча милдеттенмелери бар экен. Сыягы сырткары адамдарды күбө кылып кереги жок деп чечишти көрүнөт.



Эртең менен эле Төрөевдин качууга аракет кылгандыгы үчүн атылгандыгы жөнүндөгү сөз шаарга дүңк дей түштү. Анын өлүгүн жашырууга шашылышкан жок. Бийликтегилер жергиликтүүлөргө жана кошуна мамлекетке таасири чоң Төрөевге карата өздөрүнүн ыпылас иштерин жасаарын жасап алышып, анын шегин билгизбей жашыруунун ыңгайын келтире албай, бир чечимге келүүдөн айбыгышып, алдастай түшүштү. Анын дубалга жакын жерде дардайып жаткан жыланач денеси чымынга таланып, далайга жатты. Кызыккан шаарлыктар тынбай келип, өлүктү көрүп жатышты. Сырткы баалуу кийимдерин эчак эле шылуун бирөө сыйрып кеткен экен.

Кийин Төрөев атайлап өлтүрүлгөндүгү жөнүндө сөз чыкты. Буга Валериан Великолепныйдын[1] тиешеси бар экен, анткени Иванов мырза Төрөевге 10 миң сомго вексель бериптир деген сөз тарады. Бул маселе кийин көтөрүлүп, аягы чубалжып отуруп бир топко созулуп кетти.

[1] Валериан Великолепный – полковник Ивановдун эл койгон аты.



* * *

Төрөев өлтүрүлгөн 15-августтун түнү жүздөгөн адамдар үчүн да акыркы түн болуп калды. Бул күнү кечке жуук саат 5-6ларда Каркырадан кайткан ротмистр Кравченконун отряды Теплоключенское селосуна келип жетти. Аны менен Пржевальск, Ташкент, Бишкек жана чет элден келген көптөгөн соодагерлер бар эле. Алар Пржевальскиден 9 чакырым алыстыкта жайгашкан бул селого түнөөгө тийиш эле. Бирок Пржевальскиде болуп жаткан коркунучка байланыштуу прапорщик Моргуновдун командалыгындагы ротаны жана соодагерлерди үй-бүлөсү менен калтырып, өзү командалык кылган казактарды алып, күндүн ысыгында узак жол жүрүп, чарчап-чаалыкканына карабай, Кравченко токтоосуз жүрүп кетти.

Калган жолоочулар Ак-Суудагы көпүрөдөн өтө баштаганда, колго жасалган мылтык, айры, чалгы, балта менен куралданышкан Теплоключенскилик крестьяндар ошол аймактан чогулуп келген крестьяндар менен биригишип, көпүрөнү ээлешип, орус жана татарларды өткөрүшүп, калган соодагер сарттарды жана кашкарлыктарды сабап, четинен өлтүрө баштаашты. Прапорщик Моргунов адегенде куралынан ок чыгарып, соодагерлерге кол салып жаткан адамдарды



коркутуп, токтотууга аракет кылды эле, жаалданып, соодагерлердин бекер дүнүйөсүнө жана жанындагы акчаларына кызыккан канкорлор аны тоотпой, кандуу аракетин уланта беришти. Жол жүрүп келаткан офицерлердин арасындагы полковник Маслов, Верныйдын округдук сотунун прокурору Плотников да аларга арачы түшүп, «койай» дегенге жарай алышпады.

Айрым адамдардын дүнүйөгө азгырылып, напсиси бузулганда, нээти карарып, көздөрүнө эч нерсе көрүнбөй, кудайдан да коркпой, заматта акылдарынан айнышып, ашынган жырткыч айбандан да ашып түшөт тура.

Канкорлор 17 гана адамды тирүү калтырып, башкаларынын түбүнө толук жетишти. Тирүү калгандарды болуш башкармасындагы атайы бөлмөгө камап, таң атканча кезектешип кайтарып чыгышты.

Эртеси дагы жети кишини өлтүрүп тынышты. Тирүү калган онуна өлтүрүлгөндөрдү көмдүрө баштaшты. 3–4 күндө бар болгону 350 өлүктү көмгөнгө жетишти, калган 100гө жакын өлүктү сасыгынан жанына жан баралгыс болгондо Ак-Суунун суусуна салып жиберишти эле, Ысык-Көлдүн жээгине чейин агып барышып, кудум мындан 60 жыл илгери Петр Петрович отряды менен келип, Түптүн куймасынан кармап, жээктерине

ыргыткан балыктардай туйлабай, жансыз жатышты. Август айындагы аптаптуу ысыкка чыдабаган өлүктөр ого бетер сасып, керемет көлдүн жээгиндеги жагымсыз жыт кеч күзгө чейин кетпей турду.

Ал эми ажалы жок, баягы тирүү калган *он адамды конвой менен Пржевальскиге* айдап келгенде, Кашкарлык бир аксакал арачыга түшүп, Ак-Суу болушунун старшинасына 1200 сом берген соң гана куткарып жиберишти.

Өлтүрүлгөн 500дөн ашык соодагердин көбү кашкарлыктар болгондуктан, Кытай өкмөтү Орусия өкмөтүнө наразылыгын билдирди. Албетте бул иш-аракеттен өлгөндөрдүн үй-бүлөсүнө жеңилдик боло койгон жок. Бири атасынан, бири баласынан, бири жатындаш тууганынан түбөлүккө айрылып, жүздөгөн үй-бүлө кара кийип, кан жутуп, сыздап отуруп калды.

Баштарына балта тийип, жүрөгүнө айры кирип, жондорун чалгы тилип, өлүм алдында жатканда алардын баарынын айткан акыркы *сөздөрү бул болду:*

– Айланайындар, алгыла, баарын алгыла, дүнүйөмдү, жыйган тергенимди, акчамды алгыла, жанымды кое көргүлө!

Бирок канкорлор ага болушпады. Бейкүнөө адамдардын кандарын суудай төгүштү, жандарын алышты, дүнүйө-мүлкүн талашты, өлгөндөн соң ич кийимдерине чейин сыйрып алышты. Өлгөндөрдүн арасында он гүлүнүн бири ачыла элек, тирүүлүк менен жашоонун баркын али сезе элек наристелер, аялдар да бар эле.





* * *

Мылтыктын үндөрү чыккан тарапка элтеңдей карашып, өң-алаттан кетип коркуп, жүгүн жылкыларга, уйларга артып, жазалоочу отряддан энтеңдеп качып, жан айласы кылып келаткан катын-бала, кемпир-чал. Кыдыр аке алардын алдынан чыгып, баш көз болуп келе жаткандарына кайрылды:

– Жол болсун, мырзалар.

– Жол болгону курусун, Кыдыке. Арттан куугунчулар кууп, араң качып келатабыз, – деди Өмүрзак карыя энтеңдей.

– Чатак болгон экен. Эми кандай кылабыз?-Кыдыр аке томсоро түштү

– Кыдыр аке, буларыңдын кейпи бузук, элди тукум курут кылып коё турган, – деп Кулуке карыя туурадан чыкты.

– Оо айланайын, эл– журт. Мындай турмуш болот деп кимдин оюна келиптир. Оездон да айла болбоду. Бул ызы-чуу басылганча бул жерден оолак тура туралы. Ак-Суунун ичи менен көчүп барып, Түргөнгө түшөлү, кандай дейсиздер, – деп Кыдыр аке көпчүлүккө кайрылды.

– Кыдыр аке, калайык калкка кам көргөнүңүзгө ыракмат, бул жерден тезирээк качпасак болбой калды. Айла кетти, – деди каңырыгы түтөгөн Өмүрзак карыя.

Кыдыр аке дагы бир жолу элге кайрылды:

– Кагылайын журт,Текес деле бөтөн жер эмес. Дайыма каттап, барып-келип жүргөн жер. Биз менен чогуу болгонуңар жакшы болот эле. Жок өзүбүзчө кетем дегендерди зордобоймун.

– Ооба, Кыдыр аке. Эми кеч болуп калды. Толкуган элди эми токтото ала турган эмеспиз, кечириңиз, – деди Кулуке башын жерге салып, күнөкөр кишидей.

– Атаңдын көрү ай-йя, баягы заман болгондо ушинтип, талашып, тартышып отурат белек?! Тирүү болсок бир дөбөдө, өлүү болсок бир чуңкурда болсок дебедим беле. Болбостур эми. Жолуңар болсун...

Кыдыр аке качкын бечараларга эч жардам бере албаганга, эң эле алсыз пенденин кейпин кийип турганына, өзүнө-өзү наразы болуп, каңырыгы түтөп, сенделип кытайга бет алып бараткан элге жалдырай карап турду да, атын моюнга чаап, бастырып жөнөдү...

Алдынан жардамчысы менен Иванов чыкты.

– Саламатсызбы, полковник мырза?



– Шүгүрчүлүк, оез мырза.

– Урматтуу, полковник мырза. Ак падышанын жарлыгын аткарбай, айткан тилди укпай, көргөн күнүңөр ушулбу?

– Таба кылбаңыз, оез мырза. Жазуу буйруктан эч ким качып кутула албайт.

Ансыз да качкындардын абалын көрүп, жаны кашайып турган Кыдыр аке Ивановду кага сүйлөдү

– Элиңиздин көрбөгөнү эми көр болот. Ит-кушка жем болушат. Ачтан, суuktан кырылат. Кыскасы тукум курут болот.

– Ок! – Кыдыр аке катуу чочуп кетти. – Оез мырза, андай дебеңиз. Ушунча элдин убал-сообу, аккан каны акыры уктатпас. Аманчылык болсо көрөөрбүз.

Ивановдун чечекейи чеч болуп, ойлогон ою үстөм болуп турганына ичинен кымыңдап кубанып, Кыдыр акеге кыр көрсөтүп турду.

– Урматтуу, оез мырза. Эл башына мүшкүл иш түшүп турганда сиз антип табалабаңыз. Биз орус туугандар келгенде аябай сүйүнгөн элек. Элибиз силерден көп нерсени үйрөнөт, балдарыбыз илим-билимдүү болот, багбан, баба дыйкан болот деп. Там салып, үй куруп, орун очок алып, бири-бирибизге тирек-жөлөк, арка-бел болобуз го дегенбиз. Тилекке каршы андай болбоду.

– Азоо жылкыдай ыргыштабай, ак падышанын айтканын кылсаңар мындай күндү көрбөйт элеңер да.

– Ак падышага биз аябай ишенчү элек. Өз букарасын кырып, өз элин өз жеринен кубалайт деген эмне шумдук?!

– Полковник мырза, элим, жерим эле дейсиз. Мынчалык эмне жаныңызга таш батып жатат. Ушундай кысталыш кыйын мезгилде өз жаныңыздын, керт башыңыздын камын ойлобойсузбу?!

– Кантип элим, жерим дебей коеюн. Кагылайын Ысык-Көлүмдүн сулуулугуна, жеримдин байлыгына кызыккан баскынчылар менен нечен кан төгүшкөн кармаштар болгон. Нечен эрлердин баштары топтой тоголонуп, көз жаштар далай аккан, касиеттүү көлүм үчүн. Анан кантип айтбай, дебей коеюн. Эли, жери үчүн күйбөгөн адам адамбы?

– Тарыхты жакшы билбейбиз да, полковник мырза. Анткени сиз окуган эмессиз. Мына, мен уккандан бул жашоодо нечен түркүн эл, дүнүйөнү дүңгүрөткөн калктар өткөн экен. Атагы ай-ааламга жеткен күчтүү мамлекеттер болуптур. Акыры тагдырга айла жок экен, көбүнүн кумга сиңген суудай дайын оту жок, таптакыр жоголуптур. Дагы силердин ырысыңар тоодой экен, ушул күнгө жеткен.



Иванов Кыдыр акеге мыскылдай карады.

– Нечен кылымдан бери жашап келген жерибизден сүрүлүп баратабыз. Мына ушул касиеттүү Ысык-Көлдө кыргыздын жүздөгөн мууну жашап өткөн. Ошолордун сөөгү ушул жерге коюлган. Оез мырза, карапайым калкка катуу ырайымсыздык кылдыңар. Эки ортодо кан төгүлдү. Караңгы элде эмне күнөө? Караңызчы, тетиги бечараларды. Эми булардын эртеңки күнү эмне болот?

– Кытайга кетсеңер эми бул жердин жүзүн экинчи көрбөйсүңөр. Ошол жакта качып-бозуп, тентип жүрүп кырыласыңар. Акыры тукум курут болосуңар. Тарыхта мындай окуялар көп болгон.

– Ок... . Андай дебеңиз, оез мырза. Нечен кылымдардан бери жашап келаткан түптүү журтту андай дегениңиз жакшы кеп эмес. Кудайга тобо кылып сүйлөйлү. Жаман айтпай жакшы жок. Акыры кыргыздан бир тукум калса болду. Ак карлуу Ала-Тоосуна, касиеттүү Ысык-Көлүнө бир кайрылып келбей койбойт.

– Урматтуу, полковник мырза, – Иванов Кыдыр акеге жандай бастырып барып, кулагына шыбырады:

– Ортодо алыш-бериш мамилебиз да бар эле. Мен сизге бир жакшылык кылсам дейм.

– Ал кандай жакшылык болду экен? Өткөндө сизден көптөн көп сурандым эле.



Бейкүнөө адамдардын каны бекер төгүлбөсүн деп. Ал өтүнүчүмдү аткарбадыңыз.

– Полковник мырза, мурда кандай болсоңуз, ошол кадыр-баркыңыздан жазбай өз жериңизге ээлик кылып жүрө бериңиз. Жакын туугандарыңыз да кам санабасын. Аларды да алып калсаңыз болот. Орус офицеринин жогорку чинин алган адам катары биз сизди коргойбуз.

– Кеч болуп калды, оез мырза. Мен өзүмдү кайда болсо да коргогонго жараймын. Бирок калайык калкымдын башына караңгы түн түшүп турганда, жалгыз башымды корголотуп, бирөөлөргө кор болгум келбейт. Мен үчүн өз эли-журтумдун ичинде болуп, көп көргөндү көргөндөн өтөөрү жок. Кош болуңуз, оез мырза. Тагдыр буюрса, дагы жолугушаар күн болоор!

Кыдыр аке аскасы асман тиреген ак карлуу тоону беттеп кетип бараткан элди көздөй бастырып жөнөдү. Иванов башын чайкап, анын кылган мындай мамилесине таң кала, ат тизгинин тартып, үзөңгүсүн чирене тээп туруп калды.

* * *

1856–1857-жылдарда Петр Петрович кыргыз жергесине эки жолу келип, Кеминден тартып, көлдүн күңгөй– тескейин, Каркыра, Хан-Теңирге чейин кыдырып, кыргыздардын меймандостугун көрүп, «деликатес» деп кысыр эмди тайдын казы-картасын, баглан козунун куйрук-боорун жеп, суусундугуна арчанын бутактарына ышталган сабанын буркураган бал кымызынан жутуп, ысыганда ыплас бут баспас ыйык көлүнө түшүп, чабак уруп, ыракатын көрүп, жолборстун терисин жонуна илип, «дос-тамыр болдум» деп жер чапчыган күлүк аргымак атты минип, өзгөчө сый-урмат менен кеткен эле.



Мындан туура 60 жылдан кийин Петр Петрович картага түшүргөн аймактарда, анын атынын изи баскан жерлерде кан төгүлүп, кызыл кыргын болуп, момун эл кылымдар бою жашап келген жеринен качып, ата-бабасы көрбөгөн чет жерге тентип кетти.

* * *

Уездик начальниктин кабыл алуу бөлмөсү. Сырттан жардамчы кирди.

– Урматтуу полковник мырза, жазалоочу отряддын начальниги Волков мырза кирсем дейт.

– Ырас болгон тура. Мен да күтүп жаттым эле. Кирсин Волков мырза. – Иванов кубанып кетти. Көңүлү көтөрүңкү, жалмаңдаган Волков кирип келип, чыкыя тура калып чест берди.

– Саламатсызбы, полковник мырза?

– Саламатчылык, начальник мырза. Келиңиз, жогору өтүңүз.

– Урматтуу полковник мырза, мага берилген тапшырманын аткарылышы жөнүндө билдирүүгө уруксат этиңиз.

– Уруксат.

– Урматтуу полковник мырза, тапшырма ийгиликтүү аткарылды.

– Жакшы болгон экен. Эми мындай отуруп, шашпай, жакшылап түшүндүрүңүз.

– Эң эле көп адам өлтүрүлдү. Тоо-тоодон кекилик тергендей кылып кырдык бейм. Кайра келатканда жолдо жаткан өлүктүн көптүгүнөн аттарыбызды бастыра албай койдук. Бир адам, көптөгөн мал-мүлк, асыл буюмдар колго түштү. Жапайыларды бийик тоолордун арасына сүрүп тыштадык.

Волков кылган иштерин мактана, эрдемсий айта баштады.

– Жакшы, начальник мырза. Азаматсыңар!

– Биз тийешелүү тапшырма алгандан кийин эле качкындардын артынан түштүк. Алар биздин бараарыбызды билип калса керек. Болгон жыйган-тергенин тыштай качышыптыр. Жолдо үйүр-үйүр жылкылар, кара малдан баш адашат, букалары мындан көп. Эми койго сан жетпейт. Куйруктары чарадай болгон ирйктерди көрсөңүз көз



тоет. Тигилип турган аппак боз үйлөр, тигилген боюнча калыптыр. Эсебин алсак 300гө жакын болду. Барып чалкаңыздан түшүп, жумшак көлдөлөңдөргө жатып эс ала берсеңиз болот.

Волков Ивановдун кулагына бир деме деп шыбырады эле, беркиси катуу каткырып алды. Оюнда эч санаасы жок, учурда телегейи тегиз, ай-ааламга колу жеткендей болуп турган экөө бөлмөнү жаңырта бир топко каткырып күлүп жатышты.

– Баарынан да казанда бышып турган эттерин айтпайсызбы, полковник мырза. Казы, карта, чучуктарын көрсөңүз момундай. – Волков булчуңун түйө беркиге түшүндүрүп жатты. Убара болуп тамак жасатып отурбай, бир жыргадык дейсиң!

– «Бах» дечи. Тимеле деликатес эмеспи. Мурда кыргыздын даамынан татканып калган Иванов даамдуу тамактарды айтканда шилекейин жутуп алды.

– Бешиктеги балдарын да тыштай качышыптыр, курган бечаралар.

– Ой алардын балдарына эмне кейийсиң. Ырас эле болуптур. Мага балдары кызык эмес, малдарын айтчы. Эсеп-чотун тактадыңарбы?

– Тактадык, полковник мырза, 172 жылкы, 1645 кара мал, 10221 кой болду. Муну союп жеп түгөтө ала турган эмеспиз. Тие-



шелүү адамдарга дайындадык. Бул бир жолку эле табылгабыз, полковник мырза.

– Жакшы экен анда, начальник мырза. Тиги... олжо-буйладан...

– Аа... түшүндүм, полковник мырза, түшүндүм... -Буга чейин жакшылык-жамандыкты башынан өткөрбөгөн, эч санаасы жок Волков мырза санын чаап, катуу каткырып күлдү. – Федор, кел мында.

Колунда көтөргөн кийимдери бар Федор кирди эле, Волков анын колундагыларын ала коюп, өзүн «кете бер» дегендей белги берип, Ивановго жасакерленип жатты:

– Мынаңыз, полковник мырза. Кийип көрүңүзчү.

Өзү жасап, өзү тигип, катуу мээнет кылган адамдай болуп, баштарына катуу иш түшүп, качкан кыргыздардан олжологон кийимдерди Ивановго кийгизип жатты.

– Сизге жарашып эле калбадыбы, полковник мырза. Петроградга барганда, генерал досторуңуз менен көрүшкөндө ушул кийимдерди кийип, бир таң калтырыңыз.

– Коюңузчу...

– Ээ койбой эле, полковник мырза. Бу тентиген кара кыргыздарындын кийген кийимдерин карасаң. Суусар тебетей, илбирс ичик...

– Болуптур эми, көп мактана бербей. Ме, ары жакка алып кой.



Баалуу кийимдерди көрүп, бекер дүнүйө табылганына сүйүнүчү койнуна батпай, кубанып турса да, сыр алдырмаксан болуп, кийимдерди жардамчысына карматты.

– Урматтуу полковник мырза, биздин аскердик айла-амал менен ойлонулган операциянын эң негизги маани-маңызы мына мында. Кыргыздарды бийик тоо-ташка, асказоого сүрүп таштадык. Ал жакка жакында калың кар түшөт, адам чыдагыс катуу суук болот, элди ачкачылык, оору басат. Бир ок коротпой, боо-боо түшүп өлүп жаткан кыргыздарды ошондо көрөсүз. Кийген кийими, ичээрге тамагы, үстүндө үйү жок кыргыздар ошондо кырылат.

– Азаматсың, начальник мырза. Душманга эч кандай аео болбосун. Сиз Марков мырза эмне деп айтканын уктуңуз беле? «Казак, кыргыз-Чынгыз хан менен Аксак Темирдин эли, буларды Америкадагы кызыл өңдүүлөргө кылгандай азап кылса да убал жок» – деген. Бул жапайыларды кырып, жоюп, тукум курут кылыш керек. Экинчи көлдү көрбөгөндөй кылыш керек!..

Жогору жактагы зор бийликке таянган, аскер кийимин кийинген бул эки адам кабинетте отуруп алып, нечен кылымдардан бери жашап келе жаткан уюткулуу журттун келечек тагдырына кайдигер карап, алардын убал-сообунан коркпой, адамдын оюна кел-

беген, төбө чачты тик тургузган, жүрөк титиреткен бүтүмдү сыртынан эле чыгарып жатышты.

Эртеңки күн кандай болот, кимдин маңдайына кандай тагдыр жазылды, өздөрү кандай күнгө туш келет, ал жөнүндө кенедей да ойлоп койбой, утурумдук ийгилик үчүн кубанычтары коюндарына батпай эрдемсишип, өмүр бою ушинтип жыргап, куунап, бул дүйнөдөн өтпөс, өлбөс болуп жаралышкансып, өзгөчө дуулдап жатышты. Адамкерчилиги жок, таш боор, канкор адамдардын колуна кокустан бийлик, мансап тийип калса, кылаары ушул экен да!..

Жүзү курусун!..

Адамзат баласы жаралганы ушундайлардын кесепетинен нечен кан күйгөн согушту, кан төгүлгөн кызыл кыргынды баштарынан өткөрүшүп, сан жеткис бейкүнөө адамдар кырылып, эне сүтү оозунан кете элек наристелер жетим, солкулдаган жаш келиндер кара кийип, кан жутуп, жесир калып, нечендеген көз жоосун алган кооз шаарлар жер менен жексен болуп, ый, муң, кайгы, оору, дарт, ачкачылык, кыргын жер үстүндө жашаган көптөгөн калктар менен элдин башынан өтпөдүбү!..



**1916-жылдын 24-сентябрында Жетисуу областынын аскер губернатору М. А. Фольбаум жазалоочу отряддын начальниги Слинкого мындай деген телеграмма жиберген:**

**«Передаю мою телеграмму на имя полковника Слинко от 24-сентября номером 2156, копию этой телеграммы сообщите полк(овнику) Иванову и подполк(овнику) Гейциг, прошу их сущность будущего устройства мятежников разъяснить всем подчиненным.**

**Руководящие данные таковы:**

**Первое, на северный склон Александровского хребта, кроме 450 кибиток Тынаевской вол(ости), никто из киргиз(ов) никогда пропушен не будет. Эта часть Чуйской долины от Дмитриевки до Джыль-Арыка и вся долина Кебин, равно как все северное и южное побережье Иссык-Куля и долина Текес отныне будут чисто русскими районами.**

**Второе, кроме вол(ости) Тынаевской и Карабулакской, все волости Токмакского уч(астка), загорные волости, также волости берегов Иссык-Куля, долины Текес-все до единой будут смешены навсегда в р(айо)ны Джумгола, Сон-Куль, в Атбашинский уч(асток) и в южные пржевальские сырты.**

**Третье, долина Кочкорки, где было Столыпино, долина Алабаш также будут запретными для киргиз(ов).**



**Четвертое, на указанных для смещения киргиз(ов) районах будут постепенно устраиваться только волости, изъявляющие безусловную покорности колеблящиеся, непокорные волости подлежат дальнейшему немедленному разгрому.**

**Пятое, наиболее виновные волости– Сарыбагишевская и Атекинская-будут устроены совсем особо в другом уезде. Фольбаум»**

*(Опубл. в сб. «Восстание 1916 года в Казакстане. Документы и материалы. Алма-Ата, 1947, док. № 139, стр. 132-133. )*

**«Жети-суу областынын согуш губернатору Фольбаумга генерал Куропаткиндин жиберген телеграммасынан көтөрүлгөн массага каршы бир гана Жети-Сууда орус казактарынын эки полку, бир атчандар батареясы, 35 рота, 24 жүздүк, 240 атчан чалгынчы, 16 замбирек, 17 пулемет каршы аракеттенгени көрүнүп турат».**

*(Ж. Абдракмановдун китебинен)*



Согуш өнөрүнө такшалган, кан төккөн чоң салгылашууларды баштарынан өткөргөн нечендеген солдаты, адамдын үрөйүн учурган курал-жарактары бар ырайымсыз баскынчыларга каршы теңдешсиз кармашта найза, кылыч, чокмор менен куралданган карапайым калк кантип турушту берет эле?!..

## 5-БӨЛҮМ

## ЭРКИНДИКТИН КУРМАНДЫКТАРЫ

Баш оона (июль) айы. Жайлоонун болуп да, толуп да турган мезгили.

Ар кайсы жылгадан агып түшкөн мөлтүр кашка суулар. Түндүк тарапта Шамшынын бели. Аны көздөй кеткен Кара-Кыянын жолу. Бул жол менен нечен кылымдар бою Жумгал, Нарын, Ат-Башы, андан ары Кытай менен байланышып; ал эми түндүк тарапка бет алып, белди ашып түшө калганда илгерки Ак-Бешим, Баласагын шаарлары. Андан ары Сары-Өзөн-Чүй, казактын мейкин талаалары... Олуя-Ата, Ташкен, андан ары Кавказ, Орусияга кетишет.

Экинчи багыты Кызарттан ары Соң-Көлгө түшүп, андан ары Көк-Артты ашып, Жалал-Абад аркылуу Фарганага түшүшөт. Батыш тарапта Сары-Ала-Саз, Ак-Бел, андан ары бир багыты Суусамыр аркылуу Фарганага түшүп, Кокон, Анжиян, Наманган, андан ары Бухара, Самарканга жетишип, Иран, Турция аркылуу Римге чейин кетишет.



Сары-Ала-Саз жайлоосунун Туура-Бешигиндеги кыдырата тигилген жумурткадай аппак боз үйлөр көздүн жоосун алат. Малдын тиши тийбей, тушарга жете өскөн чөп, жел болсо ыргалып ого бетер жайлоонун көркүнө көрк кошконсуйт. Ар кайсы коктуколоттон, кыр-кырдан атчаны, жөөсү болуп, эл тынымсыз келип жатты. Көпчүлүгү жер чийген серке чаначтарды аттарына артынып, кулагы кере карыш, куйруктары чарадай козу, ириктерди өңөргөнү, чыңыртып азоо кунан-тайларды, атырылтып семиз туу бээлерди жетелегендери бар.

Туура-Бешиктин асты-үстү заматта элге толуп, быкпырдай кайнап кетти. Кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндердин, аппак калпак кийген уландардын сымбаты өзгөчө көркөм. Аппак элечектерди кийип, чач учтуктарын шаркылдатып, небересин ээрчитип, зыңгырай баскан энелердин көрүнүшү да сонун. Аңгыча болбой аркы кырдан тай минген 5–6 бала жарышкан бойдон көпчүлүккө жете келгенде тизгиндерин жыйышты. Мындай чоң тойду, шаңдуу шаан-шөкөттү жатакта жүрүп мурда көрбөгөн Абыке элибиздин салт-санаасына, пейилине, кылымдардан бери кийип келаткан улуттук кийимине көңүлү тоюп, өзгөчө толкунданып турду.



Келгендерди кезектешип, катар тигилген боз үйлөргө киргизишип, солкулдаган жаш келиндер менен шыпылдаган жигиттер бутубутуна тийбей кызмат кылып, конок камында жүрүштү. Түшкө жакын чоң тору ат минген, ак калпак кийген, кара мурутчан жигит элге жарыя айтып, Касымбек манаптын уулуна арналган оюн-зоок, тамашанын башталаарын кабарлап, Туура-Бешиктин астыүстүнө айыл-айыл болуп эки бет отуруусун өтүндү.

Балбан күрөш бүтүп, эр эңиш жаңы башталып, чогулган эл оюндун кызуусуна кирип калган мезгилде Кара-Кыянын жолу менен Чүй тараптан аттарын кара терге түшүргөн эки жигит тизгиндерин ат алган балдарга ыргыта салып, отурган көпчүлүккө көңүл бөлбөй, бийигирээк дөңсөөдө отурган ушул өрөөндүн мыктыларына шаша-буша жетишти. Келген жигиттин бирөө бирдеме дегендей болду эле жайма-жай, эч капарсыз сөөлөттөнө олтурган алар дүрбөй түшүшүп, текши ордунан тура калышты. Аларга жакыныраак отурган көпчүлүк да үрөйдү учуруп, толкугансып кетти.

Көп өтпөй жарчыны чакырышып, кайра жар айттырышты. Той ушуну менен токтой тургандыгын, элди тезинен үйлөрүнө, айыл-айылдарга тарап, өздөрүнүн күндөлүк тиричилигине кам көрүүсүн эскертти. Ошентип той да токтоду. Саяпкерлер бир нече жумалап, айлап таптаган, үртүктөп жаап, көкүлүн түйүп, куйругун шүйүп, чабандес балдарга мингизген күлүк аттарды коштой бастырып, ат чабыш болбой, мээнети жанбай, маанайы чөгө түшкөн көпчүлүк айылдарга тарашты. Айыл-айылдын мыктыларын, «сүйлөшөбүз» – деп Касымбек манап менен болуш-бийлер алып калды.



Башынан көптү өткөрүп, көптү көрүп, көп жашаган карылар жаздан бери даярданып, алыс-жакындан коноктор чакырылып, анан эле капилеттен суу сепкендей кылып, кызуу өтүп жаткан тойду токтотуш ойго келбеген иш экенин түшүнүшүп, окуянын чоожайын боолголошуп, иштин оң болбой калганын сезишип, кабактары суз, тойго келген кебетелери жок, үңкүйүшүп, баштарын жерге салып, илээлеп кетип баратышты.

* * *

Сары-Ала-Саз жайлоосунун Ак-Бели күндөгүдөн башкача. Мелтиреп жаткан жайыкта катар-катар ак боз үйлөр тигилип, ошол өрөөндөгү Абайылда, Темир-Болот эки болуштугунда жашаган эл чогулган.

Тигилген үйлөрдүн ортосундагы түзөңчөдө отурган эл. Андан бир аз өйдөрөөк дөңсөөчөдө эки болуштан чогулган элдин мыктылары.

Бир топ пикир алышуудан кийин ак калпакчан, шыңга боюна жарашыктуу тигилген кара күрөң кашкар чепкенчен Бектендин уулу Токтосун болуш ортого чыкты.

– Кадырман калайык, – деп баштады ал коңур үнү менен. – Абалдын курчуп турган мезгилин көрүп турасыздар. Мен аны майдалап айтып отурбайын. Жыйылып отурганыбыздын негизги максатын да уктуңуздар. Ушундай эл башына түн түшүп турган кыйын-кысталыш мезгилде бир жеңден кол чыгарып, бир жакадан баш чыгарып, ынтымакка келип, акыл-эстүүлүк менен иш кылбасак болбой турган. Илгертен эле бабабыз Манастан баштап мындай учурда эл башкарган, журт башкарган башчысын, ханын шайлап алышчу экен. Буга кандай дейсиздер? – деп көпчүлүккө кайрылды эле, «Туура, туура» дешип отургандар дуулдай түшүштү.

– Ханга хан даражасындай, акылмандуулугу, курчтугу, чечендиги, чечкиндүүлүгү менен башкалардан айырмаланган адам болуш керек. Хандыкка мен Канаат Ыбыке уулун сунуштаймын, – дегенде көпчүлүк дагы бир дуулдап кетти.

– Отурган эл бир чечимге келип, хан шайлангандан кийин, ортого узун бойлуу, анчалык семиз эмес, толугураак келген, кой көз, узун ээктүү, чокчороок жээрде сакал-



чан Канаат ордунан туруп келип, көпчүлүккө ийилип таазим кылып, ыраачылыгын билдирди. Ата-бабадан бери келе жаткан салтты улантып, ага кызыл кымкаптан чепкен, башына кызыл тукаба менен тышталган суусар тебетейди кийгизишти. Эки жигит эки суулуктан кармап жетелеп келген чоң ак боз атка Канаатты мингизишти.

Канаатты хан шайлоонун дагы жөндүү себеби бар эле. Анын жети атасына чейин эл башкарып, журт башкарып, элдин жүгүн көтөрүп келишкен, насили манап тукумуна кирген адамдар болгон. Канааттын чоң атасы Абайылда төрөлгөн күнү анын атасы Черикчи бий ажыдаар атып, анын кулагы менен уулун оозандырган экен деп илгертеден бери эл оозунда айтылып келе жаткан санжыра бар. Ал эми Черикчинин атасы Темир мезгилинде Анжыян шаарынын акими болуп турган экен. Ал эми Темирдин атасы Мааматкул бий 1758-жылы 90 жашка чыгып калган куракта Кытай императору Пекинге конокко чакырганда, жашы улгайып калганына байланыштуу өзү баралбай небереси Черикчини, солто элинин атынан Нышa баатырды, саяктан Түлкү баатырды кошуп, элчиликке жиберген экен.

Канаат хан көтөрүлгөнүнө кубанып деле кеткен жок. Аны миңдеген адамдардын эртеңки келечек тагдыры катуу кыйнап тур-



ду. Жоо жакадан, бөрү этектен алып турган кыйын-кысталыш мезгилде түпсүз туңгуюктан кантип чыгып кетүүнүн жолун ойлоп, санаасы санга, ою онго бөлүнүп турду.

Отургандардын ортосуна бир жаш жигит алачыктай болгон ак боз бээни жетелеп келип тура калды эле, ак сакалдуу карыя ортого чыга калып:

– Оо айланайын кудай, жалынмак бизден, жалгамак сизден. Көтөргөн ханыбыз элге ак кызмат кылган, ак жолтой хан болсун. Оомийин, аллоху акбар, – деп бата кылып жиберди эле, көпчүлүк да дуулдаган бойдон аны коштоп кетишти.

– Ант берип, бата кылышып, «хандын айтканына баш ийип аткарбасак ушул ак боз бээдей мууздалып калалы» деп баягы ак боз бээни мууздашып, тиешелүү хан көтөрүү асемин жасашты.

* * *

Канаат хан эртеси эле аракетин баштады. Солдатка барбайбыз деген 300 атчан жигитти чакыртып кеңеш жүргүздү. Аларга ал-жайды түшүндүрдү. Көтөрүлүшкө даярданып жаткандыгын жана аларды да өзүнө кошулуусун билдирип, Чүй багытына: солто, тынай элине, Шабдан баатырдын балдарына, Кочкордогу надырбек элине, Жумгалдагы: Курман, Көкүмбай, Мырзабек



жана башка таасирлүү манаптарга чабармандарды жиберди. Алардан жооп күтүп отурбай иш-аракетин жасай берди.

Канаат айылындагы темир усталарды жыйнап, бөрү тил найза, айбалта, кылыч жана башка керектүү курал-жарактарды жасатып, даярдыгын көрө баштады. Кегетинин белин ашырып, көмүр өчүрүүгө карагай, найза сапка ылайыктуу шыргый кырктырып келди. Боктуу-Төрдөгү Кош-Көлдүн жанындагы Жантык конушка боз үйлөрдү тиктирип, чыгаан усталарды жыйдырып, аларга балкачы, көөрүкчүсүн кошуп, жоокерчиликке керектүү шаймандарды жасаттырды.

Канаат Бишкек уездиндеги чогулушка катышып келгенден кийин ою ордунда болбой, санааркап жүрдү. Уфадан окуган Ыскак, Бишкектен окуп келген Жапарсадык деген балдарынын, азыраак орусча тил билген Байдаалынын пикирлерин дагы укту. Алар падышанын куралдуу күчтөрүнө каршы найза, кылыч менен чыгуу пайдасыз экендигин айтышты. Мыкты деген молдолорду чакыртып келип, алардын да кеңешин укту.

* * *

Кочкордун күн чыгыш жагындагы болуштуктардагы жашаган көтөрүлүшчүлөр 1916-жылдын 9-августунда Кочкор өрөөнүнүн борборундагы Столыпино селосун курчоого алышты. Нарындан Токмокко чейинки почта станцияларын талкалашып, телеграф линияларынын бир топ жерин иштен чыгарышты, Чүй менен байланыштыруучу көпүрө өрттөлдү. Көтмалды селосу да өрттүн кучагында калды. Столыпинодогу солдаттар жана Нарындан жардамга келген Охалев баштаган отряд бир топ жоготууга учурап, көтөрүлүшчүлөргө туруштук бере албай, алардын капарсыз уктап жаткандыгынан пайдаланышып, ал жердеги келгиндерди өздөрүнө кошуп алып, 12-августтун түнүндө Токмокко качып жөнөштү.

* * *

Эл мал-салын жайлап, эл орунга отурган маалда Кулжабай карыя Канааттын үйүнө келип түштү.

Келген мейманды ызаат кылып, Канаат өзүнүн ак өргөсүнө киргизди. Конокту төргө өткөрүп, алдына кенен дасторкон жайып, дүйүм тамактардан жайнатты. Аркы-беркини айтып, бир аз ал-жай сурашкан соң, сөздү Кулжабай карыя улантты:



Канаат иним, Бишкекке барып келипсиң, сүйлөй отур.

– Ооба, Бишкекке оездун чакыруусу менен барып келдим. Оезго караштуу болуштарды, уруу аксакалдарын чакырган экен.

– Анча чакырган киши чоң маселе баштаган го?.

– Ооба, ал-акыбал жакшы эмес. Ак падышанын ооруктагы жумуштарга адамдарды ала турган жарлыгы чыккандан кийин падышанын бийлигиндеги жер-жерлерде эл тынчыбай, айрым жерлерде козголоң чыгып жаткан экен.

– Андай болсо иш кыйын экен, Канаат иним.

– Ошондой болчудай. Түркстандын жандралысы Куропаткин мырзанын жарлыгына ылайык 220 миң адам ооруктагы жумуштарга тартыла турган болуптур. Биздин Жети-Суудан эле 43 миң адам экен. Мындан бир айча мурда эски Ташкентте бийлик менен жергиликтүү элдин ортосунда кагылыш болуп, бир топ адам каза болду дейт. Оездун башчысын өлтүрүшүптүр.

– Анда чатак болгон экен. Орусия бийликтери калыстыгын кылса, мындай иштер болмок эмес. Бул аябай өрчүп, шишиги толгон жарадай жарылып тургандагысы. Сен анда кичинекей баласың. Менин дагы жаш жигит кезим эле. Билип калдыңбы, билбей



калдыңбы, Төрөгелди атаңды Токмокко чакырып барып, ыза-кордук көргөзгөндө, бүтүндөй сарыбагыш катуу кейигенбиз. Калайык калк көтөрүлүп, Токмокко аттана турган болгондо Төрөгелди атаң өзү тыйып койгон. «Орус бизди журт кылбайт экен го» деп, карыялар күмөн ойдо калышты эле. Андан он беш жылча өтүп-өтпөй Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү сарыбагыштын эсенгул тукумун, Кичи-Кемин, Чоң-Keминди жайлаган черикчи, эсенгул уруктарын Кочкорго сүргөндө, мында бир нааразы болгонбуз.

– Ээ Кулжабай аба, бүтүндөй Фаргана өрөөнүнө таанымал, эл-журтка кадыр-барктуу Алымбек датка менен Курманжан датканы жакшы билесиз. Ошолордун көргөн күнүн айтпайсызбы. Улуу уулу Абдылдабек «элим, жерим» деп жүрүп, чет жерде каза болду. Кичүү уулу Камчыбек жалган жалаа менен энесинин көз алдында дарга асылды. Датканын калган уулдары деле кенедей жакшылык көрбөй, түрмөгө камалды. Ошолорду көрүп, билип турган Анжыяндык туугандарыбыз деле жөн жата турган эмес.

– Көлдүк тууганларыбыз канте турган? Алар да жөн жатпас.

– Ээ Кулжабай аба, алар кайдан жөн жатсын. Аларды да тоо-ташка сүрүп таштаса... Жашоо күндөн-күнгө кыйындаса. Жөн жатабы?!.



Анын туура, Канаат иним. Илгери Балбай баатырдын да жанын жөн койбой койгондо Текеске көчүп кеткен. Бузуку адамдардын жардамы менен кармашып, Верныйдын түрмөсүнө камашып, акыры көзүн тазалашкан. Укканыбызга караганда баатырга күчтүү уу берген деп жүрүшөт. Ал ал бойдон калсын. Кийин эле кереметтүү көл жээгинен далай элди зордук менен Ат-Башыга көчүргөнүн өзүбүз көрүп-угуп жүрбөдүкбү.

– Кулжабай аба, башканы коелу, өзүбүз эле көрүп турган нерсе. Сөөк менен Кара-Булундун ортосундагы жерди айтпайсызбы. Эмне деген гана жер. Орустун байлары кыштак салат деп, бөлдүрүп коюшту. Биздин элге мал-жаныңар баспасын деп тыюу салып койду. Кокустан бирин -эки мал-салы кирип кетсе, кармап алып айып салчу болду. Айыбын мындай коелу, бала-бакыраны күн көргөзбөй уруп-сабаганычы.

– Анын чын, иним, өз көзүбүз менен көрүп жүрбөйбүзбү. Эл жалаң арпа токоч жеп, арпа жарма ичип, кесме жасоого буудай ун издеп, ат менен Шамшынын белин ашып, Токмокко чубап, аябай азапты тартып, падышага көпчүлүк эл наaразы болуп турган учуру. Өзүң ойдө төмөнүн таразалап көр, иним.

– Ээ Кулжабай аба, өзүңүз жакшы билесиз. Келгиндердин биздин жерге келе баш-

таганына 50 жылга жетээр-жетпес убакыт болду. Кереметтүү Ысык-Көлдүн, Сары-Өзөн-Чүйдүн, Кең Таластын мыкты деген жерлерин тартып алып, кыштактарын салып салды. Дагы 50 жылдан кийин кыргыз эмне деген күнду көрөт? Эмитен эле баш көтөрө албай калдык. Тилин унутуп, дили бузулуп, дининен айрылып, кой оозунан чөп албаган бир момун бечаранын кейпин кийип калышат ко? Мен ушуга күйөмүн, Кулжабай аба. Мындай кордук менен зордукту көрүп-билип туруп, кандай кыргыз чыдайт?! Түндө эле Чүйдөн кабарчы келди. Ак-Суунун кулактары Асылбаштык 138 кишини балталап эле кырып коюшуптур дейт.

– Я ! Эмне деген шумдук? Ошончо кишини балталап өлтүрүшүптүрбү?

– Ажалы жок 13ү качып кутулуптур. Калганын бакырып, өкүргөнүнө карабай, чочко сойгондой балталап, айры менен сайып өлтүрүшүптүр. Эми алар бизге келип, элибизди кызыл уук кылып жибергенче эле, алакан жайып олтура беребизби!

– Шумдугуң кургур. Деги заман эмне болуп баратат?! Карыя бир азга унчукпай, ойлонгонсуп турду да, Канаатка карады:

– Эми, Канаат иним, эмне кылайын деген оюң бар?

– Ээ Кулжабай аба, калайык калкыбыз кандай кылаардын айласын таба албай, туңгуюкка капталып турган учуру. Ушундай учурда бир жол таап кеткенибиз дурус го!

– Падышанын бийлиги зор. Такшалган салдаттары бар. Замбирек, пуламут менен куралданган желдеттерге жалгыз найза, кылыч менен каршы чыгып кандай болоор экен?

– Алдуу-күчтүү деген Орусиянын өзүнүн абалы жакшы эмес. Немистер менен урушуп, айласы кетип турган чагы.

– Канаат иним, ошентсе да күчтүү күчтүүлүгүн кылбай коебу. Андан көрө бер деген тизмесин берип, жөнөт деген кишисин жөнөтүп койгонуң оң го. Өз балдарыңдын болсо эбин таап, алып калаарсың. Кандай болгон күндө да орусча окуган балдарың бирөөгө кор боло койбос.

– Ээ Кулжабай аба, падышачылык бийликке кошоматымды кылып, коюмду союп, белек-бечкегимди берип, тартуумду тартуулап, кызматын кың дебей кылыш деле колдон келет. Бирок мен келиндей жүгүнүп, кемпирдей бөйпөңдөй албайм. Менин балдарым деле элдин балдарынан артык эмес. Көпчүлүк көргөндү көргөнү дурус.

– Ээ иним, мурунку кадыр-баркыңды кетирбей, эл ичинде багыңа жазган бийлигиңди жүргүзө берсең дейм да.

– Эми болбой калды, Кулжабай аба. Калайык калкымдын көөнүн кыйбай, моюнга зор милдетти албаска чарам калбады. Адилеттик үчүн күрөшкөнүм күрөшкөн.

* * *

Август айынын орто ченинде, 13-август күнү ишембиде Ийри-Суунун түзүнө чогулган Канааттын жоокер жигиттери, Шамшынын белин ашып, Чүйгө бет алышты.

Солдатка башыбызды кессе да барбайбыз, бийликтегилер менен алкажакадан алышып, өлсөк да өз жерибизде өлөбүз дешип, бийликке чындап дили карарып, баштарын бар тобокелге салган жаш жигиттер эле. Алардын мингендери суутулган, ээр токумдары келишкен, мыкты такаланган, тың аттар эле. Канааттын чоң туусун кармап, Арыстанбек уулу Куртка ээрге олчое отуруп, эң алдыда. Анын артынан мылтык менен куралданган 25тей мергенчи жигиттер. Калгандары найза, кылычтарын күнгө жаркылдатып, ээрлеринин кашына айбалталарын илип алышкан. Ата-бабаларынын салтын улап, эл-жерди коргоп калсак деген аруу тилек менен чыгышкан алар, бардык кыйынчылыкка кайыл болчудай. Кийинген кийимдери жупуну болгон менен кийген ак калпактары кызылдуу жүздөрүнө жарашып, бастыргандары шайдоот. Куржундарына эки жумага жеткидей азыктарын салып, эптүүлөрү узак убакытка чейин сактала турган күл азык жасатып алышкан.

Канааттын колу Чүйгө келгенде Шамшы, Тынай, Бурана, Нурманбет эли, ага дагы бир нече болуштуктун элдери, Бишкек уездиндеги Жаныш болуштугундагы казактар дагы кошулушту. Канаатты дагы бир жолу хан көтөрүштү.

Чогулган колдун саны 2000 кишиге жетти. Кегети, Подгорный, Сынташ, Кең-Булуң, Биркулак кыштактарын ээлешти. Эски Токмокту каратышты. Көтөрүлүшчүлөрдүн саны күндөн күнгө өсүп отуруп, 10 болуштуктун эли катышып, саны 5000ге жакындады. Алар Канааттын кызыл туусунун жана болуштуктарга тийешелүү 28 туунун астында биригишип, ата-бабаларынан калган тууларын сыймыктануу менен бийик көтөрүп жүрүштү.

Канаат хан бардык болуштарды чогултуп кеңешме өткөрдү. Алар менен Токмок шаарына чабуул коюунун жолдорун акылдашты. Кимдин колу кайсы тарап менен кирээри, эли кандай жайгашаары, аткара турган милдеттери такталып, акыркы тапшырмалар берилди. Белгиленген убакта селдей каптаган 5000 кол Токмокту беттеп жөнөдү. Негизинен жаш жоокерлерден түзүлүп, агыны катуу дайрадай күргүштөп жөнөгөн бул колду алгачкысында эч нерсе токтото

албачудай көрүндү. Алар уламалардан уккан ата-бабаларынын эл-жерди коргогон эрдиктери эстерине түшүп, өздөрүн сыймык менен алып баратышты. Баарынын тең ойлору эптеп Токмокту каратуу эле. Ошентсе эле Ак падышанын бийлиги кулап, келгиндерден буга чейинки көргөн ыза-кордуктары, тарткан азаптары унутулуп, солдатына барбай, эркин куштай эркиндикке жетебиз деп ойлоп баратышты.

Ак-Сууда жырткычтык менен адегенде өлтүрүлгөн 138 адам, анын эртеси өлтүрүлгөн 517 киши жөнүндө суук кабар бүгүнкү чабуулга кирип бараткан колдун ар бирине угулуп, алардын улуктарга болгон жек көрүү сезими шакардай кайнап, аларды эртерээк жок кылуу керектигин ойлошуп, эгер антпесе кечээки эле күнөөсүз шейит кеткендердин кейпин бүгүн алар да кийип калуу коркунучу бар экендигин ар бири жүрөгү менен туюп, акылдары менен сезип баратышты. Алар бир боорлорунун өчүн алуу үчүн, алардын төгүлгөн каны үчүн кызыл кыргын, кандуу кармашка беттеп чыгышты.

Эркиндик-теңдик үчүн, эл-жер үчүн болгон улуу көтөрүлүшкө Атаке, Сарыбагыш, Жаныш, Тынай, Шамшы, Бурана, Нурманбет, Байсейит, Ысык-Ата,Темир-Болот, Каракече, Шамурза, Абайылда, Курманкожо, Жумгал, Кочкор болуштугунда жашаган



элдер катышышты. Алар ар кайсы жактан, ар уруудан келишсе да, бул жолку тагдыр чеччү чоң салгылаштын алдында улуу-кичүү дебей бир максатта чогулушуп, бир туунун астына биригишип, бир ураан менен «эркиндик-теңдик үчүн» кан майданга катышышты. Боордоштук сезимдери да артып, бирин-бири таанабаса да бири-бирине жан тартып, камын көрүп, өзгөчө боорукер болуп кетишти.



**1916-жылдын 17-августунда Токмоктогу оор абал жөнүндө Түркстан крайынын генерал-губернатору А. Н. Куропаткин согуш министри Д. С. Шубаевге мындай деген мазмундагы телеграмма жөнөттү:**

**«(На) Токмакском участке и Каркары положение остается тяжелым. Сформированы и посланы подкрепления. Число мятежников (в) упомянутых районах все увеличивается. (В) районе Токмак -Пишпек киргизы применяют оптическую сигнализацию передачи сведений о движении наших отрядов. Выгорела третья часть Ивановки. Весь Токмак окружен сплошным кольцом мятежников...»**

***(ЦГВИА, ф. Главный штаб/с, Азиатская часть, оп. 4, 1916 г. , д. 40, л. 257. Заверенная копия.)***



Көтөрүлүшчүлөр Токмок шаарын жана Покровка селосун курчоого алышты. Бирок буга чейин шаарды коргоо боюнча бир катар чаралар көрүлгөн эле. Шаарда жашагандарды, убактылуу келген соодагерлерди мажбурлап алып барышып, терең траншеялар каздырылган. Көчөлөргө атчандар кирип келбес үчүн арабаларды туура токтотушкан. Теректерди кыйып келишип, тосмолор жасалган эле. Бул убакта Верный шаарынан казак жүздүгү пулемету, 70 жөө аскеринен турган подъесал Бакуревичтин жазалоочу отряды келип, шаарды коргоого жетишип калды. Аларга уездин начальниги Ф. Г. Рымшевич тарабынан тез арада түзүлгөн ар бири 100 мергенчиден топтолгон эки дружина, 150 атчандар жардам берип жатты. Мындан сырткары түнкүсүн ыктыярдуулардан түзүлгөн отряд коргоп турду.

Көтөрүлүшчүлөр 14–22-август күндөрү эртең мененден кечке чейин чабуул жасап турушту. Ошентип алар он чакты күн Чоң Токмокту камап, ала албай жатышты.

18-август күнү көтөрүлүштүн жетекчилерин, болуштарды Канаат кан чогултту. Баары келишип, жайланышып отургандан кийин хан сөздү баштады:

– Урматтуу мырзалар, эл жакшылары. Силерди өтө маанилүү маселе менен чакырып отурамын. Токмокту 4–5 күндөн бери

камап турабыз. Булар катуу коргонушкан экен. Ала албадык. Аракетибизден натыйжа чыкпады. Же колдо күчтүү курал жок. Кандай кылабыз? – деп отургандарга суроолуу карады. Мыктылар бир азга тунжурап отуруп калышты эле, Бектендин уулу Токтосун үн катты.

– Урматтуу ханым, эгер сизге туура келсе, арабыздан бир-экөөнү элчи жиберип, «багынып бер» деп колуна кат жазып берип, Токмоктогу мыкчегерлерге жөнөтсөк кандай болоор экен?

Отургандар дагы унчукпай калышты. Канаат кан ордунан турду.

– Урматтуу эл жакшылары, Токтосун мырзанын айтканы эп болуп турат. Бирок кимди жиберебиз?

– Алардын тилин билбесе, кандай болор экен?– деди дагы бирөө.

– Кеп анда эмес. Кеп башкада. Аларда тил билген ногой, сарттар бар. Андан көрө ылайыктуу киши табалы.

– Моңолдор Чынгышбай ажыны жиберсек кандай болоор экен?

– Чечей Субан ажы ылайык болоор.

Отургандар ары талашып, бери талашып, Канаат канга караштı эле, ал мындай деди:

– Субан ажы эмне дээр экен? Өзүнөн жооп угалы, – деп ага карап калды.



– Урматтуу мыктылар, мен эмне демек элем. Дин мусулман үчүн, элим үчүн кызмат кылуудан тартынмак белем. Мен барганга даярмын.

– Анда эмесе кат даярлайлы, мырзалар.

Кат тааныган Муратаалы уулу Мамбетаалы жана Жаркымбай уулу Мыктыбек баш болгон бир тобу кат жазууга киришти.

«Канаат кандын жарак-жабдыгы менен куралданган нечен миң аскери бар. Силер курчоодосуңар. Бекер кан төгүшпөйлү. Ыктыярыңар менен карап бергиле. Болбосо башка чараларды көрөбүз. Өз азабыңар өзүңөрдө» деген маанидеги катты даярлап, ал жерде отурган болуштар колдорун коюп, мөөрлөрүн басып, Субан ажыны аттантып жиберишти.

Ал катта Канаат хандын бир нече миң аскери бар экендигин, бийликтегилерден курал жарактарын таштап, кан төгүшпөй, ыктыяры менен багынып берүү талабы айтылган. Эгер талап аткарылбаса бардыгы жок кылынаары эскертилген.

Канаат хандын колу жөнүндө так маалымат ала албай айласы кетип турганда Субан ажынын өзү барып кабылышы табылгыс иш болуп калды. Субан ажы шаарга жакындаганда кароолдо турган солдаттар дүрбү менен анын колундагы ак желекти көрүшүп, сүйүнгөн боюнча экөө эки жагы-



нан чыгып, бири жетелеп, шаардын ичиндеги чоңдоруна жеткиришти. Алар 80 жашка чыгып калган карыяны аябай кыйнап сураса да, Канааттын колу жөнүндөгү маалыматты айтпай койду. Подьесаул Бакуревичтин командасындагы Отарск жазалоочу отряддын алдында түзүлгөн аскердик талаа соту Субан ажыны асууга өкүм чыгарды. Ошентип башка аргасы калбаган соң, улгайган адамдын өзүнүн көзүн тазалап салышты. «Элчиге өлүм жок» деген салтты да эске алышкан жок. Бир аз мылтык менен куралданган, калганы айбалта, найза, чокмор менен куралданган жоо тараптын абалын болжолдоп билишкен соң, жүрөктөрү ылдыйлап, Верныйдан келе турган жардамды күтүп, аз болсо да тынчып калышты.

Катка жооп болбогон соң, 20-август күнү көтөрүлүшчүлөр пулеметтун жамгырдай жааган огунан жалтанбастан, үч жолу чабуул жасашты.

Канаат кан бардык болуштарды, жоокер башчыларын чогултуп алып мындай деди:

– Урматтуу аксакалдар, эл бийлеген журт жакшылары. Токмоктун чоңдорунан жооп болбоду. Келгенибизге он күндөн ашып кетти. Жиберген катыбызга маани бербеди. Мындан ары аткара турган иштерди акылдашалы деп олтурам. Кандай дейсиздер?



Чогулгандар эмне деп айтаарын билбей, кыйын-кысталыш кезде бир ооз кеп-кеңеш айтканга жарабай, баштарын ылдый салып, тунжурап отурушту. Бир топтон кийин жандарышып, улам бири сөз сүйлөй баштады:

– Бу тажаал оңой менен багынып бербейт ко?

– Булардыкындай күркүрөгөн курал-жарагыбыз болсо эчак эле алып койбойт белек.

– Баштаган ишти таштаганыбыз болбойт. Аягына чыгышыбыз керек. Антпесек эртең эле баш көтөрсө, элибиздин баарын кызыл уук кылат.

– Буларга ишенип кереги жок.

– Буларга ишенген үчүн ушул күнду көрбөдүкпү!

Маселени бир топ талдап, талкуулап чыккандан кийин, дагы бир жолу чабуул жасоону туура табышты.

Он күндөн бери Токмокту ала албай турган 5000 кол дагы бир жолу аттанып, селдей каптап кирди. Жер силкингендей, ушунча колдун туяктарынан чыккан чаң асманга көтөрүлүп, күндүн бетин каптап калгандай болду. Шаарды коргоп тургандар айлалары кетип алактап коркушуп, бирок берилген тапшырманы аргасыздан аткарып, көтөрүлүш чыгаргандарга окту тынбай жаадырып турушту. 22-августта таңга жуук, Ташкенттен жетип келген подполковник Гейциг-

дин отряды пулеметтун, артиллериянын күчү менен көтөрүшчүлөрдүн мизин кайтарды. Ажал отун бүрккөн пулеметтун огунан алдыда чаап бараткан жигиттер чалгы менен чапкан чөптөй, жал-жалп этип жерге кулап жатышты. Алардын артынан бараткандар тизгиндерин жыя, акыл-эстерине келгендей кайра тартышты. Мурдагы жер кучактап жыгылгандардын абалын көргөндөр, пулеметтун үнүнөн жүрөктөрү түшүп калгандар биринен бири өтүп, аттарына камчы уруп, кайра тартышты. Артынан кууп жетип, алдыларына тура калган Аалы үнүн бийик чыгарып, элге кайрылды:

– Ой эл-журт! Эмнеге качасыңар? Качып жүрүп кай муратка жеттик? Энеден туулмак бар, өлмөк бар. Намыска келели. Кул болуп, күң болуп жүргүчө, кармашып жүрүп өлгөнүбүз оң эмеспи!

Турган көпчүлүк тунжурап бир азга туруп калышты эле, Бакытайдын Сулайманы:

– Ой айланайын эл-журт, ар-намысыбыз кайда кеткен. Башыбызды катып, жаныбызды сактап жүрө беребизби. Качкан да кудай дейт, кууган да кудай дейт, багыбыздан көрбөйлүбү. Кармашып жатып өлбөйлүбү, – дегенде бир топ жигит дуулдаган бойдон аны кубаттап кетишти.

– Айланайындар, эл-жер үчүн, – деп Аалы атынын башын буруп, камчы салып,



найзасын сундуруп, солдаттарды бет алды. Анын артынан ак тон, зоот кийген Бакытайдын Сулайманы жөнөдү эле, намысына чыдабай бир топ жигит артынан кетти.

Атына улам-улам камчы урган Аалы пулемет атып жаткандардын бирөөн найза менен уруп өттү эле, анысы бакырган бойдон чалкасынан кетти. Аалы андан ары чаап, солдаттардан буйтап кетээр мүмкүнчүлүгү болсо да антпеди. Кайрылып экинчи пулеметчүнү качырып сала берди эле, капталынан качырган солдаттар аткылап киришти. Ок тийген ат оңкосунан түшүп, Аалы аттан кулап түштү. Колундагы найзасы ыргыды. Ордунан тура калып, найзасын ала коюп, пулеметчүнү качырып сала берди. Ары жактан чуркап келген солдат тапанчасы менен көкүрөк тушуна атып калганда, Аалы көмкөрөсүнөн кулады. Бакытайдын Сулайманы качырып келип, ал дагы бир солдатты сайып өттү эле, капталдан чуркап келген солдат Сулайманды жазы маңдайга атып жибергенде, ал да атынан оон түштү. Окуянын мындай болоорун күтпөгөн солдаттар бир аз алысыраакта маңдайына келип калган жигиттердин караанын көрүп, сүрүнө туруштук бере албай, артка чегиништи.

Пулемет салган машинасына да карап коюшкан жок. Эки орто ээн калды. Бир топтон кийин шаардан бир топ солдат чыгып,



өлгөн солдаттарын салып, машинасын айдап, шаарга кирип кетишти. Ушундай учурдан пайдаланып, көтөрүлүшчүлөр Аалы менен Сулаймандын ок тийип, кылыч жараланган денелерин алып, ак кепиндеп, аруу жууп, сый-урмат менен акыркы сапарга узатыш үчүн туулган жерине алып кетишти.

– Аттиң ай, илгерки убактагыдай ат үстүндө алка-жакадан алышып, маңдай-тескей болушуп, найза менен сайышып, айбалта менен чабышкан убак болсо эмне! – деп, күчкубаты толуп, билегинде күчү, жүрөгүндө оту бар жигиттер өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ойдогудай пайдалана албаганына катуу наараазы болуп баратышты.

Катар турган солдаттардан жазганбай, миңдеген жазыксыз, куралсыз элге кыпкызыл ажал бүркүп турган пулеметту бет алып, найза менен качырып кирип барыш, куралчан солдатты жайлап салыш эпсиз эрдик эмей эмне!. Ала-Тоонун арасында төрөлүп, асманда учкан куштай эркин өсүп, чоңойгон, ата-бабасынан бери баатырдык менен айкөлдүк канында ойноп, нечен кылымдардан бери сакталган, ажалдан кайра тартпаган алгыр бүркүттөй болгон кыраан жигиттердин гана колунан келчү, сейрек кездешүүчү баатырдык эмеспи.

Жамгырдай жааган октон, качырып барып, каптап кирсе аман калаарын, же чилдей тарап, туш-тушка качса кутулуп кетээрин билбей, ажал алкажакадан алып, айлалары алты кетип, эмне кыларын билбей далдырап турган көпчүлүктүн ичинен суурулуп чыгып, кайрылып тирүү келбесине көзү жетип турса да, ар-намысы козголуп, жанкечтиликке барып, элдин маанайын көтөрүп, аларды кызыл кыргындан аман сактап калган мындай кыргыздын эр жүрөк, азамат уулдарынын ченемсиз баатырдыгы кылымга жакын убакыт өтсө да аты аңызга айланып, эл оозунда сүймөнчүлүк менен айтылып кала бермекчи. Алардын бул эрдиги дагы далай мезгилге чейин айтылып кала беришине, өсүп келе жаткан жаш муундарды эрдикке үндөп, тарбия-таалими тийээрине эч күмөн кылууга болбойт.

Күчтүү куралданган баскынчыларга каршы бир аз түтөтмө мылтык, найза, кылыч менен каршы чыгыш албетте кыйын эле. Бирок нечен кылымдардан бери жашап келе жаткан, ата-бабалардан калган асыл жерди сактап калууга, аларды баскынчылардан бошотууга болгон аракет баарынан жогору эле. Жоготууга учурап, чалгы менен чапкандай көптөгөн адамдар жер кучактап, бул жашоо менен түбөлүк кош айтышып жатышса да, жалтанып, коркуп койбой, дале болсо Канаат хандан кандай буйрук болот деп, күтүп жатышты.

Эмне кылаарын билбей, кандын буйругун күтүп турган көпчүлүктү, Канаат хан ажал отун бүркүп турган пулеметтун огуна кайра айдоону туура көргөн жок. Эки жактан жардам да, кат-кабар да болбоду. Казак туугандардан да кабар келбеди. Алардын деле акыбалы кыйындай. Бул убакта Атаке болушундагы эл Кеминден сүрүлүп, Тоңду бет алып калышкан эле.

Анын үстүнө мурда мындай кан төгүлгөн кармашты көрбөгөн, аскер ишине такшалып, тартибине көнбөгөн беш миңден ашык жоокерди душмандын огунан кыйрап, өлүп жаткандарды көрүп туруп, кайра өлүмгө айдоо кыйын эле.

– Атаңдын көрү ай-йа, бири кем дүйнө деген ушул тура. Бир-эки замбирек менен пулеметубуз, согуш өнөрүн билген билимдүү бирин-эки жигитибиз болгондо Токмокту эчак эле алып коймок экенбиз. Замбирек болбосо да, жетиштүү санда тез атаар мылтыктарыбыз болгондо эмне? Оттон, октон тартынбаган мыкты жигиттерибиз турганда кыргыз кантип бирөөгө кор болсун. Падышанын солдаттарынан биздин азамат жигиттерибиздин эмнеси кем? Кантели,курал жарактын жоктугу кендирди кеспедиби!-деп Канаат хан Токмокту карап бир аз турду.

Ал ушул убакта өзүнүн алсыздыгына, күчсүздүгүнө, ойлогон оюнун өтөөсүнө чыга



албай турганына, калайык калктын милдетинен кутулуп, аларды эркиндикке, теңдикке жеткирип, укугун алып бере албаганына катуу кейип, оор үшкүрүп алып, атын мойнуна чаап, тоо тарапты беттеген элдин артынан жан-жөкөрлөрүнүн коштоосунда бастырып жөнөдү.

Куралсыз элди ар кайсы белден, жолдон тосуп алып кыргын саларын ойлогондо Канааттын заманасы куурулуп кетти. Көтөрүлүшчүлөрдө барданке, милтелүү мылтыгы 40тан ашпаган. Бул убакта Ташкенттен кошумча күч келип калган мезгили эле. Ошентип топтолгон кол пулемет, артиллерия жана жакшы курал жарактар менен куралданган, аскер өнөрүн үйрөнгөн, мурда мындай кан төгүлгөн кармашта такшалган солдаттарга туруштук бере албай, Шамшынын белин ашып, Кочкорду көздөй качууга аргасыз болушту. Кыргызга белгилүү Жантай кандын неберелери, Шабдан баатырдын уулдары да жардамга келе алышпады. Алар да ыңгайына карап, тез эле Кытай тарапка бет алып кетүүгө аргасыз болушту.

* * *

Көтөрүлүшчүлөр Кочкорго жетип, баш аягын жыйнаганча, жазалоочу отряд артынан кууп жетти. Эки тарап беттешип, атышуулар башталды.



Бул убакта Жумгал тараптан коюу чаң чыгып калды. Мурдагы убадалашкандай Жумгалдан келаткан Көкүмбайдын колу экен деп ойлогон көтөрүлүшчүлөр демденишип, кармашка катуу киришип, жазалоочу отрядды жапырып кирип, бир тобун чыгымга учуратып жиберишти. Тилекке каршы андай болбой калды. Бул Ташкенттен келаткан Бобровдун отряды эле. Алар беттешип жаткан эки тарапты көрүп, жагдайды түшүнүшүп, Ак-Учуктун сайына кирип, караганчерге далдаланышып, Канааттын колун арка жагынан куушуруп кирди. Эки тараптан кирген куралдуу күчкө туруштук бере албай, Канааттын колу тоо тарапты беттеп качып жөнөштү.

Көтмалдыдан чыккан Силинконун отряды, Нарындан чыккан Бурзинин отряды жетип келди.

Силинконун отряды мурдараак келген Чүйдөн келген отрядга кошулуп, күңгөй тарап менен, Орток, Күмүшай, Ак-Кудук, Сары-Ала-Саз, Ак-Белге качкан элдин артынан түшүштү. Кууугунчулар жарадарларды да кылыч менен чаап, мылтыктын канжары менен сайып, жанталашып, бакырыпөкүрүп, жансоогалаганына карабай мыкаачылык менен өлтүрүп баратышты. Жол боюна өлүктөр дөбө болуп үйүлүп, ат менен бастырууга мүмкүн болбой калды.



Жумгалдан келген отряд Нарындан келген Бурзинин отрядына кошулуп, Кара-Мойнок, Сөөк өйдө качкандарды кууп, Ийри-Суу, Бучуктун-Белин беттеп качкандарды кырып баратышты.

Канаат эки жыл мурун Талаа-Булактын аягына өзүнүн каражатына асты тактайланган, үстү тунуке менен жабылган, он бөлмөлүү медресе салдырып, Уфадан окуп, диний жогорку билим алган мугалимдерди алып келип, балдарды окуткан. Алардын ичинде өзүнүн уулу Ыскак да болгон. Медресенин класстарына парта коюлуп, карталар илинип, сабак жаңы ыкма менен окутулуп, эсеп, география, табият таануу, тарых, тил сабактары өтүлгөн. Алыстагы кыштоолордон, айылдардан келген балдар үчүн жатакана уюштурулуп, окуган балдардын саны жүздөн ашкан.

Ошол мектептин тушуна келгенде отряддын командири солдаттарды токтотту. Өңү бузулуп, каары сыртына чыгып кетти. Анын бул абалын жанында келаткандар да адегенде анча түшүнө алышкан жок. Жанындагы тилмечтен бул заңкайып турган имараттын жайын сураганда, ал медресе деп жооп берди эле, ого бетер жинденип кирди.

– Тигини, балдарын окутуп, билимдүү кылгысы бар булардын. Караңгы кезинде кылганы бул, кат-сабаты жоюлса, чекеге чыккан чыйкан болот. Тезинен өрттөгүлө.

Ээн жердеги бул заңгыраган көркөм имаратты өрттөгөнгө солдаттардын алгач колу барбай турса да, командирдин буйругун аткарбаска чарасы жок эле. Заматта кып-кызыл жалын көккө алоолоп чыгып, кашыктап чогултулган оокат чөмүч менен чачылгандай, көп каражат кетип, нечен мээнет менен салынып, элдин кат-сабатын жоюуда чоң милдетти аткарып келген медресе өрттөнө баштады.

Бир аз мурда эле аппак болуп заңгырап турган аппак имарат капкара көө болуп, быкшып, түтөп жатты. Канаат кандын мээнети текке кетип, элдин сабаттуу болушуна карата ойлогон асыл ою суу сепкендей басылды.

Ак-Бел жактан тоскон солдаттар элди кырып киришти. Кыргоонун коктусуна жетип калганда Төлөмүш чалдын ышкындай болуп, жаңыдан бой тартып келаткан өспүрүм баласына ок тийди. Жалгыз баласынын «апа» деп бир кыйкырган ачуу үнүн уккан бечара энеси аң-дөңдү карабай, алдастап шашып, бирде жыгылып, бирде туруп, эптеп жетип, бакырып барып, уулун басып жыгылды.

Ачууга алдырып, жанына таш батып, заматта акыл-эстен ажырап, өзүн жоготуп, эки бетине тырмагын салган кемпир уулунун бети-башынан өпкүлөп жатып, анын да, өзүнүн да бети-башын кызыл-ала кылды.



Он ай көтөрүп, омурткасы сыздап төрөгөн, төрөгөндө да азап-тозокту аябай көрүп, ары барып, бери келип, эптеп төрөгөн уулунун өмүрүн, эл ичинде аман-соо жүрүүсүн эртели-кеч тилек кылар эле. Бечара кемпир жансыз денени кучактап, ок балага тийбей эле өзүнө тийгендей бүткүл денеси от-жалын болуп өрттөнүп, ичинен кара кан өтүп, боздоп ыйлап жатты:

– Оо жүзүкаралар, ушул бармактай балада эмне күнөө?

Улуп-уңшуп бир азга отурган соң, эсине келгендей баланы аярлай жерге койду да, ордунан туруп, кууп келе жаткан солдаттарды утурлай басты. Жаңыдан көгала болуп келаткан чачтары саксайып, далысына жайылып, бети-башы кызыл жаян кан болуп, өңгүрөп ыйлап, башка кылар айласы жок, жерден эки колуна эки муштумдай таш алып, жок дегенде таш менен уруп, канкорлордон өчүн алчудай болуп баратты.

Ар кандай жакшылык менен жаманчылыкта, жонду баскан жокчулукта бирөөнүн көңүлүн калтырбаган, бирөөгө өйдө карап, жаман айтпаган, өз жашоосу, өз оокаты менен өзү болгон бул аял заты, учурда азуусун айга бүлөгөн арстан, жолборс алдынан чыкса да, тайманбай барып, кан төгүшүп, кармашууга даяр эле.

Өмүр менен өлүмдүн, тирүүлүк менен бул дүйнөдөгү жашоонун баа-баркын али жак-



шы түшүнбөгөн куугунчулар, алыстан эле ок чыгарышып, маңдайында далдырап турган курал-жараксыз, ал-күчтөн тайып, күйүткө белчесинен батып, асмандагы жаркырап тийип турган күнү жерге түшүп, бул жарык дүйнө заматта көөдөй түнгө айланып турган, алсыз, бечара кемпирди да атып өлтүрүштү.

Жаны ачыган Төлөмүш:

– Атаңдын гана оозун урайын, жан алгычтар, эми аянар жерим калган жок,– деп арыраактагы кара ташка түтөтмө мылтыгын оңтойлото арта салып, солдаттардын эң алдында алкынган каракашка аргымакты минип, жараткан ага бул дүйнөнүн бардык бийлигин жеке энчилеп бергендей, өзгөчө текеберленип, «опол тоодой» көрүнүп,"аткыла, кыргыла» деп буйрук берип келе жаткан командирин көпкө мээлеп жатып, «кудай бере гөр « деп кудайга жалынып, ачуу менен катуу күйүттөн калтырак баскан колу менен мылтыктын машаасын басты. Өзүн башкалардан жогору сезип, жан айласы кылып, жан алгычтардан жанталаша качып келаткан күнөөсүз элди кырып-жоюуга буйрук берип келаткан командирдин өзүнө ок тийгенде аттанооп түшүп, бир буту үзөңгүгө илинип, сүйрөлгөн бойдон калды. Андан үрккөн семиз ат сүйрөлгөн ээсин башка-көзгө кош аягы менен тепкилеп, ээн талаада ток-



тобой, ары-бери жүгүрүп жүрдү. Баягы чогуу келаткан солдаттар командирине карап да койбой, кайра артына качкан бойдон кетишти. Аягында үзөңгүсү үзүлдүбү, же буту үзөңгүдөн чыгып кеттиби, башы жанчылып, мээси туш-тушка чачырап, көздөрү бултуюп чанагынан чыккан офицердин семиз денеси топуракка боз ала болуп жатып калды. Ошондо гана эки таноосун дердендетип, айбан да болсо ээсинин канга чыланган денесин көрүп, коркконунан кошкуруп, кара терге чөмүлгөн аргымак калчылдап туруп калды.

Төлөмүш абышка жетип барып, командирдин атын суулуктан кармады. Беш атар мылтыгын, тапанчасын, кылычын, сырт кийимдерин сыйрып алмакчы болду эле, сүйрөлүп жүрүп, тапанчасынан башкасы эчак керектен чыгып, жараксыз болуп калган экен.

«Айла жок, болбосо чырактай болгон жалгыз уулум ушул жаман өлүү оокаттын куну болот беле?!» – деп, жаштайында жайраган баласын кучактап, дарылдап ыйлап кирди.

Абышкага буга чейинки жыргалы менен кууралы бир тең эле. Карып-арыганда кан какшатып таштап кеткен баласынын күйүтү бир тең эле. Азыр ага баары бир болуп, мындан аркы жашоосунан кечип турду. Куу-

гунчулардан качып, жанын сактап, качкындарга кошулууну ойлоп да койгон жок. Жаралуу жолборстой көзүн кызартып, жайнаган солдат келсе да, ордунан козголчу түрү жок. Колго түшкөн тапанчаны оңтойлотуп, жанына коюп койду.

Узак жылдар бою кемпири менен жашап, бала көрбөй, дүйнөдөн тукумсуз өтүп кетемби деп кудайга беш убак зарлап жүрүп, баланын наристе жытын аңсеп, кадырын билип, баркын түшүнүп калган мезгилде ушул уулун көргөн эле. Эми минтип ал-күчтөн тайып, карып-арыганда бага турган, көрө турган жалгыз баласы канкорлордун колунан каза таап, узак жылдар бою жаман-жакшыны бир көрүп, жарты нанды бөлө жеп, бирге жашап келген кемпиринен айрылып, белде жалгыз калып, улуган бөрүдөй, жанында көңүл айтып, кой-ай деп коер бир жан жок, сакалынан ылдый жашын куюлтуп, бакырып, өкүрүп, өңгүрөп ыйлап жатты.

* * *

Каракол, Бучук, Ак-Белде канкорлордун колунан каза тапкандардын саны 1200дөй болду. Өзгөчө Бечелдин бейити менен Күмүшай-Булактын ортосундагы кырылган адамдын санын эсептөөгө мүмкүн эмес эле. Айлананын баары таз жоруларга толуп кетти.



Өлгөн адамдарды кызыл-ала кылып, ичин жарып, этине аябай тоюп, жакындап барган адамдан качып, учуп кете албай майпаңдап араң басып, койдой жайылып жүрүштү. Алар бийик аска-зоолуу тоолорду ашып, нечен кумдуу чөлдөрдү, мейкин талааларды басып, белгисиз тараптан келишкен, аябай ачынып калган таз жорулар эле.

Кырылгандан калган эл төр-төрдүн башындагы зоокаларды маанек кылып, жашынып, жашоо өткөрүп жатышты. Айрым тыңыраак жигиттер колдо калган, мингенге жарактуу аттарды минип, Ийри-Суунун түзүнө түшүп, ээлери таштай качкан, ар кайсы жерде талаалап калган бирин-эки койкозуларды таап келип, бала-бакырасына азык кылып, өлбөстүн күнүн көрүп жатышты. Элди оору каптады.

* * *

Ген(ерал)-адьютант Куропаткин 11-августта жиберген телеграммасында бардык жазалоочу отряддарда жана областтын уездик шаарларында (Аскер-сотунун уставынын 139-статьясынын 8-тиркемеси) аскер-талаа соту жөнүндө эреженин негизинде туземдиктердин көтөрүлүшү жөнүндөгү иштерди карoo үчүн талаа сотторун түзүүгө уруксат берилген эле.



Бүгүн аба ырайы өзгөчө бузулуп турду. Аркыраган шамал этек-жеңди үзүп кетчүдөй. Жазалоочу отряддын солдаттары колго түшкөндөрдү Бар-Булактын коктусуна камап, өзгөчө сактануу менен туш тарабына карoолдорду коюшту. Орус армиясынын ченин тагынган офицерлер майрам күнкүдөй өзгөчө асем кийимдерин кийинишип, бойлорун түзөп зыңгырашып, маңдайында турган элди мыскылдай карашып, көпчүлүктүн ортосунда кербезденип турушту. Алар менен элдин ортосун бөлүп, куралдуу солдаттар казганактап, ары-бери жан өткөрбөй тизилип турушту.

Ыскак менен Айылчыны көпчүлүктүн алдына мурда орнотулуп коюлган дардын жанына алып келишти. Аскер-талаа сотунун өкүмү адегенде орусча окулду. Андан соң тилмеч кыргызча которду. Өкүмдө мындай деп жазылган эле:

**Мамлекетке чыккынчылык кылгандыгы жана куралдуу көтөрүлүшкө катышкандыгы үчүн Ыскак Канаатов менен Айылчы Кожомкуловду күнөөлүү деп тапты. Ошондуктан жоопкерчиликке тартуу жөнүндөгү Уставдын 262 жана 263-статьясына жана Аскердик уставдын жоопкерчиликке тартуу жөнүндөгү 279-статьясына ылайык бардык үй-мүлкүнөн ажыратып, дарга тартуу аркылуу өлүм жазасына тартылсын. Кол койгондор:Соттун төрагасы войсковой старшина Волженцев жана мүчөлөрү:подполковник Олейников жана есаул Кочкин.**

***(ЦГИА КазССР, ф. Прокурор Верненского окружного суда, оп. 11, д. 2140 а, л. 11. Копия)***



Падышачылык армиянын ал жерде турган офицерлери өздөрүн сөөлөттүү кармап, мыйыктарынан жылмайышып, карапайым караңгы элге сүрдүү да, шылдыңдай да карап турушту. Ыскак өмүрүнүн акыркы мүнуттарында да кабагым кашым дебей, жазалоочуларды жек көрүү менен карап, кубарып, кумсарып,эрдин кесе тиштеп турду.

Баарынан мурда ал маңдайында бир жагынан коркуп, бир жагынан ыйлап жиберчүдөй болуп жалдырап турган мотурайган балдарды көрдү.

Өзүнүн балалыгы, кийин окуган учуру, медреседе сабак берип жүргөн мезгили көз алдына тартылды. Баарынан өкүнгөнү, ошол балдар тийешелүү билим алса, эл керегине жараган азаматтардан болуп, элге кызмат кылса деп тилек кылаар эле. Бирок... Медресени жазалоочу отряддагылар кызыл жалын кылып, өрттөп жиберишкен эле. Ордунда кирпичтен салынган дубалдары калып, кара күйүк тартып, көргөн адамдын зээнин кейитип, жүрөгүн түшүргөн абал-

да калган эле. Ал эми өзү болсо билимин, жөндөмүн элге арнап, кызмат кыла турган мезгилде, минтип жаштайында жайраганы отурат.

Экөөнү дардын жанына алып келишти. Жан алгычтын колунан тирүү чыкпасын түшүнгөн экөө кучакташып, бири биринен кечирим сурап турушту. Андан соң Ыскак боюн түзөп, элге каргылданган үнү менен кайрылды:

– Оо айланайын калайык, эркиндик үчүн күрөшсөм, элге кызмат кылсам деп ойлодум эле, бирок тилегиме жетпедим. Кошкула, кагылайын элим!

Моюндарына сыйыртмакты салышып, катар турган дөңгөчтөргө тургузушту. Көз ирмем убакыт өткөрбөй эки дөңгөчтү жыга тээп салышты эле, асылган дене бир аз тыбырчылаган болуп, андан соң жансыз денелер арканга салаңдап калды.

Мурда мындай шумдукту көрбөгөн карап турган эл чуркурай түшүштү. Көпчүлүктүн арасынан 6–7 жашар бала томпоloңдоп чуркап барып, «атакелеп» ыйлап, Ыскактын бутунан кучактап калды. Кулундай чыңырып ыйлаганына болбой эки солдат сүйрөгөн боюнча элдин арасына алып барып таштады эле, ага да болбой томполоңдоп чуркап келип, кайрадан Ысактын али жылуулугу кете элек жансыз денесине жармашты.



Аңгыча болбой көпчүлүктүн арасынан катын-калачтардын кармаганына болбой жулунуп, боздоп ыйлаган жаш келин топтон бөлүнүп чыгып, бийликтин өкүлдөрүн көздөй жөнөдү. Өңү купкуу болуп, берки тургандарды өзгөчө бир жек көрүү менен карап, кечээ эле бөтөн эркек көрүнсө тик карай албай, бөтөн адамга жүзүн көрсөткөндөн ийменген жаш келиндин жоолугу желкесине түшүп, көмүрдөй капкара чачтары далысына жайылып, алдынан аюу-жолборс чыкса да бетме бет чыгып, жара тартып кетсе да кармашуудан кайра тартпачудай кейипте эле. Карап турган солдаттар да кутуусуз бул окуяга дал болушуп, бир азга буйдалышып калышты. Келин баягы менменсинген, кудай-теңирин таанbай кербезденип турган баарынын чоңун жеңине ката келген бычак менен ура турган болгондо, кутуусуздөн мылтыктын үнү чыгып, бүк түшүп жатып калды. Өң алаттан кеткен берки офицер жанында тургандарды айлана качып, денесин билинер-билинбес калтырак басып, бирдеме деп сүйлөөгө алы келбей, бүк түшүп жаткан жаш келинди алыстан карап, үнсүзсөзсүз купкуу болуп туруп калды.

Карап турган кыз-кыркын, катын-калачтар чыдай албай буркурап ыйлап жиберишти. Буга чейинки жоготуулары, көргөн азап-тозоктору бир тең, азыр өз көздөрү ме-



нен көрүп турган көз көрүнөө жан алуу бир тең болуп, маңдайында турушкан баш кесерлерге болгон жек көрүүсү шакардай кайнап, колдоруна берсе тытып-тытып кеткени араң эле турушту.

– Оо айланайын калайык, мындай шумдукту ким көрүптүр?! Бала болуп башыма жүн чыкканы мындайды уккан жок элем. Көз көрүнөө жан алып, буларың Азирейил жан алгыч болуп кетишкенби?! – деп аксакалчан карыя каргылдана элге кайрылды.

– Эй, кара кыргыздар! Кимде ким падышачылык бийликке каршы чыга турган болсо,ушундай жаза колдонулат. Андайларды эч кечирүүгө болбойт! – деп отряддын начальниги момун элдин жүрөгүнүн үшүн дагы бир жолу алып койгусу келди.

Жаратkандан өзгөчө болуп, болгондо да калдайган элдин алдында, жакын туугандарынын маңдайында, үй-бүлөсүнүн көзүнчө, мотурайган наристе балдарды каратып туруп, жапжаш эки жигиттин өмүрүн кыйып, жанын алып тургандар да эртеңки күнү жаратkандын алдында жооп берээрин, мүмкүн жеке өмүрлөрү менен жооп берээрин, мындан кем эмес тагдырга туш келээрин сезбей, кылган иштерине кубанып, кудай-теңирди таанbай өзгөчө кербезденип турушту.



* * *

Октябрь айынын башында Канаат генерал-губернатор Куропаткин Жети-Сууга келет экен деген кабарды угуп, 12-октябрда ага жолугуп, көзмө-көз сүйлөшүп, ал-жайды түшүндүрүп, күнөөсүз элди сактап калуу максатында Шамшынын бели аркылуу Чүй тарапка ашмакчы болду. Бирок белди жазалоочу отряддын солдаттары ээлеп жаткандыгына байланыштуу, кайра артына кайтууга аргасыз болду.

Бул убакта полковник Силинко жетектеген отряд Жумгалдын чоң манабы Курман Лепесовду жана анын уулу Ыскак Лепесовду кыйнап, «Кудаң Канаатты кармап бересиң, болбосо сени да кошо жазалайбыз» деп коркутуп, Ыскакты өздөрү менен кошо алып, качкындардын артынан түшүштү.

– Мени кан көтөргөндө элим үчүн жанымды курман кыламын деп сөз бердим эле. Жалгыз башымды корголотуп, жазыксыз элди кырдырып жибергенден көрө, өзүм барып берейин.

Канаат хан элдин оор абалда турганын, кыйын-кысталыш мезгилге туш болгонун түшүндү. Эртеңки көрөөр күнү айдан ачык белгилүү болсо дагы, бардык кыйынчылыктарды, көрө турган азап-тозокту мойнуна алып, ажалы жетип, күнү бүтөөрүн сезип

турса дагы, башкаларга сыр алдырбай тобокелге салып, кытайга бараткан жолдон кайра кайтып, падышанын желдеттеринин колуна өзү түшүп берди.

Теңдешсиз жоону жеңгенсишип, бийликтин Түркстандагы өкүлдөрү Канааттын бул кылганына сүйүнүчтөрү коюндарына батпай турду.

1916-жылдын 19-октябрында Түркстан крайынын генерал-губернаторунун жардамчысы М. Р. Ерофеев Ички иштер министрлигинин башкаруучусу А. Д. Протопопов мырзага башаламандыкка күнөөлүү адамдарды кармоо үчүн түзүлгөн полковник Слинконун отряды тарабынан башкы козголоңчу Канаат Абукин кармалды деп Ташкенттен Петроградга телеграмма жөнөттү.

Канаат хан шайланып, элдин жүгүн көтөрүп, азап чегип жүрбөй, падышалык бийликке таянып, болуштук даражасын, күткөн байлыгын сактап, бер деген тизмесин берип, жөнөт деген солдатын жөнөтүп, өзүнүн балдарын коргоп, солдаттан алып калганга деле кудурети жетмек. Калайык калкына каршы чыгып, элин-жерин саткан ошол кездеги элбезер айрым болуштардай падышанын кан ичкич желдеттерине кошомат кылып коюн союп, белек-бечкегин берип, тартуусун тартып, келиндей жүгүнүп, кемпирдей бөйпөндөп, кызматын кың дебей аткарып, жүзү-



каралыкка барса, мурунку кадыр-баркы сакталып, туткун болуп, чет жерге айдалбай, аман калып, эл ичинде багына жазган бийлигин буюрган күнгө чейин жүргүзө бермек.

Бирок, калайык калк кандай кылаарын билбей алдастап, туңгуюкка кептелип туңжурап турганда, согуш өнөрүн жакшы үйрөнгөн, такшалган, замбирек, пулемет менен куралданган падышанын желдеттерине найза, кылыч менен каршы чыгуу натыйжасыз экенин сезип турса да, Уфадан, Бишкектен окуп келген балдарынын тилин албай, көпчүлүктүн көөнүн кыйбай, зор милдетти мойнуна алып, караламан элди колдон келишинче, өзүнүн түшүнүгүнүн жетишинче коргоп жүрүп, Верный шаарында түрмөдө жатып, «Мен эл көтөргөн ханмын, мени падышанын өзүнө алып баргыла, же Куропаткиндин өзүнө жолуктургула» деп бейкүнөө кырылгандардын таламын өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин коргоп, алардын адилеттик үчүн болгон күрөшүн ак падышанын өзүнө жеткирем деп, тергөөчүгө сурак бербей жүрүп, 1917-жылы Совет бийлиги орноордун астында 57 жаш курагында желдеттердин кандуу колунан каза тапты. Ошентип ак падышанын бийлик өкүлдөрү «башкы кол башчы жана өзгөчө коркунучтуу козголоңчу» Канаат Абукинден кутулушту.



Боштондук үчүн болгон улуу күрөштө Канаат хандын үй-бүлөсү да азап чегип, чоң жоготууларга учурады. Балдарынын тагдыры эң аянычтуу аяктады. Көтөрүлүштүн убагында өзү менен дайыма чогуу жүргөн уулу Карымбай жазалоочу отряд менен болгон салгылашууда каза тапты. Дагы бир уулу Жапарсадыкты ыгын таап, Бишкектен көзүн тазалашты.

Өтө билимдүү, акылы зирек, эл оозуна алынып, кадыр-баркы арта баштаган Карыпбай деген мыкты уулун узак мөөнөткө түрмөгө отургузушту.

Башсыз, көзсүз калган эл бириндеп, бышып турган эгинин, тапкан-ташыган мал-мүлкүн, үй-жайын, өмүр бою жыйнап-тергенин баскынчылардын колуна таштап, октон жүрөгү калып калган, чоң жоготууга учураган бечара эл жан айласы кылып, өлүмдөн калганы кытайга бет алышты.

Жайылганы жайылган бойдон мал калды, тигилген бойдон чечилбей үй калды, бышып турган эгин орулбай бул калды. Асылган казан асылган боюнча бышып жаткан тамагы менен ал калды.

Айрымдары качпай, тоо арасында жан сактап туруп калышты.

Көтөрүлүш чыгаргандарды жазалоо үчүн түзүлгөн отряддар качкындардын сары изине чөп салып, артынан кууп жөнөштү.



Жеткендерин атып, кырып, мал-мүлкүн, жыйган-терген дүнүйөсүн, үй-жайын тартып алып жатышты.

**Фольбаум Куропаткинге мындай деп телеграмма жөнөттү:**

**«Пржевальскийдин чет жакаларында үч жүз миңден ашык мал топтолуптур. Кочкорго топтолгон малга сан жетпейт, санагандар жүз миңден жатышат. Токмокто мындан азыраак мал топтолду. Жумгалдагы жана Кочкордун чыгыш тарабындагы Алабаш өрөөнүндөгү отряддардын мындан аркы аракеттери жакшы болот. Алар козголоңчулардын чордонуна мындан да чоң тополоң-тоз салат, малдын санын дагы көбөйтөт».**

***(Кыргыз маданияты, №34, 1991-жылдын 22-августу)***

## 6-БӨЛҮМ

## ВЕРНЫЙДАГЫ ТАГДЫР ЧЕЧҮҮ

Ошентип кылымдардан бери кыргыздар жашап келген Сары-Өзөн Чүйдүн, керемettүү Ысык-Көлдүн, Кочкор, Жумгалдын бир топ жерлери энесинен ажыраган баладай томсоруп ээн калды. Көктөн издегени жерден табылып, көз көрүнө кудай берип, ак падышанын жер-жердеги бийлик өкүлдөрү көптөн бери ойлоп келе жатышкан сасык ойлорун турмушка ашырууга кирише башташты.

1916-жылдын 16-октябрында Верныйда Түркстан крайынын г-н генерал-губернатору генерал-адъютант А.Н. Куропаткиндин төрагалыгы астында кеңешме өткөрүлдү. Кеңешмеге Жетисуу областынын аскер губернатору М. А. Соколов-Соколинский (Буга чейинки фамилиясы Фольбаум болгон), мамлекеттик мүлк башкаруучусунун милдетин жана Жетисуу областындагы көчүрүү ишинин башчысы Д. Б. Антонов, Жетисуу аскердик башкармасынын милдетин аткаруучу Н. С. Щербаков, казак орустарды жерге орноштуруу боюнча инженер-гидротехник



В. В. Епанечников жана башка падышачылык бийликтин жогорку даражадагы адамдары катышышты.

Күн тартибине төмөндөгү маселелер коюлду:

1. Ысык-Көл районунан, Пржевальск уездинен, Кемин өрөөнүнөн, Жаркен уездинен козголоң чыгарган кыргыздарды көчүрүү жөнүндө.

2. Өз алдынча уезд түзүү менен козголоң чыгарган кыргыздарды Нарын тарапка көчүрүү жөнүндө.

3. Козголоң чыгарган кыргыздарды көчүргөндөн кийин калган жерлерге калкты орноштуруу жана жалаң орус калкынан Пржевальск уездин түзүү жөнүндө.

4. Верный уездинин казак орустарын жерге орноштуруу жөнүндө.

Улуу даражалуу генерал-губернатор илинип турган картанын жана көчүрүлүүгө тийиш болгон чарбалардын санын көрсөткөн таблицанын жанына шашпай, ыңгырана басып барды.

– Урматтуу мырзалар,– деп баштады сөзүн. Кыргыздардан орус каны төгүлгөн жерлердин баары алынууга жана орустарга берилүүгө тийиш деп эсептеймин. Каркыра жайлоосун жана Пишпек уездинин, Кемин өрөөнүнүн козголоң чыгарган кыргыздарынын жерлерин жана Чүй өрөөнүнүн бир бө-



лүгүн алууну зарыл деп табамын, – деди эле отурган мырзалардын баары кубаттап, кол чаап жиберишти.

Анын сунушу жана алдын ала эсептөөлөр боюнча кеңешмеде Пишпек, Пржевальск жана Жаркент уездеринде жашаган 37355 түтүн кыргыз-казактардын 2.510.361. теше[1] жерин алуу каралды.

2. Көтөрүлүш чыгарган кыргыздардан бошогон Ысык-Көлдүн күңгөй-тескейиндеги жерлерге ар бири 60 түтүндөн кем эмес 5 казак станицасын түзүү белгиленди. Алар Өрүктүдө, Корумдуда, дунгандар мурда жашаган Мариинскиде, мурдагы Гоголевкага жакын жерде жана Улаколдо курулмак. Калган кыштак салууга ыңгайлуу жерлерге жалаң гана орустарды отурукташтырууга, башка калган жерлерди казынанын карамагына алууга көрсөтмө берилди. Ошентип, Текес дарыясынын өрөөнү, Чалкуйду-Суу, Ысык-Көлдүн күнгөй-тескейи, мурдагы Столыпино (Кочкор) айылын кошуп, жалаң орус калкы жашаган өзгөчө уезд түзүү жагы белгиленди.

3. Көтөрүлүш чыгарган Пржевальскинин жана Пишпек уездинин Сарыбагыш жана Атаке болуштугунан башкасы Нарын тарапка көчүрүлүүгө тийиш болду.

[1] Теше-1. 09 гектарга барабар.



Ал эми өзгөчө күнөөлүү деп табылган Сарыбагыш жана Атаке болуштарындагы жашаган элди ар кайсы болуштарга таратып жиберүү же Балхашка көчүрүү жагы каралды.

Андан кийин генерал-губернатор 1914-жылдын июлундагы закондо белгиленген нормага жетпеген жерлерди кесип берүү жөнүндө Верный уезди боюнча жумуштардын жүрүшү менен таанышкан соң, жетпеген жерлерди түздөн-түз жакын жаткан кыргыздардын жерлеринен кесип берүүнү мүмкүн деп тапты.

Куропаткин баш болгон мырзалар нечен кылымдык тарыхы бар, бүтүндөй бир улуу журттун тагдырын заматта чечишип, өздөрүн бийик кармап, жасаган иштерине маашырлана, жыйын бөлмөсүнөн сөөлөттүү чыгып баратышты.

Ал эми алдыда кандай окуяга туш болот, эртеңки көргөн күнү эмне болот, үй-бүлөсүнүн, укум-тукумдарынын тагдыры эмне болот, ал жөнүндө ойлоп да коюшкан жок.

Көтөрүлүшкө катышып, чет жерде тентип – тербип, азап-тозок тартып, ач-жылаңач калган, арып-ачкан элден өлгөндөн калганы жашоого ыңгайсыз татаал жерде биротоло тукум курут болсо деген да ниеттери болушкан. «Ак ийилет, бирок сынбайт» де-

гендей алардын жүзүкаралык оюу ишке ашпай калды. Бечара элдин таалайсыз тагдыры акыры кеч болсо да оңолот.

Ошентип, кылымдар бою ата-бабалары канын төгүп, жанын берип келген жерлерине кыргыздар ээ боло албай, болуп көрбөгөндөй зордук -зомбулук жана чексиз ырайымсыздык менен табияты татаал, жашоого кыйын, дыйканчылык жүргүзүүгө ылайыксыз жерлерге сүрүлүүгө аргасыз болушту.

* * *

## Петроградда

1916-жылдын август айында Орусиянын Мамлекеттик Думасынын депутаты Александр Керенский Орто-Азияда болуп жаткан кандуу кагылыштар жөнүндө кабарды угуп, токтоосуз Ташкентке келди. Ал Симбирскиде төрөлсө да, мезгилинде Ташкенттеги гимназияны бүтүрүп, бул шаарды өзүнө жакын санап калган эле. Ал жеринен жергиликтүү элге көрсөтүлүп жаткан болуп көрбөгөндөй зөөкүрлүк, мыкаачылык, кандуу кыргын жөнүндөгү окуянын төркүнүн түшүнгөндөн кийин Түркстан крайынан жазалоочу отряддарды чакырып алуу жөнүндө катуу маселе козгой турган болду. 1916-жылдын сентябрында Санк-Петербургга келээр менен думанын солчул фракциясынын жана «мусулман тобунун» кеңешмесин чакырды. Ушул кеңешмеде жана 1916-жылдын декабрындагы Мамлекеттик Думанынын отурумунда чыгып сүйлөп, кандуу көтөрүлүшкө алып келген администрациянын жаңылыштыктарын жана бийликти өз кызыкчылыктары үчүн чексиз пайдалангандар боюнча атайы тергөө иштерин жүргүзүүнү талап кылды.





1916-жылдын 13,15-декабрында Мамлекеттик думанын 4-кеңешмесинде Түркстанда жана Казакстандын Степной областтарында болгон көтөрүлүш жөнүндө депутаттардын суроо-талабы талкууланды. Бул маселе боюнча Александр Керенский (Саратов губерниясы) биринчилерден болуп сүйлөп, 1916-жылдын жай айларындагы Түркстанда жана Казакстандын айрым областтарында болгон көтөрүлүштүн жүрүшү, жазыксыз элге каршы жүргүзүлгөн куралдуу баскынчылык, кан төгүүлөр, кызыл кыргын жөнүндө айтып келип, мындай деген:

**«Мына бир мисал: Беловодск айылына беш жүздөй кыргызды чогултушат, ал жерден алардын тизмеси түзүлүп, андан ары волостко, анан уездик шаарга жөнөтүлүшү керек болот. Бирок жергиликтүү орус калкы буларды кайтарып отурабызбы деп куралсыз, өз ыктыяры менен келишкен ошол кыргыздардын көпчүлүгүн союл менен да, таш баранга алып да кырып тынышат, калганын уездин борбору Пишпекке айдап келишип, ошол эле күнү уluктардын көзүнчө чиркөөнүн чоң аянтында киноматографтын музыкасы алдында жайратышат. Ал эми Луговой айылында солдаттар кылкылдаган көп кыргызды кысып, камчы менен, ок менен ортого ийирип, жардын кырын көздөй камап барып, түбүндө күпүлдөп агып жаткан сууга күргүштөтүп кулатып кырган. Токмок деген чакан бир шаарга Фольбаум деген генерал кыргыз айылдарын тыйпыл кыйратып, элин кырып баш ийдирүү үчүн жазалоочу экспедиция жөнөткөн».**

Адамдын сезин алып, жүрөгүн титиреткен бул кандуу окуяны Керенский мырза өзүнүн Думада сүйлөгөн сөзүндө төмөнкүчө тастыктайт:

**«Куралдын үч түрүнөн-жөө аскерлерден, артиллерия менен атчан аскерлерден турган жазалоочу отряд жана отряддын командири кайсы бир багытта баруу жана өзүнүн жолунда жолуккан бардык жергиликтүү калктын болгон нерсесин өрттөп, калкты жынысына жана жашына карабай кырып жок кылуу буйругун берген... Эмчектеги балдар кырылган, чалдар менен кемпирлер кырылган...**

**... Түркстандын кеңдигинде, түптүз талааааларынын эч бир жеринде жергиликтүү калк тарабынан алдын-ала курал жыюу болгон эмес. Алардын колунда бир нече эски милтелүү мылтыктар жана сактык иретинде чалгыдан жасалган ар кандай темир куралдары, союл, чокмор, келтек, айры ж. б. гана болгон, бир гана Жетисууда бир аз санда мылтыктар кездешкен, бирок алар дагы кийин тополоң күчөп кеткен кезде Жетисуунун алыскы бир уездик шаарына орустар тартып бараткан киреден колго түшүрүлүп алынган».**



Керенский мырза сөзүн мындай деп аяктады:

**«Мындай тополоң эмне үчүн дал ушул уездде (Пржевальскиде), Көл кылаасында чыкты дегенде, мырзалар, бул жактагы орус дыйкандарына жер бергенде кыргыздардын бири калбай Көлдөн сүрүлүп чыккан, суудан жана түзөң жайыттарынан ажыраган, тоо ташка тыгылган. Жер маселесиндеги ошол акылга сыйбаган жорук б. а. жергиликтүү калктын энчисине болгон зомбулук ушул аймакта аябай курч деңгээлге өсүп кеткен, ал сөзсүз түрдө 269-статьяда белги-**

**ленгендей жер талаштын айынан бир жарылаары анык болучу...»**

*(Грозный 1916-й год; (сб. док. и материалов) Алматы; Казакстан, 1998. Т. 1.)*

Александр Керенскийдин узакка сүйлөгөн сөзү залда отурган думанын депутаттары тарабынан кызуу кубатталып жатты.

Андан кийин чыгып сүйлөгөн Мамлекеттик думанын мүчөлөрү: Джафаров (Бакинская, Елисаветпольская и Эриванская губ.) кн. Мансырев (г. Рига), граф Капнист 2-й (Полтавская губерния), Аджемов (Область Войска Донского) падышачылык бийликтин башка элдерге жасаган ырайымсыздык мамилесин баса белгилешип, алардын кетирген катачылыктарын таамай сындап жатышты.

Ал эми Отец Трегубов бул жолку кеңешмеге катышпай калды.

Мамлекеттик Думада ар бири 30–35 депутаттан турган депутаттардын үч тобунан министрлер Советинин председателине, ички иштер, согуш жана юстиция министирликтерине сунушталган үч суроо талап кабыл алынды.



* * *

Кыргыздардын көтөрүлүшүн изилдөө үчүн Петрограддан комиссия жиберилди. Бул жөнүндө телеграмма алгандан кийин генерал Фольбаум кокустуктан каза болуп калды. Ошондой эле Верныйдын түрмөсүндө жаткан Канаат да каза тапты. Айрым маалыматтарга карaганда ага уу берип өлтүрүлгөн экен. Ошентип падышалык желдеттердин жергиликтүү элдерге кылган кылыгы, жырткычтык жана зөөкүрлүк иштери узакка чейин ачылбай, көмүскөдө калмай болду.

Өтө татаал учурда, Орусия өлкөсү кыйын-кысталыш мезгилди башынан өткөрүп турган мезгилде, убактысынын өтө тардыгына карабастан, өзү анығына жетип, угуп-билип келген кандуу кагылышуудан кийинки качкындардын тагдыры Керескийдин оюнан кетпеди. Кийинчерээк Убактылуу өкмөттү башкарып турган мезгилде да качкындарды туулуп өскөн жерине кайтуусуна да жардам берүүсүн Кулжадагы Орусиянын консулуна тапшырды.

Романовдордун үйүнүн биринчи өкүлү 1613-жылы Ипатьев монастырында (Кострома ш.) такка отурган эле. 1917-жылдын 2-мартында Псковдо Николай Экинчи тактыдан кулады. 1918-жылдын 16-июлунан 17-июлуна караган түнү Романовдордун үйү-



нүн акыркы императору Николай Экинчи жана анын үй-бүлөсү, жакын адамдары Ипатьев үйүндө (Екатеринбург ш. ) атылды.

Бул суук кабар мурдагы Орусия падышасы бийлик кылган жерлердин баарына чагылгандай тез тарады. Батыштан чыгышка, түндүктөн түштүккө жеткен бул кабарды уккандар кайгырарын же кубанарын билбей, эмне кылардын айласын таппай делдейишип, 300 жылдан ашык бийлик жүргүзүп, кулак угуп, көз көргөн жердин баарын басып алып, көптөгөн калктарды кулдукка айландырып, алтын менен күмүшкө бөлөнүп, бул жарык дүйнөдө кымындай да кемибей, бөксөрбөй, доорonду гана сүрүп өтөбүз деген Романовдордун күнү бүткөнүнө чындап эле ишенбей турушту.

Бөтөн өлкөлөрдүн жерин эңсеп, бөлөк бирөөлөрдүн байлыгына көз арткан падышанын айрым жан-жөкөрлөрү, бийик даражадагы аскер кызматкерлери эпсиз бийлигинен ажырап, эсепсиз байлыгынан кол жууп, буга чейинки доорон сүрүп, жыргап-куунаганы бир күнчөлүк көрүнбөй, Кытайга, Монголияга, Европага, Америкага, ж. б. мамлекеттерге, дүйнөнүн түш тарабына кара баштарын калкалап, жан айласы кылып, чилдей тарап, сүрүлүп кетишти.

1896-жылы Кремлдин байыркы Успенский соборунда, кийин тарыхка өчпөс болуп сакталып калган, бүтүндөй бир зор өлкөнүн мыктыларынын эң мыктылары чогулуп, чоң шаан-шөкөт менен белгиленип жаткан аземде, алтын таажыны кийип, падышалык алтын такка отуруп жатканда, байлык менен бийликке оронгон көптөгөн бийик даражалуу адамдардын ортосунда төбөсү көккө жеткендей кубанып, өзүн дүйнөдөгү эң бир бактылуу адам сезип турган учурда, Орусиянын жаш императору Николай Экинчинин 1916-жылдагы боло турган кандуу кыргын жана өзүнүн өмүрүнүн акыркы минуталары жөнүндө оюна да келбесе керек.

## 7-БӨЛҮМ

## КЫТАЙГА ТЕНТҮҮ

Абыке жээрде кашка кунанын минип, жакага жол тартты. Жайлоого кечээ келген эле. Коктунун оозуна чыга бергенде төмөнкү жатакчылардын айылы жак ызы-чуу түшүп, айылдын тегерегинен көк түтүн көккө көтөрүлүп, кыпкызыл жалынга айлангансып, тигилген боз үй, алачыктардын баары бүт эле өрттөнгөнсүп, көзүнө бир укмуш болуп көрүндү. Минген кунанын бастыра албай, эмне кылаарын билбей бир топко далдыраш турду. Андан кийин эсине келген соң, «ата-энем, карындашым эмне күнгө кабылды?» – деп чапкан бойдон айылга жете келди. Бир да жан жок. Боз үйлөрдүн көпчүлүгү өрттөлгөн, кара көө болуп бықшып, түтөп жатат. Ары жакта бир куба дөбөт чокчоё отура калып улуп жиберди. Илгертеден иттин улуганын жаман иштерге жоруп, катуу бушайман болушар эле. Аны «чык» деп койгонго да чамасы келбеди. Жатакчылардын бир аз айдаган эгини да өрттөлүп, арыктын жээктериндеги бирин-серин эгин менен чөп дале быкшып, түтөп жатты.



«Быйыл эгиндин өсүмү жакшы, буюрса түшүм мол болот» – деген бечаралардын тилеги таш капканына, өзүнүн жайды-жайлата атасына кошулуп суу сугарган мээнети текке кеткенине зээни кейип, ары басты. Жатакчылар кайда кеткенин, эмне окуя болгонун түшүнбөй, кайда бараарын, эмне кылаарын билбей, кунанын жетелеп, айылдын четиндеги чийди аралап жөнөдү. Кышкысын эгин куя турган ороолор тараптан бирөөнүн ыйламсыраган үнүн угуп, токтой калды. Үндү улап, боолголой ошол тарапка басты. Башын эңкейтип карап, ороонун түбүндө коркконунан бүрүшүп, бети-башы кара көө болуп, солуктап ыйлап жаткан карындашын көрдү. Абыкени көрөөр менен ал бакырып ыйлап жиберди:

– Байке!

Кунандын чылбырын, басмайылын улаштырып жиберип, эптеп карындашын ороодон тартып алды. Карындашы агасына эреркеп кеттиби, ээги ээгине тийбей, солкулдап ыйлап, баланын берген суроосуна бир топко чейин жооп бере албай жатты. Коркуп калган бечара далайдан кийин араң жоопко келди.

– Эмне болду, атам, апамдар кайда?

Элдин баары жөө-жалаңдап, күн батыш тарапка качканын, андан кийин кандайдыр бир мылтыкчан адамдар келип үйлөрдү,



эгиндерди өрттөп, журтта калган бирин-экин иттерди атып өлтүргөндүгүн, андан кийин кайра келген жагына кеткендигин, айылдын четинде улак кайтарып жүрүп, качкан элден калып калгандыгын, жанагы чоочун адамдар келгенде коркконунан терең ороого секирип түшүп, кайра чыга албай калганын агасына эптеп-септеп түшүндүргөнгө араң жарады.

Карындашын өңөрүп, анын көрсөткөн жагын боолголоп, күн батыш тарапка илкий бастырып жөнөдү. Жолдон кездешкен эки айылдан тең эч кимди жолуктура албады. Үйлөрдүн тигилген бойдон калганына таң калышты. Жан айласы кылган бечаралар өмүр бою жыйып-терген оокатына карабастан, үй-бүлөсү менен жашоо-турмуш өткөргөн үйлөрүн таштай качканына өтө кооптонду. Кунаны баспай, өздөрү жедеп чарчаганда бир ээн боз үйгө барып түнөштү. Эртеси бешимге чейин издеп жүрүп, ары өткөн, бери өткөндөрдөн иликтеп жатып, араң дегенде ата-энесин табышты.

Ошол элдин мыктысы Карыпбай элди чогултуп мындай деди:

– Айланайын, калайык калк, элибиздин башына мүшкүл иш түштү. Ак падыша солдатка балдарыбызды бербейбиз дегенди кек тутуп, ансыз да чыр чыгара албай турган жалаакор неме, ата-бабабыздан бери келат-



кан жерибизди келгиндерге тартып бериш максатында жазалоочу атретин жиберип, кыргыз аттууну кууп, сүрүп келатат.

– Ой, Карыпбай мырза. Кыргыз аттууну кууп-сүргүдөй ак падышага биздин эмне кылган күнөөбүз бар экен? -деди Дүйшөмбү карыя ордунан обдулуп.

– Күнөөбүз эле ушул. Солдатка киши бербейбиз дегенди кек тутту. Чыр чыгара албай турган айрымдарга бул кылыгыбыз майдай жакты, – деди эле Карыпбай, ары жактан дагы бирөөнүн наразы болгон үнү чыкты.

– Ак падышанын бул эмне деген зордугу. Ата-бабабыздан бери келаткан жерибизди, суубузду тартып алды. Өзүбүздү болсо тоого, ташка сүрүп таштады.

– Ак падышанын да калыстыгы жок экен го. Урушка жардам бергиле дейт. Аныcына эчкибиз, кой-козубуз болсо өзүбүз жебей кармата беребиз. Салык төлө дейт. Балдарга саап берип турган жалгыз уюбузду сатсак да түтүн башына салыгын төлөйбүз. Аягында минтип баарыбызды ата-бабабыз көрбөгөн жерге тентите турган болду. Эми эмне кылабыз?

Дүйшөмбү карыя кимден кандай акыл чыгаар экен дегенсип элге суроолуу карады.

– Ой айланайындар, дүйнөдө мындан өткөн да зулумдук болобу? – деди наразы болгон дагы бирөө.

– Ээ айланайын эл журт, кайсы бирин айтабыз. Баш көтөргөн мыктылардын баарысын түрмөсүнө камады. Бейкүнөө бечараларды коркутуп-үркүтүп, көгала койдой сабап, аягында баарын атып салды. Муну менен эле жөн кала турган эмес. Эми жарым паашадан: «Кыргыздын бешиктеги баласына чейин ырайым кылбагыла...» – деген буйрук келди дейт.

Карыпбай күнөөлүүдөй жер тиктеди.

– Ой тобо, анда бу падышаң жакшылык көрө турган пенде эмес экен го? – деди таң калган Дүйшөмбү карыя жакасын карманып.

– Падыша Мекелейдин бизге кылган зулумдугу өз башына көрүнсүн.

– Жазыксыз элди бул мүшкүлгө салган падыша бир чоң балээге кириптер болгусу бардыр, айланайындар.

– Эми кандай айла кылабыз? Эл жакшылары өзүңөр акыл калчап, бир айласын табаарсыңар?

Толкуп турган эл сөздүн ток этээрин айта албай, «күңк-мыңк» этип ар кайсынын башын айтып жатышты.

Бир азга тунжурай түшкөн тынчтыкты Карыпбайдын сөзү бузду:

– Кагылайын калк, ата-бабабыздын жерин таштап, бөлөк эл, бөтөн жерге тентип кетебиз деген ой үч уктасак түшүбүзгө кирген жок эле.



– Болоору болуп, өтөөрү өттү. Эми кол куушуруп отура бербейли, балдар. Дүйшөмбү карыя жаш жигиттерге кайрылды.

– Дүйшөмбү аксакал туура айтат. Айла кетти. Эптеп-септеп бала-бакырабызды амансоо алып калалы. Буга кандай дейсиңер? – деди эле Карыпбай, Ысмайыл сөздү улады: – Карыпбай мырза, эмне демек элек. Эмне болсо да элибизди тукум курут кылып албайлы.

Аңгыча болбой Дүйшөмбү карыя ордунан туруп, айланадагы элге олуттуу карап, күркүрөгөн жоон үнү менен сөзүн баштады эле, күбүр-шыбыр тып токтоп, бардыгы ал кишинин оозун тиктеп калышты:

– Айланайын агаин-туугандар. Минтип эмне кылаардын айласын таппай жарга такалып турган мезгилибиз. Акыл токтотолу, кеңешели. Жүрөгүндө оту, билегинде каруусу, жаштык жалыны бар, акылы тунук Карыпбайдай жигиттерди баш-көз кылалы, кандай дейсиздер?

Эл бир азга жымжырт боло калды эле, сөздү Ысмайыл улап кетти:

– Дүйшөмбү абам туура айтат. Бийликти жаштарга берели. Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, өлүү болсок бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө болгонубуз эле оң.

Сөздүн аягын Карыпбай жыйынтыктады:



– Бизге кошулуп бара тургандар, жолго даярдангыла. Ар кай жерде калган үй-жайыңарды, оокатыңарды, мал-салыңарды жыйнагыла. Барбайбыз дегенди зордобойбуз. Ар кимдин өз ыктыяры. Буюрса ишемби күнү жолго чыгабыз.

– Айланайындар, жакшылап ойлонушкула. Эртең-кийин Карыпбай азгырып көчүргөндөй болбойлу,– деди Дүйшөмбү карыя кийин-соңун ойлоп.

– Жок андай болбойт, ансыз дагы тигилериң бул жерге тургуза турган эмес, – дешти дуулдаган көпчүлүк.

Ушул чечимге токтолушуп, жыйылган эл тарашты.

* * *

Качкындар кокту өрдөп, жөө-жалаңдап келатышты. Элдин көптүгүнөн баса албай катын-калач, кемпир-кесек ызы-чуу. Кымындай балдар да ата-энесине кошулуп, томполоңдоп мал айдашып, биринен бири калбай, жанталашып келатышат.

Айдаган мал, кой-эчки, минген аттар ташыркап баспай калды. Адамдар да алданкүчтөн тайып, аргасыздан илкип басып, эптеп келатышты.

Күн чоң шашкеден оош, көчтүн алды Ак-Белден эңкейе бергенде, буктурмада күтүп жаткан жазалоочу отряд качкындарга ок



жаадырып коё беришти. Туш тарабынан мылтык атылып, октор зуулдап учуп, төөлөр боздоп, жылкылар кишенеп, уйлар жер чапчып өкүрүп, мөөрөп, ок жаңылгандар «апа» деп бакырганга араң алдары келип, мындайды өмүрүндө көрбөгөн качкындардын үрөйү учуп, заматтын ортосунда ызы-чуу түшүп калышты. Бири-бирин караганга чамасы келбей, чымындай жандарын корголотуп, ар ким туш тарапка качты.

Тоо-тоону беттеп, аска-зоону маанек кылып, жазалоочу отряд кетти дегенди угуп, ар айылдан эркек аттуулар чогулуп, шейит болгондорду жашырмакка өткөн окуя болгон жерге чогулушту. Ар кайсы жерде эле өлүп жаткан адамдар, жаш балдар, кыздар, жүгү менен өлүп жаткан төөлөр, жылкылар. Карга-кузгун айрымдарынын ичегикардын жарып, көзү-башын оңурайтып чукуп да жибериптир. Этке тойгон жорулар араң эле кыбырап басышат. Баргандар алыс-жакынбы, анысына карабай өлгөндөрдү ошол жерге эптеп жашырып, куран окушту.

Мурда жакшылык менен жамандыкты, өлүм менен өмүрдү көп ажырата билбеген Абыке ушул күндөн баштап, заманга болгон түшүнүгү, ой санаасы өзгөрүлүп, жазыксыз элге кыргын салып, бейкүнөө өлүмгө дуушар кылып, жарыкчылыкка жаңы кел-

ген күнөөсүз наристелерге ок чыгарып, өлүм алып келгендерге ичинен кекенип, бирок колунан эч нерсе келбеген соң, ээндей түшкөндө эчкирип-эчкирип ыйлап жүрдү. Нечен кылымдардан бери ата-бабасы жашап өткөн өз жеринен, өз мекенинен кууп чыккан падышага жана анын желдеттерине болгон жек көрүү сезими кайнап чыкты.

Өмүр бою тапкан-ташыган мал-мүлкүн, бир аз жыйган-тергенин алып кетүүгө алы келбей, чачылган бойдон мүлк калды, жайылганы жайылган бойдон мал калды, тигилген бойдон бүгүлбөй үй калды. Жан айласы кылып, өлүмдөн калганы «өлбө жаным өлбө» – деп, жанга аралжы болоор деп ата-бабасы угуп көрбөгөн чет элге, жат жерге-Кытайды көздөй багыт алышты.

Бир топ күн жүргөндөн кийин эң бийик ашууга туш келишти. А күнү кеч болуп, ашууну ашып кете албай түбүндө түнөп калышты. «Какаганга муштаган» дегендей, табыйгат да өчөшкөнсүп, таңга жуук кар жаап кирди. Качкындар эртең менен турушуп, бир аз өзөк жалгашкандан кийин белди ашмакчы болуп, жүктөрүн жүктөп, жөнөп калышты. Бирок көз ачырбаган бороошодон баш көтөрүп баса албай, анын үстүнө жаш кардан малдын-жандын буту тайгаланып, ашуу жол бере турган эмес. Күндүн ачылышын күтүп калышты. Үчүнчү күн дегенде



кар басылып, «кудай жол бер» деп, андан ары жөнөштү. Түнөгөн жеринен бир аз узай бергенден кийин көп өтпөй төмөнтөн мылтыктын үндөрү чыгып, жазалоочу отряддын карааны бүлбүл көрүнө баштады. Тыңыраак аттарды минген жигиттер ары-бери бастырып, бел курчоого келген карды жиретип, жөө-жалаңдаган элге, бирин-эки малга жол салып жатышты.

Жан деген кыйын экен, өткөндөгү окуядан жүрөгү калган эл, мылтыктын үнүн угуп, жазалоочу отряддын караанын көргөндөн кийин, жан алгыч артынан кууп келаткандай, кардын калыңдыгынан, бетке чаба урган бороошодон өз-өзүнчө басып, шар белди ашып кете албай, же биротоло жанынан түңүлүп, колго түшүп бербей, ыйлай-сыктай илкип кетип баратышты. Белге жакындаганда мөңгүнүн жаракасына туш келишти.

– Оо айланайын эл, – деди Карыпбай көпчүлүккө кайрылып. Жакшы мал жанга аралжы дейт. Алтын башыңар аман болсо дүнүйө табылаар.

– Айт, эмне кылсак дейсиң?

– Сен айткандай эле кылалы, – деген үндөр чыкты.

– Боз үйлөрүңөрдү тезирээк түшүрүп, ууктарын устун, керегесин көпүрө кылып, үстүнө чий жаап, анын үстүнө ала кийиз,



шырдактарыңарды төшөп, эптеп мал-жанды өткөрөлү. Сөкө, – деди Карыпбай жанындагы кишиге. Сен мергенчи жигиттеринди алып, тигил шумшуктөрдүн жолун тос. Арпачы, сен жаныңа эки жигит алып чек араны чалып кел. Кытайдын чек арага койгон черүүлөрү качкындардын кыз-келиндерин, дүнүйөсүн, унаасын тартып кетип жатат деди эле, анысын байкай кел.

Сөкө баштаган 5–6 мергенчи куугунчулардын алдын тоскону калышты. Арпачы эки жигит менен чек арага кетти.

Эл шаша-буша боз үйлөрдү түшүрүп, Карыпбай айткандай кылып, эптеп бирин-эки айдаган кой-козуну, малды мөңгүнүн жаракасынан өткөрө баштады.

– Апа!

– Ата кокуй ай-йя.

– Кууратан күн ай, куураган күн. Кечээ эле күйөөсү салдатттардын колунан шейит кетти эле. Эми жанагы бечара кызынын көргөн күнү эмне болот?

– Апакебай, апаке! Мен эми кантем, кантем апакебай. Жалгыз кайда барам? Кичинекей кыз чучуктай чыңырып, ыйлап жиберди.

Самар байбиче басып келип кызды соороотуп жатты.

– Кой айланайын, ыйлаба. Ыйдан пайда жок.



– Ой айланайындар, шашпай, этиеттеп өтсөңөр. Мөңгүнүн жаракасына түшүп кетип жүрбөгүлө.

– Кудайдан жардам болуп, куугунчуларга кармалып калбасак эле болду.

Элдин алды белге жетип, арты мөңгүнүн жаракасынан жаңы өтө баштаганда куугунчулар жете келишти. Эки тараптан тең атышуу башталып, элдин шаштысы ого бетер кетти. Октор зуулдап учуп, октон коркуп, жүрөгү калган балдар жаагын баспай ыйлап, ызы-чуу түшүштү. Куугунчулардын карааны жакындаган сайын ажал-өлүм көздөрүнө көрүнүп, мөңгүнүн аркы чети, андан аркы бел көздөн учуп, кантип өтөөрдүн айласын таппай, көпчүлүк жандарынан түңүлүп, дал болуп туруп калышты.

– Кудай даана урмай болду ээ. Тигилердин колуна түшсөк, ит аткандай атып таштайт эмеспи, – деп өткөндөгү кыргынга күбө болгон бир абышка чебеленип жиберди ээрди-башын кемшиңдетип.

– Деле өлсөк дагы сөөгүбүз ушулардын колуна түшпөсө болот эле.

– Кагылайын кудай, ушинтип эле баарыбыздын ичээр суубуз түгөнүп, күнүбүз бүтүп калдыбы?

– Атам замандан бери жашап келаткан түптүү эл, бир күндө эле кырылып, укумтукум калбай калат деген эмне шумдук! Деги

кудайга эмне жазганыбыз бар?-деп Самар байбиче буркурап ыйлап жиберди.

Ар кайсы жерде жүгү менен өлүп жаткан төөлөр, жылкылар. Кар учурган бороон ышкырып жатты.

Жумагүл деген жаш келин эмчектеги баласы менен мөңгүнүн жаракасына түшүп кетти. Ал эми жаракага жүгү менен түшкөн төө, кой-козу, башка малдын эсеби билинбей калды. Зарылбек деген Абыкенин жакын агасы, кошуна башка айылдан дагы эки жигит окко учту. Өткөрүп кеткенге чамасы келбей, бөлөк эл, бөтөн жерде кереги тийип калабы деп, өздөрү ач болсо да сойбой-жебей сактап келаткан качкындардын айдаган бирин-эки малы белдин бер жагында калып, куугунчуларга жем болду.

«Алы жетпеген акыретчил» дегендей, «балдарыбыздын, укум-тукумубуздун башынан садага» демиш болду карылар. Куру каргыштан башка алардын колунан эч нерсе келбейт эле.

Качкындар Капкак деген жерге барганда андан ары кытай тарапка өткөрбөй коюшту. Бир айга жакын ошол жерге туруп калышты. Чек арага барганда тыяктан-быяктан чогулган качкындардын жүгү түшпөй бир топко турушту. Жүк көтөргөн төөлөрдүн, жылкылардын, өгүздөрдүн белдери талып, жүгүн түшүрүп, отко кое бергенде ачка



болуп, ичтери кабырылып турса да, маңдайында турган чөптөн оттогонго шайы келбей, буттарын сунуп жиберишип, тырайып жатып калышты.

– Шумдугуң кургур, куугунчулардын азабын чыккан чөп менен аккан суудан башкага, бирөөлөргө тырмактай зыяны жок бечара тилсиз мал дагы тартпадыбы, – деди аларга боору ооруган Самар байбиче кейип.

Дагы бир топ күндөн кийин качкындар эптеп, кыргыздар менен кытайдын чек арасын бөлүп турган Музарт суусуна жетишти. Алдыдан кытайдын чек арага койгон черүүлөрү тосуп өткөрбөй, арттарынан замбирек менен аткылап, куугунчулар жакындап кирип келишти.

Октон, замбиректен жүрөгү калган эл, агызып кетип жатканына болбой, «душмандын огунан өлгөнчө, сууга агып өлөлү» дешип, күрпүлдөп агып жаткан Музарттын кеч күздөгү шыргалаң муздак суусуна киришти.

Алды жактан мурдагы келген топ тараптан мылтыктын үнү чыкканда качкындар кирээрге жер таппай, алдастай түшүштү. Жакшылап карашса, алар куугунчу солдаттарды атып жаткан беш адам экен. Ошентип алар дүпүлдөтө атып жаткан замбиректин жаагын басышты.

Кийин Самыйбек деген башчысы бар, түрк улутундагы адамдар экендиги белгилүү



болду. Алар жөнүндө кийинчерээк Куропаткин: «Эгерде кимде ким беш түркту кармап, бийликтин колуна салып берсе, ар бири үчүн он миң сомдон берилет» – деп жарлык жарыялады. Бул шумдукту бардык жерде жарыялап жүрүштү. Бирок кыргыздар беш түрк алардын жанында жүрсө да кармап берүү жөнүндө бирөөнүн да оюна келбеди. Бийликтин тыңчылары, жазалоочу отряддар канчалык аракет кылса да, беш түрк колго түшпөй, кийинчерээк эл-журтуна аман-эсен кайтып кетишти.

Муз аралаш күрпүлдөп агып жаткан суу атчандардын аттарынын жалына чейин чыга түшүп жатты. Замбиректин үнүнөн коркушуп алдастаган, ансыз да алдан тайыган бечералар күркүрөп агып жаткан кандуу суунун агымына туруштук бере алышпады. Нечен наристелер, ак жоолук келиндер, ак элечек байбичелер жана кемпир-чалдар, беш өрүм чачына шуру, үкү тагынышып кундуз тебетей кийген кыздар, жүк жүктөгөн өгүздөр агышты. Ажалы жок, көрөйүн деген күнү барлар гана аркы өйүзгө чыгышты.

Чек арадан өткөндө эле мурдатан даярданып турушкан калмактар кол салып кирди. Көз көрүнөө эле сулуу кыз-келиндерди, жүктүү төөлөрдү жетелеп, жылкыларды үйүр-тобу менен айдап кетип жатышты. Эл



кордукту аябай көрүп, катуу талоонго түштү. Малдарын бербегендерди атып өлтүрүп, алдына минген жакшы аттары болсо тартып алып жатышты. «Кой, ай» деп, ажыратып койгонго адам чыкпады. Өздөрү тентип-тербип, солдаттардын огунан качып, аман калганына сүйүнүп араң качып келатса, өз эли, өз жери болбосо ким болушуп, ким ажыратат. Болбосо баса калып сабап, кызыл жаян кан кылып тепкилеп жатса, канкорлору мылтыгынан ок чыгарып, өлтүргөндөн кайра тартпай турса, ким аларга теңелет.

– Мал табылар, башыбыз аман болсо болду, кайра эл-журтка эсен-соо жетсек экен, – деп жаратканга жалынып, үй-бүлө, бала-бакырасынын аманчылыгын тилеп жатышты.

Жолдо ката нечен мыкты деген азамат жигиттер, солкулдаган жаш кыз-келиндер, бирөөгө пайда-зыяны тийе элек эне сүтү оозунан кете элек наристелер, мүңкүрөгөн чал-кемпирлер жол азабынан, жазалоочу отряттын огунан набыт болгондон сырткарысы, ажалы жогу азап-тозок менен Кытайдын чек арасынан өтүштү.

Аяк-башты жыйганча кыш кирип келди. Ар бир айыл өз-өзүнчө бирин-бири маанектеп, уйгур менен дунганга малай болуп, же кийээрге кийими жок, кирээрге тамы

жок, ичээрге тамагы жок, аз эле убакта мусапыр болуп, эптеп жан багып, ит көрбөгөн күндү көрүп, ит ичпеген ашты ичип, араң дегенде жазга жетишти. Эптеп тапкан ун-талканы түгөнүп, камдап алган тоюту болбогондон кийин качкындардын бирин-эки малы кышында кырылып калган эле.

Баарынан да көкөйгө тийип, унутулгус болгону, өлгөн-житкендерди коюуга жергиликтүү эл жер бербей, алардын сөөгүн боз үйдүн бир жак капшытына убактылуу көшөгө тартып катып, түнкүсүн айылдан алыс, тоо-таштын арасына жашырып келип жүрүштү.



## 8-БӨЛҮМ

## БӨТӨН ЭЛ, БӨЛӨК ЖЕРДЕ

Бир күнү *айылга манасчы келиптир деп* салышты. Мал-салын жайлап, кожоюндун тапшырган жумуштарын бүтүрүп, эл орунда отурган мезгилде манасчы түшкөн үйгө Абыке да кирип барды. Үй толтура, бут коерго жер жок. Күндүн суугуна карабай үйдүн туурдуктарын көтөрүп жиберишип, керегенин көздөрүнөн манасчыны тиктегендер да бар. Төрдө 45 тер чамасындагы кара сакалдан адам Семетейди дүпүлдөтө айтып жаткан экен.

... Муну мындай таштайын*,
Кагылайын кулунум,
Калкыңдын жайын айтайын.
Болуп келген кадимден
Салтыңдын жайын айтайын.
Карылары нарк айтып,
Калың журтка салт айтып,
Көк сүлөөсүн, кундуз бөрк,
Аксакалын жайкалткан
Чалдары сыпаа кыргыздын.

[1] Үзүндү 1958-жылы чыккан Семетей китебинен алынды.



Айтылуу Талас жеринде,
Аргын, кыргыз элинде
Ок, саадагы белинде,
Калбыр өпкө, жез канат,
Желдей күлүк минген ат,
Кызыл кыргак колунда
Кармашкандын жолунда,
Балдары баатыр кыргыздын.
Арытып, атка чабышкан,
Айгашкан жоодо салышкан,
Кийгендери кандагай,
Кыймылдары шамдагай,
Келеңкер чачпак, кең соору,
Келини сонун кыргыздын.
Жаш кайыңдай буралган,
Тал чыбыктай суналган,
Жарагын алса жарашкан,
Кулачтап чачын тарашкан,
Ак калпактуу, кызыл чок,
Алганына жарашкан,
Кызыл бет, кымча бел,
Кыздары сонун кыргыздын.
Бейкут болуп жайлаган,
Белдемчисин байланган,
Кыңкылдаган балдарга,
Кымыз менен сүт берип,
Кыңырылып айланган,
Кемпири сонун кыргыздын.
Телегейи теп-тегиз,
Жери жакшы кыргыздын,



Өзөгүн берген өз десе,
Эли жакшы кыргыздын.
Кара малдан төөсү көп,
Карды салык бээси көп,
Айры төөдөн нары көп,
Боз коендон түлкү көп,
Борсулдаган күлүк көп,
Каркылдаган казы көп,
Каз ойногон сазы көп,
Айтышканга чечен көп,
Кайсы бирин айтайын,
Айтылбаган нечен көп,
Адырынан тегиз көп,
Арыгынан семиз көп,
Жалкысынан эгиз көп,
Жапайы чыккан жемиш көп,
Токоюнда арал көп,
Батпай жүргөн марал көп,
Эчен мерген адам көп,
Тектиринде теке көп,
Курбусунда кулжа көп,
Адырында аркар көп,
Адамында даркан көп.
Каныкей минтип кеп айтат,
Бардыгын толук эп айтат,
Каныкей менен Чыйырды
Катар туруп буркурап,
Баары бата бергенде
«Тулпарды минген турчу эмес,
Тууганга жетпей тынчу эмес,

Кош, апаке, берекем!
Манасты тапкан энекем!
Айланайын элимден
Адашып калган мен экен"
Деп, ошентип Семетей
Барчын учкан эмедей,
Аттап ыргып бүгүлүп,
Бардыгына жүгүнүп,
Камчы салып тулпарга
Аттанды кыргыз тууганга.
Ошондо,
Калалуу Букар буркурап,
Калайыктын баарысы
Ошондо, батасын берди чуркурап.

Чымын учса угулчудай тымтырсттык. Бардыгы тең манасчыга арбалгандай анын оозун гана тиктеп, анын ар бир кыймылына көз салып, бөтөн жерде ач-жылаңач жүрүп, ар кимден таяк жеп, запкы көргөн бечаралардын тууган жерге болгон кусалыгы артып, жүрөктөрү элжиреп, көңүлдөрү дайрадай толкуп, бүгүнкү эле көргөн кордуктары заматта эстен чыгып, кубанычтары койнуна батпай, айрымдары сүйүнгөнүнөн көздөрүнө жаш алып, капталынан чукуса болбой бышактап, отурган эл кичине эле бирдеме болсо заматта жарылып кетчүдөй чыңалып турду.



Айкөлдүн ыйык арбагына чексиз берилип, ага бүткүл дитин, дилин, бардык ойсанаасын берген, жаштык жалынын, күчкубатын, жашоо-өмүрүн арнаган бул алп манасчы «кээде кайра жаачу булуттай каары бетине айланып, азыр алып уччудай алп кара куштай шукшурулуп, жара тартып кетчүдөй ач жолборстой комдонуп», кээде кирген бууралай буркулдап, Ала-Тоонун бийик аскасынан атырылып түшкөн мөлтүр кашка суудай ташкындап, таптаган тулпардай ээ-жаа бербей алкынып, нечен кылымдардан бери келаткан ата мурасыбыз, ааламда теңдеши жок айкөл баатырдын баянын дүпүлдөтө айтып жатты.

Отургандардын суроолору боюнча манасчы дастандын бир окуясынан экинчи окуясына өтүп, далайдан кийин токтоду.

– Ой, айланайын Саке, бир кумардан чыгарбадыңбы? – деди эле Дүйшөмбү карыя, анын оюн Ысмайыл улап кетти.

– Башыбызга иш түшүп, минтип тентип, темселеп жүргөндө жаныбызга кубат, дем берип, жакшы иш кылдың, Саке.

– Атабыз Манастын арбагы колдоп, жамандык көрбө, айланайын, – деп Самар байбиче да алкап жиберди. .

– Тур, эми, айланайындар, Сакем эс алсын. Үй-үйлөргө тарайлы, – деп калды отургандарга Дүйшөмбү карыя.



Эл ордунан козголуп, тарай турган болгондо Карыпбай кирип келди.

– Айланайын эл-журт, сүйүнчү.

– Болсун, айланайын, болсун, – деп калды озунуп сүйлөгөн Дүйшөмбү карыя. Отургандар жакшылыктын жышаанын сезип, Карыпбайга үмүттүү карашты.

– Болсун, болсун баатыр, – деди Ысмайыл анын сөзүн коштоп.

Кубанычы койнуна батпаган Карыпбай барпалаңдап жатты:

– Ак падыша тактан кулаптыр. Ордуна башка өкмөт болуптур дейт.

Төрдө отурган Дүйшөмбү көзүн жүлжүйтүп, Карыпбайга суроолуу карады:

– Карыпбай мырза, жаңы өкмөтүң бизге окшоп эл-жерден айрылып, тентип, тербиген бечараларга жардамы тийчү неме бекен деги? Же мурунку көч менен кетчүдөйбү?

– Ии ошону айтчы, айланайын, – деп Самар байбиче да бир жагынан чыкты.

– Жаңы өкмөттү элден чыккан өкүлдөр бийлейт экен. Алардын башчысы да карапайым калк арасынан чыккан баатыр адам дейт. Кедей-кембагалдарга, жарды, жалчыга, жетим, жесирге кайрымдуу кишилер экен деп жатышат. Алар элди улутуна карап бөлбөй, баарына тең карайт имиш, – деп Карыпбай кубанычы койнуна батпай, базардан уканын, көргөн-билгенин айтып түгөтө албай жатты.



– Ата айланайын, ырас кабарың бар экен. Оозуңа май, айланайын. Андай болсо жаңы өкмөттүн боосу бек болсун, – деп Дүйшөмбү карыя да кубанганынан күлмүңдөп турду.

Көп ишенкиребеген Ысмайыл суроо узатты.

– Карыпбай баатыр, ушунуң чынбы деги? Кимден уктуң мындай кабарды?

– Ысмайыл ата, базарга бардым эле, ошо жерден уктум. Тыяктан келген качкындардын баары «эми элибизге кетебиз», – деп кудундашып жатышат.

– Ырас болгон турбайбы, балдар, – деди Дүйшөмбү карыя кубанычын жашыра албай. – Биздин да кудайыбыз бар тура, айланайындар. Акыры биздин муң-зарыбызды уккан экен го.

– Эл-журтка кетпесек бирөөнүн жеринде кор болуп өлмөй болдук,– деди капталда отурган дагы бир абышка.

Самар байбиче анын оюн улап кетти:

– Текейин терип жесек да, өз жерибизде мынчалык өлүм-житимге учурабайт элек.

Дүйшөмбү карыя колун жайды:

– Эми айланайындар, бата кылып коёлу. Бүгүнкү көргөн азап-тозокторубуздун арты кайырлуу болсун. Кудай өзүң жар болуп, киндик кан тамган, ата-бабабыздын туулган жерине аман-эсен жеткире көр, оомийин.

– Оомийин.

Туулган жер дегенде оздорунан көк түтүн буркурап, кубанычы койнуна батпаган качкындар келечекке үмүттүү карап, бүгүн эле эл-жерге жете түшкөнсүп, мандайы жарыла сүйүнүшүп, жалпы чуркурап бата тилешти. Орундарынан туруп, алды эшикке чыгып, тарай турган болгондо аңдып турган тыңчы Карыпбайды атып, качып жөнөдү. Мурда октун үнүнөн чочуп калган эл алдасташып, ок тийген Карыпбайды тегеректеп калышты.

– Ата!

– *Карыпбай аба!*

– Алда кокуй, шум дүйнө ай. Ажал алкажакадан алып, бөлөк эл, бөтөн жерде тентип жүргөндө белибизге таңуу кылып, элге эптеп кетебизби деп турбадык беле. Эми минтип, ичи тар, көрө албас, бузуку чыккынчылар тыңчысын жиберип, бечара Карыпбайды да жайлап тынышты, – деп үшкүрүп отуруп калды Дүйшөмбү карыя.

Эл да бир азга эмне кылаарын билбей тунжурай түштү эле, Дүйшөмбү карыя баш көтөрүп, каргылданган үн менен элге кайрылды:

– Айланайын эл-журт. Кечке мүңкүрөп тура бербейли. Бечара Карыпбайдын камын көрөлү.



Маанайы түшүп, мүңкүрөй түшкөн эл Дүйшөмбүнүн сөзүнөн кийин жанданып, өлүк камын көрүүгө киришти.

Тиешелүү мусулмачылык расмийин жасаган соң, Карыпбайдын сөөгүн көтөрүп жөнөштү. Айылдан бир аз узап бараткенда, бирөөлөрдөн кабар жеткенби, атын сабаган бойдон жасоол жетип келди.

– Эй, селсаяктар. Кайда баратасыңар?

Жасоол өңүн буза бакырып кирди. Эл делдейе карап туруп калышты.

Дүйшөмбү жооп берди:

– Ой айланайын, береги жигит бизге башкөз болуп келатты эле. Бузукунун огунан шейит кетти. Ошону жерге жашыралы деп баратабыз.

– Тигини кара, кызылдай акчасын төлөп, сатып алган жеринен бетер. Силердин бул жерге сөөк коюуга укугуңар жок, – деп жасоол буркулдап кирди.

– Я!?

– Ал эмне деген шумдук?

Мындайды күтпөгөн эл өз ара күбүр-шыбыр болуп калышты эле, жасоол ого бетер баркылдап кирди.

– Силер тентип келгенсиңер. Бул жерге эч кандай акыңар жок.

– Ой айланайын, биз бир мусапырбыз. Бирөөгө залалыбыз жок. Мусулманчылыктын милдетин аткарып, сөөктү жашырып



алалы. – Дүйшөмбү жасоолго жалдырай карады. Жасоол сөзгө келбеди.

– Мен аныңарды билбеймин. Жогортон көрсөтмө бар. Силердин элиңер, жериңер бөлөк. Орусия бийлигине караштуусуңар. Кайдан келсеңер ошол жагыңарга кеткиле.

Айласы кете түшкөн Дүйшөмбү карыя каргылданган үнү менен:

– Ой айланайын, Орусия бийлигинен качып келип, ушул күндү көрүп отурбайбызбы! – деп калды эле, Ысмайыл бир жагынан үн катты.

– Ай үкөм, адамкерчилик кыл. Адамга пайда-зыяны жок, бир кенедей жардын түбүнө жашырып коебуз.

– Ой, кандай түшүнбөгөн элсиңер. Болбойт дедим, болбойт. Мага десеңер өлүгүңөрдү талаага өрттөп жибергиле. Жасоол мурдагыдан да күчөп кирди.

– Ок, эмне дейт?

– Кудая тобо, ушундай да ташбоор эл болот экен ээ.

Мындай шумдукту мурда угуп-көрбөгөн чогулгандар дуулдай түшүштү.

– Болду эми, жетишет. Жоголгула бул жерден.

Жасоол жинденип, кыйкырып-өкүрүп элди камчы менен чаап, кубалай баштады.

– Өлүп калсак сөөгүбүз көмүлбөй, ушинтип талаада калабы, кокуй?!



Жасоолдон жакшылык болбосуна көз жеткен Ысмайыл зыркырап жиберди.

– Оо касиетинден кагылайын, Ала-Тоо! Баркыңды эми чындап билдик ко! Өзүңдү кайра айланып көрөөр күн келээр бекен!-деп нечен кыйынчылыкты, өйдө-төмөндү көрсө да, өмүрү көзүнө жаш алып көрбөгөн, топон суу жүрүп келатса да солк этип койбогон Дүйшөмбү карыя бул жолу туулган жердин касиетин жүрөгү менен өзгөчө туюп, барк-баасын акыл-сезими менен сезип, көзүнөн аккан жашын ак сакалы ылдый куюлтуп, кемшиңдеп ыйлап, муңканып, боздоп турду.

Кымындайында тай минип, балдар менен куушуп ойноп, жарышып өскөн кыргыз жери, тоосу, талаасы, ташы, ою, кыры көз алдына келди. Анар-Булактын суусунан бир ууртап анан өлсөм бул дүйнөдө арманым болбос эле деп, «как» эткен карга жок, «курк» эткен кузгун жок, какыраган суусуз чөлдө калып, таңдайы так каткан жолоочудай, туулган жердин бир ууртам суусун эңсеп, кусалыгы артып, көптөн бери ичине катып келген сырын батыра албай кетти. Бөлөк эл, бөтөн жерде айткан даты, сүйлөгөн сөзү эчкимге өтпөй, айласы алты кетип, нечен жашка барып калган карыянын оозунан башка сөздү күтүүгө болбойт эле.

Турган көпчүлүк да азыркыдай устаранын мизиндей болуп, ойкуп-кайкып турган, опурталдуу заманда бирөөлөрдөн жардам болбосун, бөлөк эл, бөтөн жерде, киндик кан тамган жерден алыста жүргөндө, даты эчкимге өтпөсүн түшүнүшүп, өзгөчө Дүйшөмбү карыянын айласыз кебетесин көрүп, булар да ичинен сыздап, тууган жерге куса болгон айрымдары уккан адамдын сай-сөөгүн сыздатып, ыйлап да жиберишти.



## 9-БӨЛҮМ

## ТОЗОККО ТЕТЕ КҮНДӨР

Жаз келгенден баштап кытайга тентип баргандын баары эле эл-журтка кетүүнүн камын көрө башташты. Абыкенин ата-энеси да акылдашып, кантип кетүүнүн жолун ойлоп, далай башын катырышты. Барганы эптеп күнүнкү тапканын күндө керектеп, ар кимдин жумушун кылып, жан сактап келген элге, Кытайга тентип баргандан да ата-журтка кайтаары кыйынга турду.

Суук кирбесин деп эшигин жаап койгонго кепе алачыктын ичи күңүрт. Төрдө болоор болбос жүк жыйылып турат. Кабагы салыңкы абышка, кемпир жана өспүрүм бала аябаган чоң күнөө кылып, айласы алты кетип, аргасы түгөнгөн кишидей үңкүйүп отурушат.

Ысмайыл карыя Самар байбиче менен Абыке чогуу отурганда кеп баштады:

– Байбиче, мына жаз чыгайын деп калды. Элдин көбү кетүүнүн камын жеп бүтүштү. Эми жолго мине турган унаа керек, иче турган тамак-аш керек. Жөн эле шарт баса бергенде бирөө бизге бирдеме бербейт. Үзүмчүлүк убак. Анан калса... ушундай мезгилде кимде эле ашып ташыган дүйнө турат дейсиң? Мунун айласын кандай кылабыз?



Уулу менен кемпир эмне деп айтаарын билбей, андай маанилүү маселеге акылы жетпей, бир азга унчукпай калышты. Бир кезде Самар байбиче үн катты.

– Абышка, өзүңүз айласын таппасаңыз, бизде эмне кеп.

– Байбиче, Абыке балам. Тагдырдын буйругу экен, көп көргөндү көтөрбөскө арга жок. Өткөндөгү алаамат болбогондо биздин ушинтип мүңкүрөп олтура турган жөнүбүз бар беле? Ээ... мындан аркы жашоо турмушубуз да бүдөмүк.

Ысмайыл каргылдана Самарга кайрылды:

– Акылдашып иш кылалы, байбиче. Биз да карыдык, арыдык. Деги эмне болсо дагы ата-бабанын жаткан жеринен топурак буюрса болду бизге.

– Бөтөн жердин жүзү курусун, абышка. Өлсөң да сөөгүңдү жерге жөн койдурбайт тура, – деди Самар кейип.

– Ошону айтпайсыңбы, байбиче. Өткөндө Токонбай бечара өлгөндө сөөгүн жашырганга жергиликтүүлөр жер бербей койбодубу. Туугандары түнү менен коломтонун ордунан көр казып эптеп жашырып, эртеси билип калса оңдурбайт деп, көчө качып кетишпеди беле, – деди Ысмайыл сөздү андан ары тереңдетип.



– Кудайдын кенен жерин өлгөндөн аягандуы ушу жактан көрбөдүкпү. Эмне кылалы, абышка. Кудайдын жазганы ошо, – деп Самар да оор үшкүрүп алды.

– Ээ байбиче, бөтөн жерде өлсөң көмгөнгө тердиктин бетиндей жер табылбаса... Мындан өткөн кордук болобу бу жарык дүйнөдө!

Айласыз кыйын абалга капталып, андан кутулуп чыгуу өтө кыйын экенин кемпир менен бала да сезип, бирок аргасын таба албай далдырап олтурушту.

Ысмайыл дагы жер тиктеп, далайга тунжурап отурду. Үңкүйүп, эки ийини канаты кайрылган куштай болуп төмөн түшүп, көз кычыктарынан болор болбос жаш кылтыйып, эки жаагы шимилип ичине кирип, сакалдары сербейип, өзгөчө мүңкүрөп турганы, мурда мындайын көрбөгөн уулу менен байбичесин таң калтырды. Бир кезде башын көтөрүп, каргылданган үн менен мындай деди:

– Ээ байбиче, айтууга тил күрмөлбөй турат. Антсе да айтайын. Абыке балам, сен да ук.

Ысмайыл сөзүнүн аягына чыга албай, берки экөөнөн көзүн ала качып, катуу күнөө кылгандай жалтайлап, башын жерден кө-

төрө албай, жер тиктеген боюнча сөзүн ўлантты.

– Мен кечээ Умаракун менен сүйлөштүм, Абыке. Карындашыңды таштап кетүүгө аргасызбыз.

– Я... . Абыке катуу чочуп кетти.

– Ок. Самар да секирип кетти.

– Ал эмне деген кебиң, абышка. Кымындай немени бөлөк эл, бөлөк жерге таштап кетет деген эмне шумдук? Кокуй күн, катыгүн. Ак падыша болбой аңга түш, сен болбосоң ушул күндү көрөт белек?!

Самар кымындай кызынын келечегин ойлоп, шолоктоп ыйлап жиберди. Ысмайыл күнөкөр кишидей үн жок, сөз жок, ичинен сызып, айласы кетип отуруп калды. Далайдан кийин үн катты:

– Байбиче, өзүң эстүү жансың. Мындай ишке биз эле барып жатыптырбызбы? Элге эптеп жетсек, кийин заман оңолсо катышып тураарбыз. Жол алыс. Жазгы үзүмчүлүктө бир жалам талканың да адамдын кунуна тете болду го. Айткылачы, башка арга барбы? – деп абышка каргылданган үнү менен эки колун жайып, берки экөөнө карады.

– Эми эмне кылсак дейсиң, абышка?

– Байбиче, сабыр кыл эми. Акылдашалы. Умаракун бир унаа берсе. Унаа дегеним бир эшек болсо дегеним. Ага кошуп эки чака талкан берсе, эптеп элге жетет элек. Акы-



сына Абыке тил алса, эки жылы бекер иштеп берсе дейм. Абыке балам, сен буга кандай дейсиң?

Түбүң түшкүр дүнүйө ай, колунан али эч нерсе келе элек кымындай баладан үмүт кылып, жардам сурап, жалдырап турган атасынын аргасыз абалына боору ооруп, Абыкенин зээни кейип кетти. Эл-жерде жүргөндө бул өңдүү жумуштарды атасы өзү эле чечип коер эле. Мурда жамандык, жакшылыкты башынан өткөрбөгөн, али жүрөгү майтарыла элек жаш бала бир аздан соң чыйрала түштү:

– Мен эмне демек элем? Макулмун ата, сиз айткандай болсун. Карындашымдын жанында мен калбасам, жапжаш бечара силерди сагынып, куса болуп өлүп калат го?!

– Эмне дейт мунусу?!

– Самар дагы бир кыйкырып алды. Баланы кучактап, өпкүлөп, ого бетер боздоп ыйлап жатты.

– Сени бул жерге калтырганча, ачка өлгөнүм, куу жон, как белде калганым артык.

Кемпир төбөдөн басып, төрт айланы кетирген учурдагы жашоого наалат айтып, баштарынан өтүп жаткан кыйынчылыктарга түш кылгандарга наразы болуп, каргап-шилеп жатты.

– Учуң узарбаган өлүгүңдү көрөйүндөр, ылайым эле бизге окшоп, зар какшап, сыздап калгыла, жакшылык бетин көрбөгүлө.



Аңгыча уйгур жигит шып этип кирип келип, жонуна көтөргөн баштыгын Ысмайылга көрсөтүп, ары жакка тыштады.

– Ысмайыл аке, мени Умаракун акем жиберди. Өзү келе албады. Берген убадаңызды унуткан жоксузбу?!

Ысмайыл абышка эмне дээрин билбей, керең болгон эмедей үнсүз-сөзсүз бир азга далдырай туруп калды эле, келген жигит кайра үн катты.

– Ысмайыл аке, мени Умаракун акем жиберди эле.

Чочуп кеткен Ысмайыл араң сөзгө келди:

– Ыя! Кел, кел, баатыр. Жок үкөм, унутпай калайын. Бул кылганымды өлсөм да унутпастырмын. Укум-тукумум да унутпастыр. Бул кылган кылыгым кыямат кайым болгонго чейин айтыла жүрөөр.

Ысмайыл бул сөздөрдү өзөгү өрттөнүп, алоолонуп күйүп жаткандай, катуу өкүнүү, зор күйүт менен кимдир бирөөлөргө ызырынып, өзгөчө наразы болгон түр менен айтканга араң жарады.

Андан соң тилден калгансып, үй-бүлөсүнө бирдеме деп айта албай жер тиктеп туруп калды. Бир аздан кийин каңырыгы түтөй:

– Байбиче, кандай кылабыз? Келген турбайбы! – дегенге араң жарады.



Өмүрү абышкасына өйдө карап көрбөгөн Самар байбиче бул жолу да катуу айта албай, бышактап ыйлап турду.

– Ысмайыл аке, «беркини» эшикке байлап койдум.

Келген уйгур жигит өзү билемдикке салып, өзгөчө бир сугалактык көз караш менен карап, кызды көздөй басты эле, жарык дүйнөгө келгени бирөөгө кымындай жамандык кылып көрбөгөн, жашоодо кездешчү чийеленишкен түркүн тагдырларды али башынан өткөрбөгөн кичинекей кыз шам чырактын тегерегинде айланган алсыз көпөлөкчө дилдиреп, энесине барып жармашты.

Жигит кызга жетип, колдон сүйрөй баштаганда, коркконуна чыдабай бечара кыз чыркырап ыйлап жиберди.

– Коркпо, карындашым, Умаракун акем сизди бөпөлөп багып алат. Кемпирлерине тийгизбейт, – демиш болду жигит кызды далыдан сылап.

– Апакебай, мени таштап кетпегилечи! Силерсиз быякта өлүп калам го?!

Жашоо-турмуштун өйдө-төмөнүн али байкай элек, эне сүтү оозунан кете элек наристе кыздын оюна өлүмдөн башка эч нерсе кирген жок. Адамзат баласынын багына түш болгон балалыктын балдай ширин күндөрүн татып, жашоодон маңдайына жазган ыра-

катын алуунун ордуна, зор бактысыздык жаш башына келээрин туйбады.

– Алда айланайын каралдым ай, кандай кылса дейсиң?! Убалың ак падышага жетсин.

Самар байбиче, Абыке, кыз үчөө кучакташып, боздоп ыйлап киришти. Күнөөлүү кишидей жер чукуп отурган Ысмайыл алардын ботодой боздоп, сай-сөөктү сыздатып, жүрөктү оорутуп, муңкана ыйлаган ыйына чыдай албай кетти көрүнөт, сыртка чыгып жөнөдү.

– Оо айланайын кудай. Кагылайын жараткан, өзүң эле калыс болчу! Ушул эки чүрпөмдү он ай көтөрүп, омурткам сыздап жүрүп, эки чака талкан, бир эшекке алмаштырайын деп төрөдүм беле, кокуй!

Самар байбиче буркурап, боздоп ыйлап жатты. Андан соң өзүн кармай албай, калчылдай түшүп, жерге шалак эте кулады.

– Заманың менен куруп кал ай, заманаң менен куруп кал!.

Пенде көтөрө алгыс мындай кайгылуу окуяга кошул-ташыл болуп, эшиктен кирген кар аралаш бороон туш тарабы тешик, жаман кара алачыкты кулата тургандай солкулдатып, ызгарлуу суук шамал алачыктын жаман эшигинен кирип, үйдүн төрүнө чейин куюндатып жиберди.



* * *

Ал түнду бул үй-бүлө ый менен өткөрүштү. Бир жумача даярдык көргөндөн кийин Ысмайыл абышка кемпири менен көпчүлүккө кошулуп, элге жол тартышты.

Адегенде чек арадан кайра бери өткөрбөй койгондогу кыйынчылыктар, жолдогу көргөн азап-тозоктор, ачкалыктан томпоюп өлүп калган адамдар, карышкырга жем болуп жаштайында жайраган наристелер айтканга өтө оор өзүнчө узак аңгеме. Ошондой шумдуктарга кайыл болгон кайран эл алтын уясын көздөй агылып келе беришти...

... Белдин кары али кете элек экен. Борошо бетке уруп, этек-жеңди жулуп кетчүдөй делбектетет.

Оорулуу атасын көтөргөн Ашырбай кытайдан кайтып келаткан качкындардын артында келатты. Белден эңкейгенден кийин, жонунан Дүйшөмбү карыяны түшүрүп, эс алганы отурушту.

Өткөндө элде жүргөндө толук, жүзүнөн кан таап турган олбурлуу жигиттин кызылдуу жүзү кубарып, өтө арыктап кеткен эле. Бөлөк эл, бөтөн жерде жүрүп, ар кимден ыза болуп, кордук көргөнү, бир үй-бүлөнүн тарттырган түйшүгү, анан дагы чет жерге келгени курсагын кампайтып, тое тамак жебегендиги, Ашырбайды жүдөтүп, бир топ алсыратып койгон эле.



Дүйшөмбү карыя бир нече күндөн бери жаш баладай жонуна көтөрүп, акырындык менен алдан-күчтөн тайып бараткан баласын аяп кетти. Буга чейин колдон талашып, бирин-эки малын тартып жеген топ карышкырлардын үйүрүнөн да санаасы чыдабай турду. Эптеп бала-бакырасы кырсыкка кабылбай, карышкырларга да жем болбой, эптеп элге-журтка аман-эсен жетсе деп тилек кылып келатты.

– Балам, – деди Дүйшөмбү карыя демиге, сөзүн шар айта албай, бөлө-бөлө сүйлөп. – Тагдырга айла жок тура. Ушундай күнгө туш болобуз деп ойлогон жок элек. Сага ыраазымын. Баарына кайыл болуп, эптеп бизди тигил жырткычтардан коргоп келе жатасың. Деги өзүңө этиет болчу. Дагы бир жуманын ары-берисинде кыргыздын чегине жетип каласыңар. Кытайдан чыкканыбызга да нечен күн болду. Азык-түлүк да түгөнө баштады. Ашка жүк, башка жүк кылбай, мени ушул жерге эле ташка корумдап кеткиле. Асылган оору алмайынча тына турган эмес.

Адамдын оюна келбеген, атасынын сайсөөктү сыздатып, зээнди кейиткен сөзүнөн Ашырбай чочуп кетти:

– Коюңузчу ата, болбогон кепти. Кудай буюрса сакайып кетесиз.



Ашырбай атасын көтөрүп, кайра жөнөдү. Бир топ баскандан кийин токтоп, Дүйшөмбү карыяны жонунан жерге түшүрдү. Карыя карышкырлардын улуган үнүнө бир аз кулак салды да уулуна кайрылды:

– Балам, тиги карышкырлар да жанды кое турган эмес. Колдогу малдын аягына чыкты. Эми кезек мага келди окшойт. Мени тиги карышкырларга эле салып бер. Ичеримди ичтим, жээримди жедим, жашым да келди. Кудайга шүгүр, арманым жок. Алдыга кеткен бөбөктөрүң менен элге аман-эсен жет. Сенин балдарыңды жетелесем деп тилек кылчу элем. Ал тилегиме жете турган эмесмин.

Көптү көргөн карыя нечен күндөн бери миң ойлонуп, миң толгонуп, ушул чечимге келди. Көркоо карышкырларга өзү жем болсо да, денинен чыккан балдарын жамандыкка ыраа көрбөдү. Кытайдан чыкканы алардын жакшылыгын, өмүрүнүн узун болушун, артында туяк-тукум калышын ичинен зарлап, тилеп келе жатты.

– Атаке, кудайга тобо кылалы. Кыргызда болбогон жок жорукту баштабайлы. Сизди карышкырларга жем кылсам, эки дүйнөдө жүзүм карайбайбы. Элдин жүзүн кантип карайм!

– Аа балам, тигил карышкырларды кантебиз? Жарып кете албай эле араң турушат.

Балам, тилимди ал. Жок дегенде силер аман калгыла. Тукумубуз үзүлбөсүн.

– Ээ, ата, карышкырлар эмне, кабылан болуп кетти дейсизби? Келсе, бир эбин табаарбыз.

Ашырбай колундагы таягын оңтойлото кармалап койду.

– Балам, бул чоң кыргында мен эмес, нечен мыктылар көз жумбадыбы. Алардан менин эмнем артык? Тил ал, балам.

– Ата, кудайдан мени тилегенде, куу жон, как белге таштап кетсин деп тиледиңиз беле?!

– Ок! Антип айтчу эмес.

Карыя баласын маңдайынан сылады. Анын айткан сөзүнө ичи жылып, уулуна мээримин төгө мындай деди:

– Кудайдан артымда тукум калтыра көр деп тилегемин. Кыргыздын саны көбөйсө экен дегемин. Сенин убай-урматыңды көрсөм деп тилек кылгамын, балам.

– Мына! Бая эле ушинтпейсизби!.

Ашырбай ыраазы боло атасынын бетинен өптү.

– Кеттик ата, эл-журтка. Кудай кубат берсе, эл-журтка жетээрибизге аз эле калды.

Ашырбай атасын көтөрүп жөнөдү.

Арадан бир нече күн өтүп кетти. Бир күнү карыя өзүн көтөрүп келаткан уулуна кайрылды:



– Токточу, балам. Бир аз эс алып алчы.

Алар токтоп, жайланып отурушту. Карыя эл-жер тарапты карап, өңүнө кызыл жүгүргөндөй болуп, көңүлү да ачылгансып, жүзүнөн мээримдүүлүк төгүлгөнсүп, жаш баладай кудуңдап, кубанып турду. Сүйүнүчтөн көздөрүнөн болор-болбос жаш кылтыя түштү. Үнү да баягыдай каргылданбай, мукам чыкты.

– Мына, балам... Эл-жердин четине жеттик. Мен эми өлбөй калдым... Мен эми өлбөйм, балам!...

Эки өлкөнү бөлгөн чек арада, ээн талаада, буга чейинки көргөн азап-тозокторy бир азга болсо да эстеринен чыгып, эл-жердин чегине жеткен тагдырларына ыраазы болушуп, алдыдагы жакшылыктан үмүт кылган ата менен бала бири-бирине мээримин төгүшүп, кучакташып турушту...

* * *

...Ошентип күндөр өтүп жатты. Абыке ата-энесин, эл-жерди сагынып, куса боло баштады. Бир жагынан карындашы да күн алыс ыйлап-сыктап, алдап-соолаганына болбой айласын кетирип, зээнин кейитти. Басса-турса элге эптеп кетүүнүн амалын ойлой берди. Кымындай болсо дагы Умаракундун үй ичиндеги оокатынын көбүн карындашы бүтүрүп, баягы элде жүргөндөй болбой, ил-



мийип арыктап, акшыйып эки эле көзү калды. Кимдир бирөөдөн жардам күткөндөй, киши көрсө эле көпкө тиктеп, дал болуп калчу болду. Эртели-кеч ата-энеси кеткен тарапты көпкө карап, анан улутунуп, көз жашын көл кылып, үйгө кирип кеткен күндөрүн байкап калгандан кийин, агасынын да ого бетер муун-жүүнү бошоп, тагдырларына таарынып, эрдин кесе тиштеп, малайлык күндөрүн өткөрө берди.

Умаракундун булардан сатып алган бир күлүк, мурда минип жүргөн бир жорго аты бар эле. Күн сайын сылап-сыйпап, тарап, оттолорду багат, андан башка ондон ашык уюу бар, муну кайтарат, болгон сырткы жумуштар баланын мойнунда.

Ойлогону эле эл-жерге эптеп качуу. Антип-минткиче эле күз кирип келди. Баягы эки атты Умаракунга билдирбей суутуп, таптап жүрдү. Күндөрдүн биринде ал Кашкарга базарлап кетип, бир аз күн келбей калды. Бир түнү элдин аягы жатып, тынч алгандан кийин, карындашы экөө эки атка минип жолго чыгышты.

Эки күн өтүп, үчүнчү күнү түш ченде ат чалдырып, өздөрү да эс алып, сууга талкан чалып ичип, эми буюрса кутулдук го деп көңүлдөрү ачык, эч капарсыз отурган эле. Бир кезде карындашы кыйкырып жиберди:



– Байке... кишилер...

Аңгыча 5–6 атчан адам булар түшүп келген чоң кырдан көрүнө калды. Бала менен кыз шашып-бушуп, аттарын минип, качып жөнөштү.

– Тигине, тигине... кармагыла иттерди... Куугунчулар качкындарды көрө коюшуп, аттарын сойголотуп, кырдан ылдый түшүп, аларды көздөй жөнөп калышты.

Тагдырга туш келгени ушулбу, качкындар дарыяга жетип, ары чаап, бери чаап, кечүү таппай, анын үстүнө күн сууктаганга суу үйөрлөп, кайсы жерден өтүп кетээрди билбей алдастап калышты.

– Байке, кармалсак өлтүрөт. Карындашы чыркырап ыйлап жиберди. Кечмеликтин ыңгайын келтире албай турганда, корккконунанбы кашка жоргого бир камчы салып алды да, токто дегенге болбой карындашы дарыяга кирип кетти. Заматтын ортосунда шыргалаң суу аттын жалына, соорусуна чыга берди. Бечара кыз ээрди эки колу менен бекем мыкчый кармап, эптеп суунун ортосуна жетип калды.

– Айланайын кудай, сактай көр. Жалгыз карындашымды аман калтыра көр...

Бир тууган дегениң өзгөчө болот тура, армандуу дүйнө. Абыке зар какшап, карындашынын суудан аман чыгуусун кудайдан тилеп жатты. Аңгыча болбой тизгинге ча-

лындыбы, же мүдүрүлдүбү кашка жорго көмкөрөсүнөн кетти. Аркырап агып жаткан суу ала салдырып агызып жөнөгөндө, айбан да болсо күнү бүткөнүн сездиби, бир ачуу кишенеп алды. Абыкенин заманасы кууруулуп, дүнүйө заматтын ортосунда астын-үстүн болгондой, куугунчулар да бир жагынан жакындап, айласы алты кетип, көзүнүн жашын он талаа кылып, дале кудайлап, дарыя ылдый чаап жөнөдү. Кээде ат, кээде кыз андасанда суудан көрүнө калып, агып баратышты. Баланын оюнда сууну жээктей акса, же сайрандап четке чыкса эптеп кармап калambы деген умут менен суу жээктеп кетип баратты. Аңгыча болбой кечмеликтин нугубу же ыңгайы ошондойбу, Абыке аркы өйүзгө өтмөкчү болуп, «ажал жетсе өлөөрмүн» деп карагер атка бир камчы басты да сууга кирди. Ажалынын жогубу, суу ээрге чыга бергени менен түзөңчөрөөк жерден агымы жайлап калабы, карагер суудан сүзүп чыгып кетти.

Сырт кийимдерин, чокоюн чечип салып, көйнөкчөн атка минип, кеч күздүн суугуна карабай кара терге түшкөнчө ары-бери чаап, карындашынын караанын таба албай, бут тартаарга дарманы келбей, аттан эптеп оон түшүп, отуруп калды. Ал эми куугунчулар дарыянын аркы өйүзүндө кыйкырып-өкүрүшүп, муштумдарын көрсөтүшүп, шыргалаң суудан бери өйүзгө өтүүгө жүрөктөрү даабай, ары-бери чаап жүрүштү. Умаракун улунуп-жулунуп, өкүрүп-бакырып, жанындагыларды ашата сөгүп, эки баш кишиден, эки мыкты атынан көз көрүнө кол жууганга ичи катуу ачышып, ачуусу шакардай кайнап, ызырынган бойдон кетти. Мал ачуу, жан ачуу дегендей Абыке колго тийип калса, аны улактай чыңыртып мууздап, өлтүрүп коюудан да кайра тартпагандай абалда эле.

*Жалгыз карындашын заматтын* ортосунда колунан алдырып жибергенге Абыкенин жүрөгү сыздап, буркурап ыйлап, көзүнөн жаш чыкпай калганда, тиши-тишине тийбей калчылдап, далайдан кийин жедеп үшүп болгондо, өзүн өзү сооротуп, кайра артына кайтып бараткан куугунчуларды акыркы ирет жек көрүү менен бир карады да, суу болгон кийимдерин колтуктап, атын жетелеп, илкий басып жөнөдү.

Бир кыр ашкандан кийин, минтип жол улантууга болбосун сезди да атын бекем тушап, кийимдерин бекем сыгып, күнөс жерге ташка жайып, кечке кургатты.

Ошентип бала бир нече күн күнү-түнү менен жол жүрдү. Бир күнү кыламыктап кар жаап кирди. Өзү байкабай калдыбы, же ат жаза басып алдыбы, же жаш карга тайгаландыбы аты жыгылып, бала башынан алыс кетти. Ат да, бала да каптал менен жылмышып жөнөдү. Аркан бою жерге баргандан кийин ташка такалып калды көрүнөт, ат токтоп, болгон күчү менен турууга аракет кылып жатты. Бала атка эптеп сойлоп жетип, бир колу менен кыл чылбырды, экинчи колу менен бир түп арчаны бекем кармап, эптеп атты өйдө тартсам турабы деп далбастап жатты. Кичине эле жылса алды зоо экен, сөөгү сөпөт болчудай. Жөө калса, элге кантип жетем деп, заманасы кууруулуп, чекесинен муздак тер чыгып, өзүм учуп кетпегей элем деп кудайга тобо кылып, корконунан буттары калчылдаса да болбой тырышып, эптеп тырмалаңдап, чылбырды коё бербей турду. Кулун кезинен колдорунда өскөн карагер атка катуу боору ооруду. Эптеп куткарып кетпейсиңби дегенсип айбан да болсо жалоорул, көздөрүн жашылдантып, эрди, көзү-башы ташка жанчылып, тизелери айрылып, өмүр суусу түгөнө жаздаганын сезгенсип, нечен ирет турууга далбастап, бирок кайра тайгаланып жыгылып жатты. Бир кезде чымырканып жатып эптеп өйдө туруп, жогору көздөй бир-эки аттап, кайра тайгаланып жөнөдү. Кыл чылбырды кармаган баланын колу, кыйылып кетчүдөй болуп ооруганда чыдабай коё берди. Антпесе өзү да кошо учуп кете турган эле. Карагер ат бир ачуу кишенеп алды да аскадан ары учту.

Бала кыр ылдый түшүп барып, буттары ар кайсы жерден сынып, мурдунан диркиреп кан агып, тыбырчылап жаны чыга албай жаткан атты көрүп ыйлап жиберди. Атка жаны ачып чебеленип, тыягына бир чыгып, быягына бир чыгып, буту-башын кармалап, сылап-сыйпап, бетинен жыттап, көзүнөн өөп да жатты. Ат бир аздан кийин бир «кор» этип алды да, баланы караган аяныччуу көздөрү тунара түштү.

Айбан да болсо туулган жерин бул да сагынганбы, же балага ошондой сезилдиби, жаныбар алкынып-жулкунуп, басканда тизгинин тарттырбай, эл-жерге жакындап калганын туйдубу, алды жакты карап кишенеп, *жер чапчып, көрүнүшү да да бир башкача* болуп, мурункусундай сынына чыгып, алчактап басып калган эле.

«Жылкы жаныбар өзгөчө сезимтал келет эмеспи. Айрыкча күлүктөр. Каракашканын тили эле жок, болбосо акылдуусун айтпайсыңбы» деп калышаар эле айылдагылар. Чүрөктөй болгон сулуулугуна суктанышчу. Баарыдан да байгеге кошоордо көркөмү чыкчу эле жаныбардын. Капкара болуп жылтылдап, маңдайындагы кашкасы өтө эле сонун көрүнчү.

Баланын эсине үч жыл мурунку ат чабыш түштү. Адегенде байгеге кошкон аттар бир топ узап кетишкен эле. Каракашканын

тери жаңы чыгып, мурункудан да арышы арбыгансып, чуркашы ылдамдап, улам бир атты басып жүрүп отурду. Эң алдыңкы атты кууп жеткенде ал да жол бербей, чунандап тиштеп, жанына жакын жолотпой, алдыга да жибербей, эрегишкендей эки ат жол талаша чуркап баратышты. Каракашка да оозун араандай ачып, тилин салаңдата сунуп жиберип, үстүндөгү Абыкеге тизгинин тарттырбай, колун карыштырып, мурункудан да ылдамдыгын арттырып, марага чукулдаганга чейин куйрук улаш барышты. Далайдан кийин гана Каракашка алдыга озуп чыккан эле.

Абыке солуктап ыйлап, эмне кылаарын билбей шалдырап, аттын жанында көпкө олтурду да, буйрукка баш ийбеске арга барбы деп, жүгөн, ноктосун чечип алып, колу барбай турса да, карга, кузгунга жем болбосун деп өзүн ташка бекем корумдады. Жогорураак жерде жаткан ээр токумду сынганына карабай таңып, баштыктын түбүндөгү төгүлгөндөн калган бир аз талкан менен кошо жонуна көтөрүп, жолун улады.

* * *

Абыке туу белди ашып баратты. Тегерегинин баары адамдардын, малдын шагыраган сөөктөрү, бут кое турган жер жоктой. Баланын жүрөгү сыздап турду. Өткөн жылдагы кандуу окуялар көз алдына тартылды... Корккону нан денеси муздап, калтырак басты. Ичиркенип жиберди. Калганын эстебеске аракет кылып жатты.

Бала чымырканып, дагы алдыга жөнөдү. Белден бел ашты, кырдан кыр ашты.

Дагы үч күн жол жүргөндөн кийин бала элдин четине жетти. Бийик ашууну ашкандан кийин сүйүнгөнүнөн көзүнөн жаш салаалап куюлуп, өзү жер кучактап, тууган-жердин топурагын жыттап көпкө жатты. Далайдан кийин баш көтөрүп, эң алгачкы байкаганы булар болду. Баягы өзүнө тааныш тулаңы белден буралган көк майсаң жайлоо жок. Каз катар тигилген ак боз үйлөр, айылдын четиндеги желе-желе болгон жылкы көрүнбөйт. Күн күзгө тарткангабы айлана кунарсыз. Эч нерсени туйбагандай, эч нерсени сезбегендей ар коктудан агып жаткан көк кашка суу, жашоонун, өмүрдүн улуулугун, өлбөстүгүн далилдегендей, таштан-ташка урунуп, кылымдардан бери агып келген нугу менен агып жатты. Бала тагдырына миң мертебе тобо кылып, кыялай басып жөнөдү.

Дагы бир жумача жол жүрүп отуруп, нечен шумдуктарды көрүп, араң дегенде айылга жетти. Эски кыштоосуна келип, кыбыр эткен жан жоктугун көрүп, томсоруп туруп калды. Эски журттун ордун шыраалжын, куурай басып, айлананын кунары качкан. Кайда бараарын билбей, деңдароо боло түштү. Далайдан кийин оюн жыйып, жакын туугандары кыштоочу кошуна кыштоого жөнөдү. Эки кыр ашып, үйгө жакындаганда бир картаң карала дөбөт үрүп чыкты. Аз өтпөй ары таш короо тараптан Алмадай байбиче көрүндү. Бели мурдагыдан көбүрөөк бүкчүйүп, чүкөдөй болуп кичирейе түшүптүр. Колун күнгө серепчилеп, таң калуу менен бала тарапка карап калды. Бала кемпирди көздөй бет алып, жетер жетпес барганда эреркеп ыйлап жиберди.

– Ой, сен Абыкесиңби? Жакындаганда бетинен өөп, маңдайынан сылады. Кой балам, ыйлаба, сен эми чоңоюп калбадыңбы?

– Атам, апамдар кайда? – деди башка сөзгө келбей.

– Сарысанаа болбой эле кой, балам. Биздин уруктун көпчүлүгү Кытайдан келгенден кийин бир аз туруп эле бул жерден жашоо өтө турган эмес деп Чүйгө көчүп кетишкен. Андан көрө өзүң жөнүндө сүйлөчү, балам. Карындашың кана? Сени менен калды дешпеди беле.

Бала болгонун айтып, ыйлап жиберди. Ага кошулуп кемпир да көпкө ыйлады.

– Ээ балам, көпкө келгенди көрбөскө чара барбы? Ыйлагандан пайда жок, эми эмне кылайын деген оюң бар? – деди Алмадай апа үшкүрүнүп.

– Чүйгө барып атам, апамдарды тапсам, анан кайра элге кошулсак деген эле ой, башка эмне болсун.

– Аа балам, бел бекип калды го. Бир аз күн мурдараак келсең, ашып кетээр белең. Өткөн бейшембиде түшкөн кардан кийин бел тарап аппак болуп эле тунуп калды. Анын үстүнө бала болсоң, жалгыз жарым кишинин жалгыздап бел ашышы да коркунучтуу. Ар кандай шумдуктарды айтып эле адамдын жүрөгүнүн үшүн алып жатышат.

– Анан эмне кылса дейсиз, апа?

– Эмне кылат элең. Бел ачылганча мында туруп тураарсың. Калганын жаз чыкканда көрөсүң да.

Кемпир баланын кийим-кечегин жууп тазалап, жамап-жазгап берди. Абыке Алмадай байбиченин жээрде быштысын минип, эртеси айыл-апаны кыдырды. Элдин ал-жайы менен таанышты. Башы бүтүн, боору эсен үй-бүлө калбаса керек. Баягы мезгил жок, элдин маанайы пас. Мурдагыдай чогулуп жоро ичип, ордо ойногон киши жок. Көпчүлүгү жан айласы кылып, бир курсактын айынан Чүйгө ооп кетишиптир.

Бечара кемпир жалгыз бой, абышкасы үркүндөн эки-үч жыл мурда каза болгон. Элдин айтымында кемпир төрттүн энеси болгон экен, бирөө да токтобоптур. Дайыма жайдыр-кыштыр ушул кыштоосунан чык-

пайт. Өткөн үркүндү да укпай, ордунан козголбой калыптыр. 7–8 эчкиси, бир музоолуу ую, жалгыз быштысы бар экен. Бар байлыгы, көргөн күнү ушул.

Ансыз да эптеп өлбөстүн күнүн көрүп жаткан Алмадай апага Абыке жүк болгусу келбеди.

* * *

– Абыке балам,– деди эртең менен тургандан кийин Алмадай апа. Алыс жолго, билбеген элге, көрбөгөн жерге кетип баратасың. Сени бозортуп жөө жибергеним болбос, жээрде быштыны минип кет.

– Коюңузчу апа. Өзүңүз эптеп оокат кылып жатсаңыз, анан мен жээрде быштыны минип кетсем, эртеңки күнү жашооңуз кандай болот? Эптеп атам, апамдарды тапсам биздин жашообуз да эптеп өтөөр.

– Ээ балам, мен өлмөк белем, өлсөм эчак өлбөйт белем. Силер аман болсоңор болду. Силер аман келсеңер, ажалым жетип, күнүм бүтсө, кудайым эптеп силердин колуңардан топурак буйруп, өз колуңар менен көөмп койсоңор болду.

Алмадай апа ээги-башын кемшиңдетип жашып кетти. Бир аздан кийин көз кычыктарындагы жашын аарчып, мындай деди:

– Кой балам, айткан тилди ал. Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болуп, кудай тилегиңди берип, аман-эсен элиңе кайра кошул, оомийин.



Абыке жээрде быштыны токуп минип, бир аз жол азыгын канжыгага байланып, эртең менен эрте күн чыга жолго чыкты. Чоң шашке ченде Шамшынын суусун жээктеп жүрүп отурду. Аңгыча болбой Чүй тарапка бет алып бара жаткан үч-төрт караан көрүндү. Жакындап жете келсе бир абышка-кемпир, 13–14төгү кызы, төртүнчүсү болсо сөөк-саактуу, олбурлуу, лакыйган кара жигит экен.

– Ассалом алейкум.

– Алейкума салам.

Атынан түшө калып тигилерге салам айтты. Баланын саламын алик алып, бүшүркөй карап калышты.

– Бир аз тынып албасак болбой турган, келгиле олтуралы.

Абышка мындайыраак барып көчүк басты. Беркилер да анын артынан илээлеп басып, кичине түзөңчө жерге отура калышты.

– Ии жол болсун, баатыр, – деди абышка балага суроолуу тиктей.

– Чүйгө баратам, ата. Ата-энем жайында ошол тарапка кетишкен экен.

– А өзүң кайда элең?

– Мен Кытайда болчумун. Айылга келсем, кетип калышты дешти, ошол бойдон дайынын биле албадым. Бирди-жарым каттаган кишиден сураштырсам, көрдүм-билдим деген киши болбоду. Эми ата-энемди издеп баратам.



– Оо ата-энеңди издеп бараткан жакшы бала турбайсыңбы? Биз дагы эл менен Кытайга үркүп, көрбөгөнүбүз көр болуп, ушул жайда эптеп эл менен кыргыздын чегине жеткенбиз. Өзүбүз Кеминденбиз. Айылдаштарыбыз, туугандарыбыз ошондо эле элге кайтышкан. Бул байбичем оорусунан жөнүгө албай, же жол жүрө албай ушул убакка чейин калдык. Эми «кудай» деп, тууган жерден топурак буюрса деп жол тартып бараткanбыз. Бул жигит болсо жолдон кошулду, аты Жолдошаалы, дайнын өзү айтып берээр.

– Ээ Токтомуш ата, кайсы бирин айтайын – деп, сөзүн көңүлсүз баштады Жолдошаалы.

– Жашоо-турмуш кыстаганынан, эптеп Чүйгө барып жан сактап келсемби деп баратам. Атам үркүндө окко учуп, энем Кытайдан келатканда жолдо көз жумду. Эптеп ата-бабанын жаткан жеринен топурак буюрса деп, жонума көтөрүп келатканда, апам байкуш кан какшап, кудайдан алда нече тиленип келатты эле. Тилегине жетпеди.

Жигиттин зээни кейип, каңырыгы түтөп кетти.



– Менде башка каралашаар тууган жок. Бир ата, бир энеден жалгызмын.

– Ээ Жолдошаалы мырза, жазуу буйрукка айла жок. Башка келгенди көтөрбөскө чара барбы. Ата-энени түбөлүк маңдайына алып жүргөн ким бар дейсиң. Дагы ата-энеңдин пейилдери жакшы, ыймандуу кишилер тура, өз колуңдан топурак буюруп. Далай мыкты азаматтардын сөөгү калды го талаада, көмүлбөй, карга-кузгунга жем болуп...

– А өзүңдүн атың ким болот? Абышка эми балага дагы суроо узатты.

– Атым Абыке.

– Анда Абыке балам, жөнөйлү. Бир аз болсо да эс алып алдык. Жолоочунун жолдогусу, жолдо болбосо, үйдөгүсү жакшы дейт. Кыбырай берели.

Баары ордунан турушту. Кемпирдин абалы өтө оор эле. Көздөрүнүн нуру кетип, чүңүрөйүп ичине кирип кеткен, өңү купкуу. Аны байкаган Абыке карыяга кайрылды:

– Ата, апам менин атымды минип алсын, мен жөө эле басып алайын.

– Кудай тилегиңди берсин, балам. Карыган бизди сыйласаң, кудай сени сыйласын. Биз менен жүрсөң жолуң арбыбайт. Андан көрө жолуңдан калбай кете берсеңчи, балам.

– Жок, ата. Силерди көрүп туруп, абалыңарды түшүнүп туруп, кантип бастырып кетемин. Чогуу жөнөйлү.

– Ыракмат балам, өркөнүң өссүн, жамандык көрбө. Анан байбичесине карады.

– Кел байбиче, уулуң минип ал деп жатпайбы, минип ал.

Кемпир бир аз тарткынчыктады.

– Мен учкашып эле алайын, абышка. Сен минип алсаңчы.

– Кой байбиче, мен басып эле аламын.

Кемпирди атка мингизишип, жолоочулар жолго чыгышты. Түшкө жуук бир кара тумшукту айлана бергенде, ат кетенчиктеп баспай туруп калды. Ары тартса да, бери тартса да болбоду. Аңгыча арттагылар жете келишти. Абыке алды жакка көз салып, булактаган бир нерсени байкап калды.

– Эй, эй, тетигинде түлкү бир нерсе жеп жатат.

– Кана, кана?

– Тигине, тигине.

– Ок атаңын оозун урайын.

Жолдошаалы жерден таш алып ыргытты эле, эшик-төрдөн алысырак жерден оозубашы кызыл-ала болгон түлкү беркилерди улам-улам карап коюп, аркы шагылдуу бетти бет алды.

Абышка күңгүрөнүп жиберди.

– Ата кокуй ай-йя. Болбой калган турбайбы? Түш байбиче, атты тушагыла, балдар. Силер ушундай отуруп тургула. Бас, Жолдошаалы, тигинин дайнын билели.



Абышка беркилерди коркпосун дедиби, Жолдошаалы экөө кызыл-ала болуп жаткан караанды көздөй басышты. Жакындап барып, экөө кыбүрөшө, эч нерсени түшүнүшпөй делдейип туруп калышты. Анан абышка өлүктүн жанындагы оролуп жаткан таарга эңкейди. Колуна көтөрүп ала коюп, таарды ачып маалынан ашып калган эркек баланы көрүштү. Өңү купкуу, эрди кеберсип, буту колун кыбыратканга дарманы келбей калыптыр. Андан соң Жолдошаалы экөө беркилерди көздөй басышты.

– Байбиче, баланын эти муздап калыптыр. Бир айла кылалы. Ажалы жок болсо мал болуп кетээр. Биз тиги бечараны жашырып келели.

Кемпир таарды ачып, баланын буту-колун кармалады.

– Ата бечара ай-йя, күнүн көрсүн. Апел, Абыке, жарма куюлган чаначты чечип, куржундагы нандан ала келгиле. Оозантып көрөлү.

Беркилер канжыгадан жарма куюлган чаначты, нан алып келип, баланы оозантуунун аракетин кылып жатышты.

– Бечаранын жаагы карышып калган турбайбы.

Нандан майдалап чайнап жедирели десе да баланын карышкан оозу ачылбай, берген жарманы да төгүп, чачып жута албай койду.



– Абыке, жылгын-жулгундун кургагынан терип келип, от жаккылачы. Жарманы жылытып берип көрөлү.

– Макул, апа.

Абыке менен Апел тегеректен куураган жылгын, шилбиден чогултуп келип от жагышты. Темир табакка жарманы ысытып, балага оозу күйбөгөндөй кылып, ууртатышты. Жармадан бир аз ууртагандан кийин, баланын денесине жылуулук пайда болуп. жан киргенсип, эмчек издегендей колду жалмалай баштады. Кемпир нанды жармага мапмайда кылып эзип, балага кичинеден оозантты.

Абышка менен Жолдошаалы өлүктү жолдон бир аз окчунураак көтөрүп барып, үстүнө таш үйүп, ит-куш жебегидей корумдашкан соң, беркилерди чакырышты.

– Кел байбиче, келгиле балдар. Тиги бечарага куран окуйлу.

Жолоочулар куран окушуп, бата кылышты.

– Жыйырмаларга чыгып, чыкпаган жаш келин экен. Тагдыр менен ажалга айла жок тура, балдар. Бир аз мурдараак болгондо үстүнөн чыкмак окшойбуз. Аман калар беле, ким билет? Эти жылуу эле бойдон экен. Жакшы жердин бүлөсү болсо керек бечара. Чачы согончогуна жетет экен куурагырдын, – деп абышка кейиди эле, кемпири сөзүн улады:



– Мындайда ит-куш да күчөп алат тура. Төрөп турган жаш келин экен, жаш күнүндө жайрап калбадыбы, бечара.

Абышка беркилерге карады:

– Ээ балдар, кийээрге кийими жок суук-тан, ичээрге тамагы жок ачтан өлгөн далай пендени жолдо карата көп эле көрдүк го.

– Ал аз келгенсип келтеси бир жагынан, котуру бир жагынан каптап, нечени андан кырылганын айтпайсыңбы, абышка, – деп кемпир оор үшкүрүндү.

– Жалгыз жарым жүргөнү бу бечара келинге окшоп, көркоо ит менен карышкырга жем болду. Ээ балдар, кайсы бирин айталы. Кудай артын берсе эле болду. Кой жөнөйлү, шалдырап олтура бербей.

Алар колу-башын жууп, тазаланган соң, баланы кемпирге өңөртүп, кайра жолго чыгышты.

Жолоочулар менен келаткан бала менен кыз жол боюндагы ар кайсы жерде дөмпөйүп үйүлүп жаткан таштардын сырын эми түшүнүштү. Ар бир тай чабым жерде ушундай бирин-серин үйүлгөн таштар. Айрым жерде беш-алтыдан. Кишинин куураган сөөктөрүн да учуратып, жанынан өтүп бараткaнда, дене бойлору дүркүрөп, дудук болгон кишидей ал жерден өтүп кеткиче тунжурашып, ой-санааларында өлүм менен өмүр жөнүндө ой жүгүртүп келатышты.

Устаранын мизиндей болгон ушул чалкеш заманда, эртең ушул маалга кимиси жетет, кимиси ага чейин бу жарык дүйнө менен *кош айтышат*, эч *кимге белгисиз эле*. Абыкенин жүрөгү зырпылдап, оюна ар нерселер түшө баштады. Ичинен ата-энесинин аманчылыгын тиледи. Түпсүз ойго жетеленип, кээде жол боюндагы таштарга да мүдүрүлүп, жыгылып да баратты. Күн кеч бешимден өткөндө белге жакындап калышты. Күн сууктап, ыркыраган муздак шамал бетке ура баштады.

– Белди ашып, аркы бетине түшүп конолу. Отун-сотуну да бар, – деп абышка айтып оозун жыйгыча кичинекей кырчадан эки ит үч-төрт күчүгүн ээрчитип чыга калды. Экөө тең жылтылдап семиз, көздөрү оттой күйөт. Күчүктөрү да торсоюшуп, бирибири менен тиштешип, өздөрүнчө ойноодо.

– Токтогула, балдар. Береги каапырлардын көрүнүшү жаман. Элдин айтканы чын тура, – деп абышканын өңү бузула түштү.

Оозу кере карыш болгон сарала дөбөт жолдун боюна комдонуп жатты. Канчыгы болсо жолдун экинчи жагына соксоюп отуруп алды.

– Тетиги сарала дөбөттүн жолдун боюна комдонуп жатышы жакшы жорук эмес. Оозу жаман турбайбы каапырдын кере карыш болуп, – деп кооптоно сүйлөгөнгө араң жарады, коркконунан өңү кубара түшкөн кемпир.

– Балдар, -деди абышка беркилерге карап, шалдырай. Бул каапырларың бизди жөн өткөрө турган эмес. Атып салгыдай мылтыгыбыз болсочу. Же жыга чапкыдай бизде башка курал жок. Эми кандай айла кылмакчыбыз?..

– Же алдыдан, же арттан киши келсечи. Капырай, адам көздөн учту го, чиркин,– деп кемпир да безилдеп жиберди.

– Ата, – деди Жолдошаалы, айласы кете *түшкөн абышкага дем бере:*

– Эки иттен мынча неге корктуңуз. Баягы эле иттер да. Кабылан болуп кетти дейсизби? Мен азыр жоонураак шилби кыйып келе калайын. Кантип эле кол сала койсун.

Беркилер да коркунучтун жакындап калганын сезишип, не бар не жок деп, колдоруна муштумдай-муштумдай таштардан алып, ордуларынан жылгандан коркуп, жылса эле тигил эки ит качырып сала берчүдөй болуп, бир орунда калчылдап туруп турушту.

Аңгыча болбой Жолдошаалы билектен жоон, эки кулачтай союлду кармап жетип келди.

– Мен эми барайын. Кол салса экөөн эки жакка торойто чаппай жанымжокпу.

– Мейлиң балам, деги өзүңө этиет бол. Абышка чебеленип жиберди.

– Кудайга аманат, балам. Абайла. Кемпир да ыйламсырай Жолдошаалыны узатып калды.

Жолдошаалы ар бир кадамын салмактуу шилтеп, иттерге жакындаган сайын сарала дөбөт улам-улам обдулуп, кыпкызыл болгон эки көзү Жолдошаалыдан өтүп кетти. Канчыгы да тиштерин ырсайтып, коркунучтуу ыркырай баштады. Кокустан кол салса чаап жиберчүдөй болуп, Жолдошаалы союлун оңтойлоп кармап, улам иттерге жакындай берди. Аңгыча болбой сарала дөбөт качырып сала берди. Жолдошаалы ошол учурду эле күтүп тургандай жакындап калган сарала дөбөттү союл менен берип калды. Дөбөт экинчи жолу ордунан туруп, кайра асыла турган болгондо экинчи жолу союл менен маңдай *талаштыра тартып* жиберди. Дөбөт «каңк» дей түшүп, узунунан жатып калды. Оозу-мурдунан дирилдеп кан агып кетти. Бир аздан кийин башын көтөрүп, бооору менен жылып, турууга аракет кылып жатты. Андан кийин тик каптал менен ойду көздөй тоголонду.

Жолоочулар кулап бараткан дөбөттү карап туруп калышты. «Ай» деп чаңырган Жолдошаалынын ачуу үнүнөн карай салышса канчык ит Жолдошаалынын кокосуна асылып, эки бутуна тура калып, алышып жаткан экен. Беркилер да ай-буйга келбей, чуркап жетип, колундагы таштары менен канчыкты койгулап кирипти.

Ошондо да болбой канчык алышканын койбой, тиштерин ырсайтып көргөзүп, «Ар» деп бир ыркырап алды да, күчүктөрүн ээрчитип, дөбөт кулаган ойду көздөй түшүп кетти.

Жолоочулар кокосун көркоо итке жулдуруп, кызыл ала болгон Жолдошаалыны жетелеп, түзөңчө жерге алып барып, башына бир нерсе жаздап жаткырышты. Абышка менен кемпир Жолдошаалынын мойнунан аккан канды токтото албай күйпөлөктөп жатышты. Бир чети токтобой аккан кыпкызыл канды көрүшүп, бир чети кайра келип кала тургансып, ит кеткен тарапты улам-улам карашып, коркконунан муундары токтобой, тынч алып жерге да отура албай, бала менен кыз экөө калчылдап туруп калышты.

– Алда кудай ай. Ме мобу менен таңчы, кансырап калбагай эле. Чебеленген кемпир эски жоолугунун четинен айрып бере салды.

– Айланайын ай...

Абышка жоолуктун айрындысын алып, таңды эле, кан токтободу көрүнөт, балага кайрылды:

– Абыке балам, ала кийиздин четинен кесип күйгүзүп келе калчы. Аккан канды бир басса ошо басат.

Бала тез эле кийиз куйгузуп бере салды:

– Мына ата, мобу менен басып көрүңүзчү.

Абышка күйпөлөктөп, Жолдошаалынын кокосунан аккан канын токтотууга аракет кылып жатты, бирок анысынан да майнап чыкпады көрүнөт, Абыкеге кайрылды:

– Абыке, атты алып кел. Жолдошаалынын шайы ооп калды. Күн кечтей электе белди ашып барып түнөйлү.

Жолдошаалыны атка мингизип, жыгылып калбасын дегенсип абышка артына учкашты. Баланы Апел менен Абыке экөө алмак-салмак көтөрүп жүрүп отурушту.

Белди эңкейип, бир топ жүргөндөн кийин абышка токтоду.

– Ай балдар, ушул жерге токтойлу. Ыктоорок жер экен, ушул жерге түнөйлү.

Жолдошаалыны аттан түшүрүштү. Алкымын таңган чүпүрөк чылпылдап, канга чыланып, каны токтобой койсо керек, көргөн адамдын жүрөгүн түшүрчүдөй кийими бүт эле кызыл-ала.

– Абыке, атыңды уч буттап тушап кой, бир жака басып кетпесин, жер деле от экен. Анан карындашың экөөң тегеректен кургак отун чогултуп келгиле. Этият болгула, иткуштан сак болгула.

Абышка берки экөөнө тапшырмасын берген соң, өзү Жолдошаалы менен, кемпири



бала менен алек болуп жатышты. Абыке менен Апел экөө куураган жыгачтарды чогултуп келишти эле, абышка «отунуңар аз» дегенинен дагы эки жолудан барып келишти.

Отту тындырбай жагып, Жолдошаалыдан көздөрүн албай, түндүн далайына чейин отурушту. Кийиз күйгүзүп, канын токтотобуз деген далалаты деле натыйжа бербеди. Улам-улам онтогону күчөп, өңү купкуу болуп, чүпүрөктөй кубарып, берген жарманы жакшылап жута албай, калч-калч этип, шайы ооп бараткансыды. Бир жагынан күндүзгү канчык иттин чукул арадан тынбай улуганы да жолоочулардын тынчын алып, капилеттен качырып сала бере тургандай эки жактарын элтең-элтең карашып, уйкулары качып, уктабай отурушту. Жолдошаалы ойду-тоону сүйлөп, жөөлүп жатты...

-Абыке балам,эми силер уктай бергиле, кечке чарчадыңар. Биз болсо Жолдошаалыны карап жаталы.

– Токтомуш ата, жаратымдан аккан кан басылса... Эптеп эртең күн чыкканга жетсем өлбөй калат элем, ээ, – деди бир кезде эсине келген Жолдошаалы муңканып.

– Камсанаба, балам. Антип көңүлүңдү чөгөрбө. Сакайып кетесиң, али жаш эмессиңби.



Көптү көргөн абышка жигитти жоошутуп, көңүл улап жатты.

Жигиттин абалын түшүнгөн кемпир бери жактан күңкүлдөдү:

– Колуңдан жугунду ичкен иттин мынчалык жылтылдап семирип... жырткыч болуп, өзүңө кайра кол салат деп кимдин оюна келиптир, өлүгүңдү гана көрөйүндөр.

– Ээ байбиче, биринен-бири өтүп, жырткычка айланган заманга туш келдик го. Кудай артын берсе эле болду.

Абышка сөзүнүн аягына чыкпай, ары бурулуп, Жолдошаалыны кымтыламыш болду.

* * *

– Абыке, Абыке.

Бала абышканын жулкулдатканынан чочуп ойгонуп кетти.

– Ыя, ыя, итпи?

– Кудай уруп салды. Бечара Жолдошаалыдан айрылып калдык.

Мындай суук кабарды күтпөгөн бала, адегенде эмне дээрин билбей далдырай түштү.

– Эми эмне кылабыз? – деди ыйламсырай. Абышка да бир топко үнчүгө албай мусапырдай болуп отуруп калды.

– Ээ уулум, – деди абышка далайдан кийин. Тагдыр, жазууга айла барбы? Мусулмандык парзыбыздан кутулуп, колдон келген ырым-жырымыбызды жасап, Жолдошаалынын сөөгүн жашыралы. Ушундай күнгө туш келип, ушундай өлүмгө дуушар болом деп уч уктаса түшүнө кирген эместир, бул бечаранын.



Кемпир сөзгө аралашты:

– Баарынан да көлкөйүп кенендиги, адамга жугумдуусучу, шордуунун. Жакшы жигит эмес беле, маңдайы жарык. Өмүрү кыска тура, бечаранын.

– Ээ байбиче, бу коогалуу күндөрдө элибиз Жолдошаалыга окшогон нечен мыкты азаматтарынан айрылды го. Бирөөнүн ажалы жолбун иттен, биринин ажалы адамдын карышкырынан буюрду го. Бири элин коргоп, жерин сактайм деп окко учту, бири жан айласы кылып, жанын сактайм деп жоодон качып, тоодон учту. Бирөө он гүлүнүн бири ачылбай туруп, күбүргө түшүп, күм-жам болду. Эне сүтү оозунан кете элек күнөөсүз наристе сууга агып, балык менен куртка жем болду. Солкулдаган жаш келин-кыздар намыска бек туруп, арулугун сактайм деп жөн эле ачкалыктан жарык дүйнө менен кош айтышпадыбы.

– Ошо бечараларды айтпайсыңбы, абышка. Бу Жолдошаалы бечара деле үйлөнүп-жайланып, артына тукум калтырса болбойт беле, армандуу күн.

– Ээ байбиче, кайсыны айтасың?! Жолдошаалы бечара деле жан айласын кылып, тагдырга баш ийип, бир курсактын айынан киндик каны тамган, өсүп-өнгөн жерин таштап, бул күндү көрүп олтурат. Жакшы тилек, зор үмүт менен аттанып чыгып, ойду омкороор, тоону томкороор мезгилде жайрап калбадыбы, кайран жигит.

– Ээ абышка, убалыбыз жанагы ак падышанын желдеттерине жетсин. Алы жетпеген акыретчил дейт тура, башка эмне дейбиз?

Абышка балага карады:

– Абыке балам, пенде дегениндин Алла Тааланын мандайга жазган жазуусун көтөрбөскө чарасы жок турбайбы? Болбосо биздин көргөн күнүбүз тозокко эле тете болду го. Мындайды кандай гана айбан чыдап көтөрө алат эле. Алдыда дагы эмне деген шумдуктар күтүп турат, белгисиз... Кой отура бергенден пайда жок, туралы.

Жолдошаалынын ырым-жырымын жасап, жерге жашырышты.

– Абыке, сен атыңды алып келе кал.

– Макул, ата.

Абыке атына жөнөдү. Кечээки тушап койгон жеринен таба албады. Тегерек-четинин баарын карап, таппаган соң кайра келди.

– Ата, ат жок.



– Ыя!. Абышка чочуп кетти. Бошонуп кетип калган жок бекен?

– Бекем эле тушадым эле.

– Жүрү балам, анда чогуу издейли.

Абышка менен бала эки-үч кыр ашып барышты. Жылга -жыбыттын баарын тинтишти.

– Ууру алып кетти дейин десең, өткөн-кеткен деле киши болбоду.

Чарчаган абышка ар нерсени кобурап, бала экөө эс алып отуруп калышты. Эки жагына көз салып отурушту эле, бир кезде бала кыйкырып жиберди.

– Ата, тетигилерди караңызчы.

– Кана, кана?

Экөө ээрчише төмөнкү коктуга түшүп келишти. Алыстан эле 5–6 карышкыр кызыл-ала кылып, аттын этин бири-биринен талашып жеп жатышканынын үстүнөн чыгышты. Эттеринин баарын шылып жешип, аркайган эле сөөктөрү калган экен.

– Атаңдын көрү ай-йя, болбой калган тура, – деди абышка кейип.

– Эми эмне кылабыз, ата?

– Бул жерден тезинен кетпесек болбойт. Жакындап барсак эми өзүбүзгө кол салат.

– Ошондойбу, ата. Коркконунан баланын өңү кубара түштү.

– Ошондой балам, тобу менен жүргөн көркоо карышкырларга малдыр-жандыр



баары бир. Көзүнө көрүнгөндү кызыл-ала кылып, жара тартып, курсактарын тойгузушса болду.

Абышка менен бала энтеңдеп шашып, кемпир менен кыз калган жерге эптеп жетишти.

Самар байбичеге көргөндөрүн шашабуша түшүндүрүп, жолоочулар тез эле жолго чыгышты. Баягы канчык ит күчүктөрү менен далайга чейин ээрчип алды. Тоодойташтай Жолдошаалыны колдон алдырып жибергенден кийин, сактангансып, улам жакындаса таш ыргытып, үн чыгарып коюп жүрүп отурушту.

– Абыке балам, – деди абышка бир кезде. Тиги канчык ит ит болсо да сарала дөбөттүн кунун куун, бизден кегин ала албай, батынып кол сала албай келатканын байкадыңбы?

– Ошондойбу, ата?

– Ошондой балам. Биз деле нечендеген, миңдеген адамдардан ажырадык. Көп мезгил өтүп, заман өзгөрүлгөндөн кийин «бей күнөө кырылышкан экен» – деп, кыргыздын кийинки муундары ошо бечаралардын арбагына багыштап куран окуп жүрүшөөр. Анан дагы дайыма эле ушинтип, чабылып, чачыла бермек белек. Эл сактай турган, эл бага турган азаматтар элибизден чыкпай коёт дейсиңби? Чыгат. Эртеби, кечпи мын-



дай уул төрөлөт. Эл болгондон кийин эл кызматына башын сайган эрлер туулбай койбойт. Башкасын коюп Манас бабабызды айтпайсыңбы. Акыры биздин да кудайыбыз бар го!..

Далайдан кийин канчык ит калып калды. Күн түшкө жакындап калганда, эс алмакчы болуп, суунун жээгиндеги түзөңчө жерге келип отурушту. Абышка-кемпирдин бир аз катып калган наны бар экен, мулжүңдөп чайнамыш болушту.

– Ата, ата, кишилер...

Аңгыча болбой Апел коркконунан бир кыйкырып алды да, өңү бузулуп, элеңдеп ордунан тура калды.

Жолоочулар карай салышып, төмөнтөн ээр жабдыгы башкача, зоот аттарды минген, түс келбети бөтөн үч кишинин караанын көрүштү. Корккондорунан үрпөйүп, же качып кете албай, отурган орундарынан кыймылдаганга шайы келбей, өңдөрү бузулуп, калчылдап туруп калышты.

Алар бачым эле жете келишти. Өздөрүнчө бир нерселерди кобурашып, эки жагын сынай карашып, аттарынан шапа-шупа түшө калышты.

– Кармагыла, бу тентиген айбандарды.

Алардын бирөө Абыкени, бирөө абышканы кармады, үчүнчүсү болсо кызды беттегенде, ал бакырган бойдон капталдагы коюу

карагай-черди беттеп качты. Жулкунгандарына, каршылык кылгандарына карабай абышка менен баланын колдорун артына байлап, кошоктоп койду. Кемпир чырылдап ортолоруна түшө калып жатты:

– Айланайындар, бул экөөнү бошоткула. Биз бир тентип келаткан шордуубуз.

– Болбойт.

Дүңкүйгөн немелер бирдеме деп кыйкырып, өкүрүп түртүп жиберсе, алсыз кемпир чалкасынан кетет, кайра келсе кайра түртөт. Көмкөрөсүнөн да, чалкасынан да жыгылып жатып, бечара кемпирдин бети-башы көгала болду. Тынчысын дедиби анын да колун байлап, беркилердин катарына отургузуп коюшту.

Таарга оролгон наристе бул окуялардан эч капарсыз мемиреп уктап жатты.

Чоң жумуш бүтүрүшкөнсүп жанагылардын экөө булардан окчунураак жерге барып, тамекилеринин түтүндөрүн буркурата чыгарышып, анда-санда бирдемелерди айтып, каткырып күлүп коюп отурушту. Үчүнчүсү болсо атын минип, кыздын артынан кеткен эле. Экөө өздөрүнчө кужулдашып алды да, кемпирди бошотуп, колун беркилерге жаңсап, ээрчип баскыла дегенсип, кетенчиктегенине карабай, арканды үзөңгү боонун астына бастырып, дыркыратып сүйрөп жөнөдү. Абышка, кемпир жалдырап, ушул жер-



ге таштап кетүүсүн жалынып-жалбарып суранып жатышты.

– Айланайындар, бала-бакыраңардын убайын көргүлө. Эгерим жамандык көрбөгүлө. Сакалыбызды сыйлап, ушул жерге эле таштап кете көргүлө.

Арасындагы бирөө кыргызча бир аз билсе керек, жалынып, тизеси менен чөгөлөгөн кемпирди жыга түрттү:

– Силерде күнөө көп. Үйлөрүбүздү өрттөдүңөр. Силерден жакшылык жок. Кытайда тентип өлсөңөр болмок.

Тигинин кыргызча чала моңол сүйлөгөнүнө ичи жылыган абышка жалынып кирди:

– Бизде эмне күнөө, айланайын. Ал жакка да батпадык. Айла кеткенде ата-бабанын жерине келатпайбызбы! Кимге жамандык кылдык?

– Силер бизден жер талашып жатасыңар. Суу талашып жатасыңар, – деп баягы кыргызча билгени ого бетер өңүн бузуп, дүпүлдөп кирди.

Абышка бир азга жалтактай тигиге кайрылды:

– Айланайын, сенден жер да, суу да талашпайлы. Алган жериңи ала бер. Деги жаныбызды аман кой.

Берки колунун эки манчасы менен чукуп алчудай болуп абышканын көзүнө такады:



– Эй, алжыган абышка. Силерден жер сурагандай, суу сурагандай ким элеңер? Силерди бул жерден тазаласак, жер да, суу да биздики болгону жатпайбы. Сенин ага акылың жетип жатабы, карыган чал? Ха... Ха...

Аңгыча баягы кыздын артынан кеткени кайрылып келди. Жоо чаап келгенсип, кербезденип, көңүлү жайдары. Беркилерге белги берди.

– Кеттик.

Кебете-кешпири бузук тигил үчөө абышка, кемпирдин ыйын, сакалынан ылдый салаалап аккан көз жашын, зарлап ыйлагын жалынычын көр болгон сокурдай көрбөй, дүлөй болгон кереңдей укпай, каардуу жырткычтай ырайымсыздык, таш боордук менен жолун улай беришти. Дагы бир тумшуктан имерилгенден кийин, артынан боздоп ыйлаган кыздын үнү угулду.

– Атакебай, апаке. Мени бул жерге тирүү таштап кетпегиле. Бу көрөкчө өз колуңар менен өлтүрүп кеткиле. Жүзүңөрдү кантип карайм?!

Кыздын чачтары саксайып жайылган, көйнөктөрүнүн төштөрү, этектери тытылып, эти-башы кызаңдап көрүнүп калган.

– Айланайын кызым! Кара көзду кашайтпа.

Кемпир көтөрүп келе жаткан баланы жерге коюп, темтеңдеп кызды көздөй бет



алды. Жанагылардын дагы бирөө кызды көздөй бастырганда, ал бакырган бойдон капталдап качып жөнөдү. Көп өтпөй ачуу чыңырган кыздын үнү угулду:

– Апа! Апакебай!

Беркилер бурулуп, тик беттеги аскадан боюн таштаган кыздын элесин байкап калышты.

– Кызым. Кемпир өңгүрөп ыйлап жиберди. Кызга бет алган эме да орто жолдон кайра бурулуп келип, үчөө өздөрүнчө кужулдашып, туруп калышты. Беркилер жыгылып-туруп, кыз учкан жерге тез эле жетишти. Кыз кырданып жаткан экен. Бети башы, ал жаткан жер кызыл-жаян кан болуп кетиптир. Кыз жанагы зөөкүрдүн кылган айбандык ишине чыдай албады. Бул иш өлүмгө тете эле. Кыз ушул жолду тандап алганга аргасыз болду.

– Кагылайын, кызым.

Абышка кызын басып жыгылды.

– Көрүнгөн суук көздөн коргоп келатып, өз элге, өз жерге келгенде көргөн күнүбүз ушубу кокуй?

Ал кызын кучактап, буркурап ыйлап жатты.

– Айланайын каралдым ай. Кемпир мүдүрүлүп, жыгылып отуруп ал да жете келди.

– Оо айланайын, чоң кудай. Он экинин энеси кылдың эле. Өткөн улуу тумоодо эгиз-

ден уулдарымды, эмчектеги кыздарымды алдың эле. Эми минтип... аягында маңдайыбызга бүткөн жалгызыбызды алып тындың. Катыгүн ай, каран күн ай... Кандай гана пенде чыдайт мындай тозокко?!

Бети-башы кызыл-ала, чачы саксайган, каны ичине тартып кумсарган кемпир далайдан кийин баш көтөрүп, таягы менен жер сабап жатты:

– Учуң узарбаган Мекелей, учуң узарбасын. Кокту коктунун баарын өлүккө толтуруп, дүйнөнүн кайсы тешигин бүтөйүн дедиң. Жөн жаткан элди жөн койбой, кырып-жоюп, тукум курут кылып кое турган болдуң го. Он гүлүнүн бири ачыла электе, аңгилериңе тебелетип, жаш кезинде жайраттың го. Сенин да укум-тукумуң жайрап калсын ушундай болуп. Нээти капыр бузуктар биз көргөн күндү көрүп, биздей боздоп калсын!..

Өңгүрөп ыйлап отуруп, кемпирдин үнү чыкпай, шайы оош, кыздын жанына көгөрүп-татарып отуруп калды.

Ачуусуна чыдабай калч-калч эткен Дүйшөмбү ордунан туруп, арттарынан келип, эмне кылаардын айласын таппай далдырап турган Иванды көздөй басты. Жетип барып, аны алкажакадан алды.

– Атаңдын гана оозун урайын, көпөс. Эми менин аяна турган жерим калган жок.

– Эй, эй... мынабу бабай эмне дейт?



– Иван менен абышка кармаша кетишти. Иван абышканы түртүп жиберди эле, ал чалкасынан кетти. Кыжырланган абышка ордунан араң туруп, белиндеги бычакты кынынан суурун чыкты:

– Калган жашты сага бердим, көпөс. Аңги болуп гана азанайсың ээ. Мына сага.

Абышка Иванды бычак менен жүрөккө урду эле, мындай болорун күтпөгөн ал кулап түштү. Аңгыча болбой коркуп кеткен Андрей абышканы атып жиберди. Ал онтоп барып жыгылды. Чачы жайылып, өңү купкуу болгон кемпир ыйын токтотуп, эмне кылаардын айласын таппай, эки анжы болуп турган Андрейди көздөй темтеңдей басты.

– Өлүгүңдү көрөйүн, дөбөт. Элдин баарын кырып, жоюп тукум курут кылайын дегиң барбы? Деле сенден келгенди көрдүм.

Жүрсүн жерден таш алып, качыра берээрде Андрей аны да атты. Кемпир да жыгылды.

– Мен бая эле айткам. Бул азиаттарга теңелүүгө болбойт. Кырылып жатса да өлүмдөн кайра тартпайт.

– Жаралуу жолборстой болуп, карыган кемпиринин айбатын карабайсыңбы.

– Булар илгертен жоокер эл. Кой ушундайбызда кетели. Тигилер шапа-буша Ивандын өлүгүн өңөрүп, жөнөй турган болушту. Абыке ары жакта ыйлап жаткан баланы



алдына алып, өзү да ыйлап отуруп калды. Эки ак гвардиячы ары баргандан кийин акылдаша баштышты.

– Эй, Федор, бул ишти бул боюнча таштап кеткенибиз болбойт.

– Анан эмне кылсак дейсиң?

– Тиги бала болгонун туугандарына айтып барат. Анан туугандары бизден өч алганга аракет кылышат.

– Андрей, өздөрү минтип тентип, темселеп жүрсө... Көрүнгөн жерде калган өлүгүн сурап алаарга кимиси бар дейсиң?

– Эй, эси жок. Булардын «канга кан» деген салты бар, акыры булар тим жатышпайт. Анан дагы ... Замандын минтип өзгөрүп турганын билбейсиңби?

– Андрей, чын эле ойлоно турган иш экен.

– Болоору болгондон кийин аягына чыгышыбыз керек.

– Кантип?

– Баланын көзүн тазалабасак болбойт.

– Жаш бала экен, убал го.

– А сенин убалыңды ким ойлоп жатыптыр. Эстечи. «Кыргыздын бешиктеги баласына чейин ырайым кылбагыла» деген жогортодон келген баягы буйрук эсиңен чыгып кеттиби?

– Ал мезгил анда башка эмес беле. Эми бийлик болсо өзгөрдү.

– Бийлик өзгөрсө эмне экен?



– Андрей, ишенсең мен бул ишке жүрөгүм даабай турат.

– Мунун эч кандай кыйынчылыгы жок. Баланы буту колун таңып туруп, күркүрөгөн сууга салып жиберебиз. Ошону менен жаныбыз бир тынат. Антпесе бу иштин аягы чыр менен бүткөнү турат.

– Андрюша, өзүң эле бирдеме кылчы, бай болгур. Өңү бузула түшкөн Федор беркиге жалооруй карады.

– Коен жүрөк десе. Бармактай баладан коркуп... Кеттик.

Экөө Абыкени кармап, жулкунуп, өкүрүп ыйлаганына болбой, сууну көздөй сүйрөп жөнөштү. Кичинекей бала ыйлай баштады эле, Андрейдин ачуусу келип кетти көрүнөт:

– Ай каңылдатпай алдагыны да сууга ыргытып жиберчи.

– Ой, эмне дейт? Ушу кымындай наристе балада эмне күнөө?

– Федор, булардын тукумуна жакшылык кылып кереги жок. Сенин колуң барбаса, минтип эле...

Кыжыры келген Андрей баланы ороосу менен Абыкенин колунан жулуп алып, аркырап агып жаткан сууга ыргытты.

– Бул бала аман калып, чоңойсо, эртең эле чекебизге чыккан чыйкан болот. Жерди, сууну талашып чыгат.

Аңгыча төмөн жактан адамдардын кобур-собуру угулду эле, Федор селдейип туруп калды.

– Эй, тетигинде атчан кишилер келе жатат окшойт. Эми эмне кылабыз?

– Алар жетип келе электе муну суугa салып жиберели.

Баланы чыңыртып, сууну көздөй алып жөнөштү.

– Ой айланайын байкелер, өлтүрө көрбөгүлө. Мен байкушта эмне күнөө?

Аңгыча мылтык атылып, атчан кишилер жете келишти.

– Эй, токтогула. Көтөргүлө колуңарды. Акмактар десе. Бул эмне деген мыкаачылык?

Алардын башчысы жанындагыларга буйрук берип жатты.

– Булардын колдорун артына байлагыла.

Эки жигит аттарынан түшө калып, экөөнүн колдорун артына байлап жиберишти.

– Эми буларды айдап жөнөгүлө.

– Баскыла. Алар берки экөөнү айдап жөнөштү. Башчысы балага кайрылды.

– Сенин атың ким?

– Менин атым, Абыке, байке. Бала буркурап ыйлап жиберди. Келген адам Абыкени соорото баштады.

– Кой, ыйлаба. Сен чоң жигит болуп калган турбайсыңбы. Сен эми окуйсуң. Келечекте сен дагы мыкты азамат жигит болосуң.

– Ыракмат байке, жакшылыгыңызга. Булар көркоо иттерден да жаман экен. Абышка, кемпирди өлтүрүштү. Кызын кордоду. Булардын кордугуна чыдабай ал дагы аскадан учуп өлдү.

– Булар ушундай канкор немелер.

– Караңызчы, бул шордууларды. Бир үйдөн үчөө өлдү. Эл жерге жетип өлсөк армаиыбыз жок деп келатышты эле. Мына элжерине жеткенден кийинки көргөн күнү.

Бала өлүктөрдү көргөзүп жатты.

– Ал эле дейсизби, кичинекей эмчектеги баланы да суугa салып жиберишти.

– Ошентиштиби?

– Ооба, байке.

– Ой жүзүкаралар оой, кымындай наристе балада эмне күнөө?

Келген адам башын чайкады:

– Кылбаганы жок булардын. Башка да толгон-токой күнөөлөрү бар. Акыры кармалды. Эми алар сот алдында жооп беришет. Тиги бечаралардын сөөгүн араба жиберип тарттырып кетебиз. Кеттик эмесе.

Өлгөн кишилердин жанына бир адамын калтырып, беркилер жөнөп кетишти.

Өмүрүндө жамандык-жакшылыкты башынан өткөрбөгөн, эне сүтү оозунан али кете элек наристе баланын чоң кишилер чыдап көтөрө алгыс көргөн күндөрү тозокко эле тете болду. Адам экен, пенде экен, жаш экен, баарын көтөрдү, баарына чыдады. Эми алдыда аны кандай күндөр күтүүдө, али белгисиз!..

* * *

## 10-БӨЛҮМ

## ТОКМОКТО

Абыке жолдогу айылдардын бирине түнөп, эртеси Токмокко келди. Токмок аябай чоң шаар болбосо да, ошол кезде элеттен келген жаш бала үчүн шумдуктай эле көрүндү. Сураштырып отуруп базарына келди. Базардагы жүргөн көпчүлүктү көрүп таң калды. Абыкенин оюнда унутулгус болуп эсте калганы булар болду. Кадам сайын салбыраган, кийим-кечеги жыртык, көздөрүнүн нурлары кетип, өңдөн азып жүдөгөн, ар кимдин көзүн жалооруй тиктеп, колун карап кайыр тилеген кыргыздын мончоктой жап-жаш балдары, кыздары, карыган кемпир-чалдары. Бирөө бирдеме берсе, тамак аш болсо ошол жерден бурдап-бурдап жеп алып, андан ары жолун улантып, отурган соодагерлерге үмүттүү карап, сенделе басып кетишет.

Абыкенин эки көзү эле кыргыз кемпир, чал көрүнсө атам, апам болуп калбасын деп ары өткөн, бери өткөндөрдү үмүттүү карап, же окшошураак болсо, артынан жетип барып, мандайынан чыгып көпкө тиктейт. Эч болбосо айылдык тааныган туугандардан болсо деле жолугуп калса деп тилейт. Айрымдардан «баланча» деген кишиин тааныйсызбы деп сурап да көрдү. «Билем, тааныйм» деп айткан бирөөнү жолуктура албады. Бир кезде бир таза кийинген, салабаттуу адам айтып калды:

– Ээ балам, айлаң кеткендеги оокат да. Болбосо ушундай чоң шаарда, заман бул болсо, кимди ким тааныйт. Андан көрө, бүгүн күнгө жума эмеспи. Мечитке мусулмандар чогулуп, жума намазын окушат. Бир тапсаң атаңды ошо жактан табасың, балам. Эртерээк ошол жакка жөнө.

Сураштырып отуруп, Абыке мечитке келди. Мечитке эл аябай көп чогулган экен. Секичеге улам бирөө чыга калып, сүйлөп жатыптыр. Бир кезде лакыйган кара киши секиге чыгып, сөз баштады. «Балбай, Балбай» деп кубүрөп калышты тургандар.

– Айланайын агаин-туугандар. Кыргыз элинин башына зор кыйынчылык келип турган кез. Үй-жайдан безип, Кытайга чейин жан айласы кылып качып барып, көрбөгөнү көр болуп, жол азабынан, душмандын огунан, зордукчунун колунан, ачкалыктан кырылды. Ажалы жок тирүү калганы, эптеп эл-жерине кайтып келсе, малы таланып, тамы өрттөлүп, үстүндө үйү, астында ашы жоктон, жокчулуктан көрүнгөндүн колун

карап, тилемчилик кылып жүрүшөт. Оо кайрымдуу пенделер, колунда барлар, мүмкүнчүлүгүңөр болушунча жардамыңарды бергиле.

Андан кийин бир дунган киши чыгып сүйлөдү:

– Оо дунгандар, кыргыз туугандардын ал-жайын өзүңөр көрүп турасыздар. Илгери мындай окуя биздин да башыбыздан өткөн. Чет жерден куулуп, сүрүлүп, кылычынан кан тамган желдеттерден араң качып кутулуп, аз жерден тукум курут болуп кала жаздаганда бизди кыргыз эли, кыргыз жери сактап калбады беле. Айдаганга жер, саап ичээрге мал бергенин бат эле унутуп калабызбы?! Биз дунгандар, биздин келечек муундар, бул жакшылыкты эч убакта унутпашыбыз керек. Жерин жердеп, суусун ичип, тузун татып туруп, кыргызга жамандык ойлосок бизди кудай урбайбы. Кыргыздардан жардамыбызды аябайлы, – деп сөзүн аяктады.

Бул адам дунгандардын ичиндеги кадырлуусу Булар деген киши эле. Ошол кезде дунгандар Булардын тилинен чыкчу эмес.

Андан кийин аскерче кийинген ногой жигитке сөз тийди:

– Татар агаиндер, бүгүнкү күнү кыргыздардын жашоо-турмушун айттырбай эле өзүңөр түшүнүп турасыздар. Ачкалыктан көчө кыдырып, кайыр тилеген наристе балдарды, айрымдарынын көчө боюнда тоңуп өлүп калганын көрүп туруп, кантип бооруңар ачыбай турат. Бул жерде татардын колунда бар байлары турасыздар. Силерди байлыкка жеткирген ким, силер кимдин эсебинен байыдыңар? Албетте, силерди байлыкка жеткирген кыргыздар, кыргыздардын эсебинен байыдыңар. Ошон үчүн милдеттүү түрдө жардам беришиңер керек. Биз баарыбыз мусулмандын балдарыбыз. Кудай алдында түзүн сүйлөшүбүз керек. Ушул бечаралардын өз жеринен тентип кеткидей, ачкалыктан, жокчулуктан, кыштын ызгаар суугунан, канкорлордун огунан кырылып калгыдай эмне күнөөлөрү бар эле? Болгону өз жерин, өз элин, өз укугун коргошконубу. Булар мырза айткандай кудайдан коркуп, мусулмандык парзыбыздан кутулалы. Бул жерде башка улуттун өкүлдөрү да турушат. Сиздер да ойлонуңуздар. Жетим-жесирден жардамыбызды аябайлы, агаиндер.

Дагы бир тобу сүйлөштү. Эл тарашты. Абыке тааныштардан бир да бирөөн жолуктура албады. Курсагы ачып, оозунан карасуу келип, шайы оой баштады. Шалдырап, ылдый илкий басып келатты эле:

– «Ой, сен Абыкесиңби?» – деген үндөн чочуп, баш көтөрсө жакын тууганы Ашырбай мандайына келип калыптыр. Чочуп кетип эле «Ашыке» деп кучактап ыйлап жиберди. Кучакташып бир азга турушту.

– Жүрү, эми үйгө. Калган сөздү жолдон сүйлөшөрбүз, – деди Ашырбай.

– Атам, апамдар кайда? – деди бала башка сөзгө келбей.

– Үйгө барганда айтамын, – деди Ашырбай жалтайлап, андан көрө өзүң жөнүндө айтчы.

Абыке болгонун айтып жобурап жүрүп отурду. Антип-минткенче шаардын четине да чыгып келишти. Ар кайсы жерде тигилген боз үй. Айрым жерлеринде камыштан салынган кепелер.

Өткөн көтөрүлүштүн убагында бул жерлерде кан төгүлгөн кармаш болуп, далай күнөөсүз адамдардын каны төгүлүп, баскынчылардын огунан чалгы менен чапкандай нечен азаматтар жер кучактап, жарыкчылык менен түбөлүккө коштошкон эле.

– Келдик,– деди бир кезде Ашырбай бир кара боз үйдүн тушуна келгенде. Абыке Ашырбайдын артынан ээрчип кирди. Төрдө Дүйшөмбү карыя отурган экен. Бет сөөктөрү калжайып, сакалы, каш-кирпигине чейин куудай аппак болуп, карыган бүткүттөй болуп колжоюп, бечара абышка карылыкка моюн сунуп калган кези экен. Мезгилинде эр эңишке, балбан күрөшкө далай чыгып, мөөрөй алып, намыска жарап, эли-журтун кубанычка нечен бөлөгөн деп сакалдуулар аңыз кыла кеп айтып, чогулган жерде ооздорунан түшүрчү эмес. Ошондой кажарлуу, эр жүрөк, балбан адамдын турмуштун запкысын көрүп, мүңкүрөп отурган кебете-кешпирине Абыкенин зээни кейип кетти.

– Ассалому алейкум, ата. Абыке карыянын колун кармап, тизе бүктү.

– Алейкума ассалом, балам. Сен кайсы бала элең?

– Абыке эмеспи, ата, өз уулуңузду таанбай калдыңызбы? – деди Ашырбай.

– Аа Абыкесиңби, айланайын. Аман-эсен келдиңби? Абышка жашып кетти.

– Аман-эсен, күүлүү-демдүү турасызбы, ата?

– А балам, мен өлгөндөн бузулбайт эле го. Андан көрө момунтип, тентип-тербип жүргөндөгүбүздү айтпайсыңбы. Биздин элдин момундугу, меймандостугу акыры түбүбүзгө жетти го. Кечээги эле дос, тамыр болуп жүргөн адамдар өз жерибизден, өз элибизден сүрүп, тирүүнүн тозогун көрдүк го. Ээ кайсы бирин айтайын, Абыке. Кудай бизге киндик каныбыз тамган жерден топурак буюруп, силердин алдыңарда кетсек армандыбыз болбойт эле го.

Алар бир аз түнжурай түшүштү. Чыдай албай сөздү Абыке баштады.

– Дүйшөмбү ата, атам, апамдар кайда?

– Абыке балам, сен эми бала эмессиң. Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет деген сөз бар элде. Сен жаш болсоң да көптү көрдүң, жаманды, жакшыны көрдүң. Өмүр бою атаны, энени мандайына түбөлүк алып жүргөн жан болгон эмес. Андай болсо жер үстүнө адам баласы батабы? Сабыр кыл. Жазуу-буйрук экен, ата-энеңди ээсине тапшыргансыз.

Абыке карыянын сөзүнүн аягына чыга электе эле, өзүн токтото албай, Дүйшөмбү карыя менен Ашырбайдын кой дегенине болбой дарылдап ыйлап кирди. Үнү чыкпай калганда гана басылды.

– Абыке балам, кой эми ыйынды. Ыйлагандан ата-энең тириле турган болсо, анда баарыбыз тең ыйлайлы. Өлгөндүн өз шору дейт, өлгөндүн өзүнө эле жаман. Армандуу жери эми жаңы жетилип келатканда колуңдан бир чыны чай ичип, анаң өз колуңдан топурак буюрганда ырас эле болбойт беле. Кантели, убалыбыз Никелейге жетсин. Ана, өзү деле жакшы болгон жок деп жатышат. Кой андан көрө арбактарга куран окуйлу.

Куран окуп бүткөндөн кийин Дүйшөмбү карыя Ашырбайга карады:

– Ашырбай, жарма-журмаңарды жутуп алып, Абыкенин ата-энеси коюлган жерди кечке чейин барып, көргөзүп кел, көксөөсү суусун.



Жолго чыккандан кийин Абыке Ашырбайга суроо узатты:

– Ашыке, айтчы, ата-энем кандай шартта каза болду, ооруу-сыркоосу деле жок, али күүдөн-күчтөн тайыгыдай боло элек эле.

– Ээ Абыке, баягы сен Кытайда карындашың экөөң калып, биз көчүп элге жеткенче эмне гана кордукту көрбөдүк дейсиң. Чек арадан бери өткөрбөй, кытайдын белге койгон кароолчулары минип келе жаткан бирин-эки ат, эшектерибизди алып калып, өзүбүздү жөө кое берди. Ээ Абыке, бөтөн жерде башка түшкөн мүшкүл кыйын болот тура. Ач жылаңач, арып-ачып, ал күчтөн тайып жөө келаткан эл тердиктей жүгүн көтөргөнгө шайы келбей кой, эчкисине, ээрчитип келаткан итине артып койгондорду көрбөдүкпү, шумдугуң кургур. Кийинкилер буларды укса ишенбес. Жолдогуларды айтып отурсаң жүрөк сыздайт. Ачкалыктан ар кайсы жерде зулкуюп, өлүп жаткан нечен адамдардын өлүгүн көрдүк. Жашоо үчүн жан далбастап кашкулак, суурдун, өлгөн малдын этин, кыскасы, аман калыштын аракетин кылып, көзүнө көрүнгөн, колуна илингендин баарын жегендерди, минип келе жаткан эшегин саап ичип, элге жеткенде такайларын агытып, идиш-аяктарын таза жууп, «кетирген күнөөбүздү кечире көр» – деп кудайга жалынгандарды көрдүк, Абыке.



Ошентип өлгөндөн калганыбыз эптеп элге жетсек, чекебиз деле жылып кеткен жок. Кокту-коктунун башында калып, Кытайга үркпөй калган байлардан деле жарытып жардам болбоду. Жакын туугандарына каралашып, жетим-жесирлерге саап ичкенине мал, өлгөн житкендерге сооп болот деп кепиндик кездеме, соеруна бирин-эки майда жандык бергени болбосо, түтүнмө түтүн жардам бере алышкан жок. Бир аз тургандан кийин туугандар акылдашып, Чүйгө бет алып жөнөдүк. Баш аягы он алты баш жан элек, жолдон 7–8 киши кошулуп, капарсыз келе жатканбыз. Байкабай калган экенбиз, шоодой-шоодой болуп, капталдан мылтыкчан эки адам чыга калды. Өздөрүнчө бирдеме деп балдырашып, баарыбызды катарга тизип, экөө эки жагыбызга туруп айдап жөнөштү. Сүйлөшө калсак, кыйкырып-өкүрүп сүйлөттүрбөй койду. Качалы десек ит аткандай атып сала турган. Айласыздан айтканын кылып, бас деген жагына басып келдик. Бир кыштакка айдап келип, ат баккан сарай окшойт, баарыбызды ошого киргизип камап салды. Көп өтпөй кыйкырып, өкүрүшүп, аял, эркек, бала дебей колдоруна айры, балта, кетмен көтөргөн келгиндер сарайдын тегерегине толуп кетти. Жүздөрүнөн, көздөрүнөн бир жаманчылыктын ичинен чыга турган кейиптери сезилип турду.



15–16-жаштагы бир бала дөбөттөй болгон итти короого кийрип жиберип, бизге айдактаганда кой короого түшкөн карышкырдай туш келгенибизди бурдап тиштеп, ызы-чуу салып жиберди. Жан деген кыйын экен, Ысмайыл ата короонун кырында турган баланын балтасын жулуп алып, дөбөттү белден ары берип калды. Дөбөт очорулуп барып жерге жыгылды. Ошол учурда мылтык үнү чыгып, Ысмайыл ата иттин жанына кулап түштү. Баарыбыз тең чурулдап, Самар апа өкүрүп-бакырып ыйлап, Ысмайыл атаны тегеректеп калдык. Бир кезде Самар апа ыйын токтотуп, чачы жайылып, өңү куп-куу болуп, кумсарып, жерде жаткан балтаны алды да, короонун кырында отурган мылтыкчан адамды көздөй басты.

– Өлүк гана тиригиңди көрөйүн. Сени эле ала жатпасамбы!

Тигил адамга эки-үч кадам калганда «тарс» деп мылтык атылып, Самар апа «ай» деп бир кыйкырып алды да бүк түшүп калды.

Абыке көзүнүн жашын тыя албай, солуктап ыйлап Ашырбайдын сөзүн угуп жүрүп отурду. Ашырбай сөзүн андан ары улантты:

– Ошол мезгилде баягы чогулган келгиндер туш тарапка короодон секирип түшүп, айрысы бары айры менен сайып, балта, кет-

мени бары балта, кетмени менен чаап, эзелки өчү бардай бизди кокуйлатып, өкүртүп, жалынып-жалбарганыбызга болбой, заматтын ортосунда короонун ичин кызыл жаян кан кылып жиберишти.

Аңгыча болбой анчалык алыс эмес жерден 3–4 жолу мылтык үнү чыкканда, келгиндер делдейип-делдейип токтоп калышты. Көп өтпөй шапкесинде жылдыздары бар, аскерче кийинген, алты киши аттарын тердетип, жетип келишти. Биз ого бетер коркуп, бурчта камалып турабыз.

Кара булгаары кийимчен, жанагылардын башчысы көрүнөт, келгиндерге бирдеме деп кыйкырып жатты. Биз болсо анын эмне деп жатканын түшүнбөй, жалдырап оозун тиктеп, жардамы тийсе деп, ордубуздан жылгандан коркуп, үмүт менен тура бердик.

Жанагылардын чоңу бизге жиберди көрүнөт, кийимдери окшош болгону менен беркилерден бет келбети башкача бирөө жаныбызга келди.

– Коркпоңуздар. Мен силерге тилмеч болуп кемендирдин айткан сөздөрүн түшүндүрүп беремин. Ал минтип айтып жатат:

– Ой туугандар. Бу бечараларда эмне күнөө? Жерин тартып алсаңар, өздөрүн туулуп-өскөн жеринен кубалап, Кытайга чейин гентитип жиберсеңер... Эми кырылгандан



калганы эптеп кайтып келсе, алардын да жанын койбой, четинен өлтүрө берсеңер. Бул эмне деген мыкаачылык?! Деги кудайдан корксоңор боло. Күнөөсүз адамдарды өлтүрсөңөр мыйзам чегинде жоопко тартыласыңар, – деп жатат чоңубуз деди тиги жигит.

Кызыл аскердин чоңу баарыбызды тынчытып, элди таратты. Келгиндерге төрт араба чектирип, атаң, апаңды, айры менен сайып, балта менен чаап өлтүргөн дагы бир жети-сегиз жашар баланы, эки жигитти арабага салып жөнөдүк. Тигилерден да бирөө жарадар болгон экен, ызы-чуу болуп, алып кетишти. Айылдан бир топ узап, экинчи айылдын тушундагы мусулмандардын көрүстөнүнө барып токтодук. Бизден эки, аскерлерден үч киши болуп кыштакка барып, он чакты кишини чогултуп, күрөк, кетмен, чоту менен алып келип, каза болгондорду жерге жашырдык...

... Мындан эки жыл мурун Ак-Сууда болгон, көптөгөн адамдардын башын жуткан мыкаачылык жөнүндө бул жерде жашаган келгиндерге ошондо эле угулган эле. Бул жолу да андан кем эмес жырткычтык Токмокко жакын жердеги келгиндер отурукташкан айылдардын биринде аз жерден кайталанып кала жаздап, беш адамдын өлүмү менен аяктаган эле...



... Абыкелер көрүстөнгө кеч бешимде араң жетишти. Ашырбай «атаң менен апаңдын мүрзөсү мынабу» дегенсип Абыкеге ишарат кылып көрсөттү.

– Ата, апакебай. Ушундай күндү көрмөк белем, кудай ай... Катарлаш эки мүрзөнү көрүп, өзүн токтото албай, жакын адамдарынан бири калбай өлүп, коколой жалгыз калганына, жок дегенде жалгыз карындашынын жанында болбогонуна катуу кейип, муун-жүүнү бошоп, бала темтеңдеп барып жыгылып кетти.

Көзү өткөндөргө куран окуп болгон соң, Абыкелер кайра тартышты. Аларды күнөөсүз жерден өлтүрүп койгондорго Абыкенин жек көрүү сезими оргуштап кайнап, жолдо ката ата-энесинин сөөгү коюлган тарапты улам-улам карап коюп, Токмокко бет алып келатышты.

Кайра келгенде Дүйшөмбү карыя жайкалган ак сакалын сылап, бир азга үнчүкпай турду да, каргылдана мындай деди:

– Ээ Абыке балам. Оомалуу, төкмөлүү дүнүйө дегениң ушул экен го. Элибиз эмне гана күндү көрбөдү. Кыргыз элине туу болчу нечен солкулдаган өрт жигиттер кан соргучтун огунан набыт болушту. Андан аман калганы эл камын ойлоого шайы келбей, бир курсактын айынан кечээ эле бизге окшоп Кытайдан куулуп, сүрүлүп, тентип келген



дунгандын байларына малай болуп, эптеп өлбөстүн күнүн көрүп, Ашырбайга окшоп үй-бүлөсүн араң багып калышты. Элдин үмүтү эми силерде гана калды, Абыке балам. Мындан ары да, курч устаранын мизиндей, ойкуп-кайкып турган нечен замандар келет. Ошондо элди сактап калуу, жерди коргоп калуу келечек муундардын мойнундагы парзы...

*1991-жылдын июль айы,*
*2009-жылдын август айы.*

## МАЗМУНУ

1-б ө л ү м. Ысык-Көлгө саякат ........................ 3
2-б ө л ү м. Ак-Суудагы кан төгүү .................. 65
3-б ө л ү м. Кеминдеги кармаш ..................... 101
4-б ө л ү м. Көл боюндагы кыргын ................ 136
5-б ө л ү м. Эркиндиктин курмандыктары ...... 184
6-б ө л ү м. Верныйдагы тагдыр чечүү ........... 232
7-б ө л ү м. Кытайга тентүү .......................... 244
8-б ө л ү м. Бөтөн эл, бөлөк жерде ................ 261
9-б ө л ү м. Тозокко тете күндөр .................... 273
10-б ө л ү м. Токмокто ................................ 326

*Урматтуу окурман!*
*Бул китеп боюнча сунуш жана пикириңиздерди төмөнкү дарек боюнча билдириңиздер.*
*инд. 720048, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, «Тунгуч» кичирайону, үй № 60, кв. 23. Максутов Б.*

*тел. үй. № 44-79-03, моб. (0543 091 804).*